# АДАБИЯТ

Орто билим берүүчү мекемелеринин
10-классы үчүн окуу китеби

***Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен***

***1-басылышы***

**Чулпон атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү**
**Ташкент — 2017**

УЎК 821.512.154(075)
КБК 83.3(0)я721
А 24

**Авторлор:**

**М. Темирова, Ш. Уринбаева,**

**А. Тойчубаева, А. Юнусалиева**

**Пикир жазгандар:**

***Сулайманова Мехриниса Ибрагимовна*** *– Андижан мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты багытынын улук мугалими;*

***Ералиева Гулбайра Аббасовна*** *– «Узбекистон» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүнүн редактору;*

***Арзиева Канайым Маликовна*** *– Андижан областы Хожаабад району 10-жалпы билим берүүчү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими.*

**Шарттуу белгилер:**

– **Чыгармалар**

– **Суроолор жана тапшырмалар**

– **Дилбаян жазуу**

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.**

ISBN 978-9943-05-987-0

**© М. Темирова жана башка, 2017**
**© Чулпон атындагы БПЧҮ, 2017**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНАН

## УЛАМЫШ – АДАМЗАТТЫН ӨЗҮН ТААНУУСУНУН АЛГАЧКЫ ЖОЛУ

Ондогон кылымдарды карытып, оомалуу-төкмөлүү, узак жол басып, жалпы адам баласынын тарыхый жолунда кимге таандык экени билинип турган изин калтырып, тириликтин негизги белгиси машакатын тартып, тынымсыз күрөштө болуп, өмүр-жашоо деген өзгөчө татаал чыйырдын миндеген тоскоолдуктарынан өтүп, өмүр-өлүм үзөңгүлөш жүргөн далай кагылыш-кармаштарды баштан кечирип, өз наамы-атын, эл катарындагы өзүнө таандык өзгөчө белгилерин жоготпой сактап, тээ байыртадан бери келе жаткан түптүү эл – кыргыздардын ата-бабалары бүгүнкү урпактарына мурас кылып калтырган өзгөчө баалуу байлыктарынын мааниси, көлөмү боюнча орчундууларынын бири – элдик оозеки көркөм чыгармачылыгы.

Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгынын орчундуу мааниси, жашоо жөндөмүнүн сыры ал чыгармалардын өткөндүгүнү, жаңынын жаңырыгы болуп, миңден ашуун жаштагы үлгүлөрү да улам кийинки шартка «ылайыкташып», талабына жооп берип, көркөм туунду катары наркын сактап, күйөрмандардын руханий талабын канааттандырып, эстетикалык рахат тартуулап, тарбия, таануутуучулук оң таасирин тийгизип, бүгүн да өз күчүн жоготпой келе жаткандыгында.

Тарыхый өнүгүш жолунда жакшы менен жаманды, ийгиликтин кубанычын, жеңилүүнүн ызасын, гүлдөп-өнүгүүнүн ырахатын, төмөн чөгүүнүн басынуу кайгысын бир эле эмес, көптөгөн жолдору башынан өткөрүп, эркиндиги, көз каранды болбостугу, элдин биримдиги, ынтымагы үчүн дайым күрөшүп, адамдык акыл дөөлөттөрдү туу тутуп, аздектеп, өз башынан өткөндөрдүн урунттуу учурлары ме-

нен алгылыктуу табылгаларын көркөм сөз тутумунда – көркөм чыгармаларда мончоктой тизип, эл байлыгын этият сактап, бапестеп багып өзгөчө жогору баалап, ыйык тутунган байыркы эл кыргыздардын оозеки көркөм чыгармачылыгы адаттан тышкары өсүп-өнүккөн. Буга түрткү болгон негизги себеп – элибиздин түптүү, тектүү, байыркы элдердин бири экендиги жана ошол элдин өтө узак мезгилди камтыган тарыхый жолундагы рухий байлыгынын каймагын, маңызын, көп жактуу бай мазмунун бөксөртпөй сактоодогу негизги курал, ыңгайлуу, ишенимдүү жай – казынанын милдетин жалгыз оозеки көркөм чыгармачылыктын аткарып келгендиги.

Уламыш кыргыз фольклорундагы прозалык чыгармалардын эң масштабдуу түрүнө кирет. Тематикага, окуяга бай, баяндоо объектиси кенен.

Биринчиден, уламыш өткөндөгү тарыхый окуялар, тарыхый адамдар, алардын өмүр жолуна байланыштуу айтылып, реалдуу фактыга, негизге таянып, кандайдыр бир деңгээлде чындык менен жанашып турат. Ошондой эле жер, суунун кокту-колоңуна талаштары жөнүндө кеңири баяндап, окуялары кыска жана кызыктуу келет.

Экинчиден, уламыш качандыр бир болуп өткөн окуяны баяндап, артка кайрылуу мүнөздүү болуп, өткөндү келечектин позициясы менен түшүнүүдө баалуу.

Үчүнчүдөн, уламыш өткөн окуянын же бир фактынын болгон себептерин ачат, түшүндүрөт. Ушунусу менен уламыштын негизги жанрдык жүгүн аркалап турат. Кыргыз фольклорундагы материалдарга конкреттүү көз жүгүрткөндө уламыштын миф, легенда, аңыз, аңгеме, болумуш, санжыра сыяктуу оозеки чыгармачылыктагы прозалык чыгармалардын түрлөрү менен жанашып кеткен учурлары да байкалат.

Бул кыргыз уламыштарын да учкул кыялдануулардын кеңири орун алышы, реалдуулук менен фантазиянын айкалышып кеткендиги менен түшүндүрүлөт. Кыскасы, ар бир элдин фольклору өзүнүн жаралыш ордуна бул же тигил калктын коомдук-социалдык, турмуш-тиричилик, этнографиялык, ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө карата иликтениши абзел.

Ал эми баланын балапан кезинен тарта акыл-эсин өстүрүүчү жөө жомок уламыштар дүйнө таанытуучу, таалим-тарбия берүүчү кереметы болжолсуз өрнөктүү.

Бүгүнкү биз кадам коюп отурган XXI кылым – улуу технологиялардын да, бийик илим менен билимдин да, ошону менен бирге элдик маданий мурастарга кайрадан кайрылып, тереңдеп үйрөнүүнүн жана рухий азык алып, алдыга адымдоонун заманы. Андай болсо, өткөндөгү элдик маданий-адабий мурастарыбыз баарыбыз үчүн баалуу эстелик гана эмес, зор руханий күч, таалим-тарбия берер улуу сабак болсун.

## КҮҮ БАЯНЫ

Кыргыздын меймандостугу жөнүндө байыртан келаткан уламышты уккан белең?

Анда окуя мобундай: илгери бөлөк элден, бөтөн жердей ат арытып, жол карытып, комузун угуп, сый-урматын көрөлүк деп, кыргызга мейман келиптир.

Үй ээсинин жалгыз уулу өлүм алдында жаткан. Муну меймандар алдын ала билишкен эмес. Үй ээси капыстан келген меймандарга сыр билгизбей, башка ак өргөгө мейман тосуп, мурдагысындай жадырап-жайнап, каадалуу нуска кебин айтып, комузун чертип отурду. Меймандардын бирөө сырттагы башка боз үйдөгү кыйналган үнгө кулагын төшөп суроо салды:

– Кишинин онтогону угулабы? Ким бу?

– Мал го..., – деп жооп берди мейман тоскон үйдүн ээси. Бир оокумда, казан чыгararга келгенде үйдүн ээси боз үйгө аста кирип, уулунун о дүйнөгө узап кеткенин көрдү.

Үй ээсинин жүрөгү муң-зарга батса да, «меймандарымдын күлкүсү качпасын, ыраазычылыкта кетишсин үйдөн» деп ичине сыр катты. Меймандар жадырап-жайнап кыргызга ыраазы болушту.

– Эми комузунду бир чертип кой, угалы да кайталы, – дешти меймандар.

Үй ээси кереге башындагы комузун алып, чертип кирди. Бу саам комуз ботодой боздоду белем. Комузду тыңшаган меймандар карабашын жоктоону угушту. Эми эле шат-

тыкка баткан үй ээсинин жүрөгүн кайгы чалганын меймандар сезип калышты. Аттиң ай, ошондо комуз муңун уккан куштар түндүккө отура калып, безенген дешет. Дарак баштары жерге ийилип таазим кылган дешет...

Каада-салтты билген меймандар да сыр бербей, мейман ишаратынан жазбай, үй ээси менен коштошуп, жолго атташышкан. Меймандар желе тартып узап баратышып, кайрадан аттарынын баштарын шарт бурушуп, баягы аза күткөн кыргыздын үйүнө бу саамында өкүрүп түшүшкөн экен.

Көрдүңбү, замандаш, мында кайгылуу күүнүн баяны эмес мейман күткөн кыргыздын достук адилдигине, кайгыга чыдаган эрдигине сыймыктанып айтып жатам. Кыргыз салты – мейманына сый-урматын аянбай, жүрөгүндөгү сырын ачып берет.

Кыргыз эли мейманын ыйык деп сезген, бир сындырым нанын өзү жебей, мейманына сактаган.

## МАНАС КҮМБӨЗҮ

Азыркы «Манас күмбөзү» деп аталган Таластагы күмбөз Манас баатырдыкы эмес. Жоокерчилик заманда элдин көсөмдөрүн жана атактуу баатырларын билгизбей көмүшкөн. Себеби анын сөөгүн казып кеткен учурлар көп болтон. Манастын зайыбы Каныкей өзүнүн акылмандыгы менен бул күмбөздү Манас баатырга арнап салдырган да, сөөгүн бөлөк жакка койдурган. Манас баатырдын сөөгү ошол Кеңколдун сол түндүгүндө турган Эчкилүүнүн зоосу деген кара аскага коюлган дейт, асты-үстүнө кол жеткис бекем таштар төшөлүп, анын үстүнөн суу агызып койгон дейт.

## ОҢ – СОЛ

Элдик санжырада оң, сол деген сөздөр абдан көп колдонулат. Уруулар жөнүндө сөз болуп калса, ал – оңго кирет, ал – солго кирет деп калышат. Ал эми – оң, сол деп эмне үчүн аталып калган десең, ар түрдүү уламыштарды айтышат. Алардын бири мындай: байыркы убакта кыргыздар урук-урук болуп жашап келген. Кийин, Долон бийдин тушунда гана оң, сол болуп бөлүнгөн дейт. Долон бийдин

аялы эгиз төрөйт. Эки баланын бири – Ак уул, бирин Куу уул коёт. Экөөнүн тукуму өсүп, аралаш айыл конуп, малжаны көбөйөт. Бирок, тукуму өскөн сайын чыр чыгып, чатак көбөйөт. Керишкен келиндер, айтышкан аялдар чыгат. Ак уул, Куу уул сүйлөшүп, жайлоого чыкканда бөлүнүп конбосок болбой калды дешип, атасы Долон бийге акыл салышат. Ак уул: – Мен айлым менен Соң-Көлдү жайласам деп турам, Куу уул Кара Кужур чыксам дейт, ата буга эмне дейсин? – дейт.

Анда Долон: – Мен муну биле албайт экемин, Мамбет акеге баргылачы, ошо киши чечсин, – дейт. Ал экөө Мамбет акеге барып, атасына айткан сөздү айтышат. Ал киши ойлонуп туруп: «Жакшы, жакшы, Ак уул, сен менин оң жагыма турчу, Куу уул сол жагыма турчу дейт. Мына, бирин оң, бириң сол жагыма турдуңар, экөөң айткан жайлоонорго жайлай бергиле, бирок, мындан ары бириндин тукумуң – оң, бириндин тукумун – сол аталсын, оомийин деп бата кылат. Ошондон тартып Ак уулдан тараган уруктар, уруулар – оң аталып кетет. Куу уулдан тараган уруктар, уруулар – сол аталып кетет. – Жок андай эмес, – дейт экинчи санжырачы. Ак уул, Куу уул, эгиз төрөлгөнү чын. Он, сол деген анын энеси болгон: «Ак уул, мурда төрөлгөнү – оң бөйрөгүндө жатканы, Куу уул кийин төрөлдү – сол бөйрөгүндө жатканы». Алардын тукуму ошол энесинин айтымы боюнча оң, сол болуп бөлүнүп кеткен. Мындай уламыштарды XIX кылымда кыргыз жергесине келген орус саякатчылары, окумуштуулары да жазып алышкан.

## БУГУ

Орозбактын тукуму бугу аталып калышына кыргыз санжырасында мындай уламыш айтылат. Орозбактын Карамырза деген уулу мерген болгон. Ал бир күнү Ала Мышык тоосуна аңчылап барып бир бугунун торпогун атат. Анын жанында дагы бир торпогу турган экен, ал качпай, торпокту жыттагылап, көзүнөн жаш төгүп мөөрөйт. Карамырза аны да атмак болот. Ошондо ал торпок кыз түрүнө өзгөрүлүп: – Абаке, мен кайберенмин, бул атканың менин бир тууганым эле, мен муну таштап кете албай калдым, – дейт.

Карамырза: – Сен калп айтасың го, менин көзүмө көрүнгөн жин-пери болбо, – деп жакындап барып кармап алат. Ошондо кыз: – Мага адам колу тийип калды, эми болбой калды, мен кайра кайберен боло албай калдым, сени менен кеттим, өзүң нике кыйып ал, – дейт. – Мен олжоке кызды албайм, – деп, Карамырза кызды Алсейитке алып берет. Эл аны бугунун кызы деп, – бугу байбиче, – деп атайт. Бугу байбичеден көп тукум тарап, бугу аталып кетет. Карамырза бой көтөрүп, «олжоке» деп тенсинбегени үчүн, Бугу байбиченин каргышына калып, тогуз уулунун сегизи өлүп, бир гана уулунан тукум тарап, аз болуп калат.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Оозеки чыгармачылык деген эмне?*
*2. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын өнүгүшү.*
*3. Уламыштар деп эмнеге айтабыз?*
*4. Эмне үчүн уламыш – адамзаттын өзүн таануусунун алгачкы жолу деп аталат?*
*5. Уламыштардын кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы орду жана жаштарды тарбиялоодогу мааниси.*

## XIX—XX КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗ КОЛ ЖАЗМА АДАБИЯТЫ

Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн узак жана татаал жолунда түрк элинин бирдиктүү тутумунда жалпы, орток жазма маданиятка ээ болуп келгени ырас. Мына ушул жагдайда Орхон-Енисейлик таштагы жазуулар, Махмуд Кашгаринин «Девони луғотит-турк» деген атактуу сөздүгү, Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» поэмасы байыркы түрк элдери менен канатташ жашаган мезгилдеги кыргыз элине да толук тиешелүү орток мүлк катарында каралуу керек. Бирок, кийинчерээк, кыргыз эли өзүнчө, өз алдынча эл, өз алдынча улут катарында калыптана баштаганда өзүнүн бул орток мүлкүнөн «ажырап», унутуп калган мезгилге да туш келген. Бул жөн эле мезгил эмес, бекеринен улуу «Манас» эпосу төмөнкүдөй сөздөр менен башталбайт:

Бирөө тентип Алтайга,
Бирөө тентип Кангайга,
Бирөө тентип Эренге,
Бирөө түшүп кетти тереңге...

Дүйнөлүк маданий өнүгүштүн кербен жолунан сырткары калган кыргыз эли өзүнүн эң негизги маданий мүлкү болгон поэзияны кантсе да оозеки түрдө кылымдан-кылымга, муундан-муунга өткөрүп сактап келди. XVII—XVIII кылымдарда арабтардын үстөмдүк таасири астында кыргыз элинин турмушуна ислам дини кире баштайт. Бул дин толук орношуп, өнүгүп кетүүгө үлгүргөн жок. Кыргыз элинин аң-сезиминин ойгонушунда, маданий өнүгүшүндө ислам дининин келиши белгилүү даражада оң мааниде кызмат кылды. Анткени кыргыз айылында колунда бар адамдардын балдары кат-сабатын арап жазуусу негизинде ачты. Диний билимге ээ болууга шарт түзүлдү. Бирок бул али кыргыз элинин өздүк улуттук жазмасы эмес эле. Ошон үчүн араб жазмасын пайдалангандар же чагатай фарсы тилине, же татар тилине ыңгайлаштырып жазышкан. Ошондо гана алардын кол жазмалары эл арасына тароого же басмадан жарыялануума мүмкүн болгон. Бирок кандай болсо да, эл арасында диний маданияттын даражасында кат-сабаттуу адамдардын пайда болушу сөзсүз түрдө кол жазма адабияттын жаралышына түрткү бербей койгон эмес. Ушундай тарыхый-маданий төбөлгөлөрдүн негизинде XIX кылымда кыргыз элинин кол жазма адабияты пайда болот.

Оозеки сөздөн тамгалуу жазма сөзгө, андан кийин китеп сөзүнө айланышы адамзат коомунун маданиятын күтүлбөгөн бурулуштарга, өзгөрүштөргө алып келген тарыхый окуялардын катарына кирет. Байыркы доордо тамгалуу жазма сөз, маселен Египетте, Римде же Грецияда «сыйкырдуу» көрүнүш катарында бааланган.

Тарыхый шарттардын негизинде кыргыз кол жазма адабияты XIX кылымда пайда болуп, өнүгө баштады. Анын өкүлдөрү булар: Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Осмонаалы Сыдык уулу, Белек Солтоноев, Казыбек Мамбетимин уулу, Алдаш Молдо, Ысак Шайбеков, Токтораалы Талканбаев, Абылкасым Жутакеев. Булар XIX кылымдын башында жарык дүйнөгө келгендер, алар кыргыздын ар кайсы бурчунда жашаган. Көпчүлүгү өз айылынан алыс узаган эмес, бири-бирин тааныган да билген да эмес, булардын алган билими да чектелүү болгон.

Башка элдердин, башка дүйнөнүн маданияты менен тааныштыгы да белгилүү деңгээлде болгон. Айрымдары эски чагатай, фарсы, араб тилиндеги, айрымдары татар тилиндеги адабий-көркөм китептер менен тааныш болгон. Ушул мааниде, айрыкча бөлүнүп турганы Белек Солтоноев. Булардын өз аты менен кошо «Молдо» деген наам коштолуп турганы бекеринен эмес. Анткени Молдо Нияз да, Молдо Кылыч да, Алдаш Молдо да, Тоголок Молдо да өздөрүнүн кат сабатын диний мектептерде ачышкан. Алар арабча куран окуп, кат-кагаз жаза билгендиктен эл арасында аларды «Молдо» деген наам менен кошуп аташкан. Мына ошондой молдолордун аракет-эмгегинин натыйжасында араб тамгасы менен кагазга түшүрүлгөн кыргыз элинин эң биринчи кол жазма адабияты жаралат.

«Молдо», «молдолук» — жеке чыгармачыл инсан. Бирок бул жазгыч акындар өздөрүнүн табияты боюнча азыркы жазма адабиятка караганда фольклорго жакын болчу.

Алар фольклордон — арман, терме-санат ырларынын салтынан узап кете алышкан жок. Биринчи жазгыч акындар көркөм сөз өнөрүнүн жаңы багытын баштоого, анын алгачкы негизин калыптоого араң үлгүрүштү. Кыргыз эли ал мезгилде уруу-уруу болуп, бөлүнүп жашагандыктан, алардын ортосундагы жалпы элдик, жалпы улуттук өз ара байланыш жок болгондуктан, бул акындардын чыгармачылыгы да жекече бөлүнүп, өз-өз дөбөсүндө обочолонуп кала берген. Жаңы тарыхый шарттарда эң биринчи кыргыз жазгыч акындары өздөрүнүн калыптанган эстетикалык мектебин, бекемделген адабий салтын орнотууга жана улантууга үлгүрбөй калышты. Алардын кол жазмалары, автографтары, өмүр баяны толук сакталбай калышы да тарыхый кырдаалдарга байланыштуу.

Кыргыздын биринчи жазма акындары эмне жөнүндө жазышкан, эмнени даңазалаган? Алар өз мезгили, өз доору жөнүндө жазышты. Жазма акындар өмүр, өлүм, сүйүү темасына, адамдардын жүрүш-турушуна, жаратылыш көрүнүштөрүнө арналган чыгармаларды жаратат. XIX кылымдын орто ченинен тартып, XX кылымдын башында жарала баштаган кыргыздын кол жазма адабияты кыргыз элинин маданий тарыхында өзүнчө бир маанилүү тилкени түзөт.

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АДАБИЙ МУРАСЧЫЛАРЫ



## МОЛДО НИЯЗ
*(1823—1886)*

Кыргыз маданиятынын тарыхында эң табышмактуу чыгармачыл адамдардын бири — Молдо Нияз Эрназар уулу. Колдо бар материалдардын жана үзүл-кесил изилдөөлөрдүн негизинде Молдо Нияз 1823-жылы кыргыздын түштүгүндөгү азыркы Кадамжай районунун Кызыл-Булак деген жеринде туулган. Айрым билдирүүлөргө караганда Молдо Нияз араб, фарсы, чагатай (оозеки түрк тили) тилдерин жакшы билген жана ошол тилдерде жаза алган билимдүү адам болгон. Акындын чыгармаларынын мазмунуна келсек, ал кыргыз жергесин дээрлик аралап чыккан экен. Токмок менен Таластан, Алай менен Анжияндан тартып, Маргалан менен Кашкарга чейинки жерлерди санап чыгат. Ушуга караганда Молдо Нияз көп жерлерди аралап, ар түрдүү элдердин жашоосун көргөн, өз заманындагы коомдук турмушту терең иликтеп, терең түшүнгөн адам болгон. Бул акындын тагдыры табышмактуу болуп калды. Өз доорунда ушунчалык элди, жерди аралап таанымал болгон адам дайынсыз болуп кетет. 1935-жылдан баштап элдик оозеки поэзияны жана анын атактуу өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын жыйноо, жазуу иши бир кыйла активдүү колго алына баштаганда да анын аты аталбайт, дегеле турмушта болбогон сыяктуу. Кыргыз акындарын биринчи болуп изилдөөгө ал окумуштуулардын да көңүлүнө келбейт.

Мунун себеби, элдик оозеки поэзияны, акындардын чыгармаларын топтоо үзүл-кесил мүнөздө өтүп, нукура илимдин деңгээлине көтөрүлө алган эмес. Молдо Нияздын по-

эзиясы көп жагынан бийликтин саясий кызыкчылыгына туура келген эмес. Ошон үчүн анын кол жазмаларын сактап жүргөндөр ачыкка чыга алган эмес, коркушкан.

Молдо Ниязды акын катарында илимге негиздүү түрдө биринчи ачкан көрүнүктүү окумуштуу, профессор Б.М. Юнусалиев (1913—1970) болгон. Акындын кол жазмалары жөнүндөгү маалыматты Б.Юнусалиев биринчи жолу 1951-жылы Охналык Баит Исманалиев дегенден уккан. Бирок 1957-жылы гана Азиз Токтобаевдин жардамы менен бир кол китебин таап, Кыргыз академиясынын тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Кыргыз фольклорун, «Манас» эпосун, кыргыз акындарын кадырлап, ар түрдүү адилетсиз чабуулдардан коргогондордун бири Б.М. Юнусалиев ал учурда илим жагынан да, кызмат жагынан да мартабасы көтөрүлүп турган эле. Ал Молдо Нияз жөнүндөгү кабарды угар менен ушул ишти колго алмакчы болот. Кээ бир себептерге көрө бул иш бир аз аркага сүрүлөт. 1957-жылы Б.М. Юнусалиев бул ишти аткара алат. Молдо Нияздын адабий мурасын кайрадан жаратуу демилгеси эң биринчи иретте окумуштуу Юнусалиевге тийиштүү. Молдо Нияздын экинчи кол китеби да Б.М. Юнусалиев тарабынан кол жазма фондусуна тапшырылган. Акындын үчүнчү кол китебин 1988-жылы А.Эркебаев тил жана адабият институтунун директору болуп иштеп турганда Алай районунун Жайылма деген кыштагында жашаган Аманулла Азимовдон алып, кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Мына ошентип, Молдо Нияздын адабий мурасына тишелүү үч кол китеби белгилүү. Ал эми ушул кол жазмаларды баштан-аяк өз тартибине келтирип, басмага даярдап, биринчи жарыялоо иши О.Соороновдун үлүшүнө тийди. «Молдо Нияз Санат дигарасттар» деген ат менен 1993-жылы жарыкка чыккан китеп — бул Молдо Нияздын адабий мурасынын биринчи жарыкка чыгышы.

Молдо Нияз адамдардын жөнөкөй тиричилиги жөнүндө да өзүнүн санаттарын жараткан. Акын адамдын турмушу, тагдыры жөнүндө ойлонгондо, аны өзүнүн жеке турмушу, жеке тагдыры катарында карайт. Өзүнүн жекече арманы, жекече кайгысы катары сүрөттөйт.

Баш Алай жайлап жаз болсо,
Мал багып келсем дейт эдем.
Сары жилик, кой жорго,
Саман тору, кара жал.
Саратан жемин үзбөстөн,
Ат багып минсем дейт эдем.
Бул арманым дагы бар.
Сазга кулун байлатып,
Бээлүү болсом дейт эдем.
Боз шыбактуу боз талаа,
Ботолуу каймал боздотуп,
Төөлүү болсом дейт эдем.
Алайга көчүп жаз болсо,
Көк ала жылкы айдатып,
Көрктүү болсом дейт эдем.
Кундуз телпек, түлкү ичик,
Бөрктүү болсом дейт эдем.
Бул арманым дагы бар.

Акын кыргыз турмушунун элесинин сүрөтүн тартат. Кыргыз адамынын арманы асманда эмес, көктө эмес, кадимки эле жерде, өзү жашап, өзү күн көргөн айланачөйрөдө, карапайым турмушта экен. Ага бири жетет, бири жетпейт. Бири «зор» болот, бири «кор» болот. Ушундан улам адамдын арманы келип чыгат. Акын үч нерсени апыртпайт, жок нерсени көкөлөтпөйт.

Мал багып төөлүү, бээлүү болгонду, кийим кийип «көрктүү», «бөрктүү» болгонду бул турмуштун жеткен дөөлөтү катарында көрсөтөт. Акындын терең түшүнүгү боюнча «малдуу» болуу менен адамдын бактылуу болушу жетишсиз. Ошондуктан адамдын дагы бир «арманы» келип чыгат.

Карчыга салып көлдөргө,
Каздарды алсам дейт элем.
Алты тогуз мал берип,
Наздарды алсам дейт элем.

Мына ушундай «наздардын» бири жайлоого көчүп кеткен «Жагалмай» сындуу Кымча жан. Акын Кымча жандын образын элдик оозеки поэзиянын үлгүлөрүнө салып сүрөт-

төйт. «Даткайым» акындын бул санаты кыргыз аялынын сымбатын, сулуулугун, бийик адамгерчилик сапатын, акылмандык касиетин даңазалайт. Ар кандай мактоо ырындай эле бул чыгарма да күчөтүп сүрөттөөдөн куру эмес. Бирок ошондай болсо да, аялдын сапатын көрсөтүү үчүн акын бул аялдын элесин реалдуу жашаган аялдардын кебетесине, кылык-жоругуна салыштырат. Натыйжада Алымбектин Курманжаны, Бакыбектин Базаржаны, Султанмураттын Суксурканы, Ашымбайдын Айшажаны, Ырыскулбектин Канышасы ж.б. аталат. Акын үчүн атактуу аялдарды аташ зарыл болгон.

Анткени акын үчүн:

Ак бети айдын жүзүндөй,
Көздөрү чилги жүзүмдөй.
Чачы кара кундуздай,
Сааркы Чолпон жылдыздай,
Кашы кара пиликтей,
Колдору коюн жиликтей,
Конодо озгон күлүктөй
Султан боюн карасаң,
Суудан чыккан сүлүктөй

болгон сулуунун образын тартуу максатын көздөгөн.

Молдо Нияз кыргыз адабиятынын тарыхында кол жазма адабиятты баштагандардын эң алгачкылары катары өз доорун, өз заманын даана ырдаган диний түшүнүктөгү акын катары, өчпөс мурасын калтырган акын катары баалуу.

## САНАТТАР

Жолго салат пир деген
Жуанчык экен эр деген.
Мачитта болот сыр деген,
Маанилүү болот ыр деген.
Көйнөктө болот кир деген,
Жууса агартат суу деген.
Көңүлдө болот дил деген,
Көөлайт дилиң пир деген.
Белинде болот кур деген,
Бетинде болот нур деген.

Беклерде болот туу деген,
Бекер кетпейт «Хү!» деген.
Чахмакта болот көө деген,
Мергеннин белин какшатат
Беш карыш теке уу деген.
Хандарда болот так деген,
Кара болбойт ак деген.
Насыя болбойт нак деген.
Сангү болбойт сак деген,
Багбаднын жайы бак деген.
Хандар күндө кант жеген.

* * *

Асан эмес ант деген.
Эр канаты ат деген.
Аябайт душман-жат деген.
Өлүмдөн кайтпайт март деген
Саргартат оору-дарт деген.
Үч ай токсон кыш деген,
Ырыскын экен тиш деген.
Уйкуда өтөт түш деген.
Пешене терин шыпырып,
Пештемей кетмен көтөрүп,
Азамат чөлдө иштеген.
Ыстык-Көл барып балалап,
Индустан кетет куш деген.
Ахмакты кылса күл кылат
Жоон билек муш деген.

* * *

Байларда болот мал деген,
Макоого шерик кал деген.
Саялуу болот тал деген,
Шакарда болот пал деген.
Аргымакта жок болот
Көшүлүп түшкөн жал деген.
Илимнин жолун кал деген.
Сүлүктүн жолун хал деген.
Самавар салкын жай деген,
Камыштан болот най деген,

Канат кылып камбагал
Жардылуу болсо бай деген.
Кызыл куйрук нар деген,
Кызыл тилла зар деген.
Кылмышың мында көп болсо
Кыямат жолу тар деген.
Карап коюп каш кагып,
Какшатат экен жар деген.
Кушту учурат пар деген,
Эрди учурат зар деген.
Эркегини нар деген
Эшекти тажик хар деген.
Чынбайдан келет туз деген,
Чырайлуу сулуу кыз деген.
Пул мастар жүрүп издеген,
Адамкерчилик «Сиз» деген
Чебердин баарын уз деген,
Чилледе болот муз деген.
Эчкини тажик буз деген,
Ууруну көрсө дуз деген.
Байларда болот пул деген,
Бактарда болот гүл деген.
Он эки айды – жыл деген,
Онтотпойт оору – сил деген.
Эри өлгөн катын тул деген,
Жаман сөздү айтпаңар
Адамнын көөнү гүл деген.
Жалган эмес бул деген,
Кызматкер болот кул деген.

* * *

Гулатат душман-жоо деген.
Кожондон нары Ну деген
Аркан салса жетпеген
Асканы фалак зоо деген.
Кардан келет суу деген,
Кечикпей өлөт уу жеген.
Түндө уктабайт ит деген,
Жетимнин мойну бант деген.

Байларда болот кут деген,
Кафирда болот бут деген.
Франкнаӊ келет чыт деген,
Назикчилик маалда
Меванин алды тыт деген.
Давлаттин зору баш деген,
Жердин зору аш деген,
Каттыктын зору таш деген,
Маковдун дарди каш деген.
Саковдун дарди тил деген,
Санаты улук падышанын
Салтанаты фил деген.
Чабандаз дарди ат деген,
Илими балант моллонун
У Мараты хат деген.
Байлардын дарди кой деген,
Бийлердин дарди ой деген.
Марттардин дарди той деген.
Эшеннин дарди мурутта,
Катыннын дарди курутта,
Жамгырдын жайы булутта.
Камбагал дарди оокатта,
Буудайдын кани Ноокатта.
Дехкандын дарди галада,
Отунчу дарди талаада.
Жылкычы дарди жылкыда
Бүркүтчү дарди түлкүдө.
Койчунун дарди уйкуда.
Кекилик учат кырыда
Чакчыгай алат коёнду.
Чагына тапса жер эде
Жибек килем жыйылбайт.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Молдо Нияз канча тил билген?*

*2. Молдо Нияздын чыгармаларынын башкы темасы жана көтөргөн маселелер кайсылар?*

*4. Акын адеп-ахлак жагынан адамдарды эмнеге үндөйт?*

*5. Молдо Нияздын философиялык ойлорунун маӊызы эмнеде?*

*6. Молдо Нияздын санаттарынан жатта.*



## ТОГОЛОК МОЛДО (АБДЫРАХМАНОВ БАЙЫМБЕТ)

*(1860—1943)*

Кыргыз кол жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Тоголок Молдо 1860-жылы Нарын өрөөнүндөгү Куртка деген жерде туулган. Атасы Абдырахман ашкан кедей адам болгон. Ошондуктан ал чоң атасы Музоокенин (атактуу манасчы) колунда чоңоюп, айылдык молдодон кат-сабатын ачууга мүмкүндүк алат. Оор турмуш азабынан Чүйгө келип жашайт, ар кимдин колунда малай жүрөт. 1915-жылы Тогуз-Торого көчүп кетет. Бул жерде туруктуу жай таппай, 1923-жылы кайрадан Курткага көчүп келет. Тилекке каршы Тоголок Молдо өзүнүн ырларын качан жаза баштаган, 1917-жылга чейинки кол жазмалары сакталганбы, эгерде сакталбай калса эмне үчүн экенин, акындын чыгармачылыгын изилдеген бир дагы окумуштуу далилдүү түрдө айта албайт.

1942-жылга чейин жашаганына карабастан акындын кол жазмаларын ирээттеп, тартипке келтирип, системалаштырган окумуштуу болбоптур. Акындын чыгармаларын биринчилерден болуп изилдеген Т.Саманчин мындай деп билдирет: «1935-жыл менен 1938-жылдын ортосунда Байымбет бул институтка 190 басма табак элдик адабияттарды жазып тапшырды». 1935—1936-жылдары Тоголок Молдо илим изилдөө институтуна тапшырган кол жазмаларды Т.Саманчин «Элдик адабияттар», ал эми Жаки Таштемиров (акындын чыгармаларын жыйнап изилдеген) «өзүнүн ырлары жана оозеки элдик чыгармалар» катарында мүнөздөйт. Өткөн замандагы кыргыз акындарынын мейли алар колуна калем кармаган жазгыч акындарбы же комузга үнүн кошуп жатка, дароо ырдаган төкмөлөрбү, жамакчыларбы, алардын бир-

ден-бир өзгөчөлүгү элдик поэзия менен өзөктөш болгондугунда.

Тоголок Молдонун көрүнүктүү чыгармаларынын бири — «Кемчонтой» поэмасы.

**«Кемчонтой».** Акын бул поэманы эл арасына кеңири белгилүү учкул сөздөрдүн, уламыш окуялардын негизинде жазганы дароо байкалат. Анткени поэманын сюжеттик негизинде анекдоттук кырдаалдар кеңири орун алат. Бирок бул анекдоттук окуялардын жөнөкөй курамасы же жыйындысы эмес, бул даана өнүккөн, сюжеттик өзөгү бар, каармандын образын жетер чегине чейин сүрөттөгөн өзүнчө бир бүтүндүккө ээ сатиралык поэма. Поэманын сюжеттик негизин Кемчонтойдун образы түзөт.

Бирок Кемчонтойдун кылык- жоруктарын кеңири жана ачык түрдө ачуу максатында акын Багдагүлдүн образын атайы карама-каршы коёт. Ошон үчүн автордук мүнөздөмөдө Кемчонтойдун кандай каарман экенин ачык эле көрсөтүп коёт.

Нандын атын унутуп,
Кемчонтой айтат жалпак деп.
Калпагын айтат байпак деп,
Байпагын айтат талпак деп.

Мындай караганда кишинин оюна келбегендей кырдаал, анткени эс-акылынан ажыраган адам гана ушундай болушу мүмкүн. Эс-акылынан ажыраган адамды поэманын баш каарманы катары атайы сүрөттөөнүн кандай зарылчылыгы бар? Демек, Кемчонтойду атайы кемсинтип, кордоп сүрөттөөдө акындын бирден-бир көздөгөн максаты болгон. Ал максаттан мааниси эмнеде? Көрсө, Кемчонтой паракор казынын баласы экен. Атасы тирүү кезинде баланын «чыры» да, «сыры» да билинген эмес. Анткени «оозу кыйшык болсо да байдын баласы сүйлөсүн» деген принцип өкүм сүрүп келген. Өмүрүндө казы катарында акыйкат, адилет өкүм чыгарбаган паракор атасы өлгөндөн кийин, Кемчонтойдун адамдык касиет-сапаты ачыкка чыга баштады. Баласынын өтө эле ашынып, чектен чыга баштаганын көргөн энеси бат эле баласын «малдын күчү» менен үйлөнтүп койду. Кемчонтойдун кыскача таржымалы ушул.

Турмушка чыгам деп бир «балакетке» кабылганын түшүнгөн акылдуу Багдагүл кантсе да Кемчонтойдон кутулуунун амалын издейт. Бул амал тиричиликке, тамак-ашка байланыштуу келип чыгат. Кемчонтойдун акыл-эсин сезген Багдагүл тамакты бир күнү шор кылат, бир күнү тузун кем кылат. Айтор, Кемчонтойдун кыжырына тиет. Анан Багдагүл мындай дейт:

...Эсимди кудай алыптыр,
Колумдун чени ошондо.
Энеме унут калыптыр
...Айтпаса айтса барып кел,
Энеме кабар салып кел.
Эрте барып тезирээк,
Колумдун ченин алып кел.

Кемчонтойдун «жоруктары» мына ушул «кол ченин» апкелүүдөн башталат. «Кол чени» акындын өтө чебер сүрөттөөсүнүн натыйжасында өзүнчө бир сюжеттин «кыймылдаткыч күчүнө» айланат. Ушундан баштап Багдагүлдүн тапкычтыгы, акылдуулугу көрүнүп, тескерисинче Кемчонтой улам жаңы турмуштук кырдаалга туш келип, мурдагы «кол чени», өлчөмү ага туура келбей, барган сайын күчөп, келесоо адамдын абалына түшө берет. Багдагүлдүн кол ченин алдым деп, кайненеси үйрөткөн «аз суу», «аз туз» дегенди кайталап келатып «аз түш» деп калат.

Келе жатып жолукту,
Чеч байлап кырман сузганга.
Кырманга келип калжырап,
Айтып турду «аз түш» деп.

Түшүм жыйып жаткан кырманчыга «береке чечке» дегендин ордуна «аз түш» деп отурса Кемчонтойдун тагдыры эмне болору түшүнүктүү. Андан ары жүрүп отуруп, кырманчылардан үйрөнүп алган сөзүн өлүк коюп жаткандарга айтат. Кемчонтой ал-абалдын өзгөрүп турганын билбейт, өзгөрүшкө жараша мамиле жасоону түшүнбөйт. Ошондуктан бир келесоонун абалына түшүп отурат. Акын ушул сюжеттик өзөктү улам күчөтүп сүрөттөйт. Окуянын күчөп, бийик чекитине жетиши Кемчонтой эптеп үйүнө жеткен же-

ринен ачык көрүнөт. Ал өз атын таба албай көчөдө калат. Тоголок Молдо бул поэмасында адамдын тунук акыл-эсин даңазалайт. Поэманы акын трагедиялуу акыл-насаат жыйынтыгы менен бүтүрөт:

Акыл-эси болбогон,
Башына тиет кесири.
Көргөн менен пайда жок,
Көзүң тамдын тешиги.
Акыл менен иш кылат,
Адамдардын жетиги.

Мына бул адамдын акыл-эсин даңазалоо. Ошондуктан Тоголок Молдо акын – агартуучулардан болгон деп айтабыз.

**«Жер жана анын балдары».** Ынтымакка, биримдикке чакыруу идеясы Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдары» деген поэмасында күчтүү өнүктүрүлгөн. Акын чыгарманын атында эле жерди «ата», ал эми жамгырды, сууну, шамалды, отту анын «балдары» катарында көрсөтүп, өзүнчө бир аллегориялык маанидеги образ түзөт. Поэма жамгырдын, суунун, шамалдын, оттун жана жердин айтышуу-диалогу түрүндө жазылган.

Айтышта шамалдын, жамгырдын, суунун, оттун ортосундагы бири-бирине болгон карама-каршылыгы, келишпес күрөшү көрсөтүлөт. Шамал, суу, от, жамгыр ар кимиси өзүнүн табигый касиетин башкалардан артыкчылыгын белгилөөгө аракеттенет. Мына ошондуктан кайым айтышуу-диалог улам өркүндөп, улам күчөп отурат.

Желип өткөн жеримен,
Жер тамыры жазылат
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.

Бул жамгырдын сөзү. Муну жалганга чыгаруу мүмкүн эмес. Бирок өз кезеги менен суу мындайча жооп берет.

Атагың жамгыр, өзүң суу,
Аңгемең сенин мына бу.
Мактанбагын өзүңчө
Деңизден чыккан сен бир — буу.

Көрүнүп тургандай жамгыр менен суунун ортосундагы диалогдогу курч талаш-тартышта эле бул эки табигый көрүнүштөрдүн карама-каршылыгы эмес, тескерисинче биримдиги, бири-бирине байланыштуулугу ачыкка чыгат. Ошон үчүн жердин «балдары» катарында сүрөттөлгөн жамгырдын, суунун, шамалдын, оттун талаш-тартышы акындын өзүнүн дидактикалык, агартуучулук ыңгайында каралып, ошол ыңгайда чечилет.

Жер ата балдарына: жамгырга, сууга, шамалга, отко кайрылып ынтымакка чакырат.

Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай
Бир ынтымак кылыңар
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.

Акын үчүн жаратылыш кубулуштары жөн эле кооздук эмес, ал баарынан мурда адам тиричилигинин, жан-жаныбар дүйнөсүнүн жашоо шарты. Ошондуктан ар бир кубулуш өзүнчө болгон менен акыры келип жаратылыш менен байланышкан. Поэма ушинтип жыйынтыкталат.

Тоголок Молдонун акыл-насыятчыл идеясы «Куштардын аңгемеси» деген поэмада кеңири берилген. Бул поэмада акын куштарды суу куштары жана боз куштар деп экиге бөлөт. Мындай бөлүштүрүүдө эч кандай турмуштук маани жоктой жөн гана сууда жана талаада жашаган куштардын табигый көрүнүшү, ал-абалы сыяктуу сезилет. Бирок окуянын өнүгүшүнө жараша акын буга аллегориялык (каймана) маани киргизе баштайт. Көрсө боз куштардын чогулуп кеңеш курушу, андагы Булбулдун «сайрашы» бекерге эмес экен. Жагалмай менен Турумтайдан, Кыргый менен Ылаачындан, Ителги менен Карчыгадан, Бүркүт деген зорунан көргөн зордуктан тарткан азап-кордуктан аябай тукулжураган боз куштар суу кушунан «орун» берүүнү сураныщат. Суу кушуна боз куштардын атынан Булбул мындайча кайрылат:

Ийри тумшук, курч тырмак,
Душманыбыз көбөйдү.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү.
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу — дейт,
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу — дейт.

Бирок Куу макул болбойт, суу кушу ынтымакка келбейт, «туугандыкка» көнүшпөйт. «Талашты» ат жарыш менен чечмей болушат. Суу кушунан Кыл куйрук, боз кушунан Кара боор тандалат. «Аттарды» Карлыгач айдайт. Кыл куйрук Кара боорду алдап, чөлгө, кумга жиберип, өзү көрүнбөй качып кетет. Суу менен бийлик суу куштарга тиет. Бул поэманын негизги максаты жер талашкан бийлик талашкан уруу менен уруулардын ортосундагы күрөштү көрсөтүү. Поэманын жыйынтыгы биримдикке, ынтымакка чакыруу менен аяктайт:

Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Кубанып турган кезиң бул,
Куу төрө бийлик кут болсун.
Боз куш менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун.

## ТОГОЛОК МОЛДО
## ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Бир-бир баштан баяндан,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.
*Жамгыр:*
Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?

Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тиричилик.
Жаратылган ар түрлүү,
Жанга берем тиричилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн,
Данга берем тиричилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тиричилик.
Кургак чөлдө суусаган,
Куланга берем тиричилик.
Басып турар буту жок,
Жыланга берем тиричилик.
Курт-кумурска жана да,
Кепке берем тиричилик.
Жаабай койсом бир жылы,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайын, терек, тал,
Өнбөй калса, жерде чөп,
Өлүп бүтөт барча мал.
Эгин, чөп жерге өнбөсө,
Кысылып бүтөт канча жан.
Суу мактанат «агам» – деп,
«Жандын баарын «багам» – деп.
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам» – деп.
– Андай эмес, суу эне,
Колундан келбейт жеп-жеке.
Сага менден жардам бар,

Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Кудугуң кургап ным калбайт,
Булагың кургап суу калбайт.
Кара суу акпай жер соруп,
Балчык болуп жуурулат.
Жаң-жаныбар кысылып,
Заманасы куурулат.
Жер жүзүндө суулардын
Себеби менден булардын
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду.
Дарыя-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.
*Суу:*
– Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам» – деп, – деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,
Деңиз жатат сел болуп,
Жер жүзүндө нечен суу
Кошулуп жатат көл болуп,
Атагың – жамгыр, өзүң – суу,
Аңгемең сенин мына – бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир суу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз көлдөрдөн
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң.
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.

Катуу жааса бургактап,
Борошолоп шыбыргак,
Күн күркүрөп тарсылдап,
От чагылып жаркылдап.
Арыктар толуп жымылдап,
Ан сайын төгүп шыбыргак.
Мөндүрдүн баары сел болуп,
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жер болуп,
Агын суулар шар болуп,
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан,
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби.
Шамал сууга кеп айтат:
*Шамал:*
– Шаркырабай, үнүндү,
Баса тургун деп айтат.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүңбөдү көзүңө.
Албай кетип барасың,
– Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме,
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел,
Мунар менин колумда.

Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда,
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда,
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды» – деп,
Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
Кайратымдын золуна.
Саратан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.
Береке шамдал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке, түк да билбейсиң,
Шамалдын ушу пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм.
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан
Жатпайм түк да эринип.
Алатоо башын кураймын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын,
Карды жыйнап тоо кылып,

Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,
Тоо башынан жылбаймын.
Токсон чилде кыш өтүп,
Жадырап жайнап жаз жетип,
Мелтиреген бетинди,
Басып жаткан муз кетип.
Жөө туман тарап бөлүнүп
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап үн ачып,
Булактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилине,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албай,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана,
Күзүндө неге кирбейсиң?
Мактанасың сүйлөйсүң
Баркынды өзүң билбейсин.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Алатоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,
Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң,
Мактанасын сүйлөйсүң.
Баркынды өзүң ойлонуп,
Аян кылып жүрбөйсун...

## КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ

Сөз айтамын билдирип,
Уккандарды күлдүрүп.
Айткан сөздүн аягын,
Жегичтерге тийдирип.
Бирин айтат боз куш деп,
Бирин айтат суу куш деп,
Боз кушунан сөз келет,
Кысылды биздин турмуш деп.
Булбул сайрап кеп айтат:
– Кеңеш кылып кеп салам,
Кебимди ук журтум деп айтат
Жыргап жатат суу кушу,
Колго барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду.
Кырсык бизди торгоду
Жырткычтар бизди койбоду
Четке чыккан жан болсо,
Бири да аман болбоду.
Жагалмай менен турумтай
Чакмак алып ойноду.
Кыргый деген кыйратып,
Кыйла чымчык сойлоду.
Ителги менен ылаачын,
Канча жанды кыйратты.
Катын менен баланы,
Кан какшатып ыйлатты.
Карчыга деген кушу бар,
Кадиксиз мерген ушу бар.
Бүркүт деген зору бар,
Таз кара менен жору бар,
Ал дагы бизге душмандар.
Баары боз куш баш коштуң,
Ынтымактуу болуңар,
Булбул чечен сайрады,
Бул сөзүндө жалган жок.
Турбайлык мындай чууга дейт.

Кылалык кеңеш буга дейт.
Кара жанды калкалап,
Кетелик көчүп суугa дейт.
Суунун кушун конокко,
Жан калтырбай чакырды,
Башчысы кууну келтирди.
Каракунас баатыры.
Боз куштан суу куш аз келди
Өрдөк, чүрөк, каз келди.
Жер жарылып, чөп чыгып,
Бул мезгилде жаз келди.
Аңыр келди аңкылдап,
Тартар келди такымдап,
Эчкимаарак, кашкалдак,
Ызгыт менен ак чардак
Канаты жаман кара каз,
Көлдүн четин булгаган.
Куунун кылган жарлыгын.
Бул дагы эки кылбаган.
Булбул чечен кеп айтат,
Муңун-зарын эми айтат:
Бизге кыйын иш болду
Азапты таштай катырып,
Карчыга бизди жеп койду.
Ынтымакка келсеңер,
Суудан орун берсеңер.
Туугандыктын жөнүнөн,
Ушу сөзгө көнсөңөр.
Ийри тумшук, курч тырмак,
Душманыбыз көбөйдү.
Суу болбосо жан калбайт,
Көрсөттү далай өнөрдү.
Суу жалгыз сенин сууңбу,
Көпчүлүктүн суусу дейт.
Кеңешип бизге орун бер,
Суу кушунун куусу дейт.
Куу туруп анда кеп айтат:
– Кутурбаңар, – деп айтат,
Аз деп бизди кордобо,

Өзүндү-өзүң зордобо.
Кузгун турат карыңар,
Буга кеңеш салынар,
Суу менен бирлик орунду,
Ынтымак менен алыңар.
Куунун сөзү басылды,
Адилдик менен айтты деп,
Калктын чери жазылды.
Тендикке кузгун келбеди,
Баласын сүйлөп өлбөдү.
Баласынан башканы,
Жан ордуна көрбөдү.
– Суунун сайып башына,
Бийликти коюп кашына.
Ат жарышты салалы,
Армансыз болуп калалы.
Талашпай сууну, бийликти,
Чыкканыбыз алалы.
Учкан куштан тандайлы,
Армандуу болуп калбайлы.
Булбул чечен шаңкылдап,
Сайрап турду элине.
Суу кушунан тандалып,
Кыл куйрук чыкты камданып.
Боз кушунан кара боор,
Бу да чыкты тандалып.
Карлыгач чыкты калыска,
Айдады атты алыска.
Бул кара боор чыгат деп,
Чыккан сууну жыгат деп,
Байгени боз куш алат деп,
Суу кушунун убалы,
Мойнумда кантип калат деп,
Кыл куйрук шумдук ойлонду,
Кара боорду торгоду.
Куйрук конду көлүнө,
Кара боор конду кумуна.
Караса суудa куйрук жок,
Мындан кыйын шумдук жок.

Суу түбүнө чөмүптүр,
Какеңди алдап салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
Бийлик менен сууну бүт,
Суу куштары алыптыр.
Тоодак айтат арманын:
Кара боордун калганын,
Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Куу төрө бийлик кут болсун,
Боз куш менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун!

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Тоголок Молдонун чыгармаларын биринчилерден болуп ким изилдеген?*
*2. Ролдорго бөлүштүрүп, көркөм окугула.*
*4. Ролдор боюнча «Жер атанын балдарынын» артыкчылыктары жөнүндө ойду тереңдетип, кеңейтип уланткыла.*
*5. Жаратылыш кубулуштарынын ортосундагы диалектикалык байланыштарды жана карама-каршылыктарды түшүндүргүлө.*
*6. Чыгармадагы негизги идея эмнеде?*
*7. Класста диспут өткөргүлө. Темасы: «Адам жана анын жашоосу үчүн керектүү нерселер».*
*8. Тоголок Молдонун жаратылыш тууралуу билимдерине баа бергиле.*
*9. «Жер жана анын балдарындагы» көркөм сөз каражаттарын белгилегиле.*

**«Мекенибиз жергесиндеги канаттуулар» деген темасында дилбаян жазгыла.**



## БЕЛЕК СОЛТОНОЕВ
*(1878—1938)*

Кыргыз элинин маданий тарыхында эң бир кызыктуу жана мазмундуу из калтырып жашап өткөн адамдардын бири Белек Солтоноев 1878-жылы Чоң Кемин жеринде жарды адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ушундай жарды үй-бүлөдө туулгандыгына карабастан, атасынын тааныштыгы аркылуу Чолпон-Атада орусча билим алат. Кийинчерээк Пишпекке келип (азыркы Бишкек) айыл-чарба мектебине өтөт. Бул мектепти бүткөн-бүтпөгөнү белгисиз. Орус тилин жакшы билгени үчүн 1916-жылы катчы жана котормочу болуп иштейт.

Үркүндө эл менен кошо Кытайга качат. 1917-жылы кайрадан өз жерине кайтат. 1919—1922-жылдарда атчандар отрядына ыктыярдууларды топтоо боюнча атайын өкүл болуп кызмат кылат. 1922—1924-жылдарда элдик көркөм чыгармаларды жыйноо боюнча уюштурулган ишке активдүү катышат.

1925—1936-жылдарга чейин Фрунзедеги илим-изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. 1937-жылы репрессия учурунда камалып, 1938-жылы февраль айында дүйнөдөн кайтат. Белек Солтоноев ушундай татаал жашаган аз өмүрүндө өз алдына өтө ачык, айкын максат койгон киши болгон. Ал тарыхчы, этнограф, фольклорчу жана акын болчу.

Белек Солтоноев 60 жыл өмүр сүрдү. Анын бүтүндөй өмүрлүк чыгармасы «Кыргыздын тарыхына материалдар» деген кол жазмасы. Бул көлөмдүү эмгек арап тамгасы менен жазылып, 616 беттен турат. Автор бул эмгегин өзүнүн көрсөтүүсү боюнча 1895-жылы баштап, 1934-жылы бүткөн.

3 – 17-595

Акын өмүрүнүн 40 жылын ушул чыгармага сарп кылган экен.

Б.Солтоноев өзүн акын деп эсептебесе керек, анткени атайын поэзия артынан кубалап, ыр жазууну өз кесибине айландырган эмес. Бирок табиятынан таланттуу жаралган адам ыр жазуу өнөрүнөн да куру калбаптыр. Ал поэзияга мезгил-мезгили менен үзүл-кесил керектүү, зарыл шарттарда кайрылып, поэтикалык чыгармаларды жаратып турган. Өзүнүн тирүү кезинде акындын ырлары дээрлик жарык көргөн эмес. Кийинчерээк Б.Солтоноев акталгандан кийин, анын мураскорлору анын чыгармаларын газетада жарыялашат. Акындын поэтикалык чыгармаларынын ичинен көрүнүктүүсү — «Румкан» деген поэмасы. Бул поэманы автор 1936-жылы жазган. Чыгарманы жазууда акындын өз башынан өткөн кайгылуу окуя себепкер болот. Б.Солтоноевдин Румкан деген баласы Фрунзедеги финансы техникумунда окуп жүргөндө, аны бүтөр жылы эч себепсиз эле окуудан чыгарып жиберишет. Айласы кеткен өспүрүм Түштүк Кыргызстанда мугалим болуп иштейт. Ушул учурда катуу ооруп калып, Сүлүктү шаарындагы ооруканада каза болот. Акын алыс жерде каза болгон баласынын тагдырына катуу капа болуп, ушул «Румкан» аттуу казалды жараткан. Көрүнүп тургандай поэманын жаралышына адамдын жекече турмушу, жекече тагдыры өбөлгө түзгөн. Бирок бул жөн эле жаш кезинде турмуштан эрте кеткен бала жөнүндөгү анчейин кошок же арман эмес. Өзүнүн мазмуну боюнча бул адамдын тагдыры, өмүр, өлүм адамдын ааламга келиш-кетиши жөнүндө жазылган поэма. Акын чыгармасында өзүнүн жеке кайгысын, арманын, ички сезимин билдирип гана чектелбейт. Ал өзүнүн жеке кайгысы, сезими аркылуу адам баласына ар убакта келе турган мүнөздүү тагдыр жөнүндө ой жүгүртөт. Өз турмушунан алынган окуялар аркылуу жалпы адамзаттык идеалдарды сүрөттөгөн чыгармалар дүйнөлүк адабияттын тажрыйбаларынан кеңири кездешет. Белек Солтоноевдин «Румкан» поэмасы көркөмдүк касиет сапаты менен айырмаланат.

Чыгарма өз баласынын аты менен аталат. Ошондой эле баланын Баткенде иштеп жүргөнү, ошол жерде ооруп,

Сүлүктүнүн ооруканасында каза болгону, кандай болсо, ошондой сүрөттөлөт.

Окуп жүрдүң орусча,
Финтехником окушуң.
Бүткөрүп чыктың кыргызча
Баласы деп Белектин
Окушундан чыгарткан,
Жалган ушак куруткан.
Арыздандың суранып,
Улуктардан тиленип.
Арызың кабыл болбостон
Баткенге кеттиң элирип.

Келтирилген ыр саптарынан көрүнүп тургандай Румкандын тагдыры да жөнөкөй тагдырлардан болгон эмес. «Белектин баласы» делинип окуудан чыгарылат, арыздануудан эчтеке чыкпагандан кийин, Румкан түштүккө Баткенге кетип калышка аргасыз болот. Ушунун өзүндө эле адамдын жеке трагедиясы бар. Б.Солтоноев өзүнүн поэма арманында адегенде Румкандын өзү жөнүндө эжеси Токтокан, карындашы Зейнекан жана инилери жөнүндө кабар берет. Румкандын ооруканада өзүнүн көз алдында жан бергенин баяндайт. Ушундай жеке башындагы кайгыны сүрөттөп бүткөндөн кийин гана акын адам, адамдын турмушу, өлүм-өмүр жөнүндөгү өзүнүн кеңири ой-жорууларына өтөт.

Алтын жаа, сыр жебе,
Саадагынан айрыган
Алдындагы айкөлү,
Ардагынан айрыган.
Барбаса базар күнү-түн,
Чарбагынан айрыган.
Ажал өлүм зор экен,
Азамат мойнун кайрыган.
Анын бири мен болдум,
Канатым сынып кайрылган.

Акын өзүнүн жеке керт башына түшкөн оор күндү, «канаты кайрылган» капастуу күндү адам баласынын жашоо-

сунда, турмушунда боло берчү «Саадагынан айрылгандардын» бири экенин жакшы түшүнөт. Бирок уулунун өлүмү ошол «Саадагынан айрылгандардын» бири болбой, башкача болуп жатканынын өз себеби бар.

Чарбагымда гүл элең,
Күн тийбестен солудуң.
Гүлгө конгон булбулуң,
Күрмөлбөй тилиң жоюлдуң.
Санаага келбес Сүлүктү.
Сайына ботом коюлдуң.

Акын жаш кеткен баласынын өлүмүнө бир күйсө, «Санаага келбес Сүлүктүнүн сайына» көмүлгөнүнө эки күйөт.

Күйүп-бышып күнү-түн,
Күйүт басып жеңилдим.
Көрбөй калдың кулунум,
Киндик кескен жериңди.
Эгиз жаткан эки өзөн,
Эки бирдей Кеминди.

Бул саптарды окугандарга киндик каны тамган жерине көмүлбөй калган баласына кайгырган адамдын жеке күйүтү катары сезилет. Чынында бул жеке күйүт эмес. Румкан 1936-жылы өлөт. 1937-жылы акын «Эл душманы» катары камакка алынат, 1938-жылы атылып кетет.

Белек Солтоноев кыргыз маданиятынын тагдырында кыргыз элинин тарыхын биринчилерден болуп кыргыз тилинде жазган, кыргыз элинин үрп-адатын, салт-санаасын оозеки чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу катарында, ошондой эле өтө баалуу жана маанилүү адабий көркөм чыгармаларды жараткан акын катары түбөлүк калары шексиз.

## РУМКАН

Румкандын казалын
Уккандарга жазамын.
Жазбаганда кантейин
Өлүм чиркин азабын.

Гүлдөп турган кезинде
Келди өлүм ажалы.
Жөлөгүм, сүйүнүч, кулунум
Маңдайымда чырагым,
Чырпыгым элең гүлдөгөн,
Жетилбестен кыйрадың.
Маңдайымда жанган шам
Панарым эле чырагым.
Чырагымдан ажырап,
Чыкпай жаным турамын.
Унутулбайт санатың.
Он эки чалгын канатым.
Канатым сынды, кайрылды,
Капилет жатып алыста,
Ардагымдан айрылдым.
Кантейин ботом Румкан!
Кабар'жетпей бурунтан.
Алыс жаткан атаңды
Чукулунан туюнттуң.
Учуп жеттим балама.
Каруулашып талашаар
Ажалга жок адате,
Карап турдум башында
Төгүп турдум булактай,
Көздөн аккан жашымды.
Румкан деп чакырып,
Айланайын, унчук деп,
Алда нечен бакырып.
Кайран асыл кулунум,
Арманда өлүп кеттиң деп,
Кайнап ичим чок болду,
Кырчынында өттүң деп.
Мен көмүлүп калбадым,
Сен жүрбөдүң кылактап,
Эртели-кеч көрүнүп,
Эл ичинде булактап.
Таяк алып колума,
Ак деп тентип кетсемчи!
Эки иниңди ээрчитип,

Эл ичинде жүрсөңчү!
Гүл чагында соолубай,
Жаш күнүндү көрсөңчү
Теңтуштарын көргөндө,
Тегеренет жер-асман,
Жазууларың көргөндө,
Жана менде бир арман.
Өзөндүү суугa тал бүтөөр,
Артында калган эки иниң,
Эсен болсо эр жетер
Эр жеткенче эс кетер.
Экинин бири өстү деп,
Эл ичинде кеп элем.
Эзелтеден эч кимге,
Зыяны жок жан элем.
Букара канын ойлодум,
Башка күнөөм жок эле.
Жаш балдарым багам деп
Эс-акылым тел эле.
Жетилерде кетилдим,
Белден сынып мертиндим.
Өсөөр кезде өксүдүм.
Өрт чалып бойду үшкүрдүм.
Алтын айчык белинде
Кемеринен айрыган,
Качан болсо тилеген
Медеринен айрыган.
Алдындагы агасы
Туусунан айрыган
Кара кашка тунжуру
Тынарынан айрыган.
Саялаган турагы
Чынарынан айрыган
Алдындагы ай, күнү,
Сүйөөрүнөн айрыган.
Тушундагы туйлаган
Тулпарынан айрыган
Туурда туруп муңбаган
Шумкарынан айрыган

Барбаса базар күнү-түн,
Чарбагынан айрыган,
Ажал өлүм зор экен,
Азамат мойнун кайрыган.
Анын бири мен болдум.
Канатым сынып кайрылган
Азамзатка айла жок
Карап туруп айрылган
Калайыктан карасам,
Сендей эмес бир адам
Панарымдан айрыган,
Тагдыр, сага таң калам.
Төбөдөгү чолпонум,
Сенсиз бекер бул аалам
Эки иниң болбосо,
Не болмокчу курган жан
Инилерим ойлонуп,
Сабырлыкка кармалам.
Күйүп-бышып күнү-түн,
Күйүт басып жеңилдим
Көрбөй калдын, кулунум,
Киндик кескен жеринди,
Эгиз жаткан эки өзөн
Эки бирдей Keминди.
Эси жоктук аңкоолук,
Эңкейип баштан дөөлөтүң,
Дос кеткенде билинет.
Көчкөн конуш кадыры
Ээн талаа, элсиз чөл
Кургак жерде билинет.
Өткөн өмүр кадыры,
Өз башында ээлик жок,
Карыганда билинет.
Жакшы катын кадыры,
Күнүң калып жаманга,
Кор болгондо билинет.
Жакшы аттын кадыры,
Ашуу бийик аскар тоо
Агын сууда билинет.

Эр жигиттин кадыры
Элге келсе душман, жоо
Кыргын күндө билинет.
Жан чиркиндин кадыры,
Дем кысталып жан чыгып,
Өлөөр кезде билинет.
Замандаштын кадыры
Жанына келбей жан качып,
Жүргөнүндө билинет.
Токчулуктун кадыры
Ачкалыкта кырылган,
Жокчулукта билинет.
Ата-эне кадыры,
Бала күтүп балдары,
Чоң болгондо билинет.
Өлгөн бала кадыры
Өз теңтушу буралып,
Жүргөнүндө билинет.
Улам айтсам улам кеп
Уламалап термелеп,
Урумкандын кайгысы
Калар эмес түгөнүп.
Көз жумулбайт күйүттөн,
Таң атканча ирмелип.
Чарбагымда гүл элең,
Күн тийбестен соолудуң.
Санаага келбес Сүлүктү
Сайына ботом коюлдуң.
Саргара катып санаадан
Кара көзүм оюлдум.
Артымда дайра көл элең
Алдымда аскар бел элең
Аскар бел урап түз болду.
Айдың көл куруп тоз болду
Эски Абачы кыштагы
Ажалыңа кез болду.
Колумда алмаз болоттон,
Кармап кадап орноткон
Калканымдан айрылдым.

Илим менен таанышкан
Билим менен жанашкан
Акылга жетип даанышман
Дарканымдан айрылдым.
Деңиз элең кулунум,
Ылайландың башынан.
Тереӊ элең тунугум,
Омкорулдуң жашынан.
Ылайланган деңизди,
Тундурган заман бар бекен?
Омкорулган теректи,
Тургузган заман бар бекен?
Урунсун деп чоң атаң
Атыңды койгон «Урумкан».
Жүрө-жүрө кийинтен,
Атыкканы Румкан.
Эки жашта энекең,
Өлүп жетим калгансың.
Эл Турпанга качканда
Он алтынчы жылында
Өңөрүп жүрдүм барганча
Далай белге ашканда
Көтөрүп жүрдүм калаада
Эл жок, суу жок талаада,
Эл четине жете албай,
Конуп калсам арага.
Колтугума салчы элем,
Коркунчулук заманда.
Алдейлеп багып өстүрдүм
Ылайыктап заманга.
Алты жашка келгенде,
Кубандырган кулунум
Атка чаан желгенде
Он жашында окутуп
Алиппени билдирдим.
Ошондон баштап окуттум,
Касиетим туйдурдум.
Окуп жүрдүң орусча,
Финтехником окушуң.

Бүткөрүп чыктын кыргызча,
Баласы деп Белектин
Жалган ушак куруткан
Окушундан чыгарткан,
Арыздандың суранып,
Улуктардан тиленип.
Арызың кабыл болбостон
Баткенге кеттиң элирип.
Ылайыксыз абалда
Ардагым калган жабыгып,
Акыры барган Сүлүктү
Аскерликке каралып.
Андан бошоп барыптыр,
Мугалимге буйрулуп.
Эски Абачы кыштакта,
Ажал жетип, күн бүтүп,
Акыры калдым айрылып.
Көчүп кеткен кербендей
Келгенге кезек бул жалган
Жаштайында кетти деи,
Арманым ушул зарлаган.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Белек Солтоноевдин жашоо турмушу кандай болгон?*
2. *Белек Солтоноев өзүн акын деп эсептегенби?*
3. *«Румкан» поэмасын жеке кишинин күйүтүн чагылдырган чыгарма деп айтууга болобу?*
4. *«Румкан» поэмасындагы өзүңөргө жаккан саптарды чөнтөк дептериңерге жазып алгыла.*



## КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТЕЛЧИГИШИ
## *(1925 — 1929)*

1924-жылдын аягында улуттук-мамлекеттик бирикмелер келип чыкты. Мына ошонун натыйжасында Кыргызстан да Республикага айланды. Чачыранды кыргыз уруулары саясий, экономикалык, маданий жактан баш кошууга, өзүнчө улут катары калыптанууга мүмкүнчүлүк алды. Өзүнчө мамлекеттик статус алган соң, Кыргызстанда экономикалык маселелер алдыга суурулуп чыкты. Себеби көп жылдык тополоң, уруш-чатак, оош-кыйыштар эл чарбасын бүлүндүрүп бүткөн эле, Калайык калк жедеп тукулжурап, тамак-ашка, кийим-кечекке, дагы башка керектүү буюм-заттарга жетинбей турган. Айыл чарбасы өндүрүмсүз, өнөр жайы жармач эле.

Ошентсе да 1925—1929-жылдары Кыргызстандын эл чарбасында аздыр-көптүр жылыштар болду. Маселен, малдын жалпы саны көбөйдү, дыйканчылык анча-мынча өрчүдү, соода-сатык жанданды, эски өнөр жай ишканалары ишке киришип, бирин-серин жаңылары курулду. Ошону менен катар эл агартуу майданында дагы белгилүү өлчөмдө алга карай кадамдар жасалды. Эң биринчи эли-журтка башталгыч талим-тарбия берүү иштери жолго коюлду. Аныктап айтканда, башталгыч кыргыз мектептеринин саны 1925—1926-окуу жылында 309, окуучусу — 16,5 миң болсо, 1927—1928-окуу жылында 322 мектеп 19,5 миң окуучу болду. Мындан тышкары 1929-жылга чейин 1 минден ашуун тарбиялануучусу бар 24 балдар үйү ачылды. Мына ушул жылдарда Кыргызстанда профессионалдык (кесип берүүчү) окуу очоктору да пайда боло баштады. Маселен, Бишкекте педагогикалык техникум, айыл чарба техникуму, Ош шаарында педагогикалык техникум, Республиканын башка шаарларында кесиптик-техникалык окуу жайлар ачылды.

Кыргыз тилин адабиятташтыруу (жазма тилге айландыруу) жагынан да бул жылдары бир канча иштер ишке ашырылды. Мисалы, 1925-жылдан «Эркин Тоо» газетасы чыга баштады. 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» жана «Дыйкан» журналдары жарык көрдү. Ошону менен бирге кыргыз тилинде ар түркүн китептердин басылышы көбөйдү. Маселен, 1925-жылы 30, 1926-жылы 31, 1927-жылы 72, 1928-жылы 75, 1929-жылы 88 наамдагы китеп жарык көрдү. Араб тамгаларына таянган улуттук жазуубуздун 1927-жылы латын алфавити менен алмашылышы эл агартуу иштеринин илгерилишин да, жазма тилибиздин өнүп-өрчүшүн да тездетти. Ошол жылдары улуттук театр өнөрүнүн саамалыктары да көрүнө баштады. Мектептерде, техникумдарда, дагы башка кесиптик окуу жайларда өз демилгелүү драмалык ийримдер пайда болду. 1926-жылы Бишкекте улуттук сахна үчүн кадрларды даярдоочу атайын студия ачылды. Жогорудагы жылыштар болгону менен калктын калың катмары караңгы бойдон калып жатты. Маселен, 1926-жылкы эл каттоодо кыргыздардын 4,7 проценти гана кат-сабаттуу экени билинген. Кыргыз айылдарында орто мектептер түгүл, жети жылдыктар жок болгон. Башталгыч мектептер да аз эле. Ошондуктан кыргызда окууга тартылган балдардан тартылбагандары көптүк кылган. Жаңыдан ачылган атайын орто жана кесиптик-техникалык окуу жайлар кат-сабаттуу кыргыз жаштарынын жетишсиздигинен кыйналган. Мугалимдердин жоктугунан көп кыштактар мектепсиз калган. Ал кезде жогорку маалымат алып жаткандар кол менен араң саналган. Ал эми анча-мынча билимдүүлөрдүн арасында эне тилинде сабаттуу жаза алгандары, калемгердик жөндөмү барлары бирин-серин эле. 1927-жылкы бир өкмөттүк документте ошол чактагы билимдүү деген кыргыз жигиттеринин ичинде кыргыз тилинде ар кыл тексттер жаза алчулар 25 гана адам экени баса белгиленген. Мындай калемгерлердин өтө аздыгы эне тилибиздин жазма формаларынын өнүп-өрчүшүнө, тактап айтканда, улуттук журналистиканын тез жанданып кетишине, ар түрдүү мазмундагы китептердин көп чыгышына жолтоо кылган.

Ошол эле учурда Кыргызстанда адабий чөйрө курала баштады. Тунгуч адабий ийрим Түптөгү айыл чарба техни-

кумунда, көп өтпөй Бишкектеги кыргыз педагогикалык техникумунда уюшулду. Эки техникумда тең улуттук болочок жазуучулар окуп жатышкан. Алар драмалык ийримдери үчүн пьесалар жазышып, «Жаш тилек» (Түптө) жана «Балапан» (Бишкекте) аттуу кол жазма журналдар чыгарышкан. Ошондой эле Республикалык газета-журналдарга макала, ыр, аңгемелерин жарыялап турушкан. Адабиятка талапкер борбордук жаштар көбүнчө басма сөз органдарынын тегерегине баш кошкон. Ошон үчүн басма сөз редакцияларында жана башка кызматтарда иштеген, орто окуу жайларында окуган жаш калемгерлер 1927-жылы кошмо адабий уюмга негиз кошуп ага өз салымдарын киргизген. Муну менен жаңыдан калем сынап жүргөндар кесиптик жактан уюмдашуу, өзүнчө адабий чөйрө жаратуу багытында алгачкы кадам жасаган. 1925—1929-жылдары кыргыз адабияты ушундай тарыхый коомдук, маданий шарттарда өнүгүп отурган.

## ПОЭЗИЯ

Эне тилибизде массалык каражаттарынын (көбүнчө газета-журналдардын), туруктуу иштеген китеп басмасынын, дагы башка саясий, маданий, таалим-тарбия очокторунун ачылышы кыргыз поэзиясынын кадыресе адабий формада үзгүлтүксүз өрчүй башташын шарттады. Улуттук басма сөзүбүздүн туңгучтары «Эркин-Тоо», «Дыйкан», «Жаңы маданият жолунда» журналдары биринчи сандарынан баштап ыр түрүндөгү материалдарды көп жарыялаган. 1925—1929-жылдар аралыгында жарыяланган ар кыл ырлардын жалпы көлөмү чоң эки томго барабар. Ал эми «Жаңы маданият жолунда» журналынын 1928—1929-жылдары чыккан 9 санында 43 ыр, 4 поэма, 4 ырлар цикли жарыяланган.

«Эркин-Тоонун» чыгышы менен гана акындык өнөргө умтулгандардын, газетанын алгачкы сандарына ырлары жарыяланган жаштардын арасынан көп өтпөй А. Токомбаев (1904—1988), М. Токобаев (1905—1971), М.Элебаев (1905—1944), Ж. Жамгырчиев (1906—1944), Б. Кененсариев (1896—1964) алдыга суурулуп чыкты. Булардан бир аз кийинчерээк мезгилдүү басма сөз беттеринде жаңы калемгердин дагы

бир тобу көрүнө баштаган. Алардын чыгаандары Жоомарт Бөкөнбаев (1910—1944), Жусуп Турусбеков (1910—1943), Кубанычбек Маликов (1911—1978) болгон.

1925—1929-жылдары жаңыдан өнүгө баштаган басма поэзиябыздын чыгармаларынан төрт гана жыйнак жарык көргөн. Бул мезгилде жаралган поэзиялык чыгармалар бүт бойдон ошо кездеги мезгилдүү басма сөздө жарыяланган. Алар газета-журналдардын күндөлүк мүдөөлөрүнө, муктаждыктарына, талаптарына ылайыкталып жазылган.

Кыргыз поэзиясында ашыктык, табият, өмүр жана өлүм, дүйнө жана заман темаларын козгогон ырлар да жаралбай койгон эмес. Алардын жалпы саны өтө аз, айрым гана акындардын ырларынан бирден-экиден араң жолугат. Табият көрүнүштөрүн сүрөттөгөн ырлардын ичинен мазмундук касиеттери жагынан Ж. Бөкөнбаевдин «Кышкы тоо», М. Элебаевдин «Жайкы кеч» деген ырлары анча дурус. Ал эми өмүр жөнүндө ойлор, жекече арман, эскерүүлөрдү камтыган А. Токомбаевдин «Өмүргө», М. Элебаевдин «Зарыгам» ырларын белгилөөгө болот. Бул ырларда ар бир автор өз керт башына тиешелүү ой-сезимдерди «ыр тилинде» кыйла таасирдүү сүрөттөшкөн. 1925—1929-жылдары кыргыз поэзиясы жазма-басма түрүндө өнүгүү жолуна түштү. Мурдагыга караганда ыр жазгандардын саны көбөйдү, жарыяланган ырлардын көлөмү чоңойду. Жаш акындар тынымсыз жазуу аракетинде болуп, аздыро-көптүр калем такшалдырды.

## ПРОЗА

1925—1929-жылдары адабий прозанын көпчүлүк жанрлары (түрлөрү) жарала баштады. Алар билим берүү зарылчылыгынан үгүт-насыят жүргүзүү муктаждыгынан пайда болду. Маселен, жаңыдан жазылчу мектептик окуу китептери үчүн майда аңгемелер дагы башка адабиятташтырылган материалдар керек эле. Бирок кыргыз жазма тилинде тексттер али жок эле. Ушундан улам эне тил жана адабият боюнча окуулуктар жазгандар чакан көлөмдүү прозалык баяндарды өздөрү жазууга аргасыз болду. Натыйжада ошол жылдары жарык көргөн «Чоңдор үчүн алиппе» «Жаңылык», «Биздин тил», «Жаңы айыл» деген окуу китептерде майда

көркөм аңгемелер жарыяланды. Ал аңгемелерде жөнөкөй турмуштук окуялар кабыл алууга жеңил тил менен баяндалып берилген болчу. Ошол жылдары мектеп балдары көмөкчү окуулуктар иретинде пайдалансын деген максатта чакан прозалык чыгармалар өзүнчө жука китепчелер түрүндө чыгып турган. Алардын көпчүлүгү башка тилдерден которулган чыгармалар болгон. Бирок ошол серияда бир катар оригиналдуу кара сөз туундулары да жарык көргөн. Алардын арасында К. Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» (1927,1929) жана «Мурат» (1929), С. Нааматовдун «Жөжөлөр», М.Танинанын «Жетилген жетимдер» (1928) сыяктуу китептери болгон.

1925—1929-жылдары «Эркин-Тоо» газетасынын беттеринде «Жанытма» деген жанрдык атама менен прозалык тексттер жарыяланып турган. Алардын көпчүлүгү кабар-макала, айрымдары фельетон, очерк, кээ бирлери аңгеме болгон. Жанытмалар негизинен газетада жарыялануучуга атайын ылайыкталып жазылган, ошол себептен көпчүлүгүнүн көлөмү салыштырмалуу кыска келип, кыйын эле дегенде бир беттин тең жартысын ээлеген. Жанытмалардын баарын болбосо да, жоон түбүн кыргыз басма сөзүнүн жана көркөм адабиятынын өнүгүү мезгилиндеги, өзгөчө тарыхый-маданий шарттар менен үгүт-насааттык муктаждыктар туудурган бир чети журналистикага тиешелүү, бир чети көркөм адабиятка тиешелүү чакан прозалык чыгармалар деп кароого негиз бар. Аларды кыргыз адабий кара сөзүнүн газета бетинде массалык түрдө жаралган алгачкы өнүмдөрү, тактап айтканда публицистикалык шекилдеги кыска аңгемелер десе да болот.

Кара сөз менен жазылган адабий материалдарга «Жаңы маданият жолунда» журналынан да дурус эле чоң орун берилген. Маселен, 1928-жылдын май айынан 1929-жылдын октябрына чейин журналдын он саны жарык көрүп, тогузунда баш-аягы 15 прозалык чыгарма басылган. Алардын арасында Сатыбалды Нааматовдун «Барса келбес сапар» деген повести, Узакбай Абдукаимовдун «Бакты жолунда», Аалы Токомбаевдин «Мундуулар өлүмү», Мукамбет Дөгдүровдун «Жамангул», Касымалы Жантөшевдин «Эки жетим» деген аңгемелери бар. Өзүнчө китептер түрүндө 1928-жылы

Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести, 1929-жылы Сыдык Карачевдин аңгемеси жарык көргөн.

## ДРАМАТУРГИЯ

Драмалык чыгармалар көбүнчө жазма-чийме урунган элдерде улуттук театр өнөрүнүн репертуардык (драмалык тексттерге) муктаждыгынан улам пайда болот. Кыргыз театр өнөрүнүн өнүп-өөрчүй башташы биздин тилде драмалык адабияттын келип чыгышын шарттады.

1920-жылдардын экинчи жарымында Бишкекте (мурдагы Фрунзе) жаңы ачылган борбордук педагогика техникумунун студенттери драма жана ыр-хор ийримин (кружогун) уюштуруп, сахнада ойноого арналган адабий тексттердин эне тилибизде жогунан улам ийримга катышуучулар андай тексттерди өздөрү жаза баштаган. Чакан пьесалардын авторлору ал кездеги студенттер Т.Байжиев, Ж.Бөкөнбаев, К.Жантөшев, К.Маликов, М.Элебаев болгон.

Драматургия — адабияттын өзгөчө бир түрү. Анын жалпы адабий чыгармачылыкка ортоктош машакаттарынан тышкары өз алдынча кыйынчылыктары да бар. Драмада турмуштук окуялар менен адам тагдырлары шарттуу бир туюк чөйрөгө камалып, бир маанилүү конфликтке (чыр-чатак) байланып чектелген убакыт жана мейкин аралыгында көбүнчө каармандардын өз ара сүйлөшүүлөрү (монологдору) аркылуу гана сүрөттөлүп берилиши керек эле. Ал эми мындай кылып сүрөттөп берүү атайын билимди, бир кыйла тажрыйбаны өтө көп мээнетти талап кылат. Кыргыз адабияты жаңыдан өнүгө баштаган кезде, жаш жазуучулардын арасында драмалык чыгармалар жазып бере тургандары өз эле. Жаш кыргыз драматургдары 1920-жылдары элеттик турмуштун үй-бүлө чөйрөсүнө тиешелүү көрүнүштөрүн сүрөттөөгө көбүрөөк кайрылышкан.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. 1925—1929-жылдар аралыгында Кыргызстандын маданий, билим берүү турмушунда кандай өзгөрүүлөр болуп өткөн?*

*2. 1925—1929-жылдарда жазылган ыр, поэмалардын тематикасы жана мазмуну көбүнчө эмне жөнүндө болгон?*

*3. Ошол кездеги аңгеме, повесттерде кандай кемчиликтер болгон?*

*4. Драмалык чыгарманын негизги жанрдык өзгөчөлүгү эмнеде?*



## КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ
*(1901 — 1937)*

Кыргыз маданиятынын тарыхында Касым Тыныстановдун өзгөчө орду бар. Ал улуттук тил илиминде, көркөм адабиятта, эл агартууда, саясатта өчпөс из калтырган инсан. К.Тыныстанов кыска өмүр сүргөн, анын өмүрү тынымсыз окуп-үйрөнүү, чыгармачылык түйшүк, илим-изилдөө менен өткөн.

Касым Тыныстанов 1901-жылы Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы (азыркы Ысык-Көл районуна караштуу) Чырпыкты айлында туулган. Анын атасы Маркатай уулу Тыныстан орточо тиричилик өткөргөн, мусулманча кат-сабат билген киши болгон.

Ал тунгуч уулу Касымдын өзгөчө зээндүү экенин көрүп, аны адегенде өзү окуткан. Анан өз айлында ачылган башталгыч диний мектепке берген. Касым ал мектепке 1909—1912-жылдары барып жүрүп билим алууга шыктуулугун көрсөткөн. Ошон үчүн анын атасы Ысык-Көлдүн күнгөй жагындагы Сазановка кыштагындагы жаңы метод менен окуткан мусулманча мектепке жиберген. Касым ал жерде 1913—1914-жылдары окуган.

Ал 1914—1916-жылдары Пржевальск (Каракол) шаарындагы орустан башка элдердин балдарын окуткан мектептен таалим алган.

1916-жылы айрым кыргыз уруулары (сарбагыш, саяк ж.б) Кытай мамлекетине карай үркүп жөнөгөн. Ошондо К.Тыныстанов өз уруулары менен кошо кетет. 1918-жылы ал жерден кайтат.

К.Тыныстанов 1919—1924-жылдары Ташкенттеги Казак-кыргыз агартуу институтунда (техникумунда) окуган. 1927-жылы окуусун бүтөт.

4 – 17-595

К.Тыныстанов эмгек жолун 1925-жылы илимий-педагогикалык мекемесинин жооптуу секретарлыгы кызматынан баштаган. 1926-жылы ошол мекеменин төрагасына дайындалган. 1927—1930-жылдары Кыргыз Республикасынын эл агартуу комиссары (министри), 1931—1937-жылдары Кыргызстан маданият курулушу илим изилдөө институтунун илимий кызматкери, сектор башчысы, директору болгон. Мындай жумуштардан тышкары К.Тыныстанов 1925-жылы эки ай чамалуу «Эркин-Тоо» газетасынын жана 1928—1930-жылдары «Жаңы маданият жолунда» журналынын жооптуу редактору, 1931-жылы кыргыз улуттук театрынын директору милдеттерин аткарган. 1931—1937-жылдары кыргыз педагогикалык институтунда кыргыз тили боюнча лекциялар окуган. Жемиштүү илимий-окутуучулук эмгеги үчүн К.Тыныстановго 1932-жылы доценттик, 1936-жылы профессордук наамдар берилген. К.Тыныстанов өз учурунда жазуусу, илимпоз, коомдук ишмер катары жигердүү аракеттенип, ошонун аркасында билимдүү улутташтарынын арасында зор кадыр-барк тапкан. Бирок анын бул ийгилигин көрө албай, ичи күйгөндөр да чыкты. Айрым кызматташтары калемдештери анын макалаларынан кемчиликтер таба башташты.

1937-жылы К.Тыныстанов «эл душманы» деген жалган жалаа менен камакка алынган. Ошол эле жылы ак жеринен атылып кеткен. Ошондон баштап анын аты-жөнүн, иш-аракетин, чыгармачылыгын сөз кылууга тыюу салынган. 1950-жылы К.Тыныстанов акталат. К.Тыныстанов ата-энесинен көркөм сөзгө өзгөчө жөндөмдүү жаралган. Ошон үчүн ал бала чагынан элдик оозеки чыгармаларга айрыкча ышкы койгон, тестиер кезинде элдик ырлардын үлгүсүндө жамакчылык жөндөмүн үйрөнчүк төкмө ырчыныкындай даражага жеткирген. К.Тыныстанов бала чагынан жаңыча мектеп таалимин алды. Окуучу кезинде татарча, өзбекче, казакча, орусча адабий чыгармалар менен таанышты. Студент убагында дүйнөлүк көркөм сөздүн, кыргызчага тектеш тилдерде жаралган адабияттардын, орус классикасынын тажрыйбаларын аздыр-көптүр өздөштүрдү. Жаңыча илим-билимден азыктанышы анын жазуучу, тактап айтканда, жаңы түрдөгү акын болушун шарттады.

К.Тыныстанов алгачкы ырларын Ташкентте окуп жүргөндө жаза баштаган. Анын ырлары 1919—1921-жылдары Ташкентте казакча чыгып турган газеталарда жарыяланган. Себеби, кыргыз тилинде али кандайдыр бир басма сөз органы болбогон. Үйрөнчүк акын ырларын казак тилинде жазууга мажбур болгон. 1922-жылда кыргыздын улуттук жазмасы менен басма сөзү жарала турганы көрүнүп калган эле. Ошондон тартып Касым ынтызарлык менен эне тилинде ырлар жаза баштады. К.Тыныстановдун 1919—1924-жылдары жазгандары «Касым ырларынын жыйнагы» аттуу китепке кирген. Анын ичинде казакча 12 ыр, кыргызча 21 ыр жана бир поэма бар. Акындын казакча ырларынын арасында «Айга», «Бейшекке», «Ысык-Көлгө» деген кайрылуу түрүндө жазылган ырлары бар. Ал эми «Шакирт», «Ардак» деген ырлар кыска окуялуу, бирок бүдөмүк мазмундуу. «Касым ырларынын жыйнагы» на киргизилген «Жаз», «Кыш», «Жайлоо», «Тоодо күн» аттуу кыргызча ырлары бар. Акындын «Жаз» жана «Кыш» ырлары китептик поэзиядагы пейзаж лирикасына жакын. Бул ырлар жөпжөнөкөй поэзиялык ыкмада акыл-эске шыдыр жете турган баяндоо жолу менен жазылган. Эки ырда тең жаз менен кыштын мүнөздүү тышкы белгилери сүрөттөлгөн. «Жаз» ырынын баш жагынан мисал:

Ак кепинден кутулуп,
Жер гүлдөдү, жайнады.
Оргуп, маңкуп кутуруп,
Суу каптады сай-сайды.
Келгин куштар күү менен
Жаз саламын сайрашты
Түркүн сонун үн менен
Сызгырылтып айдашты.
Чымын-чиркей чээндеги
Учуп чыкты ызылдап,
Баарында жаз эмгеги,
Ишке кирди быжылдап.

«Касым ырларынын жыйнагында» махабат темасына арналган төрт ыр бар. Алардын «Суйкайганга», «Алданган сулуу» дегендери мазмуну жагынан көбүнчө дидактикалык,

насаатчылык мүнөзга ээ. Ал эми «Ырдаба, сулуу кыйнаба» деген ырда лирикалык каарман өзүн азгырууга далбас урган сулууга кайрылып, өзүнүн мурда ашыктык отуна жанып жүргөн, сүйгөн жарынын сөзүндө турбаганын айтып өтөт.

Касымдын сүйүү лирикасынын ичинде эң мыктысы «Эрксизден ажырашканга» деген ыр. Анын өзөгүндө жаткан ой-сезимдин, текст арасын ширеген элестердин реалдуу турмуштан сүзүлүп алынгани күмөнсүз. Мына анын башталыш саптары:

Кырк атанга шай жүктөп,
Баарына бирдей шай жүктөп.
Сөөлөттүү элим көчкөндө,
Суусар бөрк башта сеңселип,
Алдымда жорго теңселип,
Ээликме көңүл өскөндө,
Үзөңгү тээп керилип,
Түшүүгө аттан эринип,
Үйүндөн кымыз ичкенде,
Сунганда чыгып кымызды,
Үнүң окшоп сыбызгы,
Кылыгың эске түшкөндө,
Сагынамын, жазам кат,
Аларсың болсоң саламат!

Андан ары ыр агымы ушундай эле жеңил айтылып, саптар бир-бирине куюлушуп келе берет. Тактап айтканда, тууган жеринен алыста жүргөн лирикалык каарман тоо арасында калган сүйгөн жары менен селкинчек тебишкенин, ошондо айлана ай нуруна балкып, туш тараптан кайберен менен куштар дабыш салып турганын эсине салат, маашырканып кыялына келтирет: азыр ошонун баарынан ажырап, алыста сарсанаа тартып, бушайман болуп кусага батып жүргөнүн, айрыкча сүйгөн жарын самап зарлаганын, бирок жолунан канча азгырык, канча каргаша чыкса да, дилбарына берген антына бек бойдон каларын, акыры самаган оюна жетпей тынбасын ыр тилинде туюндурат.

«Касым ырларынын жыйнагындагы» дагы бир ыр — «Ала-Тоо». Мында акын заңгыраган тоолордон бүткөн ата-журт-

тун булуттан жоолук салынган, алыста жүргөн уулун сагынып, күн сайын мойнун созуп жол караган, кабатыр тарткан, көз жаштарын сай-сайга дайра кылып агызган ак чач эне элесинде ырга кошот.

«Кысым ырларынын жыйнагындагы» эң көлөмдүү туунду 600 саптан турган «Жаңыл Мырза» поэмасы. Анын окуялык негизи, кыскартып баяндаганда төмөнкүдөй:

Какшаал тоолорун мекендеген нойгут уруусунун башчысы Жаңыл деген бир кыз болот. Ал кичинесинен эркек бала сыңары тарбияланат. Чоңойгондо да эркекче кийингенин таштабайт, жаа тартып, аң уулайт, өз уруусун тышкы душмандардын куралдуу катылуусунан коргойт. Эр жигиттердин жасаганын жасап, эрмектегенин эрмектеп жүрө берип, ал күйөөгө чыгуу, үй-тиричилик кылуу, бала-чакалуу болуу жайын ойлобойт, өзүнө кадыр салып, сөз айтып келгендердин баарын эмнегедир ырайымсыз өлтүрө берет. Кыз башы менен эр адамдарга берилчү «Мырза» наамын алган Жаңылдын атагы сарбагыш уруусунун манабы Түлкү дегенге жетет. Түлкү энесинин буйругу менен аялынан ажырашкан эле. Ал көп жылдан бери бойдок бойдон жүргөн болот. Жаңыл мырзаны эски салт боюнча алуу ниети менен ал үч жолдошун ээрчитип Какшаалга барат да, нойгут элинин жылкысын барымтага айдап жөнөйт.

Ошол чакта Жаңыл аң уулап жүргөн экен, элдин жылкысын айдап кеткенин уккан соң ал каарданып Кертайганын (Жаңылдын ити) ээрчиткен бойдон алардын артынан кууп жөнөйт. Жылкыларды айдап кеткендер өрүүгө токтоп, түн караңгысында от жагып, эт кайнатып жатканда Жаңыл аларга жетип келет да, от жарыгында отурган төрт баатырдын жүзүн көрөт, көрөр замат Түлкү баатырды сүйүп калат. Ал аңгыча ити алардын жанына барат, итти байкаган Түлкү: «Канчыктын канчыгы го», — дейт. Бул сөзгө ызаа боло түшкөн Жаңыл ачуусуна чыдабай, баатырлардын төртөөнү тең жаа менен өлө турган жерине атат. Анан ал кансырап жаткандарга бастырап келип, жан далбастаган Түлкүгө аны сүйө турганын айтып, өлгүчө ага кыянат кылбастыгын, бир гана аны сүйүшүн айтып убада кылат.

Бир кыйла убакыт өткөндөн кийин казак-кыргыз уруу башчыларынын жыйыны Түлкү менен кошо үч баатырды

ырайымсыз өлтүргөн Жаңылдан көптөп өч алуу бүтүмүн чыгарат. Казак-кыргыз кошмо кеңешинде тажрыйбалуу сынчынын кеңеши боюнча Жаңылды айлакерлик менен колго түшүрүп, карыган бир чалга аял кылып берет. Жаңыл тагдырга баш ийип, үй кызматы менен ыбырсып калат, баатырдык өнөрлөрүн бүт бойдон эсинен чыгарат. Арадан далай жылдар өтөт. Бир күнү Жаңылдын чалынын тууган-дары, айылдаштары Жаңылдан баатырдык өнөрлөрүн көрсөтүшүн суранышат. Жаңыл көңүлү болбой, анан зорго макулга келет. Жоокер кийимин кийип, садак-жаасын алып, күлүк атка минет да, жааны атуу чеберчилигин көрсөтө баш-тайт. Карап тургандарды мергендиги менен таңыркантып, анан алар менен коштошот да, атты чаптырып жолго түшөт. Анын артынан эч кимдин кууганга жүрөгү доо бербейт. Тууган жерине жетип барып, айылы аңгырап бош калга-нын көрөт, нойгуттар кытайлар тарабынан багындырылып көчүрүлгөнүн билет.

Жаңыл дароо жетимсирей түшүп, мындан ары кандай максат менен жашай турганын билбей эңгиреп, баягы өзү өлтүргөн төрт баатыр жаткан жерге барат. Төрт-беш сөөктүн ичинен Түлкүнүн башын тааныйт да, катуу күйүткө түшүп, өзүн өзү өлтүрөт.

К.Тыныстанов элдик сюжетти нукура акындык эргүү ме-нен поэмага айландырган. Поэма бир кыйла кызыгуу ме-нен окулат. К.Тыныстановдун рухий жаратмандык жөндөмү улуттук тил илим баскычында айкын көрүнгөн. Эң оболу белгилечү нерсе ал араб жана латын алфавиттерине таянган кыргыз жазуу системаларын иштеп чыгууга катышкан. Ал эне тилибиздеги тунгуч мектеп окуулуктарын «Окуу ките-би» 1924; «Чондор үчүн алиппе» 1926; «Биздин тил» 1927, ошондой эле кыргыз тилинин нормага салынган грамма-тикасын «Кыргыз тилинин морфологиясы» 1934; «Кыргыз тилинин синтаксиси» 1936-жылы жараткан. Кыргыз тил или-минин терминдерин жана башка түшүнүктөрүн, кыргызча тексттерди уюштуруунун орфографиялык жана пунктуация-лык эрежелерин (тыныш белгилерин) ойлоп тапкан. Ал-бетте, мунун баарын ал европалык тил илиминин, түрк тил-дериндеги тил илимине тиешелүү эмгектердин жардамы менен жасаган.

Биздин улуттук тилдин өнүгүшүндө, көркөм сөз маданиятыбыздын тарыхында Касым Тыныстанов бардык жагынан төл башы катары ардактуу орун ээлеген бойдон калат.

## ЖАҢЫЛ МЫРЗА

*(Поэмадан үзүндү)*

### I

Болуптур бир сонун күн бизден мурун,
Чынында эң сонун күн билем ал күн.
Күү тартып, күңгүрөнүп айтса кары,
Эрксизден ууландырат эр жүрөгүн.
Комуздун үч кулагын толгоп салып,
Тозоктун уулуу, зардуу күүсүн чалып,
Үн менен ый аралаш солкулдаса,
Энтигип, өткөн күнүн эсине алып.
Беш бармак жыгач тырмап аламы урса,
Жаш бийлеп, ак сакалдан жерге тамса,
Жаш жүрөк аны көргөн ууланбайбы,
Не курдуу эзилгисиз таш болсо да.
Бирок да ал күн кай күн билди бекен?
Билишсе, урматташып жүрдү бекен?
Же жай күн келип кеткен бири көрүп,
Эссиз журт эселектик кылды бекен?..
Антишсе, кары жашы неге тамсын?
Үч ичек арман күүгө неге салсын?
Өткөн күн кадырланбай калган болсо,
Жалындап жаш жүрөгү неге жансын?
Өткөн күн укканга бир, көргөнгө бир,
Сакталмак, ардакталмак жугузбай кир.
Зардуу сөз, долу комуз мактай бермек,
«Сагындым, саргардым» деп жетишсе тил.
Күндөр жок ал күн менен катарлашкан,
Ал күн жок, бизден кеткен, мунарды ашкан.

Тек гана мен жолоочу куш качырган,
Ыр ырдап, көктү карап көңүлүн баскан...

Куушуруп жетсе куучу күздүн күнү,
Кан качып, өсүмдүктүн өчсө өңү.
Чыкылдап темир аяз бийлеп алып,
Бир жактан ич бышырса узун түнү.
Белинден кыял ташы баскан кезде,
Угулса кулагыңа комуз үнү.
Элөөрүп, эт жүрөгүң издер беле,
Ыраакта, алда кайда тарткан күүнү.

Күү уксам, күңгүрөнгөн, күүгө салган,
Угулсун мейли ыраактан, алда кайдан.
Өткөндүн бирин койбой терип айтып,
Далилдеп долуланса комуз жазган.
Элирбей эт жүрөгүм жатмагы жок,
Эрте-кеч өткөн күнүн ойлой азган.
Денине кан жүргөн соң көкүрөгүң
Эркиндеп дем албайбы жараланган.

Мойну узун күздүн түнү... уйкум качты,
Чубалжып учсуз, түпсүз кыял басты...
Кысылып көкүрөгүм, алым куруп,
Оодарды түпсүз кыял бербей башты.
Талаада темир аяз дооран сүрүп,
Чыгарбай күндүн көзүн таң да атпады.
Угулуп чалган комуз алда кайдан
Умачтай түн ортодо көзүмдү ачты.

Мен турдум, тышка чыктым... ай арасы,
Болгондой туманданган тоонун башы.
Ичинен ала булут шилеп өтүп,
Ак айдын убайымдуу көз карашы.
Кыроого үстү-башын чылк оронуп,
Кийгендей күмүш кымкап сайдын ташы.
Короолой из түшүрүп түлкү, бөрү
Энчилеш жазылгандай шыбагасы.

Мен кеттим комуз үнүн уккан жакка,
Изүүлдөп мундуу табыш чыккан жакка.
Кез болдум узабастан бир базарга
Иликтеп чалган күүгө жеткен чакта.

(Сурасаң, көргөн базар маани жайын
Анчейин майда-чүйдө алып сатма.)
Абышка комуз чалган дөңгө чыгып,
Көзүмө элестеди он кол жакта.

Абышка башын салган, комуз чалган,
Ыйлаган, күңгүрөнгөн, чалганы арман,
Чоң кисе белиндеги оттук, майлык
– Белгиси бизден мурунку элден калган.
Укмуштуу кебетеси тан калардык,
Кабагы кере карыш саландаган.
Бир туруп дубана деп кыял кылсам,
Алдында белгиси жок жоолук жайган.

Комузун абышкабыз көп какшатты,
Бир эсе капкактарын такылдатты.
Бир эсе каргылданган үнүн кошуп,
Тозоктун уулу, зардуу күүсүн тартты.
Эзелден алдамчылык кылган базар
Келгендин көзүн боёп алдап жатты.
Бардыкка коюлбаган тең тараза,
Бири алдап, пайда көрүп, бири алдатты.

Абышка туруп кетти комузду алып,
Ичинен чалган болуп кыңкылдатып.
Артынан көзөмөлдөп мен да түштүм,
Турдум да бир азыраак таңга калып.
Абышка бир дөбөдө урду мандат,
Токундум мен да мандат бирге барып.
Жайымды сурамжылап отурду да,
Жиберди узун сабак күүгө салып.

Максатым эмес менин сыйкырдамак,
Ыр ырдап, көпчүлүктөн мал жыйнамак.
Кур жерден калпты, чынды койгулатып,
Максатым эмес жана элди алдамак.
Түбүндө чын максатым комуз чалмак,
Кеткенди унутулуп, эске салмак.
Маанасы өткөн күндүн бул эле деп,
Болгонду угуучуга баяндамак.

Өткөн күн деп айтканда эки маана,
Экөөнүн бири жаштык бул го даана.
Жаштыктын гүлдүү күнүн сөз кылышат,
Көбүнчө ургаачы, эркек өз ара.
Жыргалдуу өткөн заман эске түшсө,
Жүрөгү түшүнгөндүн тегиз жара.
Өзгөчө көңүл кургур көп чайпалат,
Көргөн соң баспаганын тең тараза.

Өткөндүн максат эмес айтуу баарын,
Айтууга терип баарын, жетпес да алым.
Комуздун үч кылы өзү алдейлесин,
Басканда сары убайым, санаа жарым.
Тереңге кумарданган киши болсо,
Тыңшасын тереңирээк комуз зарын.
Жол тозгон эрме чөлдө саятчыга,
Сүйлөсүн долу комуз Жаңыл жайын...

Тартты да насыбайын кончтон алып,
Какшанды керип, толгоп, күүсүн чалып.
Бетинен Ысык-Көлдүн толкун токтоп,
Караштьı ак балыктар көзүн салып.
Жоготуп убайымдуу көз карашын,
Ак Ай да күү тыңшады нурун чачып.
Боорунда Ала-Тоонун алтын булак
Чыдабай ал да ырдады үн алышып...

## II

Боорунда Ала-Тоонун кимдер болгон?
Эркиндеп кимдер көчүп, кимдер конгон?
Балпайып, бай-байбиче ырыс күтүп,
Жайылып этек-жеңи кимдер оңгон?
Бейпилде, берекеде жаткан элди
Баш болуп, башын кармап ким колдогон?
Жери күр, эли түгүл жаткан болсо,
Ак муздан неге Ала-Тоо селде оронгон?...

Боорунда Ала-Тоонун жел ойногон,
Жел менен эркин кыргыз эл ойногон.
Балпайып бай-байбиче ырыс күтүп,

Жайылып этек, жеңи куунап оңгон.
Бейпилде, берекеде жаткан элди
Бүтүмгө чыбык кырккан бий колдогон.
Бийлери берекелүү куруган соң,
Башына Ала-Тоонун ак боёлгон.

Калың журт мисалга алса бийдин бирин,
Биринчи кезекке алат Тагай бийин.
Заманын Тагай бийдин айтып, айтып,
Кетирет ошо менен көңүл кирин.
Өзгөчө узун сабак сөздү айтышат,
«Акылы болуптур – деп, жандан ирим»,
Тагайдын урпактары: Түлкү, Үчүкө,
Сүйлөнөт булардан соң Жаңыл кийин.

Күндөрүн Түлкү, Үчүкө кимдер болгон
Күндөргө салыштырып болжолдогон.
Ал күндөр теңештирбес тизгинсиз күн,
Кур жүргөн кулан менен бирге ойногон.
Эриккен эр тилеги ал күндөрдө
Өзүнө максат кылып жолго койгон.
Серпишмек, бак жеңишмек баатыр менен
Менменсип чыгып турган ондон, солдон.

Бир тууган Түлкү, Үчүкө ири жүрөк,
Сүрдөбөй сүрдүүлөргө сунган билек.
Максатты эрдик менен актап алуу
Мурунтан аларда да өткөн тилек.
Бирок да бардык тилек өз ордунан
Эч качан чыкмак эмес жүргөн тилеп.
Бирөөнүн зоболосу көтөрүлсө,
Бирөөнүн ташын кетмек четке шилеп.

Жаз күнү эл жайлоого көчүп жатты,
Эл менен Түлкү үйү да жүгүн артты.
Ал күнү атка минген Түлкү үйдө жок,
Жүк артты, келинчеги токуду атты.
Бирок да же унутту, же атайы
Алданып иштеген жок бир кызматты.
Озунуп кайненесин атказбастан,
Бешигин энди дагы жолго тартты.

Турмушта чоң маселе кары баркы,
Сыйламак жаш карысын элдин салты.
Өзгөчө ата, энесин көп сыйласа,
Жайылмак ошо менен бала даңкы.
Бирок да уул төрөсө мурункудан
Турмушка салмактанмак катын баркы.
Дурус ал жаш сыйласын, урматтасын,
Болбосун карынын да бузук алкы.

Калың көч чубалжыган тоого карап,
Сулуу көч кызыл-тазыл салган жарык.
Алды, арты өңү сулуу, жыбыр, жыбыр,
Бараткан жылкы чубап, кой чуркурап.
Кең талаа уккулуктуу күүгө толуп,
Ботосун боздой, боздой төө буркурап.
Жан тойгус сулуулукту кошоматтап,
Байланган көөкөр, конок шарак-шурак.

Болгондо Түлкү келди бешим убак,
Какшанды көч үстүнөн кемпир кер жаак:
«Колунан баланы ал да балам болсоң,
Жоготкун көч үстүнөн кетсин бейбак».
Жубайын ат, тоо менен жолго салды,
Алмакка энесинин сүтүн актап.
'Түйүнүн болгон чатак сураган жок,
Калды да капалыгын ичке сактап.

Ошондо жетим калган ушу Тынай,
Чонойгон эмчек эмбей, ыйлай-сыктай.
Жалындай жар ортосу муз турбайбы,
Иштесе зулум тагдыр так ушундай.
Алган жок Түлкү кабыл үйлөнүүнү,
Айтса да тентуштары нече курдай
Жаш жүрөк күйүп жанып, аза күттү,
Сыр айтпай, тартып убай эки жылдай...

Маселен, кандай жакшы жазгы учуру,
Түшкөндө жашыл гүлгө күндүн нуру.
Жоготуп жаздын чөбү, жашыл гүлүн,
Багынат күз келгенде учуп сүрү.

Байкасак, акыл жеткис таң, каларлык,
Экен го табийгатта миң кубулуу.
Баарына кожосунган адам уулу
Турбайбы ал да эрксиз турмуш кулу.

Отуруп Түлкү узакка аза күтүү,
Үзүксүз ойлор-ойлор күндөр өттү.
Жаңылып катын албай кайгы менен,
Өмүрдү оздурмакка ойлор кечти.
Түлкүнү акырында турмуш жеңип,
Саргарткан табышмакты Жаңыл чечти.
Какшаалда хандык курган кыз Жаңылды
Алууга катындыкка ойго кетти.

Алганда кыз Жанылды кудаламак,
Ою жок ат чаптырып, той жасамак.
Жаңылды алар болсо кудалабай,
Майданда багын басып, жеңип алмак.
Болбосо эки колун тең басынып,
Майдан да Жаңыл кызга бак алдырмак.
Басынса, бул майданда түбөлүк жок,
Огунан он саамайдын казаланмак.

Бир күнү Түлкү эрлерге акыл салды,
Үчүкө, Атагозу, Чабакты алды.
Сынчысы Шырдакбектин ачык көздүү
Кеңешке калтырылбай ал да барды.
Эл көрбөй эки жылдай жаткан Түлкү
Эрлерге саймедиреп айтты арманды.
Эрлерден сынчы жакка сөз көчкөн соң
Кеп урду түш көргөндөй, ачпай балды.

Жаңылды эч бир адам жеңе албас да,
Жаңыл кыз эч бир жандан жеңилбес да.
Такалып, жалгыз Жаңыл санашардык,
Элде бар мен билгенден бир жат бала.
Чоңойсо ошол бала, Жаңыл колдо,
Табылбас мындан башка эч бир айла.
Уузуна кысыр уйдун жан күтөрбү?
Баатырлар барабыз деп камданууда...

Баатырлар ашыгычтап ишин чамдап,
Мыктылап кийинишип, жарак камдап.
Байланып азык-кече жан жанына,
Жылкыдан ат жаратып, минип тандап,
Төрт баатыр жолго түшүп аяндады:
Үчүкө, Атагозу, Түлкү, Чабак.
Какшаалдан карга учурбай дирилдеткен,
Ким эле ошо кезде Жаңыл бейбак?

Жаңыл кыз эрдин эри, шердин шери,
Жаңылдан далай эрдин сынган бели.
Кир жууган, киндик кескен кичинеден
Какшаал-Тоо – кыз Жаңылдын тууган жери.
Какшаалда кайгысы жок, көчүп-конуп,
Эркиндеп мал өстүргөн ойгут эли.
Ойгуттун жаны – Жаңыл, каны – Жаңыл
Чытырап так ошондо толгон кези.

Жаңылда кандык курган так болбогон,
Андайга өзү дагы кол созбогон.
Жаралган жандан өзгө бир мүнөздүү
Беш күндүк өмүр жолун башка ойлогон.
Кийинип эр кийимин, чачын түйүп,
Жүргөн соң Мырза деген эл ат койгон.
Кесиби: бүркүт салып, ит агытып,
Жаа тартып, оюн ойноп, той тойлогон.

Жаңылды алабыз деп чаңдап келген,
Дамалуу далай баатыр кол сермеген.
Келгенден бири жетпей максатына,
Жебеден куш тилиндей жанын берген.
Азуулу ат, баштуу азамат арманы зор
Кайтууга туз буюрбай туулган элден.
Жаңыл кыз – желге сырдаш, эрк баласы,
Жаа тартып, ит агытып жүрө берген...

Чынында жан тилеги эркке чапмак,
Жан – эркин, кайда болсо эркин жатмак.
Бийик тоо, тунук аба жан жемиши,
Жаа тартмак, кийик көздөп, ит агытмак.

Көксөгөн жан тилеги орундалса,
Болгону эмес бекен кыбла төрт жак!
Жаа тарткан, жан жыргаткан Жаныл кайда?
Барган күн биздин төрт эр жаңы талап.

Ал күнү адетинче Жаңыл анда,
Ээрчитип Кертайганын алып жанга.
Көбүнчө жаш өмүрүн тоодо өстүргөн,
Турбаса эл ичинде анда-санда,
Болгондо бешим мезгил жылкы тийген,
Карабай баатырлар да келер таңга.
Жоо келди, жылкы алынды деген кабар,
Жаңылга келип тийген күн батканда.

Түн кирди. Жылдыз толду. Жаңыл жолдо.
Атуугa даярдаган жебе колдо.
Ээлигип минген азоо келе жатты,
Бурулбай, дир-дир кагып оңго-солго.
Бир укмуш баштачудай арс-арс үрүп,
Кертайган бирге чыккан сапар жолго.
Кол талый, тизгин бошоп калган кезде,
Жанган от жар алдынан көрдү ошондо.

Токтоду. Жаңыл түштү, атын байлап.
Карады жар башынан отту абайлап.
Жамбаштап өңчөй баатыр жаткан экен,
Ортодо таш кордосу бор-бор кайнап.
Олжолоп алып кайткан көп жылкыны
Ийрилтип туюк жарга салган камап.
Экенин Түлкү, Үчүкө тааныган сон,
Жаңыл кыз жар башында турду сынап.

Сындады эрдин баарын бирден санап,
Үчүкө, Атагозу, өттү Чабак,
Түлкүдөн сын тайгылып, кемтик таппай,
Толкундап түшкөн кезде чын махабат.
Кер тайган илгертеден канга жолдуу
Шимшилеп кирип барды от жакалап.
«Канчыктын Кертайганы...» деди Түлкү,
Мөндүрдөй тарткан жебе тийди шак-шак!

МАХАБАТ – тозок оту балбылдаган,
Ким кызып, илебине албырбаган,
МАХАБАТ – кырдан качкан кызыл түлкү,
Бүркүттү ташка согуп алдырбаган,
МАХАБАТ – турагы жок соккон шамал,
Мойнуна түргөн чалма салдырбаган.
МАХАБАТ – чырга тарткан күлүк закым,
Кол созгон талапкерге карматпаган.

Төрт баатыр коломтодо канга толуп,
Жатышты жан бере албай алек болуп.
Митедей мизилдетип соруп жатты,
Эзелден көрбөгөн жер канга тоюп,
Жаңыл кыз бир аздан соң түшүп келди,
Турду да жар башында ой ойлонуп.
Түлкүгө жанталашкан сөз сүйлөдү,
Сеңселтип саамай чачын жайып коюп.

– Түлкү шер,
... мен канчыкмын мойнума алам,
Сөзүң ак, айтканың жөн чын деп табам,
Бирок да канчык, дөбөт ким экенин
Энчилеп болбойт бекен мындай майдан.
Сен эмес жалгыз келип энчи үлөшкөн,
Энчисин бөлө кеткен далай адам.
Жалындуу махабатым сени тапты,
Сени ойлой, эки сүйбөй, чыксын бир жан!..

Түлкүнүн болот кездик чечип алып,
Жиберди атын отко, ташка барып.
Олтурду аккан канды, чыккан жанды
Көзүнө элестетип, кыялданып.
Үстүнөн тон, күрпөсүн сыйрып таштап,
Жер жүзү жарык болду, таң агарып.
Ким сүйүп жетише албай, ким өлгөнүн
Таң жели жомоктоду күүгө салып.

Күн чыгып, жер жүзүнө нурун чачты,
Тыйылды жомокчу жел, үнүн басты.

Жаңыл да түпсүз ойго башын бербей,
Аттанып элге карай жолун тартты.
Жатышты жар алдында төрт азамат,
Жоготуп жомокчулар жоктор батты.
Эрте-кеч эр тарыхын жел баяндап,
Муңдуулап угуучуга сүйлөй жатты.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Касым Тыныстанов алгачкы учурларда кандай мектептерден билим алган?*
2. *Акындын алгачкы ырлар жыйнагынын мазмундук жана поэтикалык-көркөмдүк өзгөчөлүгү эмнеден көрүнөт?*
3. *К.Тыныстановду коомдук ишмер, котормочу, журналист-редактор жана тилчи-окумуштуу катары мүнөздөп бергиле.*
4. *К.Тыныстанов алгачкы ырларынын бир тобун эмне үчүн казак тилинде жазган?*
5. *«Жаңыл Мырза» поэмасынан кыскача сүйлөп бергиле.*

5 – 17-595

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ СОГУШКА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛДЕ
## *(1930—1940)*



## ПОЭЗИЯ

1930-жылдары улуттук адабиятыбызда, тагыраагы, поэзияда 1920-жылдардагыга караганда алдыга карай чоң-чоң кадамдар жасалды. Эң оболу баса белгилөөчү факт: бул мезгил аралыгында жаш акындар сан жагынан көбөйдү. Адабият майданына бул он жылдыктын биринчи жарымында А.Осмонов, Т.Сыдыкбеков, А.Токтомушев, Т.Үмөталиев, Т.Шамшиев, экинчи жарымында К.Акиев, М.Алыбаев, Н.Байтемиров, К.Эсенкожоев жана башкалар келди. Ошол эле мезгилде поэзияда сапаттык өзгөрүүлөр да аздыр-көптүр болбой койгон жок. Айтсак, улуттук поэзиянын тематикасы кеңейди, формалык жактары бир кыйла жакшырды, акындарыбыз чыгармачылык изденүүгө, ырдык техникага, чеберчиликке маани бере баштады. 1920-жылдары акындык ышкыга берилгендерден А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев чыгармачыл аракеттерин күчөтүп, кесиптик тажрыйбасын арттырды, ыр жазуу жөндөмүн өрчүттү. Аларга удаалаш адабият жолуна түшкөндөрдөн Т.Сыдыкбеков, А.Токтомушев, Т.Үмөталиев, М.Алыбаев тезирээк калем төшөлтүп, чыгармачылык жактан бир кыйла өстү. Сөзгө алынып жаткан тарых тилкесинде ыр китептери, айрыкча жеке авторлордун жыйнактары баштагыдан алда канча көп жарык көрдү. Айтсак, 1931-жылы 3 эле ыр китеп жарык көрсө, 1935-жылы 8, 1938-жылы 15 ыр жыйнак басылып чыкты. 1931—1940-жылдары Ж.Бөкөнбаев 10, Т.Үмөталиев 9, А.Токомбаев 9, Т.Шамшиев 7, Т.Сыдыкбеков 5, А.Осмонов, М.Токобаев, А.Токтомушев, Ж.Турусбековдор 3—4 төн ыр китеп чыгарууга үлгүрүштү. 1930-жылдары кыргыз

лирикасы көбүнчө саясат менен байланыштуу өнүп-өрчүп, нукура поэзиялык касиеттерден өксүгөн, өзүнүн түздөн-түз коомдук миссиясын аткарбай, журналистика орундай турган милдеттерди орундаган. Бирок жаралган ырлардын ичинде чыныгы акындык шык менен таасирдүү жазылгандары бар. Ошондой эле сүйүү, пейзаж, философия лирикасында да жандуу ой-сезимдерди камтыган, төшөлгөн калемден чыккан, азыркыга дейре жакшы кабыл алынган айрым ырлар орун алган.

## ПРОЗА

Адам баласынын тарыхында болуп көрбөгөндөй темпте өсүп жаткан көп кырдуу турмушубуз кыргыз адабиятынын калыптанышынын негизи болду.

Кыргыз прозасы К. Баялиновдун «Ажар», С. Карачевдин «Эрксиз күндөр» повесттеринен башталса да, жазуучулардын биринчи курултайына чейин коомдун эстетикалык идеалына жараша мыкты же начар көрүнүштөрдү ача сүрөттөгөн бараандуу аңгеме, повесттер жокко эсе болгон. Ошол кезде М. Элебаевдин «Узак жол» повести бөтөнчө бөлүнүп чыга келди да, адабиятыбыздагы автобиографиялык чыгармалардын тунгучу болду. Чыгармасында автор кыргыз айылындагы наадандыкты, таптык тартыштарды жетим-жесир, алсыз үй-бүлөнүн байлардан көргөн кордугун сүрөттөйт.

А.Токомбаев «Жараланган жүрөк» повестинде турмуш көрүнүшүн үй-бүлөнүн айланасында эмес, өткөн күндөрдөгү эл турмушунун социалдык шартына ылайык жалпылап, романтикалык көтөрүңкү стилди көрсөтүүгө умтулган.

Повесттин башкы каармандарынын мүнөзү, ички психологиялык өзгөрүштөрү турмуштук кырдаалдарга байланыштуу ачылып отурат.

Ошентип, кыргыз прозасы турмуш көрүнүшүн тездик менен чагылдыра алган чакан аңгеме жана аны кеңири сүрөттөөчү повесть, романдар менен толуктала баштады, Ошондой болсо да чыгармалардын көпчүлүгүндө образдардын, типтердин өсүш эволюциясын, алардын ар биринин жеке өзгөчөлүгүн ача көрсөтүү али жетишерлик даражада

боло алган эмес. Эми гана көз жарып жашай баштаган проза жанрында жаңы табылгалар менен бирге, ошондой мүчүлүштөрдүн болушу закон ченемдүү эле. Адабиятыбыздын түптөнүп бараткан жанры катары ал улам бийиктикке көтөрүлүү чабуулуна өткөн.

## ДРАМАТУРГИЯ

Проза менен бирге адабиятыбыздагы тектердин бир түрү болгон драматургия да өсүүгө бет ала баштайт. Жыйырманчы жылдары театр студиясынын репертуарында «Кайгылуу Каныкей», «Карачач» пьесалары гана болсо, отузунчу жылдары кыйла арбыды.

Пьесалардын арасынан темасынын актуалдуулугу, турмуш көрүнүштөрүнүн идеялык-көркөмдүк жогорку деңгээлде сүрөттөлүшү жагынан көрүнүктүү орунду «Алтын кыз», «Ажал ордуна» пьесалары ээлейт.

Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, К.Маликовдор «Манас» трилогиясы менен таанышып, анын ар бир эпизодун драмалык чыгармага айландыруу максатын көздөшөт. 1938-жылдан 1939-жылга чейин «Айчүрөк» операсынын либреттосу жазылып бүтөт да, композиторлор Малдыбаев, Власов, Ферелер музыкасын жазышат.

Авторлор кыргыздын легендарлык баатыры Манастын уулу Семетейдин өз жерин басып алуучулардан коргоо үчүн жүргүзгөн каармандык күрөшүн либреттонун материалына айландырышкан. Либретто кыргыз элинин турмуш салтынын, үрп-адатынын фонунда түзүлгөн.

Либреттонун авторлорунун ийгилиги – «Семетей» эпосунун сюжеттик линиясын өзгөртпөй колдонуп, Айчүрөк менен Семетейдин сүйкүмдүү образын көрүүчүлөрдүн көз алдына жандуу каармандар катары сүрөттөй алгандыгында.

«Айчүрөк» операсы «Алтын кыз», «Ажал ордуна» пьесалары менен бирге кыргыз искусствосунун 1939-жылы Москвада өткөрүлгөн декадасында көрсөтүлүп, москвалык көрүүчүлөр тарабынан жогору бааланды.



# МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ
*(1906—1944)*

Мукай Элебаев 1906-жылы Ысык-Көл областынын Түп районундагы Чоң-Таш айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Мукай бала кезинен жетимчиликти, жокчулукту башынан өткөрөт. Ал 11 жашка келгенде энесинен, андан көп узабай эле атасынан ажырап, жаш бөбөктөрү менен атасынын агасы Элебестин колунда калышат.

Бул жерде алар жыргап жашай алышпайт. Анткени Элебестин өзүнүн турмушу да начар эле. Инисинен калган жетим балдарды тамак-аш, кийим-кече менен камсыз кылууга каражаты жетишпегендиктен, балдардын улуусу Мукай кыргыз, уйгур байларында жалданып иштөөгө аргасыз болгон. 1916-жылы Мукай да эл менен бирге кытай жерине качып барып, анда да далай кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. 1918-жылдын күз айларында Мукай өзүнүн бир тууганы Беккул менен туулуп өскөн Ысык-Көлүнө кайтып келди. 1921-жылы Жылуу-Булак деген жердеги жаңы тартип окуусуна кирет. Анда ал аз убакыт окуйт. Анткени ал мектеп жабылып калат. 1922-жылы Мукай Каракол (Пржевальск) шаарындагы мектеп-интернатка келип кирет да, анда 1924-жылга чейин окуйт. 1924-жылы Түп районундагы Монастыр деген жердеги айыл чарба окуу жайына которулат.

1926-жылы Бишкектеги педагогикалык техникумга келип кирет. Жазуучунун балалык кездеги баштан өткөргөндөрү кийин Мукай Элебаевге адабий чыгармачылыгы үчүн бай материал болуп берген. Мукай Элебаев төрөлгөнүнөн, жаралганынан көркөм сөзгө шыктуу, талант-

туу, образдык ойлоого жөндөмдүү инсан болгон экен. 1924-жылы «Эркин-Тоо» газетасына анын «Зарыгам» аттуу биринчи ыры басылып чыкканга чейин эл арасында ырдап, төкмөчүлүк кылып жүргөн. Жазуучу өзүнүн жогорудагы өмүр баянында минтип жазат: «Мындан мурда, мен кат биле элек кезде, эл жыйналган жерлерде, эл арасында жамактатып оозеки ырдай турганмын. Ушундан ырларым бирден тарап, эл жаттап алып жүрүүчү». Мукай бала кезинде ыр кураштырганга гана эмес, кара сөз менен кызыл тилин сабап угумдуу, жугумдуу кылып оозеки аңгеме айтып бергенге да кыйла уста болгон экен. Муну «Узак жол» чыгармасынын өзү күбөлөйт.

Мукай Элебаев акын, жазуучу болуш үчүн илим-билимдин зарыл экендигин эртелеп эле сезген сыяктуу. Бишкектеги педагогикалык техникумга келип киргенден кийин Мукай билим алууга аябагандай белсенип, катуу киришкен. Мукайдын илим-билимге умтулуудагы активдүүлүгү, тырышчаактыгы жөнүндө анын калемдеш курбулары төмөндөгүдөй деп эскеришет. Мукайдын 1926-жылдары педтехникумда окуп жүргөн кезин эске түшүрүп Кубанычбек Маликов мындайча жазат: «Оңой менен ачылып сүйлөбөйт. Дайыма колтугунда китеп, китептин ичинде эски калың дептери, бир колунда томолоктой кармаган газета. Көбүнчө жалгыздап жүрөт. Ашканага келсе да кунтун коюп, бир жагына кыйшайып бир нерсе окуп, көзүн сүзүп отурат. Педтехникумда ар күнү кечинде келип, бүткүл студенттер сабактарын бышыкташат. Мукайдын бир партага жалгыздап жаагын таянып алып, күбүрөп, окуп олтурганы көбүнчө Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун, Гоголдун чоң-чоң томдору болор эле. Биз акындын жанынан ары-бери өтүмүш болуп, аны да байкап алчубуз. (К.Маликов «Замандаштарым жана калемдештерим» 1964) Мукай өз тушуна карай ойчул, изилдегич, өз чамасына жараша кылдат, сезгич акын болучу. Анын дүйнөлүк классиктер менен тааныштыгы бар эле. Тили тектеш элдерден казак адабиятын кеңири билүүчү. Жеке эле көркөм чыгармаларды окубастан, чоң жазуучулардын кимиси кандай иштегенин, алардын өмүр баяндарын билүү жагына көп кызыкканы байкалчу. Мукай жазган учурда сөз тунугун ылгоо жагынан

ал мага аздыр-көптүр таасирин тийгизди». (Т.Сыдыкбеков. Мезгил сабактары, 1982). Аксакал калемгердин бул жазгандарынын ырастыгын Мукайдын өзүнүн күндөлүктөрү да күбөлөйт. Мукай казак адабиятын мыкты билген. М.Элебаевдин 1939-жылы июнда Алма-Ата казак жазуучуларынын II съездинде сүйлөгөн сөзүнө кулак төшөп көрөлү: «Жалпы сөз менен бир айтканда, ушул съезд башталгандан бери докладдарда болсун, жеке сөздөрдө болсун казак адабияты тууралуу биз билип, көрүп жүргөн нерселерден өзгө жаңылык эшитпегениме мен өзүм таң калдым. Экинчи жагынан алыста жатсак да, казак адабиятынын арасында жүргөн адамдардан кем билбегениме кубангандай болдум».

Мына ушинтип, кажыбас кайрат, көшөргөн кара мээнет менен Мукай өзүнүн билимин өстүрүп, эстетикалык аң-сезимин жаңылоого жетишкен. Европалык элдерде «өзүн-өзү жасап алган адам» деген кеп бар. Мукай жөнүндө да ушинтип айтсак, эч жаңылбасак керек. Бир кезде алыскы көл башында жүргөн жетим Мукай минтип арман кылбады беле:

Таңды-кеч ойлоп тарыгам,
Талыкшып жаным талыгам.
Амалым жок кол кыска,
Ойлонуп жатып зарыгам.
Көңүлдү койдум абыдан,
Күзөткөн максат жагынан.
Ойлоп келсем окууну
Козголот жүрөк кабынан.

(*«Зарыгам»*)

Жаштайынан жетим калып, каардуу, дүрбөлөңдүү замандын не бир жан чыдагыс азаптарын баштан кечирип, турмуштун тепсиндисинде калып, кор болуп «ай-сени!» деп кекенген Мукай 1917-жылдан кийин окууга мүмкүнчүлүк ачылган кезде билим дүйнөсүнө дене-боюн таштап, баш-оту менен кирип кеткен. Мукай Элебаев 1930-жылдарда өз замандаш калемдештерине караганда кыйла эле алдыга озуп, капысынан бийикке көтөрүлүп, адабий майданда айырмаланып чыккан.

Жазуучунун күндөлүктөрүн, каттарын, сын-макалаларын, чыгармаларын, ал жөнүндөгү тарыхый-документтик материалдарды үйрөнүү Мукайда идеологго караганда сүрөтчүлүк күчтүү болгондугун күбөлөйт. Ал идеялык-саясий жактан канчалык сабаттуу болсо да, баары бир жазуучуда учурунда идеологиялык аң-сезимге караганда эстетикалык аң-сезим арбын өнүккөн.

Ал ошол 30-жылдарда эле көркөм чыгармачылыктын өзүнүн спецификалык проблемалары, искусствонун закондору, образ, форма, стиль, көркөм табит, поэтикалык коздук тууралуу көбүрөөк ойлонуп, адабий чыгарманын эстетикалык деңгээли жөнүндө ой жүгүрткөнгө адат кылган.

Мукай өзүнүн кечээки адабий түшүнүк, көз караштарынын деңгээлине үңүлө көз жиберип, ошол бир кездеги жармач деңгээлинде калып калбаганына ичинен шүгүрчүлүк айтат. Ал өзүнүн жекече тажрыйбасынан чыгып келип, башкалардын да тажрыйбасын талдай отуруп төмөндөгүдөй деп жазган: «Эгер бир жазуучу 5—10 жыл мурун жаман жазылган чыгармасын күнү бүгүн да жактап, дагы эле ошонусун дурус десе, анда ал жазуучунун өспөгөндүгү. Ал, ошол мындан он жыл мурунку бойдон катып калгандыгы. Кыскасы, мындай жазуучунун шору кайнады дей бер». Билими жогорулап, көркөм ой жүгүртүүсү терендеп, чыгармачылык ой жүгүртүүсү терендеп, чыгармачылык өз алдынчалыгы, индивидуалдуу дүйнө кабылдоосу өскөн сайын өз тушундагы адабияттагы жетишкендиктерин да, кемчиликтерди да көрүп жүрүп отурган. Айрым калемгерлердин түшүнбөй адабиятка жасаган женил-желпи мамилесине, ат үстүнөн шартылдатып ыр чыгара коюучулукка, кыйкырып айткан ураан, чакырыктарды бийик идея деп, уйкашкандын, тизмектелгендердин баарын поэзия, проза деп эсептемейге, өздөрүнүн кайсы тепкичке тургандыгын аңдабай, чоң акынмын, чоң жазуучумун деп компойгондорго кайгырып, убайымга баткан. Мына ушундай жагдайдан улам ал макалаларында төмөнкүдөй деп эң туура жазса керек. «Адабиятты жете түшүнө элек, ички сырын, даамын биле элек кезде ар ким өз жазганын жакшы деп ойлой берет. Анткени, жазуучу канчалык наадан болсо, ал ошончолук эр көкүрөк болот». Өз калемдештеринин кемчиликтерин Мукай сын-макала-

ларында минтип сынга алат: «Биздин адабият майданыбызда көп замандан бери «сапат эле сапат» деп канчалык жар салып кыйкырып келгенибиз менен, бул ураан соңку кездерге чейин көрүнөрлүк ишке ашпай келе жатканы байкалат. Адабият дүйнөсүндөгү кемчиликтер өз замандаштарынан озо чыккан Мукайды көп толгонткон. Ошентип отуруп М. Элебаев акырында адабий сынчы болуп кеткен. 1930—1940-жылдары адабий сынды баарынан көп жазган ушул Мукай болгон. Мукай Элебаевди 1930-жылдардагы кыргыз адабиятынын башында турган сынчы агартуучу, жазуучулардын тарбиячысы десек эч жаңылышпайбыз. 30-жана 40-жылдардын башында «Жаман сынчы, жалаа жабылган жазуучу», «Жаш жазуучулар тууралуу», «Адабият оюнчук эмес», «Чын сөз керек», «Адабияттын башкы тилеги — чындык», «Токтогул», «Жаштар жөнүндө бир аз кеңеш», «Сына, бирок чын сүйлө» деген сыяктуу, бүгүнкү күндө да өзүнүн маанисин жоготпогон сын-макалаларды, рецензияларды, адабий жыйындарда сүйлөгөн сөздөрдү жазган. Мукай сындай билген, ошол сындаганынчалык жаза да, жарата да алган чыгаандардын бири болгон. Эң негизги нерсе Мукай адабиятты адабият катары түшүнгөн. Адабият жаратуу деген сөз — биринчи, образ жаратуу деп туюнган. Тарыхый-адабий практиканы талдай келип, өзүнүн жана башкалардын тажрыйбасынан чыгып Мукай «адабият деген арзан иш эмес экендигине, оңой менен колго түшпөй тургандыгына» ынанган. Көркөм образды колго түшүрө албай убаланып, жазгандарын кайра-кайра сызып, биринчилерден болуп «чыгармачылык азап» деген нерсенин даамын таткан ушу Мукай болуптур. Түгөлбай Сыдыкбеков М.Элебаевди эскерип минтип жазат: «Чыгармачылыкка кызганчаактык-сарандыгы, кээде өтө эле тирмийгендей болуп, «кысталып» иштегени мага анча көп жага берчү эмес. Чамасы мен ал кезде акындын «чыгармачылык азапка» батканын анча сезбедимби». Мына ушундай азап-тозокко батып кагаз бетин каралоодон, жазганын кайра тынымсыз сызгылоодон, чиймелегендерин өчүрүүдөн жадап, кыйноо чеккен жазуучу күндөлүгүнүн дагы бир жерине заарканып минтип жазган: «Ойчул кишиге рахат жок. Эгер жаратылышта ошондой мүмкүн болсо, өмүрүмдү дүнүйөндүн баа-

ры менен кошо белинен ылайга батып кирпич куйган кара жумушчунун өмүрүнө алмашаар элем. Бир кездерде мен өзүмдүн ошондой куур тондон бөлөк түгүм жок, карга шыйрак болуп тезек терип, кирпич куйганымды санасам — бүгүнкү «жетишкен» кезимден жүз эсе жыргал экен. Жаратылыш, ушул азаптуу кесипти мага кайдан бердиң экен!».

М.Элебаев 30-жылдарда өзү акын-жазуучулардан талап кылган адабий бийиктикке чынында эле көтөрүлүп үлгүргөн, өзгөлөргө койгон талабына татырлык чыгармаларды жаратып берген. Өзүнүн чыгармаларынын мисалында, өзү айткандай адабиятта жазуучу, сүрөтчү деген, көркөм адабият деген кандай болорун эл-журтуна далилдей алган. Ошол Мукайдын анык сүрөткер экендигин ырастаган чыгармалар, баарынан мурда кыргыздын биринчи профессионалдык көркөм романы «Узак жол», кыргыздын сөздүн толук маанисиндеги биринчи профессионал көркөм аңгемеси — «Бороондуу күнү». Мукай Элебаев адабиятта эки чоң тизгинди бирдей алып жүргөндүгү белгилүү. Бир тизгини— акындык өнөрү. Кезегинде М.Элебаев поэзия жаатында да көзгө көрүнөрлүк ийгиликтерге жетишкен. Ал учурунда «Ырлар жыйнагы» (1931), «Майдан», «Ырлардын толук жыйнагы» (1938), «Салам кат» (1941) аттуу поэтикалык жыйнактарын жарыкка чыгарган. Тоолук жаш адамдын илим, билим деп ак эткенден так эткен армандуу көксөөсүн чагылдырган алиги «Зарыгам» аттуу ыры ошо кезде окурмандарга тез эле жагып, калктын калың катмарына сиңип кеткен. Улуу муундагы акын-жазуучулар бул жөнүндө мындай дешет: «Окуу издеп тоо-тоолордон шаарды көздөй агылып түшүп жаткан кедейлердин балдары үчүн «Зарыгам» деген ыр ырдалчу, аны укканда кишилер ырдаган баланы алкашчу: — О, үнүндөн айланайын. Зарыккан тилегиңе жет, садага!» (Т.Сыдыкбеков)

Акындын айрым ырлары бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготкон жок. Бүгүнкү базар экономикасынын шартында, элибиз эгемендүүлүккө жетишип, кайрадан илим-билимдин жаңы бийиктигине умтулуп жаткан кезде Мукайдын «Биздин жаштар», «Чамда», «Ким сулуу» деген өңдүү ырлары азыркы учурдагы милдеттер, мүдөө-муктаждыктар менен үндөшүп, маани-мазмуну актуалдашып, кайра тири-

лип, жаңы өмүргө ээ болуп, мезгил менен үзөңгүлөп жашоодо. 30-жылдардын поэзиясынын фонунда М.Элебаевдин кыйла ырлары өзүнүн көркөмдүк деңгээли жана эстетикалык сапаты жагынан кадимкидей өзгөчөлөнүп турат.

«Узак жол» чыгармасы кыргыз адабиятынын мактанычы, улуттук прозанын алтыны деп тартынбай түз айтабыз. Көркөм келбети, эстетикалык жасалгасы, боёкторунун, образдык оюу-чийүүлөрүнүн кооздугу жагынан 30-жылдарды, мындай кой, азыркы күндүн адабиятынан да «Узак жол» өңдүү чыгармалар сейрек кездешет. Мукай «Узак жолунда» сөз менен келиштирип сүрөт тарта билген чебер сүрөтчү экенин көрсөтө алган. Бу жарыкчылыкта кыргыз эли жашап турганда 1916-жылдагы кандуу трагедия эч качан унутулбайт. Ал эми улуттун башына түшкөн бул кандуу алаамат менен байланышкан «Узак жол» эч убакта маанисин жоготкон эмес. 1916-жыл менен байланыштуу болгону үчүн гана эмес, ошол тарыхка байланыштуу болгон каргашалуу күндөрду көркөм өнөрдүн тили менен көркүнө чыгара сүйлөп тургандыгы үчүн. «Узак жолдун» жазылышы менен 30-жылдарда кыргыз адабиятына олуттуу жаңылыктар кирген. Мукай бул алгачкы романы менен улуттук прозаны капыстан профессионалдык деңгээлге көтөрүп таштаган. «Узак жол» кыргыз адабиятына баяндоонун реалисттик каадасын, адабий мүнөздүн чындыгын алып келген. «Узак жолдо» көркөм деталдын эстетикалык мүмкүнчүлүгү жакшы ачылган. «Узак жол» Мукайдын чыгармачылык эрдиги. Сөз өнөрүнүн балалык мезгилинде чоң адабияттын бийиктигин көздөй жасалган секирик. Калемгер адам кыргыз адабиятында «Узак жол» аркылуу алгач жолу сүрөтчү катары көрүнгөн. Адабий тарыхтын тажрыйбасы айтып турат, көркөм чыгарманын окурмандар аудиториясы менен болгон алака-катышы кээде абдан татаал, оомаалуу-төкмөлүү, драмалуу келет, жазуучу жаза койду, окурман окуй койду дегендей эмес. Чыгарманын бактылуу же бактысыз тагдыры көп учурда коомдун тарыхый өнүгүү деңгээлине, мезгилдин эстетикалык керектөөсүнүн мүнөзүнө, окурмандар журтунун көркөм табитинин, аң-сезим, рухий жактан өнүгүшүнүн даражасына багынычтуу болот. 1935-жылы кыргыз адабият басма ишинин башкы башкармасынын саясий

редактору романдын даяр кол жазмасына төмөндөгүдөй корутунду жасайт:

«Бул романда башкы каармандын умтулуусу, байларга аз да болсо саясый каяшасы болуу керек эле. Бул өтө кызык, окуган кишини кызыктыруу жок. Кооздугу жок. Кыргыздын тилин аз билет. Мына ушуларды белгилөө менен бирге бул романды Кыргызстандын жазуучулар уюмунда да бир сындап чыгууңуздарды сурап сиздерге жибердим».

Мына ушинтип, 30-жылдарда бул чыгарма терс кабыл алынып, түшүнбөстүккө дуушар болгон.

«Узак жол» — бир жаш өспүрүм баланын өз башынан өткөндөрүн терип-тепчий, майдалап айтып берген жупуну сыяктуу эле аңгеме дүкөнү. Бирок ошол аңгеме дүкөн, ошол тарых буга чейин көнүмүш болбогон башкача почерк, бөлөкчө образдык каражат-ыкмалар, европалык типтеги адабияттын жол-жоболорун карманып ишке ашырылган. «Узак жол» өзү, мындай алганда, улуттук тарыхтагы улуу трагедияга айланып турат. Бирок Мукай бул алааматтуу тарыхтын жүрөктү титиреткен драмасын кандуу кагылыш кармаштар, келишпестиктер, ири окуялар аркылуу эмес, майда-майда турмуштук кертимдер, кичинекей көркөм микроэлементтер, жеке пенде тагдырлары аркылуу тартып баштаган. Бул чыгарма окуя кубалап окушту көтөрбөйт. «Узак жол» өзүнө карата салмактуу, чыдамдуу мамилени, үңүлүп ойлонууну, окуунун жай темпин, керек болсо башынан түшүп кайра окууну талап кылат. «Узак жолдон» рахат алыш үчүн текстке «кооздуктун закондорунун» көзү менен карай билүү, чыгарманын эстетикалык сапатына, «техникасына» баа берип окуй билүү жөндөмдүүлүгү керек.

«Узак жолдун» көзгө дароо урунган артыкчылыктарынын бири – жогоруда айтылгандай автордун сөз менен сүрөт тарта билгендиги. Көрүнүштү, кырдаалды же бир учурду сүрөттөйбү, же кишинин кебетесин, жорук-жобосун мүнөздөйбү, аба-ырайын, жаратылышты жазабы, Мукайдын баянын окуганда кадимки кыл калем ээси сүрөтчүнүн сүрөтүн же кинотасмасын көрүп жаткандай болосуң. Кадимкидей тирүү сүрөт көз алдыңа келе түшөт. Төмөнку үзүндүлөргө көңүл буралы: «Бир аздан кийин ай көтөрүлдү. Терезеден тийген айдын шооласы үйдүн ичин жаркыратып

жиберди. Тыш тыптынч, үйдүн жанында, жайдак короодогу уйлар эбак жуушап калган, бери четте, арткы буттарын иретсиз керип жиберип, эринип, дардайган бир күрөң уй жатат. Ушул кезде дүйнөдө шырт эткен шыбыш өчүп, Василийдин деңиздеги аралдай жалгыз үйү, толкунсуз көлдө токтогон кемедей каалгып, мемиреп турду».

«Жаттык. Төрдө жаткан бирөө бат эле корулдап уйкуга кетти. Тышта кутурган бороон карды челип, ыргытып турат. Жел бардык күчүн жыйнап келип урганда, жаман үзүк делпилдеп, үйдүн жыгачтары кычырагандай болот, ирегеде чийдин жыртыгынан эрегишкендей борошо кирип, айдап алган карды коломтого чейин буркуратып таштап турат».

«Мына бу топту аралап, эки ийиндеги пагондорун жаркылдатып, шапкасын чыкыйта кийип, чочконун кылындай тикийген катуу, сүрдүү мурутун чыйратып, элди чүйлүсү менен карап, көк шиберди уйпалап, тынбай ары-бери басып турган ачуулу, тыгырчык, семиз неме – пристав».

«Барсам Бейшемби төшөктө жаткан экен. Жанында көп какырып ботала болгон бир чылапчын жатат. Жамачылуу, кызыл чепкенин айкарасынан жаап салыптыр. Аттын чыласында жатып, сарала болгон бир тутам, ным шакелди түтөтүп коюп, күлгө бир быр эттире чимкирип, мурдун тартып, бышактап ыйлап очоктун жанында жеңем отурат. Бирдемеге түшүнбөй жаткандай, карап коюп, муңайым тартып Жумабек отурат. Отто баятан бери бықшып жаткан шакелдин бир убакта дүр этип жанып кеткен жарыгы менен тактанын алдынан таруудай көзүн жалдыратып, жөргөлөп бараткан бир чычкан көрүнө түштү».

Бул сөздөн бүткөн сүрөттөөлөргө атайы түшүндүрмө, чечмелөө жазып отуруштун кажаты жоктур. Көз алдында жандуу сүрөт, тирүү элес, таамай тартылган кебете, «кармалап көрсө» боло тургандай образдар. Жазуучунун калеми кудум фотообъектив сыяктуу көрүнүштү өз калыбында чап кармаган. Бул сүрөттөрдүн мааниси көрүнүш жагдайы элестүү, даана берип жаткандыгы менен эле чектелбейт. Алардын тулкусунда идеялык-образдык маани маңыз чөгүп жатат. Василий байдын айлуу түндө толкунсуз токтогон кемедей мемиреген үйүнүн ары ичинде, оозгу бөлмөдө мышык, тоок, казга аралашып жалаң таардын үстүндө бүрүшүп

жаткан жетим баланы биз окурмандар көрүп турабыз. Короодо буттарын иретсиз керип жиберип, эринип, дардайып жаткан күрөң уй байманасы ташып, байлыкка ысуулаган Василий менен кандайдыр ассоциация түзүп турат.

Чыгармада көпөс Василийге жазуучу атайы кара боёкту сүртүп жамандабайт. Бирок сүрөттөөлөр аркылуу жетим баланын абалын акырын баяндап жатып эле Василийдин ким экендигин билдирип коёт. Василийдин оокатын кылып, уюн кайтарып жүргөн жетим малайдын кейпи мына бул: «Эзелтен жуулуп көрбөгөн адырайган, шымым кири муздай колдоюп, такымымды кызартып өйкөп жүрөт. Боз көйнөгүмдүн этек-жеңи бөлүнүп, туш-тушка самсаалап кеткенинен, кай бир мүмкүн болгон айрыктарын түйүштүрүп алгамын». Колунда баары бар туруп үйүндө жүргөн, ушундай жан ачырлык абалда кыйналып турган бечара жетимге Василий кийим-кече жагынан түк каралашып койбойт, боор оорубайт, аябайт.

Кайра балапанды жоруга алдырасың деп жетимди аялы кулагына катуу урса да унчукпай карап турат. Мына ушундан эле Василийдин ташбоордогу, адамгерчилигинин жоктугу, катуулугу көрүнүп турат. 20—30-жылдардагы чыгармалардын көпчүлүгүндө терс кармандар адат катары дароо эле тескери сүрөттөөлөр менен көрсөтүлүп, кара боёк менен шыбалып калчу эле. «Узак жолдо» жазуучунун сүрөттөө ыкмасы бөлөкчө. М. Элебаев каармандарга өз атынан түздөн-түз мүнөздөмө берүүдөн мүмкүн болушунча качат. Автор кейипкерлердин айлана-чөйрөлөргө, кишилерге болгон мамилесин, жорук-жобосун, адаттарин, жүрүм-турумун объективдүү сүрөттөө аркылуу алардын мүнөзүн ачууну артык көрөт. Мына ушундай ыкма менен жазуучу романда Чоңкол, Бала Курман, Ыбыке сыяктуу терс каармандардын образын элестүү ачууга жетишкен. Мисалы, төмөнкү эпизодду окуп көргүлө:

Эне-атасынын эбак өлгөну менен иши жок. Бекдайыр байкуш, берегинден көз жашын көлдөтүп, кардына бирдеме сурап олтурат. Эң кичүүбүз ушул. Мындан башкабыз аз да болсо, бирдемеге түшүнүп олтурган сыяктуубуз.

Жанымжан жеңебиздин (*Бейшембинин зайыбы*) кыялы башынан ошондой эле.

— Ыйлаба, көзүң аккыр! Утур эле сага берип отургандай мында толуп туруптурбу? — деп оттун табына кызып турган кыскач менен Бекдайырды шыйрактан ары салып калды. Ал чоочуган бойдон, бутун тартып алып, ачуу дабыш менен бакырып жиберди.

— Алда караңкүн ай, Каныша (жетимдин апасы — С.Б.) өзү өлбөй эле, мени тирүүлөй бир бейпайга салып кеткен турбайбы кокуй! — деп кейип Жанымжанга карады Бурмаке.

— Ыгы жок киришпей отургулачы ары!

Булардын ата-энесин мен карызыма бердим беле? — деп, Жанымжан суук жүзү менен кайра атырылды.

Ансыз ичи бышып, тура албаган, ушундай эле чыр-чатакты күтүп тургандай эзелтен кайгы менен үйүр Элебес бир жагынан илип алып:

— Караңгүн ай, катыгүн ай... — деп ого бетер ырбатып жүрүп кетти.

* * *

Бир аз талдап көрөлү. Бул эпизоддогу сүйлөнгөн сөздөр абдан күчтүү чыккан. Кыска жана сыйымдуу. Психологиялык чоң жүктү аркалап турат. Жанымжандын сөздөрүнүн алдын сызып, жакшылап карайлы. Жанымжан Мукайдын атасы Элебайдын агасы — Элебестин келини. Элебайдын Мукай баш болгон ач-жылаңач алты жетими Элебестин үйүндө ушул Жанымжандын колун карап турушат. Жанымжандын да өзүнүн үч жаш баласы бар.

Кендирди кескен жокчулукта «апалап» ыйлаган өз балдарынын жана жарданып тегеректеп турган кызыл чиедей жетимдердин ортосунда керээли кечке түйшүккө белинен батып жаны тынбаган Жанымжандын нерви чегине жете чыңалган. Эмнеси болсо да, ал жетимдер үчүн бөлөк киши, каны башка, чоочун бирөөнүн кулуну.

Кайнатасынан, кайненесинен, күйөөсүнөн уялганынан гана Элебайдын ырысы жокторуна айла жок чыдап жүргөн жан. Алты жетимди чубуртуп үстүлөрүнө киргизип алгандары үчүн Элебес менен Бурмакени да ичинен жактыра бербейт. Ыңгайы келгенде Жанымжан чарт жарылды.

«Ыйлаба, көзүң аккыр!» — деп ысык кычкачты ала койгону жана Бурмакеге берген жообу Жанымжандын ичине мелт-калт толуп тышка чыга албай турган ички бугун, ичиндеги ниетин ташка тамга баскандай жеткирип таштады.

Каармандардын речинин психологиялуулугу «Узак жолдун» көркөмдүк артыкчылыктарынын бири. Бул жагынан айрыкча Бурмаке байбиченин речи бөтөнчөлөнүп турат. Байбиченин сөзү анын ички рухий-психологиялык болмушунун күзгүсү өңдүү. Айласыздан жаш Мукайды оруска малайлыкка жөнөтүп жатышканда Бурмаке басып келип мындай дейт:

«Эми жакшы жүр, ушинтип оокат кылбасак анан өзүң үйдү көрүп турбайсыңбы». Бир боор атасынан жаңы эле айрылганы аз келгенсип, эми чоочун оруска малайлыкка амалсыз жөнөп жаткан жаш баланын ички абалына түшүнүп, бул үчүн айыптуудай сезип, жетимге атайы көңүл буруп сүйлөгөнү Бурмакенин сергектигин айгинелейт.

Бурмакенин сөзү дайыма табыгый. Китептин бетинен адабий каарман эмес, кыргыздын турмуштагы кадимки тирүү кемпири сүйлөп жаткандай сезилет. Бурмаке жөнөкөй, карапайым кемпир. Бирок аябай кенен, адамгерчиликтүү, боорукер, ичинде кылдай кири жок байбиче. Жашоонун ойчуңкурун, азап-тозогун көрүп, турмушка түшүнүп, керек болсо ага баш ийип, адамдарга аярлап мамиле жасаган, алды-артын ойлоп акыл менен жүрүп турган, жан дүйнөсү сергек кемпир.

Бир чети сентименталдуу, экинчи жагынан кайраттуу. Учуру келгенде кыйындыкка тикесинен тик тура калат. Капыстан жалгыз уюнан, атынан айрылган күйөөсү менен уулуна: «Эми кайгырды эмне, кайгырбады эмне, карыптардын кайгысына карай турган заманбы, башыңарды көтөргүлө» — деп кайрат берет. Бурмаке жөжөлөрүн канатынын алдына жашырган тооктой топ жетимдин үстүнө үйрүлүп түшүп, колунан келгендин баарын иштейт, мээримин төгөт, акыркы күч-кубаты түгөнүп бүткөнчө үй-бүлөсүнө, Элебайдын чүрпөлөрүнө энелик ак кызматын кылат. Акыры байкуш кемпир жакшылык көрбөй, тууган жерден топурак буюрбай, Кытайда каза таап, бөтөн жерде мүрзөсү

калат. Мына ушинтип, кыргыздын бир элеттик күнөөсүз, айыпсыз кара кемпири 1916-жылкы өрттүү алааматтын курманы болуп, тагдыры трагедиялуу болот. «Узак жолдон» бир эпизод:

«Замбирек күрсүлдөп жана бир эки жолу атылды. Эл чуркурай түштү!

Эл кара талашып алактап кетип баратып, бир кезде Музарттын күркүрөгүнөн, тайгак суусуна көч-мөчу менен, бешиктүү катын бешиги менен камалыша чуркурап барып, чогуу бойдон бир күрүлдөп кирди дейсиң — эми мындагы кыргынды сураба! Чуркураган сансыз үндөр адамдыкы экенин, айбандыкы экенин айрып болбойт.

Бир жерда жүктүү мал агып бараткан, бир жерде илечеги чубалып, бешиктүү катын агып келе жаткан, бир жерде өлүп, суунун четине тырайып чыгып калган, бир жерде көмөлөнүп сууга кетип бараткан баласына чаркырап түшө калып жаткан, бир жерде селейген өлүгүнүн жанында боздор турган. Эми кайсы бирин айталы!»

1916-жылдагы калктын башына түшкөн кандуу кыяматты жазуучу жоолашкан эки тараптын кырчылдашкан кагылыш-кармаштарын, ири масштабдагы сюжеттерди жана конфликттерди, чоң массалык окуялардын да көрсөтүшү мүмкүн эле (мисалы: «Ажал ордуна», «Кандуу жылдардын» мисалындай).

Бирок тамчыдан күн көрүнөт дегендей, Мукай «Узак жолунда» масштабдуу тарыхый ири окуянын кебетесин кичинекей микрокартина аркылуу да тасырайта көрсөтүп коюуга болорлугун эң жакшы далилдеген.

М.Элебаев 1916-жылдагы үркүндүн үрөйдү учурган трагедиялуу жүзүн, падышалык колонизаторлордун кыйынчылыгынын натыйжасын Кытайга качкан элдин Музарттын дайрасын кечкендеги кыямат-кайымын элестеткен беш-алты кичине штрих, деталдар менен гана көз алдыга алып келип койду.

Ичине жүрөк түшүргөн чоң алааматты батырган бул 5—6 сүйлөмдү окугандан кийин окурман үчүн 1916-жыл жөнүндө мындан ары сөздү узартып, дагы жобурап отуруштун кажети жоктой. Бир үзүм сүрөт бардыгын түшүнүктүү кылгансыйт.

6 – 17-595

«Узак жолдо» Мукай Элебаев чыгарманын башынан аягына чейин биздин көз алдыбызга жогорудагыдай ичине «Күндү» батырган көркөм «тамчылардын» тизмегин тартат.

«Узак жол» — күчтүү, багынбас рухтун, жашоо, эркиндик үчүн күрөштүн чыгармасы.

## УЗАК ЖОЛ

*(Романдан үзүндү)*

Биздики – элден обочо, жалгыз тамдын түбүндөгү жалгыз кара үй эле. Шашке кез, биз төшөктөн жаңы туруп жатканбыз. Бир кезде Алмакан эжем ойдо жок жорукту баштап, эпкиндеп, чыркырап барып төшөктө жаткан энемди басып жыгылды. Анын төшөк тартып жатканына көп болгон. Энем да күндөгүдөй эмес, көздөрү коркунучтуу, чарасынан чыгып, көкүрөгү кырылдап, билинер-билинбес дем алып, улам жоошуп кетип баратат. Өлүп бараткан адамды биринчи көргөнүм ушул. Ошондо мен он бирдемин.

Баарыбыз үрпөйө түшүп, энемди тегеректеп, үйүлө калдык. Эжем тура түшүп, элирген немедей бардык үнү менен өкүрүп, тышка чыкты да, бир кезде кайра кирип келип, энемди дагы басып жыгылды. Биздин үй элден обочо болсо да, эжемдин чаңырган дабышы менен бирин-серин эл жыйналып калды.

Ошол убакта мен эмнегедир алданып тышка чыгып кеткемин. Аңгыча болбой бир кезде «чур» дей түштү. Чуркураган чаржайыт үндөр уламдан-улам күчөй берип, жаман үйдү көтөрүп кетти.

Ошентип, алты чөбүрө жетим калдык. Эң улуубуз Алмакан эжем, анан мен, менден кийин Беккул, анан Эшбай, андан кийин Ашымкан деген кыз. Эң кенжебиз – Бекдайыр. Баарыбыздын арабыз эки жаштан. Өлөр алдында жана бир кыз төрөп, аны багып ал деп бирөөгө берген. Бул он айга жетпей өлүп калды.

Энем өлгөн соң анын ордун басып, жетимдерге көз болууга Бурмаке кемпир келди. Бул атамдын агасы – Элебестин зайыбы. Алтымышка келип калган бүкчүйгөн гана кичине кемпир.

Булардан башка карашаарыбыз жок. Элебес – эзелтен томояк адам. Ошондуктан Кызыл-Кыя деген жерге жолчу болуп, биротоло көчүп кеткен. Мында келгенине быйыл үч жыл.

Эми багыбызга туш келгендей быйылкы жыл да өтө кыйын болду. Былтыр эгин болбой калган. Элде быйыл ачарчылык. Ошондуктан бирин-сериндеп кап бөктөрүнүп алып, орус посёлкаларына чубап калган.

Биздин бир табак буудайдын акыры кечээ бүткөн. Бүгүн эртеден бери наар алганыбыз жок. Бурмаке кемпир мени төмөн жакта бир үйдөн бир жармалык буудай суратып жиберген.

Ал жампайган кепенин түбүндө бир кара үй эле. Бардым. Мурду барбайган чоң кара кемпир, коломтодо күйүп бүткөн тезек чогун жайып коюп, отко кактанып отуруптур. Анын колтугунда жамгырдан ыккан кулундай корголоп, бир кичине кыз олтурат.

Мен барып:

– Бурмаке энем бир чөйчөк буудай берсин дейт, – дедим, кемпирге бет бакпай, четке карап туруп. Буйдалган жок, чыгдан жагын бир карап алды да, кемпир:

– Жок, – деп күңк этти.

Кайра келдим. Бурмаке энем жаңкыдан бөлөк акыл үйрөтүп, жана жиберди.

– Айт, өлбөсөк бир чөйчөк буудайынын кунуна чыгарбыз...

Берген жок, жана кур бардым.

Ошондо Бурмаке:

– Эми жокту жерден чукуйбузбу! Силер да таалайыңардан көргүлө, багы жокторум, – деди, баарыбыздын көрөөр күнүбүз бүткөндөй каран түшүп. Ушундан он күн өтпөй, бир Бурмакеден башкабыз текши кыйрап жыгылып, ооруп калдык.

Мен төшөктөн бир ай чамасында барып турсам керек. Айыккандан кийин чачым таздын башындай жыдып түшүп калганын бир гана билдим. Менден бир аз күн кийин Беккул турду. Анда да чач жок. Бир төшөктөн туруп, там-туң басууга жараган кезде, Беккул экөөбүзгө Бурмаке таяк жасап берди.

– Көп бассаңар муунуңар кирет. Үйдү айланып басып келгиле, – дейт. Биз жолду катар тынып олтуруп, үйдү зорго бир айланып чыгабыз.

Молодой жалгыз үй! Анын үстүнө биз четинен кыйрап, жыгылгандан бери бизге каттаган жан болгон жок. Ошондо, тышка чыкканда бар көрө турганым: үйдү айландыра салган куп-куу там, тамдын буручундагы жалгыз аттын акыры, анын жанында шылдыраган шакел, баягыда Беккул экөөбүз тогуз коргоол ойноп казган чуңкурлар...

Арадан көп күн өттү... Бирок, тамактын тартышынан оңой менен муунубуз кирбей койду.

– Атаганат, тамак болсо бат эле тынып кеткени турасыңар. Мен кантейин эми? Кудай бечара-карыпка боору ачыбайбы! – дейт Бурмаке кемпир. Тар дүйнөдө бир табак талкан бар. Аны үнөмдөп, анда-санда гана чаңыттап, жарма жасап, кары колу менен дарыгердей өлчөп, топ ооруга бөлүп берет.

* * *

Төшөктөн турганыма бир айдай болгондон кийин, бир күнү таенем келип, мени алып кетти. Алмакан эжем али айыга элек.

Бир гана менин кетишим менен үй жеңилдебейт, менден башка чубурган дагы беш жетим бар. Антee да менин кетишим үйдөгүлөр үчүн оңой олжо эмес.

Таятамдыкы Чоң-Таштан кырк чакырымдай ары – Кең-Сууда. Таятам чоң бай, бала-бакыралуу, алты уулу бар: алтоо тең четинен дүркүрөп байып келе жаткан. Таенем мени балчайган, чоң курсак тору бээге учкаштырып алып, үйүнө кеч кире келди. Мал кызуу төлдөп жаткан кез. Биз барганда быкпырдай көп койду саап болуп, агытып жаткан экен. Кой саап жаткан бир ак жуумал келин:

– И, энем келди, – деди бизди көрө коюп.

Жалгыз молодой жым-жырт жерде өскөн адам, мына бул жерден экинчи бир дүйнөнү көргөндөй болдум.

Бир топ күндөр өттү. Жакын айылдарга барып, балдары менен аралашып, аз күндө үйүр алып кеттим.

Бир күнү эртең менен таенем келинине айтып, бир кичине көнөчөккө айран куйдуруп берди да:

– Бар кагылайын, козу кайтарып кел. Үйгө жиберүүчү болбо, – деди.

Таенем көзү бажырайган, балпайган, чоң кара байбиче. Чекесинин так ортосунда чоң меңи бар. Таятам жетимишке чыгып, былтыр өлгөн.

Короону тегеректей конгон төрт-беш үй бар. Башкы дардайган чоң ак үй менин таятамдыкы. Кой келери менен ар кайсы үйдөн идиштерин көтөрүп, бирден-экиден болуп, эрине баскан келиндер чыгып келди. Менден башка да кой саадырып жүргөн бир тобу бар. Аралай кубалап, кой кармап жүрөбүз. Үч-төрт койду саадыргандан кийин, көпүрөгө келген эшектей кыйык бир кара токтуну кыйкылдатып, зорго жетелеп келдим. Мындай арам болорбу, саанчыга желини жаңы тие бергенде атын кетип, мени дыргаяктатып, алып жүрүп бербеспи. Өлбөй тирүү куткарбаймын деген немедей мойнунан салаалаган колумду чыгарбай, тери шымды калдыратып, өлөрмандыкка салып, меи да жүрүп отурдум. Ошентип баратып, бир кезде жыңайлак бутумду курч туягы басып кетти эле, сазайымды тартып, отура калдым. Койдун чыласына кесилип жүргөн бутум чатырап, канап кетти. Жакын жерде кой саап олтурган бир катын:

– Байкушту жаман басып салды ээ, – деди мени аяган кишидей, короонун башында, дүйнөнүн баарын көзү менен чолуп отурган таенем, менин жаңкымды көрүп калып:

– Деги, томаяктын баласына мал ошондой келет тура, – дегендей болду. Бул сөзү мага араң угулду. Мен секеңдеп, аксап барып, андан башкасын кармап келдим. Кой саадырып турсам, таенем жаныма келип, бутактуу кыпкызыл табылгы таягын оң колуна бош таянып, тура калды да, менин үстүмдү айландыра карап алып:

– Ырысы жок, тонунду эмне тыттырып алгансың? – деди.

– Бая Сасбактын баласы ала качып жүрүп ушинтип койду, – дедим мен койдун мойнунан кармап туруп, көгөндөгү козуларды карап калып.

– Ырысы жок, ырысы жок киши ошондой болот!

Таенемдин сөөктөн өткөндөй заар тили менен сыйлап туруп, үстүмдү бүтөп бергенинен антпей жыланач койгону жеңил көрүнүп турду. Ачууланганда эки сөзүнүн бири

«ырысы жок». Бул сөз энчиме басылгандай, көбүнчө мага жумшалчу. Ал, Курманбайга канчалык ачууланса да бир айтып көргөн эмес. Ошон үчүн мен «ырысы жок» жалаң томаяктар үчүн гана бүткөн сөз болсо керек деп ойлочумун.

* * *

Бир күнү кечке жакын:

— Сарыбай байдын байбичеси чакырат, — деп мени бирөө чакырып, алып кетти.

Сарыбайдыкы Кең-Суунун ичинде, алыстан бадырайып турган эки ак үй эле. Тегерегинде дайым мандырдай болгон төрт-беш боз үйлөр тигилип турар эле.

Ушинткен Сарыбайдын байбичеси мени киши катары санап, «ардактап» чакыртып жибергени мени таң калтырды. «Сарыбай» деп сырттан укканым менен үйүн көргөн жан эмесмин. Бардым. Тыштан бирөө мени баштап барып, ак үйүнө кийирди. Мен кирип токтогон алдыңкы бөлмөсүндө чымкый бачайы — макмалдын үстүндө жашыл тукаба чапанын желбегей жамынып, көөлгүгөн бир зайып отурат. Башында заңкайган торгуй элечек. Байбиче ушул экенин байкадым.

Жашы жетип калса да, (бери болгондо элүү беште болор) кең дөөлөттүн аркасында, али карылыкка толуп моюн суна койбогондугу көрүнүп турат. Семиз, чатыраган Кызыл киши экен.

Мени кирип барганда: «мына бул жерге олтур» дегендей ишаара кылып, өзүнө жакын жерден орун көрсөттү. Бир аз жымжырт. Тагдырым ушунун колунда тургандай, ааламга аян болгон байбиченин алдында, анын чечимин күтүп, байлоого түшкөн кулдай уңкуюп, мен отурам.

Байбиче бир кезде сол колун сунуп, мага бирдеме берди. Колума тийгенден кийин карасам: бири беш тыйындык, бири эки тыйындык — жети тыйын жез! Адегенде: «капырай, сан жылкылуу Сарыбайдын колунан жети тыйын чыкканыбы» деп ойлосом да, артынан түшүндүм. Бул мага берген садагасы экен! Анткени Сарыбай бай көптөн бери ноокас эле. Бая мен келгенде элдин аягы басылбай, бири кирип, бири чыгып, төркү бөлмөдө жаткан байдын

көңүлүн сурап жатышкан. Мен ушул үчүн чакырылып келипмин. Азыр мен нан жеп отурганда, байбиче бирдемени дубалап жаткан молдодой, оозу-башын күбүрөтүп, колунда аралаштырып кармап турган бир, эки жез тыйынга «суф» деп коюп отурган.

Садага бериш үчүн төрт кыбыласы түгөл жетим издешип, буга бүтүн Кең-Суудан мени туура тапса керек!

Бир нанды жеп, жети тыйынды алганымдан кийин эми менде да эч кимдин тыйынча жумушу жок көрүндү, жолума түштүм. Бая мени үйгө киргизген неме иттен чыгарып койду. Жолдо бара жатып, бүгүн мени кордогондой, кемсинткендей болуп көрүнүп, көнүлүм иренжиди.

* * *

Үч ай жүргөнүмдөн кийин бир күнү Элебес келип мени алып кетти. Буга таенем да көп карышкан жок. Биз аттанганы жатсак:

– Кетсең кет эми. Сага бирдеме да кийгизе албай калдым. Жамандабай бар... – деген болду да, өзүнүн бир эски күрмөсүн берди. Жаздай жүрүп тапкан олжом ушул!

Таята, таекелерим, четинен бай. Бирок, аларды башынан саран, кылып жараткан! Жалан бир атадан тарагандар бир уруу журттай болуп, эртели-кеч малы жайылып чыкканда кара таандай каптачу. Ошентсе да котур улак үчүн өлгөн өңкөй сараң. Тогуз жүз койлуу түн уулу – Саадамбай тери шымдан бөлөк, өмүрүндө кездеме кийип көргөн жан эмес. Али да эсимде: бир күнү талаадан өөдөлөнүп өлгөн бир токту үчүн кадимкидей ыйлап, койчусун таң аткыча сабап чыккан.

* * *

Мен таятамкынан кеткенде туура Кызыл-Кыяга бардым. Элебес ушул жерде болчу. Чон-Ташка барбай, туура Кызыл-Кыяга эмне үчүн кетип баратканыбызды Элебес жолду мага мындай деп түшүндүрдү:

– Сен баягыда таятандыкына кеткенден кийин, силердин үйдү Кызыл-Кыяга көчүрүп алып, жетимдерди биздин үстүбүзгө кийрип алганбыз. Азыр баарыбыз бир үйдөбүз. Эми ошентип оокат кылбасак болобу...

Кызыл-Кыянын түбүндө жайдыр-кыштыр козголбой жети-сегиз түтүн кедейлер отурат. Буларды «жолчу» дейт. Падыша өкмөтү буларды ар кайсы болуштан милдеттүү кылып жыйнап алган. Жолчулуктун мөөнөтү бери болгондо төрт жыл. Бирок, ушулардын ичинде он жылдан бери турган жолчулар да бар. Өзү жайлоо мисалдуу жер.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Мукай Элебаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу.*
2. *Мукай кандай окуган жана эмгектенген?*
3. *Жазуучунун инсан жана талант катары көп кырдуулугу эмнеден көрүнөт?*
4. *Мукайдын чыгармачылыкка жасаган принциптүү мамилесин эмнелер далилдейт?*
5. *«Узак жол» романынын кыргыз адабиятына алып келген жаңылыгы эмнеде?*



## КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ
*(1911—1978)*

Кыргыз Республикасынын эл акыны, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Кубанычбек Маликов 1911-жылы Кант районуна караштуу «Чоң далы деген» кара тоонун аркы бетинде Үч-Эмчек айлында туулган. Атасы өтө кедей киши болгон. Атасы да, анын жакын туугандары да эптеп-септеп оокат кылган адамдар эле. 1916-жылы эл бүлүнгө учурап, эгиндерге карай албай Чүй өрөөнүндө ачарчылык болгон.

Пишпектин (Бишкек) кыргыздары Кытайга качпай калганына карабастан падыша тарабынан катуу кысымга алынат. Өмүрүнүн бул учурун акын мындайча эскерип айтат: Атамдын аталаш агасы Найманбай Боромбой уулу Үч-Эмчекке келди да, биздин туугандарыбыз жашаган азыркы Көк-Жар кыштагына көчүрүп кетти.

Жону жука кишиге шаарга жакын туруп оокат өткөрүү оңой болор деген болжолду ал киши айтканын мен кийин түшүндүм. Менин атам базарга көк беде, куурай оруп сатышып, бизге ошондон нан таап келгени ушул күнгө чейин эсимде.

...1924-жылы биз шаарга дагы жакыныраак келип, биздин кыштак «Төкөлдөш» кыштагы деп аталып турду. Бул жерде мурунку бир кулактын короо-жайы тийип, биздин айылдын мектеби ачылды. «Мына ушул мектепти бүтөрү менен Фрунзе (Бишкек) шаарына келип, 1926-жылы эң алгач татар мектебине окууга өтөт. Мектептин окуучулары жалаң гана татарлар эмес, кыргыздар да болучу. Кыргыз мугалимдер көбүнчө кыргыз педтехникумунун жогорку классынын окуучуларынан боло турган. Мектепте окуп

жүргөндө Кубанычбек өз айлынын турмушунан алып «Мектеп оңолсо экен» деген кабар жазат. Ал «Эркин-Тоо» газетасына басылып чыгат.

Техникумда окуп жүрүп, 1926-жылы «Эркин-Тоо» газетасынын кабарчысы болуп, ага айыл-кыштакта, шаарда болуп жаткан жаңылыктарды, жер-суу реформасы туурасында кабар жазып турган. Анын өзүндө болгон табигый талант К.Маликовду 20-жылдын аягы 30-жылдын башталышында кыргыз жазуучуларынин алгачкы муундарынын экинчи тобу болгон Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбековдор менен бирге кыргыз адабият майданына алып келген. 1931-жылы педтехникумду бүтүргөндөн кийин узак жылдар бою республиканын басма жана маданият тармактарында, Кыргызстан жазуучулар уюмунда жооптуу кызматтарда иштеген.

Кубанычбек Маликовдун кыргыз адабиятына сиңирген эмгеги жогору бааланып Эмгек, эки жолу «Ардак белгиси» ордендери менен сыйланган. Кыргыз эл акыны, Кыргыз Республикасынын искусствосуна эмгеги синген ишмер деген ардактуу наамдар берилген. «Бийик жерде» драмасы үчүн Кыргызстандын Токтогул атындагы Мамлакеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Акын 67 жаш курагында 1978-жылы дүйнөдөн кайткан. Өмүрүнүн соңку мезгилдерине чейин К. Маликовдун алтымыштан ашык китеби кыргыз, орус жана башка тилдерде жарык көргөн.

Кубанычбек адабият майданына келгенде кыргыз жазма адабияты жаңыдан гана өнүгүү, калыптануу доорун башынан кечирип жаткан болучу. Адабиятыбыздын өзү жаш болгондой эле, жаш жагынан болсун тажрыйба жагынан болсун анын калемкерлери да жаш эле. Анын биринчи ыры 1924-ж. «Эркин-Тоо» газетасынын бетинде жарык көргөн «Жазгы талаа» деген ыры болуп эсептелет. Бирок «Эркин-Тоо» газетасына бул ыры жарыялангаңга чейин эле макала жазып жүргөн Кубанычбек көркөм чыгарма жазууга андан мурунураак киришкен эле. Буга анын төмөнкү эскерүүсү далил болуп турат: «Алгачкы убакта казак, татар тилдеринен пьеса которуп коер элек. Кийинчерээк пьесаны педтехникумдун окуучулары өздөрү эле жаза турган болушту. Бир жумада жок дегенде бир жолу калем бир көшөгөлүү

жаңы пьеса жазыш керек. Ошондой пьесаларды көбүнчө Касымалы Жантөшев, Мукай Элебаев, Ташым Байжиев, Жоомарт Бөкөнбаев, кээде мен да жаза коёр элем».

Кубанычбектин адабият майданынына келишине газетада кабарчы болуусу, өзү айткандай «кээде бир актылуу пьеса жаза коюшу» түрткү берет.

Анын биринчи жарык көргөн «Жазы талаа» деген ыры көркөм сапаты жагынан али бышып жетилбесе да адабият майданына таланттуу жаш акындын келгендигинен кабар бербей койгон эмес. Бүткүл ой-сезимдерин, бардык күчүн элибиздин экономикасынын өнүгүшүнө багыттаган, өзүлөрү илим-билимге умтулган, техниканин тетиктерин өздөштүргөн, мезгилдин духуна жараша жашоонун жаңыча мамилесине умтулган учурдун адамдарын, алардын албан эмгегин ырдоо акындын ошол учурдагы, отузунчу жылдардагы поэзия чыгармаларынын негизги темаларынан болгон. Акын бул темага «Жаңы айылдын эрмеги», «Элдин уулу», «Пахтачы кыздын ыры», «Сен жолдошум» дагы башка бир катар ырларын арнаган.

Ал чыгармачылыкта шайдоот, тез жана талбай иштегендиги, адам катары ачык, шайыр жана чечендиги менен жолдошторунун арасында кадыр-баркка ээ болгон. Акындын эң жакын калемдеш жолдошторунун бири, кыргыз элинин жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков өзүнүн «Жол» романында төмөнкү саптарды Кубанычбекке бекеринен арнап отурган жери жок: «Кубанычбек шайыр ... дакылдап, жадаса ырды үн салып отуруп жазат. Ал ырын жазып бүтө элегинде эле: — Түгөлбай, сыначы, Ыр окуп берейин, — деп жазгандарын бакылдап окуйт. Кубанычбектин чечендиги, ачык-айрым жолдошчулугу кишини таң калтырат. Ынандырат... Кубанычбек аябай тез иштечү, Ал ыр жазган кезде жанында киши жүрөбү, жүрбөйбү ага алаксыбайт. Көңүлү жакын кишисине ашыгып кат жазгандай эч toколбой шыпылдатчу. Колунда калеми тили эле ойноп кетүүчү. Мен ошондо ойногон калемине арбалып карап калчумун, «ушу Кубанычбекче тез жазуу эле сонун го» деп, жазып жатып күңгүрөнүп ичинен үн чыгара окуп, көңүлүнө жакпай калган сапты ал өчү бардай балтайта сызат. Бир сызбастан кайра-кайра, деги сен баш көтөрбөй жоголчу дегенсип катуу-катуу сызып,

анан ошол саптын үстүнө жаңы сапты жазганында калеми ойноп кеткен.

Акын өз учурунда окурмандардын сүймөнчүлүгүнө татыган баарына белгилүү «Таш күзгүнүн түбүндө» деген сатирасын 1930-жылы жазган. Бирок акындын чыгармаларына көз жүгүртсөк, сатиралык ырларды андан мурун эле жаза баштагандыгын байкоо кыйын эмес. Анын мисалы катары акындын 1929-жылы жазган «Кандай сүйгөм» аттуу ырын көрсөтүүгө болот.

Отузунчу жылдарда газеталарда «Чалкан», «Шибеге» аттуу сатиралык бурчтар уюштурулуп, аларга кыргыз акын-жазуучулары активдүү катышып, сатиралык чыгырмаларын жарыялап турушкан.

Кубанычбек Маликов бул сатиралык бурчтардын активдүү катышуучуларынын бири болгон. «Таш күзгүнүн түбүндө», «Кандай сүйгөм», «Сен койсоң да, мен койсом», «Мен кандаймын», «Атасы менен баласы», «Ырасы ушул», «Бул кылыгың жарайбы» сыяктуу дагы башка сатиралык ырлары эң алгач газета беттеринде жарыяланып, эл абдан жылуу тосуп алган. Акындын бул сатиралары тематикалык жактан өтө ар түрдүү болгон. Ошол учурда коомубузда кездешип жаткан терс көрүнүштөрдүн ар кандай жактарынын: коом үчүн иштөөнүн ордуна кайра ага зыян келтирип, бүлүндүрүп жаткандардын, жатып ичер жалкоолордун, иштебеген сылаңкороздордун, туругу жок шайкелеңдердин бетин ачкан, сатиранын күйдүргү сөздөрү менен куйкалаган. «Таш күзгүнүн түбүндө» сатирасында:

«Жыпарды» куюнуп,
Атырга жуунуп.
Этеги бир карыш
Көйнөктө кубулуп,
«Сулуу» деп айтканы,
Эң сонун угулуп.
Көз кысса бирөөлөр
Кылчая бурулуп,
Жөнөп кетем чапчу аттай жасанып...
Окууну жек көрөм,
Кызматтан четтегем.

Айылда иштөөнү,
«Койчу ары...» деп келем,
Ошондой тайраңдап,
Жүргөндү эп көрөм», —

— дедиртип, аялдар теңдиги дегенди иштен безип, сыланып-сыйпануу деп түшүнгөн, пайдалуу эмгектен качып, эптеп өз жанын жыргатууну гана эңсегендердин өздөрүнө айттырып, өзүлөрүнүн беттерин өздөрүнө ачтырат. Экинчи дүйнөлүк согуш кыргыз адабиятынын өзүнчө бир бурулуш этабы болгондой эле Кубанычбек Маликовдун чыгармачылыгынын да маанилүү этабы болуп калды. Согуш мезгилинде акын жемиштүү да, жеңиштүү да иштеди. Акындын бул мезгилде жазылган ырлары «Канча кан» (1942), «Чүй каналынын боюнда» (1942), «Ала-Тоолук курдаштар» 1945, «Достук жана махабат» (1949) деген жыйнактарына киргизилген.

Акындын өз мезгилинде дароо элдин арасына кеңири таралган «Канга кан» деген ыры өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Акын бул ырында душмандын ким экендигин кашкайта ачып, анын басып алуучулук максатын ашкерелөөгө жетишкен.

Жан алгычка
Сөз жарашпайт, ок керек
Колу-бутун
Куйкалоого чок керек
Кызыл көздүү
Бул кутурган иттерге
Бомба,
Танка
Замбиректей сот керек
Башын кессек
Асман, жерден өрттөсөк
Дүйнө жүзү
Мына ошону эп көрөт.

Ырдын өзүнүн аты айтып тургандай канга кан алуу ар бир адамдын ыйык милдети экендигин эскертүү менен бул жырткычтарга эч кандай ырайымдын зарылдыгы жок

деп элди душманды акыр аягына чейин талкалоого чакырган.

Акын согуштан кийин да поэзия жанрынын үстүндө өтө жемиштүү эмгектенди. Анын бул жылдардагы поэзиясынын аймагы кеңири. Мына элибиз Экинчи дүйнөлүк согушту жеңиш менен аяктагандан кийин тез аранын ичинде бүлүнгөн чарбаны кайрадан калыбына келтирүү жумушуна белсенип киришкенде, дүйнөдө бекем, узак тынчтыкты орнотуу маселеси акындын поэзиясында эпкиндүү эмгек менен айкалыштыруу темасы биринчи орунга көтөрүлүп чыкты. «Мекеним тынчтык тиреги», «Чүйлүктөрдүн сулуусу» деген сыяктуу ырлары буга далил болуп турат. Кыска лирикалык ырлардан тартып, «Кадыр аке», «Аскадан үн» сыяктуу көлөмдүү поэмалар акындын ушул жылдардагы калемине таандык. «Кадыр аке» поэмасында кыргыздардан чыккан биринчи шахтёрдун басып өткөн жолун, күжүрмөн эмгегин, ардактуу кесибин сүрөттөсө, «Аскадан үн» поэмасын Токтогул ГЭСинин кайратман куруучуларына арнады. Согуштан кийинки жылдардагы акындын чыгармачылыгына мүнөздүү болгон өзгөчө бир көрүнүш — анда поэзиянын эпикалык формасынын кеңири орун алгандыгы деп айтууга болот.

Өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө Кубанычбек Маликов махабат лирикаларынын да чебер устаты экендигин көрсөткөн акындарыбыздын бири болгон. Анын «Бир башыңа тең болсом», «Ак кептер» дагы башка ырлары обонго салынып, элдик ырларга айланып кеткен.

Кубанычбек Маликов поэзияда гана эмес, драматургияда да өмүрүнүн акырына чейин жемиштүү эмгектенген. Ал кыргыз жазма адабиятынын тарыхында көрүнүктүү акын гана эмес, ири драматург катарында да таанымал жана өзүнүн тиешелүү ордун ээлеген жазуучуларыбыздын бири. Акындын өзүнчө китеп болуп жарык көргөн биринчи чыгармасы 1931-жылы. «Тендик курманы» деген ат менен чыккан үч актылуу драмасы болуп саналат. Отузунчу жылдарда К.Маликов өзүн таланттуу драматург катарында тааныткан. Анын «Мүдөөлөр», «Күлүйпа» сыяктуу драмалары өзүнчө китеп болуп жарык көрдү. К.Маликов өмүрүнүн акырына чейин операга либретто, бир топ драмалык чыгарма-

ларды жаратып, кыргыз драматургиясынын тарыхынан ардактуу орун ээледи.

«Бийик жерде», «Осмонкул» драмалары Республиканын театрларында ийгиликтүү коюлуп келген. Булардан тышкары К.Маликов «Жүрөк толкуйт», «Бир көчөнүн кыздары», «Шахтёрдун кызы», «Адылдын иши», «Сары өзөндүн кызы», «Алмаш» сыяктуу драмалардын автору. Өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө К.Маликов проза жанрына да кайрылып, айрыкча отузунчу жылдарда да кайрылып, «Айлуу түндө», «Ачылган айып», «Жаш жалын», «Сарала козу» деген аңгемелерин жана «Азаматтар» аттуу повестин жазган.

«Балбай» поэмасы Кубанычбек Маликовдун чыгармачылыгында гана эмес, кыргыздын профессионал жазма адабиятында көрүнүктүү орунда турган эпикалык чыгармалардын бири. Автордун жазып калтырган маалыматы боюнча поэма 1940-жылы апрель-май айларында жазылып бүткөн. Поэма «Балбай» деген ат менен 1941-жылдын жаз айларынын башталышында өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Китепке поэма менен бирге акындын көптөгөн лирикалык ырлары да кирген. Китептин ошол кездеги нускасынын көптүгүнө карабастан поэма жарык көрөрү менен окурмандардын жүрөгүнөн жылуу түнөк таап, бат эле эл арасына тарап кеткен. Беш миң саптан ашык көлөмдөгү бул поэманын мынчалык тез тарап кетиши баарынан мурун өз мезгилинде кыргыз элин ички жана тышкы душмандардан коргоочу, эл камын ойлогон баатыр, кеменгер, башкы каарман — Балбайдын өмүр турмушуна арналгандыгыга байланыштуу болгон. Поэма жарык көрөрү менен акындын ошол учурдагы кыргыз профессионал жазма адабиятындагы поэзиянын эпикалык формасын поэма жанрын өнүктүрүүдагү зор салымын да белгилеген. Бирок поэманын мындай байсалдуу жолу узакка созулган эмес. Балбайдын жашап өткөн доору жана анын өмүр жолу татаал жана трагедиялуу болгондой эле, «Балбай» поэмасынын кийинки тагдыры да кыйчалыштуу болгон. Поэма ошол учурдагы жана андан кийин да узак убакыттарга чейин созулган адабият менен искусствонун туундуларын талдап баалоодо нормативдик көрсөтмөлөрдүн курманы болгон. Согуш аяктагандан кийин 1948-жылы «Драма театрларынын

репертуарлары жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө», «Чоң турмуш» кинофильми «жөнүндө» деген легендарлуу токтомдору кабыл алынып, адабият жана искусстводо орун алган «зыяндуу» кемчиликтердин «бети ачыла» баштайт. Мына ушундан кийин 1948-жылдан баштап «Балбай» поэмасына карата ар кандай чогулуштарда, жазуучулар уюмунун жыйындарында түрдүү сындар айтылып, айрымдары авторго саясий күнөөлөрдү койгонго чейин барышат. Ал гана эмес 1949-жылы съезд алдында болуп өткөн пленумдарда поэма жөнүндө сын сөз айтылат.

Акыры «Балбай» поэмасынын тагдыры жөнүндөгү жыйынтык 1952-жылдын 15-мартында болуп өткөн Кыргызстан бюросунда чечилет. Бюронун токтомунда К.Маликовдун «Балбай» поэмасында кыргыз элинин өткөн доорлордогу феодалдык турмушу идеализацияланганы, тарыхта жашап өткөн айрым адамдар, асыресе Балбай элдик баатыр катарында даңазалангандыгы баса белгиленип, поэманы китеп текчелеринен алып салууга көрсөтмөлөр берилет. «Балбай» поэмасынын 1941-жылы жарык көргөн толук варианты 1991-жылы акындын 80-жылдыгына карата мурда жарык көрбөгөн «Ак куу сүзөт» деген поэмасы жана башка ырлары менен бирдикте «Балбай» деген ат менен өзүнчө китеп болуп басылып чыкты.

Поэма кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымында башынан кечирген турмушка жана болуп өткөн тарыхый окуяларга арналган, анын катышуучуларынын дээрлик бардыгы поэма чагылдырган доордо, сүрөттөлүп жаткан жерлерде жашап өткөн Балбай, Өмүр, Матай, Боромбай, Тилекмат, Зарыпбек ж.б. сыяктуу адамдар. Бирок автор поэмасынын эч жерде тарыхый поэма деп атаган эмес. Мунун ачык себеби азырынча анча маалым эмес.

К. Маликовдун «Балбай» поэмасы кыргыз поэзиясындагы XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин тарыхый жактан карама-каршылыктуу учурда башынан өткөргөн трагедиялуу доорун чагылдырган, азырынча колубуздагы бирден-бир ири тарыхый поэма болуп эсептелет. Бирок тарыхый поэманы окуя кандай болсо ошол калыбында фотографиядагыдай кагаз бетине түшүрүлгөн чыгарма экен деп түшүнүүгө жарабайт. XIX кылым кыргыз эли

үчүн саясий жактан да, экономикалык жактан да өтө татаал жана оор мезгилдердин бири болгон.

Кытайдын Цин империясынын зомбулугу, Кокон хандыгынын оор эзүүсү, казактар менен ар дайым болуп турган кагылышуулар, кыргыз манаптары уюштурган феодалдык-уруучулук ич ара согуштар элди экономикалык жактан биротоло алсыратып, көз каранды эместигин сактап калууларына коркунуч туудурган.

XIX кылымдын 20—30-жылдарында Кокон хандыгынын үстөмдүгү бүткүл Кыргызстанга жайылган. Кокондуктардын жана жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн кош эзүүсүнүн натыйжасында эмгекчил калк барган сайын жакырланышкан, ачарчылыктан жана ар түрдүү оорулардан кыйласы өлүмгө дуушар болушкан. Кокон хандыгы сыяктуу эле Кытай Богды-ханы да кыргыз жерине көз алайтырып, чек арага жакын жайгашкан кыргыз урууларына кысым көрсөтүп турушкан. XIX кылымдын биринчи жарымында жана орто ченинде кыргыз урууларынын манаптарынын жана казак феодалдарынын ортосундагы кагылыштар күчөп, ал кыргыздардын ички абалын начарлаткан. Айрыкча бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы мындай кагылыштар катуу жана ырайымсыз болуп турган. Кокон хандыгы кыргыздардын ич ара уруштарына тоскоолдук кылган эмес, анткени ал кокондуктардын үстөмдүгүн ого бетер күчөткөн. Мына ушундай кырдаалда орустун падышачылык колонизаторлорунун Орто Азия жана Казакстандын территорияларын каратып алып, казак жерлери аркылуу кыргыздардын ирегесине келип калган. Өз ара чатакташкан уруу манаптары ар кимиси өзүлөрүнүн абалын сактап калыш үчүн Омскидеги падышачылык администрацияга өз алдыларынча байланыш түзүүгө киришкен. Бул Кытай чек арасына өтүүдөгү тогуз жолдун тоому болгон чоң стратегиялык мааниси жана чийки сырьёлордун түгөнгүс булагы бар Кыргызстанды өз бийлигине каратуу башкы максаты болгон падыша өкмөтүнүн чырагына май тамызган. Бир чети өзү касташкан уруулардан өч алууну, аларга бийлик жүргүзүүнү, экинчиден Кокон бийлигинин оор салыктарынан кутулууну көздөгөн уруу манаптары падыша төбөлдөрү бийликке келери менен казак-орус карателдери, сандаган орус дый-

кандары көчүп келип кыргыздардын чарбага ыңгайлуу өрөөндөрүн, жайыттарын ээлеп алышып, өзүлөрүн тоо ташка сүрүп чыгаарын эстерине да алышкан эмес.

Ошентип, XIX кылымдын 50-жылдарынан баштап уруу чабыштары күчөп турган Түндүк Кыргызстанды, өзүлөрүнүн өтүнүчү менен деген шылтоо менен падышалык Россия өзүнүн колониясына айландырган. Бирок кыргыз урууларынын көпчүлүгү, алардын эл менен ойлогон патриот баатырлары кытай Богды-ханына да, Кокон бийлигине, казак уруу феодалдарынын чапкынчыларына да көз карандысыздык күрөштөрүн токтоткон эмес. Ошондой эле түндүк кыргыз урууларынын бардыгы эле падышалык Россия менен мамиле жасоого жапырт макул болушкан эмес. Кыргыздардын кыйласы ак падышага багынуудан баш тартышканы, куралдуу каршылык көрсөтүшкөнү да тарыхтан белгилүү. Бугудан Балбай, сарыбагыштан Үмөталы, саяктан Осмон, солтодон Жангарач сыяктуу жана башка элдик баатырлар баш болгон кыргыз айылдары бир топ жыл орус бийлигине моюн беришпей катуу каршылыктар көрсөтүп турушкан.

Кыргыз эли мына ушундай татаал тагдырды башынан кечирип турган доордо бугу уруусунан чыккан элдик баатыр Балбай 1791-жылы азырки Түп өрөөнүнүн Сары-Булак деген жеринде жарык дүйнөгө келип, кысталыштуу заманда он алты жашынан тартып калмак жортуулдарынан, Цин империясынын, Кокон бийлигинин бийлөөчүлөрүнөн, орус падышычылыгынын саясатынан эл-жерин коргош үчүн өмүрүнүн акырына чейин бел чечпей күрөш жүргүзгөн. Балбай кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал, эл тарабынан баатыр деген атак-даңкка ээ болгон белгилүү инсан. Ал ак падышага каршы күрөш жүргүзгөндүгү үчүн камакка алынып, 1867-жылы Верный (азыркы Алматы) шаарында түрмөдө ууландырылып өлтүрүлгөн. Балбайдын эл жиберген жакын щакирттери анын сөөгүн төөгө жүктөп келишип, Түп менен Сары-Булактын ортосундагы үч жолдун боюна коюшкан. 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн учурунда кыргыздрды кыргынга учраткан казак-орустар элдин күчү менен көл түбүнөн алынган бышырылган кирпичтен салынган баатырдын күмбөзүн тал-

калап, кирпичтеринен алып, чарбачылыкка пайдаланышкан. Кыргыз элинин баатыр уулунун эстелигине жасалган мындай жапайы талоончулук поэмада акынга жолуккан карыянын оозунан окугандын каңырыгын түтөтүп, каарын келтирген төмөнкү саптарда баяндалап:

Күмбөздү бир кездерде элим салган,
Баарысы бышык кыштан, көлдөн алган.
Боюнда кара жолдун боюн керип,
Кылымдар бузулбастай болуп калган.
Көргөндүн көңүлү толуп, баатырды эстеп,
Көздөн жаш буурчактаган, жүрөк жанган.
«Ушундай арстандар да өлөбү» деп
Эрксизден суроо сурап, таңырканган.
Үркүндө... кыргыз, кытай качкан кезде
Эстелик жоо колунан талкаланган.
Ташуулап таштай бекем күмбөз кышын
Ар кимдер үйлөрүнө алып барган.

Күмбөз Күрмөнтү, Сары-Булак элинин демилгеси менен 1991—1992-жылдары кайра калыбына келтирилген.

Акындын «Балбай» поэмасы XIX кылымда жашап өткөн кыргыз элинин көрүнүктүү уулу Балбай баатырдын элжерин сырткы жана ички душмандарынан коргоодогу патриоттук күрөштөрүнө арналса да, анын өмүр жолун, Цин империясынын басып алуучуларына, Кокон бийлигине, уруу салгылашууларына, орус колонизаторлоруна каршы көрсөткөн эрдиктеринин бардыгын ичине камтыбайт жана аны автор алдына максат кылып койбогон да болсо керек. Кыргыз элинин эркиндиги үчүн өмүрүн сайган Балбай баатырдын орус падышачылыгына каршы күрөшкөн эрдигинин уруntуу бир-эки учуру гана поэманын негизги сюжеттик өзөгүн түзүп турат.

Поэма мындайча башталат:

Мен бүгүн кандай терең ойго баттым
Сексен жыл бул турмуштан кийин кайттым.
Башында Ысык-Көлдүн Түптөн кечип
Атактуу Сары-Булакка келе жаттым
Көргөн соң жол боюнда мүрзөлөрдү.

Көңүлүм ооп, көрмөк болуп бура тарттым.
Шыраалжын басып калган бир дөнчөнүн
Үстүнөн эчен бышкан кыштар таптым.
Кана эми, айтыңыз деп, күмбөз жайын
Алдымда ак сакалга көзүм арттым.

Айрым жазма даректерге караганда XIX кылымдын биринчи чейрегинен тартып, алтмышынчы жылдардын акырына чейинки мезгил ичинде кыргыз элинин сырткы жана ички душмандар менен эркиндик, тынчтык үчүн болгон күрөштөрүндө Балбай катышпаган окуялар аз жолугат. Мына ошол баатырдык күрөштөргө жык толгон Балбай өмүрүнүн үч урунттуу учуру: орус падышасы колонизаторлук саясатын Ысык-Көл өрөөнүндө ишке ашырыш үчүн жасаган алгачкы аракеттерин эки жолу мизин кайтарып кууп чыгуусу, үчүнчү жолу да Текеске өткөрбөй коюсу жана акыры оорулуу баатырды кыргыз манаптарынын чыккынчылыгы аркасында амал менен колго түшүрүп, Алма-Ата түрмөсүнө камап, анда ууландырып өлтүрүүсү поэманын сюжеттик негизин түзөт. Төрөгелди баш болгон сарыбагыш уруусунун манаптары өткөндө Балбай тарабынан өлтүрүлгөн. Ормон хандын кунун алыш үчүн бугуларды чаап алууга атташат. Бул кабар бугу манаптары Боромбай, Зарыпбек, Тилекматтарга жетери менен Ормондун өлүмү үчүн күнөөлүү жалгыз Балбай баатыр деп эсептелинип, аны манаптардын алдына чакыртышат. Манаптар: «Ормонду сен өлтүргөнсүң, эми туугандарыңдан миң кара жыйна, ал жетпесе башка элден жылкы жыйып бергин» — деген. Анда Балбай эч качан Ормондун өлүмү үчүн кун төлөбөстүгүн айтат. Төрөгелдинин колу (аскерлери) менен беттешип, Төрөгелдини колго түшүрөт. Балбай эл тарабында болгон. Манаптардын элди эзүү саясатына каршы чыккан. Кыргыз элинин XIX кылымдагы тагдырында эркиндик, көз карандысыздык үчүн жүргүзүлгөн күрөш, андагы баатырдык патриотизм эл тагдыры үчүн жан аябастыктын үлгүсү тарыхый инсан Балбайдын образы аркылуу берилген. Балбайдын өмүрү акыры трагедиялуу аяктаса да анын эрдигин, элдин эркиндигин, бейпилдигин туу туткандыгы элдин, келечек муундардын арасында түбөлүк жашай берет.

## БАЛБАЙ

*(Поэмадан үзүндү)*

Ысык-Көл, мен өзүңдү көп айландым,
Көркүнө көңүлүм түшүп, таңыркадым.
Ыр сенде эчен кылым сыры сенде,
Билүүгө мен да ошону кумарландым.
Жүрөгүм оттой ысып жалынына,
Жээгине желдей сызып келип калдым.
Мен бүгүн кандай терең ойго баттым,
Сексен жыл бул турмуштан кийин кайттым.
Башында Ысык-Көлдүн Түптөн кечип
Атактуу Сары-Булакка келе жаттым.
Көргөн соң жол боюнда мүрзөлөрдү
Көңүлүм ооп көрмөк болуп, бура тарттым.
Шыралжын басып калган бир дөңчөнүн,
Үстүнөн эчен бышык кыштар таптым.
Кана эми, айтыңыз деп, күмбөз жайын,
Алдымда ак сакалга көзүм арттым.
«О, балам, бул күмбөздүн сыры терең»
Айт десең, күндөп, айлап айтып берем.
Илгери тулпар минип, туу көтөрүп,
Элимден өткөн экен эчен берен.
Баатырдын энеси да жолборс этин,
Укмуш бар жешке талга
Укмуш бар жешке талгак болгон деген.
Капканчы, бүркүтчү аке Эшкожодон,
Туулуптур бир белгилүү жолборс – эңгиреген,
Алаяк тулпар минип, тоо эчки тон –
Азамат адегенде кийди деген.
«Чырагым, чыкпас жерден чыгыпсың» деп,
Суктанган байсынгандар, менменсиген.
Баатырды бала кезден эли сүйгөн
Ар качан кыйын күндө оозго кирген
Үй тигип эл четине, жоого аттанып,
Суналган сур тулпардай боюн керген.
«О, балам, алышкандан алдуу бол» – деп,
Ар качан эли да ага бата берген.
«Журтумду жоо албасын, жут баспасын,

Көрсөтөм кызматымды колдон келген» –
Деген ант ар убакта жүрөгүндө –
Буулугуп, бирге көчкөн бороон менен.
Жол тосуп, түн күзөтүп, баатыр жүрсө,
Эли да жан жыргаарын шондо билген.
Айкөлдү арыш таштап ашыра айтсам,
Чырагым айып таппа Кызыл тилден.
О, балам, узун жомок кепке түштүм,
Кана эми баарын уккун башынды албай
Сыр тыңша – сөз атасы кулак деген –
Жомоктун аты болот баатыр Балбай

Күмбөздү бир кездерде элим салган,
Баарысы бышык кыштан, көлдөн алган.
Боюнда кара жолдун боюн керип,
Кылымдар бузулбастай болуп калган.
Көргөндүн көңүлү толуп, баатырды эстеп,
Көздөн жаш бурчактаган, жүрөк жанган.
«Ушундай арстандар да өлөбү» деп
Эрксизден суроо сурап, таңыркаган,
Үркүндө... кыргыз кытай качкан кезде,
– Эстелик, жоо колунан талкаланган.
Ташуулап таштай бекем күмбөз кышын,
Ар кимдер үйлөрүнө алып барган.
– Жүр, балам, калган кепти кечинде ук деп,
Карыя мени ээрчитип үйүнө барган.
Жаз күнү... эл жайлоого көчүп жаткан,
Келгин куш алда кайдан жетип жаткан
Бугунун башын билген хан Боромбай,
Жайлоодон эл алдында орун баскан
Боромбай, Зарыпбек менен Тилекматтар
Желиккен жез тандайлар баш курашкан.
Кол курап Төрөкелди келген эле,
Ормонго кантип жатсын кун куубастан.
Кабакты чытып алат хан Боромбай,
Эмне үчүн олтура албайт, капаттанбай
Кычырайт, Балбай десе азуу тиши,
Өзүнөн башкаларга назар салбай.
«Ормондун кунун кандай бердирсем» деп

Жоопко жан талашат, жол табалбай.
«Хан Ормон өз уулума кызын берген,
Ормондон башыма бак, дөөлөт келген.
Зарыпбегим! Кун доолаган Төрөкелди,
Кай кезде, колун үзгөн деги сенден?
Эбактан өтмө катар сөөк элек,
Кудайым каалап бизге ырыс берген.
Кандайча кун төлөбөй кутулабыз,
Хан Ормон каза тапса биздин элден?
Илгерки манасчылар, баатыр курап,
Уялбай кул-кутандын жайын сурап,
Түнүндө жылкы тийип ар кай жерден,
Күндүзү Ала-Тоодон кийик уулап,
Кадырман ханды, бекти душман кылып
Кендирди кесип турат чунак кулак.
Көрсөңөр, мен чакыртсам алиге жок
Чунак кул, кыжырыма тийип турат».
«Баатыр» деп бул Балбайга атак конду
Билбеймин, ким көтөрдү мартабасын...
Каршы айтсаң, кылыч сууруп, найза сунар
Кантет деп жумурдай кул, сактанасың.
Кол курап, каяша айтып Балбай турса,
Коопсуз, кантип элди башкарасың?

Деп, оозун жыйганынча Тилекматың
Дүбүртү чыга түштү тыштан аттын.
Бастырып ыкчамдата баатыр келди
Байланып канжыгага кол чаначын.
Бир жактан кутулбаган оорусу бар.
Өңү жок, эмне үчүндүр таңган башын.
Ханына салам айтып, кол куушурду
Көрсөтүп улууларга өз изатын.
Далайы, «кел баатыр» деп тура калды,
Боромбай «төргө чык» деп жойпуланды.
«Ыракмат ханым сизге» деди дагы
Эр Балбай эшик жактан орун алды.
Сумсайып, үндөбөстөн олтурду да,
Кебине Боромбайдын кулак салды.

Балбайга хан Боромбай күлө багып
Тургандай чыны менен кеңешке алып,
«Ормонго миң чаң тийбес кун бергин дейт
Баатырым биз беребиз кандай алып?
Башынан бир Кылжырдын баласы элек,
Бербесек тууган калар намыстанып –
Башында сөөлөт куш бар, аркабызсың,
Баатырым, бир куткарчы, ой чыгарып,
Башынан киндик боору бөлөк элдей,
Казанчы күң, отунчу кулду бербей.

Чырагым, айып сенде, көнүлүңө алба,
Кандайча найза сундуң Ормон Ханга?

Жыйнайбыз хан кунуна журттан алым,
Калмактан жылкы тийгин, чыгым малга
Айлыңа айт, кошумчанды эрте кошкун
Көп колду көрбөгөнсүп жатып калба.
Канына кан күйгүзүп, кол салган сен,
Чунагым, салмагыңды бизге салба».

Дегенде, хан Боромбай, сурун салып:
Уламдан улам күчөп, каарданып,
Бурулуп, типтик карап Балбай баатыр,
Кайнаган көздөрү да оттой жанып.
Түлкүнү мыкчый калчу бүркүткө окшоп,
Кеп салды демин алып, колун жайып –
«Кокондон чыккан бектер да,
Кокондоп калат чоң болуп.
Омбудан төрө келсе да,
Карышкыр болот комдонуп.
Баш көтөргөн жигитти,
Басып өтөр жондонуп.
Кайран элим кайгырар,
Камандарга жем болуп.
Тал чыбык тышка бербесмин,
Тилегим чыкса он болуп.
Талоончуга талата
Талаада жаткан малым жок.

Төрөкелди төрөңө, –
Тек ишенер алым жок.
Жуткучтун кунун берем деп,
Журттан алым албаймын.
Текебер жоодон болбосо
Тишимди мен да салбаймын.
Кулагым кескен ким эле,
Кандайча кун деп барбаймын?
Такыба мени, таксыр хан –
Антымдан асты жанбаймын».
Боронбай сакалын бир сылап алды:
«Чырагым, көрбөгөнмүн сендей жанды.
Ажалы хан Ормондун сенден болсо,
Сен үчүн мен беремби кунга малды?
Ханга кун...кежирленбей жылкы камда,
Сен дагы күйгүзбөгүн биздин жанды.
Ажылдап беттен алып, жонуң тоспой,
Мен да хан...сыйлоо керек бул сакалды»
Деди да, козголду түз олтура албай
Токтолбой, кеп баштады дагы Балбай.
Боромбай көзү алайып, жер карады,
Айтканга олтургандай, кулак салбай.
Ханынын жек көргөнүн байкап баатыр,
Эми айтты, өз оюнан эч бир танбай:
Карайган жылкын батпаса,
Хандарым өзүң бере бер.
Төрөкелди карганса,
Каргыштын артын көрө бер.
Төрөкелди, Адылга,
Айдап жүргөн малым жок.
Тобокелге той союп,
Төлгө тартар табым жок.
Таскарадай талпандап
Жөө калардай алым жок.
Баатырсыган Төкөң да –
Эл болдук деп, басылып,
Ак батага кол берер,
Анткорлугун ашырып.
Кек кетти көңүл толду деп,

Кек жүрөккө жашырып,
Түн ортосу болгондо,
Баатыры мылтык асынып –
Таң менен чабар айлынды,
«Ормондоп» ураан чакырып.
Адашып жүргөн мал болсо
Азиз ханым бере бер.
Ай батканда айлындан,
Ормон туусун көрө бер.

Деди да баатыр Балбай туруп басты,
Атына ыргып минип, жолго тартты.
Жалгыз ат, жаман тондон айрылбайм деп,
Эчендер кошо аттанып, катарлашты.
Тирүүдө бир дөбөдө болобуз деп,
Эчендер чымырканып бара жатты.
Каардуу, хандар, бектер үн каталбай
Баарысы үшкүрүшүп салбыраашты.
Козголуп, дагы тактан хан Боромбай, –
Күпүлдөп, кызыл тилдин заарын чачты:
«Айтамын, алдын алып Зарыпбегим,
Ар качан досуң беле Балбай сенин:
Башы бар, башаасы бар журт болбосон,
Ар кимден сууй берер азыр демиң.
Омбуга Тилекмат жол алса деймин,
Башаага, баш ийип, кеп салса деймин.
Көл Бугу, оруска бүт карайбыз деп –
Төрөгө менден салам барса деймин.

Алкоочу, ак жандырал келгенден соң,
Сарбагыш кол салалбай калса деймин.
Баш бербей, журтту бөлгөн Балбайынды,
Байлатып губурнадыр алса деймин.
Анан сон, өзүбүз хан, өзүбүз бек –
Бектерим, мен баарындын камын жеймин»
Бектерге хандын сөзү макул болду.
Оруска элчи аттантуу акыл болду.
Баласы Жылкыайдардын Тилекматты –
Ат-тондоп аткарууга койду колду.

Алыска жанына өлчөп жигит алып,
Тилекмат ай узабай тартты жолду.

Күзүндө – эл аягы болгондо жай,
Боз кыроо, кара суукка тонгондо сай,
Күңгөйдүн кара тоосу карга оролуп –
Келгин куш кайткан кезде, жайланалбай
Ысык-Көл долуланып, толкунду айдап –
Чыкыроон... Чөп саргайган тан калардай.

Так ошол шум Тилекмат чадырандап,
Оюнда Талды-Суунун адырандап –
Элчиси, ак башаанын Иван төрө,
Келет деп төрө түшчү үйдү тандап.
Кой союп, кошоматка кол куушурган,
Эчендер күүлдөштү аны жандап.
Ар кими боюн түзөп, кайкалактап,
Улукка жагынардык сөзүн камдап.
Тилекмат, сөөлөттү ойлоп эчен айдап,
Төрөлөр таң калардай даярданган,
Он эки кара жорго булгаары ээр,
Кызылдан көрпөчөсүн тандап салган.
Жоргону ойноктотуп, жигит коштоп,
Төрөнүн келер жолун тосуп калган.
Кермеде сырттан чыккан сексен жээрде
Баарысы чапма жорго тандап алган –
«Башаага, ок атпастан баш ийебиз»...
Ал дагы кудай сүйгөн улуу жандан.
Деп келип, хан Боромбай, Зарыпбектер,
Төрөгө кол берүүгө талаптанган.
Кылкандай жабалактап үч жүз киши,

Кол менен Төрөкелди келип басты.
Кылкылдап, Каркыра аша көлдүк качты.
Ошондо бугуп турган Балбай угуп –
Чуу коюп, чабуулчуга аралашты,
Зуулдап, ок дыркырап, түтүн бурап,
Эл дүрбөп, жер дүңгүрөп, бара жатты.
Тапкыла, Төрөкелди жаян кайда?

Чабагын, куч коротуп бекер сайба.
Деп Балбай, сур айгыры желдей ойноп:
Энтигип, көзүн артты эчен сайга.
Сайышта Төрөкелди түшкөндө аттан
Бир буту сынып кетти баса жаткан...
Мындан соң ант кылышып эки уруу эл,
Токтолуп, жоокерчилик, тынчып жаткан.

Көз албай, Ала-Тоодо ак мунарадан.
Он канат жүз баштуудан, элүү үйдү,
Тиктирип, түрүн көрүп, бай кубанган.
Кулдук деп, баш ийүүчү өнөкөт го,
Эсепсиз салтанат той, бул куралган.
Муруту кулагына жетип турган
Таанымал топ ичинде Боромбай хан.
Кырк келин, кырк он саамай дагы келген
Иргелип, көл башында сулуулардан,
Кыздары, көйкөлүшкөн жорго минген,
Кундуздан тебетейди тандап кийген,
Көргөндүн көз кумарын аларлыктай,
Каркыра үкүлөрүн сайып келген.
Моюнда түндүк шуру, күмүш сөйкө,
Кундуз чач, айдалыда түрдөп өргөн.
Тандалып сексен жигит көлдөн чыккан,
Төрөнү тозобуз деп келе жаткан,
Каз-катар, эң алдыда кайкалашкан,
Ак калпак, кызыл чепкен он кара атчан.
Артынан, кара көрпө тебетейлүү
Он жигит кара чепкен, чылк жээрде атчан.
Дагы ону, төө жүнүнөн чепкен кийген,
Кыркалай кызыл атчан, боз калпакчан.
Артында элүү жигит катарлашкан,
Куралтып кийимин кийген өзү тапкан.
Жигити Тилекматтын Борбаш деген,
Баарысын түгөлдөгөн, сырттан бакан.

Айлуу түн... таңга жакын уктаган эл,
Зымырайт күзгү тоодон, сыдырым жел.
Келет деп, орус төрө кабар уккан,

Балбай да көз ирмебей, токулуу ээр.
Түшөт деп кандай заман калк башына
Түнөрүп башын салып, ойлонот эр...
Баатыр да түнү менен уктаган жок,
Деген сөз үйдөн үйгө тез жайылып.
Короого мойну эч качан бурулбаган,
Ийни бар эңиш тарткан, кубулбаган,
Чарчы бой, багалчак деп коргошундай,
Темирден бүткөн го деп, ойлоор адам,
Оролгон кулагына узун мурут,
Тегерек жээрде сакал – тарам-тарам.

Көздөрү күн-түн жанган кызыл оттой,
Айтканы айкырганда, аткан октой,
Жолборстой бир жондонуп олтурганда,
Канча дөө, көтөрсө да, козголбостой.
Бир кезде керегеге көзүн салды,
Жарагын асынууга даярданды.
Чарт эле чолок кылыч белге байлап,
Арзыган айбалтасын колуна алды.
Ийнине кара келте асынды да,
Түпөктүү сыр найзаны кармай калды.
Кыстарып айбалтасын белге бекем,
Имерип, көзүн салып үйүнө эчен.
Сүйөнүп найзасына салмактанып
Сап жагын кармай берет бекем-бекем.

Кийинип, баатыр барды дөбө жакка,
Олтурду көчүк коюп бир чон ташка,
Мына эми баатыр уул аттанат деп,
Киришти жеңелери шыбырашка.
Кол булгап, Балбай аке добуш салды,
Иниси Матай үйдөн чыккан чакта.
Эр Матай узун бойлуу, бийик кабай,
Кыраандай кырдакыга көзүн салат,
Жайылган узун кара сакалы бар,
Жүргөндөй күн-күн сайын талдап, тарап
Буралып эки жакка сулуу мурут,
Ар качан элес албай, сыйпап алат.

Эр Матай авасынын оозун тиктеп –
Чоң ташка салмактанып бек олтурду.

Балбай да эки колдоп көзүн басып
Негедир, бир оокумга ойлоп турду.
Ийнинде келтесин бир сыйпап алып
Сурданып сөзгө кирди, оюн улай:
Кара келте ийинге,
Аса турган күн экен.
Кыз коргондон кылалап,
Баса турган күн экен.
Ала-Тоону айланып,
Аша турган күн экен.
Агаң Балбай ок дары
Чача турган күн экен.
Журт чегине турамын,
Жанымда жүр, чырагым,
Кызытуучу күн келди,
Тулпарыңдын туягын,
Отуң болсо жүрөктө,
Өрт аралар убагың.
Басташуучу жоо бар деп,
Баатырларды курадым.
Көз тирүүдө бирге бол,
Боорум, сенден сурарым.
Ак падыша жоо келип,
Агаңа түштү нечен ой,
Айлантып алса бул элди,
Алда кимге болор той.
Ажал жетип, окко учсам,
Сөөгүм жерде калбасын.
Найза сунуп, топ бузсам,
Жолумду жоо албасын,
Учкан октон мерт болсом,
Түн ашырбай сөөгүмдү ал,
Элине иним ээ болсоң,
Айтканыма кулак сал.
Жолборстун жаткан жерине,
Жаккан менен от күйбөйт,

Жолборстой болсоң элиңде,
Чениңе сенин жан тийбейт.
Авакең Балбай кеткенде,
Ээси өлгөн үйдөй болбосун.
Арстандар көзү өткөндө,
Айлыбыз каран калбасын.
Чынар болчу көчөттү,
Көтөрүлтпөй кыйбасын,

Чынардай боюң өскөндө,
Четинден олжо кылбасын.
Ажалдын түшсөм колуна,
Айбалта белден кетпесин.
Акылым алгын оюңа,
Найзаңар колдон түшпөсүн.
Кекенген жоонун барында,
Кермеден атың агытпа,
Бел чечип жатып үйүңдө,
Бейтаалай журтту курутпа.
«Балбай өлдү» дегенде,
Баш көтөрөр көп болор,
Менин көзүм жогунда,
Тилекмат сөзү эп болор.
Көрүнгөнгө жем кылбай,
Туумду, боорум, кармагын.
Баатырдын баары өлгөндөй,
Башыңды жерге салбагын.
Эсиң болсо чырагым.
Артыңдан ээрчир элиң бар.
Жан курдашы агаңдын
Айтылуу Өмүр шериң бар.

## IV

...Оюна түшүп кетет өткөн күндөр –
Эсинен түш сыяктуу кеткен күндөр,
Коо тартып, конгон журтту, баскан жолу,
Бул күндө кайра айланып жеткен күндөр.
Кагышып казак-калмак, кытай, кыргыз –
Кансырап нечен эрлер өчкөн күндөр.

Кулагын кемпир кесип алган кези.
Хан Ормон караңгы орго салган кези,
Тиктирип ор үстүнө кара алачык,
Тиктесе көрүнбөстөй ай-күн чети.
Кутулуп карышкырдын кармоосунан,
Акыры андан өчүн алган кези –
Бийлеген жанды, канды чиркин намыс,
Бет мандай жылдыз келсе баркыраткан,
Ээлигип кеткен кезде эрдин эси.
Эмне үчүн эрди эрлер кайсады деп,
Эр Балбай буга убайым тарткан өзү.
«Далай эрдин –
Тилин кести бул намыс.
Далай эрдин –
Көзүн тешти бул намыс.

Баштатан көөнүм калган жок,
Баатыр менен балбандан.
Найзадан өлсөм арман жок,
Алышып жүрүп курган жан....
Балбай да чакыртты да Молдоасанды
Экөө бирге олтуруп тамактанды.
Авакем өлгөн жерге өлөмүн деп,
Эр Матай эмитеден даярданды.
Молдоасан үйдө калмак, кол башкармак.
Кол курап, көк жалдарды жолго салмак
Жасоочу найза, мылтык усталарды,
Айылдын түнү менен иргеп алмак.
Керилген Сар-Булактын тоолоруна,
Таң шоокум салган кезде чыгып бармак
Балбай да болор ишке белди байлап,
Таап алып уу коргошун түбүн чайнап
Жанындай жакын көргөн баатырларга
Жулкулап бул дарыдан жүрөт камдап.
Шатынын ашуусуна чыгып барып,
Жатышты таң атканча жолду абайлап.
Эчен кылым,
Эл талашы бүтпөсө,
Эр болот бейм,

Эми найза ыргагыс.
Калк бөлөм деп,
Хандарыңдын кылганы,
Хандын камы,
Керт башынын жыргалы.
Баша берер,
Күмүш бедел, тон үчүн,
Кайран журтту,
Курмандыкка кыйганы...» —
Дейт дагы, көк түтүнү ооздон чыгат,
Хандарга канга кумар, наалат, кылат
Дегендей качан келет Иван төрө —
Ашуунун аркы бетин карап турат.
«Уккула, азаматтар — жакын убак», —
деп эми дагы Балбай үнү угулат.
«Жайкалган, жаш бетеге, чөбүмдү алса.
Чалкайган кең Ысык-Көл жеримди алса.
Козголбос ошол тоодой кенимди алса.

Асманда тендеш болуп катар жаткан,
— Ай тийген чалкак-чалкак төрүмдү алса.
Кайран журт кимге барып жашын төгөт,
Жулкунса чыгалбастай торлор чалса.

Баарында бирден мылтык, найза менен
Аттары узун шыйрак кекектеген,
Өзүнчө кесирленет Иван төрө,
Оюнда кыргыз тосуп жетет деген.
Болгон соң падышадан келген төрө
Көтөрүп ат үстүнөн кетет деген.
Жейм десем, жаңы балык, туз да даяр
Жан жыргап жанашууга кыз да даяр,
Кыргыздын ханы, беги кол куушуруп,
Күн-түндөп үй тиктирип күтүп алар.
Ал биздин бериштедей баришнялар,
Бул жерден түлкү, суусар, кундуз алар.
Эжигей, сүт да мында, эт да мында,
Урматтуу империя пайда табар.
Кыргызың толук жапан, байлыгы олжо,

Чачсаң да түгөнбөс бул, казыналар.
Расийден чиновниктер, помещиктер,
Чубашып сонун жерге чалгын чалар.
Тандашып тоо түбүнө, көл боюна,
Тамаша... биздин байлар шаар салар.
Каптаган кара малдай кыргызыңа,
Какырап тоо башында таштар калар.
Болгон соң бул да биздин колония,
Жапан журт кайда кетсе, шондо барар,
Буйругун падышанын орундасам,
Тилекмат сакалын бир жулуп алды,
Калтырап үстү-үстүнө камчыланды.
«Чын эле түпкө чунак жеткенби» – деп,
Болгонсуп түш көргөндөй айран калды.
Күүлөнүп көзү жайнап Балбай келди,
Зарыпбек алдын торой колун берди.
Так бүгүн бети күйүп калганга окшоп,
Тилекмат тилге келбей карайт жерди.
«Шашпагын, ээрдин кашын таанытаармын,
Чунагым, сениби!...деп көңүлүнө алат.
Он канат жүз баш үйдөн бирди тандап

Жигиттер журт деп жанын курман кылгын,
Мейли эми, башты кесип ажал алса.
Арман жок эрендерим эч убакта,
Биз үчүн калдайган журт аман калса...

## V

Урматы алтын, күмүш медаль тагар»
Деп, ойлоп өзүнчө эле көөп келди,
Чочондоп кыя менен Иван желди.
Көргөн жок кайкалаган карабаскыр,
Капталда, карагайда жаткан элди.
«Балбайлап» тоо жаңыртып, ураан тартты.
Асмандан шукшурулган ителгидей,
Түйүлүп көз иймебей торой чапты.
Балбайың найза менен берип өтсө,
Төрөңүз таш кучактап барып жатты.
Айкырып, чолок кылыч кындан сууруп,

Ивандын эми башын кыя чапты.
Ээрине жата калып жан далбастап,
Тоо жакка нечен солдат мылтык атты.
Тырмагын тоо бүркүтү салган кезде,
Элеңдеп солдаттар да кайра качты.
Чымындай баарын Балбай эзип өттү,
Өпкөсүн ок аткандын тешип өттү.
Кыйынсып кылыч шилтеп кыйкыргандын,
Өңгөчүн найза менен үзүп өттү.
Төрөнү кайтарабыз деп келатып,
Тоолорго элүү солдат канын төктү...

## VI

Бөлөкчө аш-тамагын атай камдап,
Ал үйдүн ичи-тышына кароол коюп,
Тилекмат жетип келип дагдаландап.

Кана эмесе, баатырым,
Эңкейди агаң баралы.
Эңкейгенге эңкейип,
Конок болуп калалы.
Дейт Зарыпбек күлүндөп,
Аттан түшсүн иним деп,
Кабагы карыш саландап,
Каршыгып Балбай айтты кеп:
«Абакебиз Зарыпбек,
Иниге союш сойчу эмес,
Сизди күтпөй, уялбай,
Иниңиз конок болчу эмес.»
Падышанын Боромбайы, Зарыпбеги,
Тилекмат чабарманы, ичте кеги –
«Кезегиң бир келер деп чунак кулак»
Тиштенип, көңүлү кара, жүрөт эми.

Ай өттү... эки жигит келип калды,
Хан, бекке Качыбектен кабар салды,
Алты жүз солдат кошуп бермек болду,
Мына эми ошондо көр кубанганды.
«Таксыр хан, сизге дагы катуу кабар,

Качыбек аз күндөрдө келип калар.
Сизге да, Зарыпбекке салам деди
Өмүрдүк урматталып мартабаңар.
Оюна Жети-Өгүздүн көл боюна,
Үй тиксин солдаттарды тосуп алаар.
Мен өзүм солдат баштап келгенимде,
Сабоодой беш салт атчан чыга калды,
Зарыпбектин уулу Күчүк эң эле алды,
Баарысы чыккан жерден көздөгөндөй,
Түз эле Боронбайдын үйүнө барды.
«Аваке, бизден мурда Балбай жетип,
Солдатты жоготуптур бүт талкалап,
Түндө бирин-серин калгандары,
Ой-тоого житип кеткен баш калкалап.
Чын эле чунак жанды койбойт экен,
Дагы эле менден арам ойлойт экен.
Азуусун бүкүр каман салган тура,
Куралдуу көп солдаттан коркот десем.
Алды ачык ала көөдөн адам эле,
Ачуусу кайтар демин тосуп барса,
Балбайдан коркконунан кыймылдабай,
Тымызын жата берет үч жыл чени...

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *К. Маликовдун өмүрү жана чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө бергиле.*
2. *«Балбай» поэмасы чагылдырган тарыхый доорду кандай түшүндүңөр?*
3. *«Балбай» поэмасынын тагдыры тууралуу айтып бергиле.*

**«Балбай» поэмасы жана анын кыргыз поэзиясындагы орду деген темада дилбаян жазгыла.**



## ЖУСУП ТУРУСБЕКОВ
*(1910—1943)*

Кыргыз элинин таланттуу акыны Жусуп Турусбеков 1910-жылы Тоң районунда Көк-Сай деген жерде туулган Эс тарта элегинде атасынан ажырап, алты жашында 1916-жылы элге кошулуп Кытай жерине бет алат да, энеси менен Үч-Турпанга чейин барат. Жусуптар ал жерге барганда баягы эле жокчулуктук туткунунда кор болушат. Кийин Жусуп энеси, карындашы менен элине кайтып келгенде да муң-зардан кутулбайт.

Энесинен ажырап, карындашы экөө томолой жетим калат да, көрүнгөндүн колунда күн өткөрүүгө туура келет. Көп узабай ажал жалгыз карындашын да алып коёт. Эми жетимчилик, жалгыздык болочок акынды чындап эле ар кимдин ирегесинде түрткүнчүк болуп күн көрүүгө дуушар кылат.

1917-жылдан багар-көрөрү жок балдарды мамлекеттин эсебинен тарбиялоо маселеси ишке ашырылды. Ошолордун ичинде Жусуп да бар эле. Ал 1922-жылы Каракол шаарындагы балдар үйүнө алынып, андан интернатка жиберилет. Мурда жетимдерге билим бере турган интернат кийин монастырга орношуп, анда атайын орто билимдүү айыл чарба адистерин даярдап чыгаруучу техникумга айланат. Жусуп бул техникумдун 2-курсун бүтүрөт.

1929-жылы кыргыз жаштарын аталыкка алган Тверь шаарынын жаштарынын чакыруусу боюнча Кыргызстандын бир канча жаштары окууга жиберилип, алар менен бирге барган Жусуп да окуусун ийгиликтүү аяктап келет.

Газета бөлүмүндө башчы, кыргыз драма театрынын директору, кыргызмамбаста редактор, жазуучулар уюмунда ке-

ңешчи жана башка кызматтарда иштеп, чыгармачылыгын уланта берет.

Ж.Турусбеков жөнүндө сөз болгондо аны менен өз учурунда кыргыз көркөм адабиятын түптөөнүн татаал түйшүгүн бирге тартышкан замандаш калемдештери акындын кезегинде сүрөтчү катары абдан чыйрак, атүгүл ат чабымдай алдыга озо чыккандыгын бир ооздон белгилешет. Маселен, Кубанычбек Маликов мындай деп жазган: «Акын — драматург, Жусуп көркөм элестин эмне экендигин бир тобубузга караганда алда канча мурдараак түшүнгөн». Ал кайсы бирөөлөрүбүздөй ач кыйкырык, алабарман жел сөзгө корстон болбой, күлүк оюн, дүйнөгө терең көз-карашын, өз заманына сүйүүсүн адамды кубантарлык терең адабий элес аркылуу берген. Мунун чындык экенин 20—30-жылдардын адабиятына салыштырмалуу караганда акындын чыгармаларынын өзү далилдеп турат. Бул өзгөчө жагдайды адабият таануу илими да ырастайт.

Ж. Турусбековдун адабий-көркөм жетишкендигин белгилеп коюуну эмес, анын өзүн кандай турмуштук тарыхый биографиялык маданий эстетикалык факторлор шарттаганын түшүндүрүүнү талап кылат. Чынында эле кезегинде анын поэзиясынын өзүнчө белгилери менен кескин бөлүнүп тургандыгы кокустук эмес. Ж. Турусбеков адабиятта «акыл азуусунун» эрте чыгышына көп жагынан өзүнүн адамдык тагдырына пенделик үлүшүнө туш келген турмуштук тарыхый өзгөчө жагдайларга милдеткер десек жаңылышпайбыз.

Түптөгү айыл чарба техникумунда Жусуптун адабиятка болгон кызыгуусу чындап ойгонот. Жусуп бул жерде өзүнчө эле бир адабий чөйрөгө туш болгондой болот. Техникумда кийин кыргыз маданиятынын таанымал ишмерлеринен болуп калган, ошо кездеги жаш акын Мукай Элебаев, Молдогазы Токобаев, Мукамбет Догдуров, Шейше Орозов сыяктуу искусствого талпынган жаш таланттар менен бирге жашап, окушу ансыз да көркөм сөзгө шыктуу Жусупту адабиятка күчтүүрөөк талаптантат. Алгачкы ырлары техникумдун кереге гезитине жарыяланат. Жусуптун адабиятка болгон шыгынын тутанышына техникумда болгон драмалык ийрим өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ийримдин катышуучулары өздөрү даярдаган спектаклдерин кээде Кара-

колго чейин келип көрсөтүп турушкан. Драматик ийримге Казандан ыр китептери чыккан Фарид Ибрагимов аттуу татар акыны жетекчилик кылган. Адабиятка көзү ачылып калган мындай тажрыйбалуу, билими бар адам менен тикеден-тике алакада болуу Жусуптун адабий көз караштарынын түптөлүшүндө чоң роль ойногон болуу керек. Техникумдун окуучулары активдүү рухий турмуш менен жашашкан. Буга мурдагы монастырдан калган орусча китептерге бай китепкананын болушу да бир чети түрткү болгон. Эңсеген билимге тезирээк жетиш үчүн техникумдун кыргыз балдары бири-бири менен жалаң орус тилинде сүйлөшүүнү адатка айландырган. Мукамбет Догдуров жаңылып кыргызча сүйлөп алган балага жолдоштору чара колдончу деп эскерет. Мына ошентип, келечекке талпынган жаштардын арасында өздөрүнчө чымырканып изденүү, турмуш, адабият жөнүндө кызуу пикир алмашуулар, талаш-тартыштар бири-бирине атаандашып чыгарма окуу күч алат.

Ошол жылы туулган айылына бир жолу келип кеткен Жусуп жөнүндө жердештери Шата карыя менен Зейне байбиче минтип эскеришет: Жусуп күнүгө бир маал айылдын жанындагы дөңгө чыгып, китеп окуп, анан жаткан бойдон, көпкө чейин кагаз чие турган. Ал кээде бирдемелерди ичинен күбүрөп айтып узакка олтурчу эле... Жусуптун басса-турса колун китеп, калем түшпөй, өзүнчө азаптангандыгын көрүп Саякбай деген адам минтип суроого аргасыз болуптур:

– «Бу Тукемдин уулу, сен аябаган чоң окууга киргенсиң го, бул жерге келип деле окуп, жазып жатасың, деги качан бүтөсүң?»

Акындын өмүрүнүн бир үзүмүн чагылгандын отундай жарк эткизип жарык кылган бул фрагмент эмнеси болсо да бизге чоң максат кууган жолдо Жусуптун канчалык даражада активдүү, мээнеткеч боло алгандыгынан, канчалык деңгээлде «Саргара жортуп», машакат чеккендигинен кабар берет.

Мына ошентип, Жусуп 1928-жылы Бишкекке келгенге чейин эле кыйла даражада адабий-көркөмдүк даярдыктан өтүүгө үлгүргөн. Алыскы Кол өрөөнүндө жүрүп, казак, татар, орус адабиятынын үлгүлөрү менен эрте таанышуунун

натыйжасында профессионал жазма адабият жөнүндө алгачкы түшүнүктөргө ээ болуп калган. Жусуптун көп теңдеш калемдештери 20-жылдардын аягында Бишкекке келип, профессионал сөз өнөрүнүн алиппесин ушул жерден тааный баштаса, Жусуп буга чейин эле адабияттын арифметикасынан кабардар болуп, борборго кадимкидей адабий жактан да турмуштук жактан да «бышып» келген. Жаш акындын Бишкекке келип адабий маданий чөйрөгө аралашышы менен анын көркөмдүк аң-сезими ого бетер активдешет. Жусуптун 1929—1930-жылдары жогоруда айтып өтүлгөндөй Россиядагы Тверь шаарына барып окуп калышы акындын адабий тагдырында чоң роль ойногон. Тверде ал Пушкинди, Лермонтовду, Некрасовду кызыгып окуйт.

1930-жылдарда эмгек темасы, айыл-кыштактарда болуп жаткан өзгөрүүлөр темасы поэзияда негизги тема болуп калган. Ошондой эле Жусуп Турусбеков да ырларынын мазмунун мына ушуларга каратты. Жусуп мурдагы «муңдуулардын энеси» Ала-Тоонун арасына орноп жаткан жаңы көрүнүштөргө жүрөгү туйлап, бөлөкчө ышкы менен караган.

Мисалы, башка жакта, кээ бир жерлерде, кээ бир сүрөткерлер тарабынан шектенүү, кооптонуу менен кабыл алынган техниканын күркүрөп кирип келаткан арымын Жусуп оюна эч бир жаман нерсе албай баладай кубанып, таңыркап, моокуму канбай, кумары тарабай тамшанып кабыл алган.

Паровоз өтүп жатат убап-чубап
Тиктесең чамаң келбей көзүң тунат.
Башкабы, айтчы курбум, айтчы деги,
Темир жол сайма эмей эмне турат
Бул гудок Ала-Тоонун жаңы үнү
Жаңы үнү жаңы туулган айы, күнү!

Жусуп катуу сүйүнүп туруп, өз жерине салынып жаткан темир жолдорду, курулган завод, фабрикаларды Ала-Тоонун бооруна түшкөн «жаңы сайма» деп аспеттик менен салыштырып атаган.

Жусуптун ушинтип ырдабай, минтип айтпай коюшка чамасы да келбейт эле кулак угуп, көз көрбөгөн, түшкө да

кирбеген илим-билим кереметине капыстан туш келүү, аларга күбө болуп отуруунун өзү жөнөкөй нерсеби?

30-жылдардын башында Кара-Балтада биринчи Кант заводунун ачылышына барган Жусупту жазуучу мындайча сүрөттөйт: «Завод аймагына темир жол линиясы аркылуу бет алдык. Бийикке көтөрүлгөнүбүздө Жусуп кубанганда кыйкырып жиберди:

— Э-ээй! Мына сонун көрүнүш, сонун көрк!

Ала-Тоого жакын бийик морлуу көкөлөгөн чоң завод! Көк түтүн күпүлдөп иштей баштаган заводдун тышынан да ичин, машиналарын, иштеп жаткан жумушчуларды, кайнап чыккан кантты көрөлүк! Мына эмесе, Кыргызстан кант өнөр жайына да ээ болду, — деп Жусуп толкунданды. Ушунча болуп Жусуп менен заводдун цехтерин аралаганым ошол. Тигини-муну карагысы, көргүсү келет. Баарына кызыгат, баарына таң калат. Суроонун үстүнө суроо берет. Жапжаңы, көзгө илешпей айланып иштеп жаткан кызыл, көк сары, жашыл сырлары жалтылдаган станокторду көргөндө Жусуп алда кандай эргиген:

— Ушул машиналар да, кишинин акылы менен жасалды да! Ай киши, киши! «Акын окуучуга кайрылганда дайыма сүйүнүч-кубанычын жашыра албай, ак дилинен ачылып сырын айтып, тез эле ичи-коюнга кирип кетет, окуучунун мойнуна колун артып алып, сырдашып сүйлөшүп жаткандай сезилет. Кээде токтой албай көргөн нерсесин туурап да жиберет:

Така-така-така-так
Шака-шака-шака-шак
Качкын жолдон дегендей
Түтүн бур-бур, пипа-пап
Желди жиреп паровоз,
Учкан куштай баратат.

Акын ырында сүрөттөп жаткан нерсеге карай кубанычтын ысык толкуну менен кошо ыр дайым өзүнүн жекече мамилесин билдирип, автордук чечимин чыгара жүрөт.

Бизге бир «трактор» дейт, чоюн келди,
Талаа эмес, санаага да көрк берди.

Бир күндө нечен такта жерди айдап,
Көк өгүз, тору аттарды ушу жеңди.

Жусуп үчүн техника Ала-Тоого келген кудуреттүү материалдык күч гана эмес, турмуштун жаңырышынын, кайра туулуп өнүп, өсүп жатышынын символу.

Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда жалпы эл үчүн атактуу «Катюша» ыры болсо, 30-жылдарда кыргыз журтунун созолонтуп ырдаган ыры Ж. Турусбековдун «Кызыл жоолукчаны» болгон. Ушул атактуу ырга катарлаш турган акындын «Быйылкы жаз», «Биздин кыздар», «Ак алтын өлкөсү», «Пахта сыры», «Иниме кат», «Жаштар», «Терим күүсү» аттуу ырлары азыркы күндө да өзүнүн көркөмдүк сынын, сырын кетирбей, жылдызы жанып турат.

Ж. Турусбековдун калеминен 30—40-жылдарда ар түрдүү темага арналган «Өткөн күндө», «Кыргыздар» (бул бүтпөй калган), «Энеме», «Каракчынын трагедияси» аттуу поэмалар да жаралган.

Жусуптун «Энеме» поэмасынын башкы каармандарынын — улгайган эне менен билимдүү уулдун ортосундагы психологиялык конфиликттин негизинде кыргыз турмушунун карама-каршылыктуу жандуу материалы жатат. Чыгармада сүрөттөлгөн сюжет, каармандын баскан жолу 20—30-жылдардагы кыргыз жаштарынын өмүр жолу үчүн типтүү көрүнүш. Бул чыгарма өз учурунда жаштар тарабынан зор кызыгуу менен кабыл алынган. Жазуучу С. Бөлөкбаев 1933—34-жылдары Фрунзедеги техникумда окуп жүргөндө «Энеме» поэмасынын кандай таасир эткенин мындайча эскерет: «Улам окуйм, сезимиме нокто катып жетелеп алды. Жаттай бердим, ал түнү уктабай калдым. Бир аз көзүм илинсе, түшүмдө да айтып жатыптырмын. Таң атты, ойлойм, көп жеринде мен жөнүндө жазгандай, дал менин мүнөздөрүм».

Ай ушу сен
Кейий берген энемсиң,
Бекер ойлоп,
Бекер кайгы жегенсиң.
Мен кетээрде,
«Кагылайын

Кайраттуу жүр» дегенсиң.
Энекебай
Кайратымдан жазбадым,
Мен мурунку,
Мен эмесмин башкамын,
Тентек жана
Таарынчактык мүнөздөр
Жаман экен,
Ишен, эне таштадым.
Бирөө да жок
Өзүң билген чагымдын,
Баягы мен,
Бүгүн бөлөк, жаңырдым.
Берчи энеке
Мурункудай эмейин
Берчи энеке
Ак сүтүңдү сагындым!
Чүкө салган тулубум
Ташта энеке, кереги жок мунуңдун
Шайыр жаштар арасына
Чоңоюп
Чүкө ойнобойт
Жигит болгон кулунуң.

«Энеме» поэмасы баштан аяк ички күчтүү сезимдин ысык илебине, чын пейилдүү саптарга, табигый агып чыккан сөздөргө каныккан.

Жусуп Турусбеков сөзү менен иши, ишеними менен жүрүм-туруму гармониялык бирдикте турган инсан болгон. Анын элге, мекенге берилгендиги жөнүндө айтылган ойлору, адабият сөздөрү курук сөз болгон эмес. Бул акындын ички ишениминин, уят-абийринин үнү, каны-жанынан чыккан убада анты болгон. Мунун чындыгы Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда көрүндү. Акын фашисттик каракчыларды карай кандуу майданга кирди. Ж. Турусбеков 1943-жылы Мекен үчүн баатырларча курман болду. Акындын өмүрү Ата журтка сөзү менен да, иши менен да кызмат кылуунун жогорку үлгүсү.

Жусуп Турусбеков кыргыз адабиятында таланттуу драматург катары да таанылган акын. Ал «Беш-Мойноктогу окуя», «Ажал ордуна» пьесаларынын, К. Маликов, Ж. Бөкөнбөев менен биргелешип жазган «Айчүрөк» аттуу операнын либероттосунун автору.

«Ажал ордуна» ошол кездеги өзүнө мезгилдеш пьесаларга салыштырмалуу караганда көркөмдүгү жагынан кыйла жогору профессионалдык деңгээли менен айырмаланат. Драмада негизинен 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук боштондук кыймылы сүрөттөлгөн. Драманын өзүнө тийиштүү чыгармачылык тарыхы бар. «Ажал ордуна» 1934—35-жылдары жаралып, андан кийин 1939-жылга чейин автор тарабынан бир нече жолу редакцияланган. Ж. Турусбеков драманын идеялык мазмунун жакшыртуунун үстүндө тынымсыз иштеген. Драманын акыркы варианты 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасы убагында көрсөтүлгөн. Жусуп Турусбековдун биринчи пьесасынын ийгиликтүү чыгымы бекеринен эмес. Буга акындын бала кезинен тартып эле театр эмне экендигин баамдап, билип жүргөндүгү бир жагынан себепчи десек болот. Караколдогу жетим балдар үйүндө окуп жүргөндө ал жердин тарбиялануучулары шаардын актёрдук группасынын койгон оюндарын кез-кези менен барып көрүп турушкан. Ал эми Түптөгү айыл чарба техникумунда драма кружогу уюштурулуп, студенттер даярдаган спектаклдердин (кыздын ролун көбүнчө Мукай Элебаев аткарган) кээде Караколго чейин жетип көрсөтүп турушкан. Адабиятка шыгы бар Жусуп бул оюндарда роль аткарып, кружоктун ишине жан дили менен катышкан. Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» пьесасынын жазылышы кыргыз драмасына тарыхый теманы алып келүү жагынан өзүнчө бир жаңылык болуп калды. Турусбеков бул драманы жазыш үчүн көп даярдык көргөн. Ал элдин арасында, көтөрүлүштүн окуялары болуп өткөн жерлерде болуп, көтөрүлүш катышуучулары менен аңгемелешет. Көтөрүлүштүн учурунда энеси менен Үч-Турпанга чейин барып келиши, өзүнүн көзү менен көргөн оор окуялар анын сезимине бекем изин калтырат. Драманын жазылышында мына ушул жагдайлар да белгилүү мааниге ээ болот.

1916-жылкы тарыхый окуя «Ажал ордуна» драмасынын сюжеттик өзөгүн түзөт. Мурун эле эки кабат эзүүгө чыдай албай турган карапайым эл эми падышанын аскер алуу жөнүндөгү буйругун уккандан кийин наараазылыгы ого бетер күчөп, курал-жабдыктар жасашып, Искендер деген жигит баш болгон эр азаматтар Бектур карыянын кеңеши боюнча падышага аскер берүүдөн баш тартышып, аларга каршы элдик көтөрүлүшкө аттанышат. Согуш куралдары менен толук жабдылган падыша аскерлери көтөрүлүүчүлөрдүн чабуулунун мизин бат эле кайтарып, аларды аёосуз кыргынга учуратышат. Кырылгандан калган эл, кытай жерине өтүп кетет. Качкан эл ал жерде да оңолбойт. Мурун ак падыша менен тил табышкан кыргыз манаптары бул жерде кытай феодалдары менен биргишип элге кайрадан кан тырмагын салышат. Турмуштун оорчулугу балдарын жарым чейрек жүгөрү унга сатууга мажбур кылат.

Драмадагы негизги каарман — эл. Окуя башталганда аскерликке алуу жөнүндөгү суук кабарды угуп, эл дароо чогулушуп, баруу барбоо жөнүндө кеңеш курушат.

Кедей сага ушул турмуш караңгы,
Сабырың суз санга бөлдүң санааңды.
Күндөн күнгө бата берип жокчулук
Ырбадың сен жүрөктөгү жараңды,

— дешип бул оор турмуштан кандайча кутулуунун жолун издешет. Акыры бул кордуктан кутулуунун бир гана жолу — куралдуу көтөрүлүшкө аттануу деп чечишет.

Атыша келсе атышып,
Сайыша келсе сайышып,
Эл үчүн курман болобуз,
Чабыша келсе чабышып,

— деп бир ооздон ант беришет.

Драмадагы негизги кагылышуу Искендер баш болгон элдин өкүлдөрү менен Максүт өңдүү бийлөөчү таптын өкүлдөрүнүн ортосунда болот.

Искендер кедей табынын өкүлү. Ал эл камын ойлогон, элдин муңун муңдашкан, кайгы-капасына ортоктош болгон эр — азамат.

Ал эл турмушунун оордугун билип:

Кедей шордуу кайда барып батасың,
Жөндүү турмуш даамын качан татасың?
Бай сүйлөсө бүжүрөбөй эркинче,
Бойду жазып качан эркин басасың?

— деп элдин камын жеп, тагдырын ойлойт. Искендер — кайраттуу, жүрөгүндө оту бар элдик баатыр. Бардыгына чыдап, көздөгөн максатын иш жүзүнө ашырыш үчүн күрөш жүргүзөт. Ошон үчүн ал Максүт, Учей-Фулар колу-бутун чынжырлап, мойнуна догоо салып, чөлгө камап койгон убакта Зулайка келип ыйласа:

Өзүбүз кайрат кылбасак,
Кимдер бизди колдомок.
Өзүбүз айбат кылбасак,
Ким бизди кимден коргомок,

— деп кыйынчылыкка тике карайт.

Искендер дайыма эл менен бирге. Маанилүү маселелердин бардыгын эл менен, эл аксакалы Бектур менен кеңешип чечет, ошондуктан эл аны жакшы көрүп, өздөрүнүн жетекчиси деп билишет. Элдин кызыкчылыгы үчүн ал ар кандай кыйынчылыктан коркпойт. Искендердин мүнөзүндөгү өзгөчө сапат — достукту жогору баалагандыгы. Ал орус жигити Григорий, кытай жигити Литун-Чан менен дос тутунат. Аларды эл кызыкчылыгын жактагандыктары үчүн бир туугандай мамиле жасайт. Аларга ишенет, тилектештик жардамын жогору баалайт.

Искендердин мүнөзүндөгү эң жогорку сапат анын боорукердиги. Зулайканын ата-энесине, жалгыз кемпир Несипке жасаган мамилелеринен бул сапаттарын билсе болот.

Драмада таза сүйүүнү жогору баалоо идеясы да Искендердин образынан көрсө болот. Оор турмуштун натыйжасында чейрек унга сатылып кеткен Зулайканы эч качан унутпайт. Учей-Фунун торунан куткарып алыш үчүн ал бардык мүмкүнчүлүгүн аябайт.

1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөшүнүн мезгилиндеги кыргыз кыздарынын башынан өткөргөн трагедиялуу окуялары жана ошол азаптуу күрөштөрдө тап сезими же-

тилген кыргыз кыздарын биздин көз алдыбызга элестетип турган образдардын бири — Зулайка. 1916-жылдагы трагедиялуу окуя башталып, аргасыздан чейрек унга сатылып жаткан мезгилде:

Аягы келип ушундай
Болмок беле убайым
Айтсаңарчы калайык
Айтсаңарчы угайын,

— деп ар кимден жардам сураган алсыз кыз катары көрүнөт.

Окуялардын өнүгүшү менен Учей-Фуга чейрек жүгөрү унга сатылган алсыз кызда тап сезими пайда болуп, эркиндик үчүн болгон улуу күрөшкө катыша баштайт. Учей-Фу, Максүттөрдүн Искендер жөнүндөгү бузук ойлорун тыңшап угуп, кыйынчылыктарга карабай Искендерге жеткирип, Эркиндик үчүн болгон күрөштүн түздөн-түз катышуучусуна айланат. Келечекке үмүт менен караган Зулайка Учей-Фудан, анын аялынан көргөн кордуктарга чыдап берет.

Ал:

Муз ашуулар ашсак да,
Чыдаймын, кыйын дебесмин.
Жанында бирге боломун
Өлүмгө башты тосомун,

— деп кандай болсо да кыйынчылыкка чыдай турганын айтып, акыры Искендердин жардамы менен тилегине жетип, сүйгөнүнө кошулат.

Драмадагы терс каармандарга болуш Максүт, анын жанжөкөрлөрү Алымбай, Мамбет, Касымбай, кытай феодалы Учей-Фу кирет. Турусбековдун терс каармандары жалаң гана оройлугу, эзгичтиги менен эмес, кытмырдыгы, митаамдыгы менен да айырмаланат. Терс каармандардын эң башчысы — Максүт. Ал ондогон жылдар бою элди эзип келген — кыргыз феодалы. Максүттө өзүнүн жекече кызыкчылыгынан башка эч кандай кызыкчылык жок. Кедейлердин өлүмү же оор турмушу ал үчүн тыйынга да арзыбайт. Зулайканы жарым чейрек унга саткан да, Искендердин буту-колуна кишен салдырган да мына ушул Максүт. Элди алдаш үчүн ал түлкүдөн да куу. Ал андай учурда бал тилин салып, эс-

киден бери келе жаткан элдик адат-салтты эпчилдик менен пайдаланууга тырышат. Көтөрүлүш башталарда ал башкалардай кыйкырбай, эл менен кеңешкиси, элди өз жагына тарткысы келет.

Падышага аскер берем деп келген элдин толкундоосун дароо байкап: «Буйрукту окуп берейин. Падышанын буйругу кудайдын буйругу, болбосо биз эле силерди кантип өлүмгө айдайлы» — деп эл камын көргөн адам катары өзгөрө түшөт. Качан эл Искендер менен Бектурдун тарабында экенин сезгенден кийин, аларды өз жагына тарткысы келип: «Журт адашып жатасыңар, жалгыз аттуу селсаяктын артынан ээрчигениңер эмне?» — дейт. Ал эми кытай жерине барганда Учей-Фу менен мурун сүйлөшүп алып, өзү болуштукту алуу үчүн: «Мындай арзан кызмат табылбайт, ушунда эле иштей бергениңер оң», — деп эл кишиси катары сүйлөйт.

Максүттүн мындай аракеттеринин бардыгы анын эки жүздүүлүгүн ашкерелейт. Элдин каарын келтирип, ызасына тийген Максүт, анын жан-жөкөрлөрү Мамбет, Алымбайлар акыры ошол элдин колунан ажал табышат. «Ажал ордуна» баарынан мурда кыргыз драматургиясындагы биринчи тарыхый драма болгондугу менен баалуу.

## АЖАЛ ОРДУНА

*(Үзүндү)*

*(Эр жигит эл четинде, жоо бетинде)*

КАТЫШУУЧУЛАР:

*Искендер* — кайраттуу, толмоч кедей жигит, 25 жаштарда.

*Бектур* — 80 жаштарда. Көптү көргөн, кайраттуу, жашы көпкө кеткен болсо дагы сөөгү мыкты, жайкалган ак сакалдуу карыя.

*Кабыл* — кайраттуу, 20 жаш чамасындагы жигит.

*Зулайка* — 17—18 жаш чамасындагы келбеттүү, сезгич кыз.

*Зулайканын атасы* — карып калган киши.

*Зулайканын энеси* — карып калган аял.

*Кармышак* — кедей чал.

*Максүт* — болуш. Куу, 40 жаштар чамасындагы киши.
*Насип* — жесир аял, 35—40 жаш чамада.
*Алымбай* — 30-35 жаштардагы манап. Өкүм.
*Учей-Фу* — Кулжадагы сүткөр соодагер.
*Гуан-Сиуа* — Учей-Фунун жигити.
*Литун-Чан* — Учей-Фунун мурунку малайларынан.
*Си-Тай-хао* — Учей-Фунун аялы.

Башка дагы көтөрүлүшчүлөр, солдаттар, кызыл партизандар катышат.

## I СҮРӨТ

Күзгө таянып калган учур. Карагай, арчалуу капчыгай. Өрдөп барган жери дөңсөө, бир жагы кокту сымалдуу. Жогортон коктуну көздөй агып жаткан кашка суу. Көшөгө ачылганда ыраактан ырдап келе жаткан кыз-келиндердин үнү. Булар суугa келе жаткан кыз-келиндер.

Биринчи кыз

Аркар, кулжа төрдө ойноп,
Өрдөк, чүрөк көлдө ойноп;
Жатакчылар конушат,
Ташылышып көл бойлоп.
*(Киришет)*

Ж а л п ы

Багы болсун жигиттин,
Ары болсун жигиттин.
Бизге окшогон жайдары,
Жары болсун жигиттин....

З у л а й к а

Мүнөзү бар салмактуу,
Жатакчыда ардактуу
Бозойлор бар мүнүшкөр,
Кыз, келиндер, биз ак куу.

Ж а л п ы

Багы болсун жигиттин,
Ары болсун жигиттин.
Бизге окшогон жайдары,
Жары болсун жигиттин.

9 – 17-595

Н а с и п. А, айланайындар, ырас айтасыңар, ошол асыл бадардан айрылып, эмне оокат кылар экенбиз, кырчындай болуп тегиз өсүп келе жатышты эле.

*(Искендерлер кирет)*

И с к е н д е р. Амансыздарбы?

Н а с и п. Аман-эсен айланайындар, деги эмне болуп жатасыңар?..

И с к е н д е р. Эмне болмок эле, жеңе... баарыбызды тең зордук менен аскерге алып жатат.

З у л а й к а. Зордукка жигит чыдайт бекен?..

И с к е н д е р. Зордук күч болсо, чыдабай кантсин?..

З у л а й к а. Анда жигиттин кайратынын жоктугу... (*Маанилүү карайт)* Жүргүлө! *(сууларын бакандашып алып баса түшүп барып, токтоп калышат)*.

И с к е н д е р. Ырас... анда жигиттин кайратынын жоктугу!.. *(оор тынчтык. Эл чогулуп куңурт ойго кеткен)*.

И с к е н д е р

Кедей шордуу кайда барып батасың.
Жөндүү турмуш даамын качан татасың?...
Бай сүйлөсө бүжүрөбөй эркинче,
Бойду жазып качан эркин басасың?
Жалдыратып оокат кылган жерди алды,
Жерди албады казып жаткан кенди алды.
Эртеңки өмүр кайгы болуп жүктөлүп,
Кедей саган какыраган бел калды...

Б е к т у р

Күндө келип старчындар камады,
Жалаа кылды, шумдуктарды жамады.
Алым, чыгым буйрук бар деп жогортон,
Кедей сени туш-туш жактан талады.

1-сүрөттүн аягында жогортон буйрук бар деп, старчын, болуштар кедейлерге күнүгө салык салышат. Кош кабат мындай зомбулукка чыдабаган эл курал-арак камдап, падышанын аскерлерине каршы аттанат.

2-сүрөттө падыша аскерлери карапайым калкты кыргынга учурата баштайт. Искендер Алымбайды атып таштайт. Эл дүргүп, Кытай жерине бет алат.

Б а р д ы г ы

Туулуп өскөн кең Ысык-көл калдыңбы?
Заман чиркин, каарыңа сен алдыңбы
Кен Ала-тоо мынча неге томсордун
Боорундагы элинди сен тандыңбы?

Кордук-зордук, зомбулукка көнө албай,
Топурак буйруп өз боорунда өлө албай,
Окко учуп өлгөндөрдү жашырып,
Жай баракат урмат кылып көмө албай.

Биз жөнөдүк түп көтөрө Кытайга,
Кош, Ысык-көл, кош, Ала-тоо, өскөн жер!
Алдыдагы өмүр жолу караңгы,
Кандай күнгө учурашат калың эл.

Кош, өскөн жер, касиеттүү Ысык-көл!
Кош, капчыгай, кошкун жайык сары төр!
Кош, чайкалган берекелүү Ала-тоо!
Кош, бардыгың, качкындардын алын көр!

## III СҮРӨТ

Учей-Фунун короосу. Катын, бала аралаш калың кыргыз. Алдыңкы планда. Искендер, Бектур, Кабылдар. Бардыгы оор жүк баскандай.

Б е к т у р

Долу Музарт кузгундап,
Күзгү кирген чагы экен,
Аңгектен качсаң дөңгөккө,
Шордуу элдин багы экен!
Кууп келген солдаттар,
Жаадырып окту камады.
Жүрөгү бар азамат,
Ошондо ишке жарады.

И с к е н д е р

Акылдан эл шаштыбы,
Музартта агып жаттыбы.
Алдыдан тороп чериктер
Ажалдын отун чачтыбы.

Менин карган ата-энем,
Ошондо каза таптыбы, аба!

Б е к т у р

Бешиги менен бала акты.
Унаасы менен дан акты,
Ошондой болуп ал күнү,
Музартта кочкул кан акты.
Сенин карган ата-энең,
Элге аралаш келаткан,
Эмне болду билбедим,
Чыкпай калды Музарттан.

Н а с и п.

Бул кандай мейрими жок супсур заман,
Бул кандай мунда жүрүп жетеби ажал,
Бири кул, бирибиз күң болуп жүрүп,
Жаш акпай көзүбүздөн агабы кан!..

Ж а л п ы.

Кайран эл белчесинен батып канга,
Ит, кушка жем болобу ашууларда,
Текесте, Аксуу, Турпан, Акыязда,
Тилемчи болобузбу кайгы-зарда.
Бу кандай мандайдан шор арылбады,
Бу кандай дапдаана жол табылбады.
Бу кандай мейримсиздик токтободу,
Муңканган шордуу элдин зарылганы?..

И с к е н д е р

Зордукка мынча чыдадык,
Дагы кайрат кылалык.
Кайраттан журтум, кайраттан,
Дагы кайрат кылалык!
Көөдөндөн жан чыкканча,
Суук көр алып кысканча.
Бой тирешип туралык,
Кайраттан журт, кайрат кыл!

*(Максүттөр кирет.)*

М а к с ү т. И, балдар, жакшы турасыңарбы?
И с к е н д е р *(Кекээрлеп)* Кеп барбы, сонун!

М а к с ү т. Ал эмне деген кебиң? Жакында бул жерге келген кыргыздарга мени болуш кылып шайлашты.

И с к е н д е р. Жакшы кылыптыр!

М а к с ү т. *(Искендерди акырая карайт.)* Бизге жер, суу бергиле дедик эле. Кулжанын шаңыясы ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, бул тууралуу уруксат сурап Үрүмчүгө киши жиберди.

И с к е н д е р. Жок кеп. Максүт, болуш болсоң болгондурсун, анан бул жердей жер, суу алып берем деп башты айландырбачы!

Ү н. Болуш ыгын тапса, алса алып берер!

К а б ы л. Бул жердегилер тим эле жер-суусун бере коймок беле.

Н а с и п. Жер, суу бергенде эле тынч оокат кылдыруучу Максүттөрбү?

М а к с ү т. Болду!

Н а с и п. Зекибе! Сенден корко турган жерим жок, алар жалгыз баламды эчак алып жуткансың!

М а к с ү т. *(Акырая карайт.)* Азыр жооп келгенче эптеп оокат кылганыңар оң, мен ошону ойлонуп, бул жердеги бир кур байбачалар менен сүйлөштүм.

Ү н д ө р. И...

М а к с ү т. Силер күндүккө кызмат кылып тура тургула.

И с к е н д е р. Ал кызмат акы кандай болот экен?

М а к с ү т. Кандай болмок эле, эптеп турсаңар болбодубу?

И с к е н д е р. Жакшы адилдик экен!

М а к с ү т. Искендер! *(Искендер тескери басып кетет.)* Бектур, Искендер баш болуп алтоок, бул жерде калгыла, калганыңар Мамбетти ээрчип баргыла, бөлүштүрүп баарыңарды орундатат. Баргыла эми урушта туруш жок. *(Эл дүрбөп козголо баштайт)*.

К а б ы л. Эч кандай кызмат акысыз, бир сындырым нан үчүн эртеден кара кечке кызмат кылып бергиле дегениң эч кандай адилдикке жатпайт го дейм.

М а к с ү т. Балам, сен абайлап сүйлөгүн!

И с к е н д е р. Жарайт журт, айла барбы, азырыча иштеп туралык, кийинкисин көрүшөрбүз!..

М а м б е т. Жүргүлө. *(Эл чубуруп чыгат. Бектур, Искендер, Кабыл дагы бирөө жана эки аял калат).*

М а к с ү т. Силерди бул жерге бөлүп калгандагы максатым, «атаңды өлтүргөнгө, энеңди бер» деген ылакап бар, канчалык мага жамандык кылсаңар да, мен силерге жакшылык кылайын дедим. Бул Учей-Фу аке болсо көздөй киши. Силер ушул кишиникинде иштегиле.

И с к е н д е р. Кызмат акыбыз эмне болот экен?

У ч е й-Фу. Ырас, азыртан ачык сүйлөшүп коюш керек. Мага бир-эки гана киши керек эле, Максүт акем айтып калгандан кийин баарыңарды алайын деп убада кылып койдум. Азыр жөн гана иштей бергиле, кийинчерээк кызматыңарга жараша акы төлөйм.

Б е к т у р. Арты кайырлуу болсо болуптур, *(Искендер катуу үшкүрөт, тыштан кытай уйгурлары кирип келет.)*

Л и т у н-Ч а н. Учей-Фу аке, бул эмне кордук! Биз кайсы жерибизден жаздык.

У ч е й-Ф у. Олурандабагын, аны бер, муну бер, жумуш оор, акымды көбөйт деп адамдын башын айландырасыңар да отурасыңар. Баргыла эми. Тилеген жерден акыңарды көбөйтүрүп алгыла. Силер чапкан кетменди, мына булар да чабат. Силерге бергенди буларга берсем, сообу тиет. Кишинин башын көп оорутпай кете бергиле. Эмесе силер тыяк-быяктан кам санабай иштей бергиле. Жүрүңүз, Максүт аке.

Л и т у н-Ч а н. Чыгарганга жараша акыбызды төлө!

У ч е й-Ф у. Кандай акы?

Л и т у н-Ч а н. Билбей калдыңбы? Нечен жылдан бери кетмениңди чаптык, кыл деген жумушуңду кылдык. Убалдан корксоң боло, төлөгүн акыбызды!

У ч е й-Ф у. Бербедим, колуңар жеткен жерден барып алгыла!

Л и т у н-Ч а н. Мындан жардам болбойт. Мындан кылган үмүт куру убара. *(Искендерлерге)* Мынакей биздин көргөн күнүбүз...

И с к е н д е р. Ырас курдаш, кайда болсо кедейлердин көргөн күнү ушул.

У ч е й-Ф у. Тарт эшек. *(Малайлар чыгып кетишет. Эшиктен кыңкыстаган үн, жетелешип абышка, кемпир, жанында бойго жеткен кызы бар, киришет. Искендерлер мунун Зулайкалар экенин тааныйт).*

А б ы ш к а. Айланайын байбача, улаганда жүрүп кызматыңды кылып, жуундуңду ичип жан сактайлы. Сооп үчүн бизди дагы кызматка алыңыз.

У ч е й-Ф у. Албаймын абышка. Сизсиз эле ашык кызматкер алып койдум. Сиздин колуңуздан эмне жумуш келет! Башка бирөөгө барыңыз. *(Искендер үшкүрүп басып кетет).*

Б е к т у р. Шордуу журт эмне болуп кеткенсиңер! *(Бектур үшкүрөт).*

М а к с ү т. Кайсы уруктансың?

А б ы ш к а. Салмакемин, айланайын.

М а к с ү т. Бу киши Баатыркан таздын элинен экен го. *(Учей-Фуга жаңдап кызын көрсөтөт.)*

У ч е й-Ф у. Жарайт! Абышка, мен сага жардам кылайын. Сен баланды бир чейрек жүгөрү унга сат.

М а к с ү т. Карыя ошондой кылгын! Болбосо өзүң кантип кызматка жарайсың.

А б ы ш к а. Баламдын көргөн күнү эмне болор экен!

М а к с ү т. Эмне болмок эле абышка! Өз үйү – өлөң төшөгү болуп жүрө берет да.

У ч е й-Ф у. Эмесе мейлиң, баланды сатпасан сатпа, өзүңдү кызматка ала албайм. *(Басат.)*

Абышка. Макул эми, айланайын. *(Кемпир ыйлап жиберет.)*

К е м п и р. Айланайын кулунум, кантип сенден айрылам. *(Кучактап ыйлайт. Зулайка жулунуп чыгат.)*

З у л а й к а. Энекебай!.. *(Кучакташып уңшуп ыйлап калышат.)*

Б е к т у р.

Ай, заман, ай!
Зулайканын энеси
Куйкалаган жүрөктү,
Мына кайгы, мына муң,
Бүткөн бойду бошоткон,
Кандай абал мына бул!

К а б ы л

Мына бул турган карындаш,
Өмүрдүн гүлү эмеспи.
Сабагына дарт түштү,
Эми гул соолуйт эмеспи.
Кыздарын сатты ушундай,
Кандай айла кылабыз.
Кордук өтүп бaратат,
Канткенде эми чыдайбыз!

З у л а й к а

Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар,
Же мен байкуш силерге,
Өгөй белем айтчы энем,
Чейрек унга бааланып,
Сатылуучу мен белем?
Ак маманды аймалап,
Эмдим эле энеке,
Жалгыз мен деп ар убак,
Келдиң эле энеке!
Жок болобу ушинтип,
Шордуу кыргыз тукуму.

*(Атасы баштыгын көтөрүп кирет).*

Айланайын атаке,
Менин кунум ушубу?
Айланайын атаке,
Эркелетип бакканың,
Айланайын энеке,
Түрдүүлөп шуру такканың!
Аягы келип ушундай,
Болмок беле убайым,
Айтсаңарчы калайык,
Айтсаңарчы угайын!

К е м п и р.

Ботосунан айрылып, кокуй,
Боздогон инген мына мен, кокуй.
Айланайын кулунум, кокуй.

Боздоп калган ботом сен, кокуй!
Эми кантем кулунум, кокуй,
Менде кандай айла бар, кокуй,
Тирүүлөй сенден айрылып, кокуй,
Мендей шордуу кайда бар, кокуй!..

А б ы ш к а. Каралдым, Зулайка! *(Кучактап ыйлап калат, Гуан-Сиуа кирет).*

Г у а н-С и у а. Абышка! Ой кыз, сен дале кечке өксөй бересиңерби, соода бүттү. Бар жолуңа! Унуңду алып кет.

К е м п и р. *(Зулайканы кучактап уңшуп ыйлап)* Карегим, тирүүлөй айрылдымбы...

Г у а н-С и у а. Болду эми кызындын өлгөн жери жок. *(Булкуп ажыратат, абышка, кемпир салмак менен басып чыга баштайт. Зулайка эси оогон түрдө. Энеси кайрылат. Демитип кайта кучактайын дегенде, Гуан-Сиуа экөөнүн ортосуна тура калат да, кемпирди түртүп чыгарып жиберет).*

З у л а й к а. Өлтүрүп кет, атаке, өлтүрүп кет, энеке! *(Артынан чуркайт).*

Гуан-Сиуа. Токто, бас үнүңдү! *(Тартып таштайт, Зулайка жыгыла турган болуп келе жатканда Кабыл кучактап калат).*

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Жусуп Турусбековдун чыгармачылык жактан эрте жетилишине кандай факторлор таасир кылган?*
2. *«Энем» поэмасы аркылуу акын кыргыз поэзиясына кандай жаңылыктарды алып келген?*
3. *«Энем» поэмасынан өзүңөргө жаккан жерлерин жаттап алып айтып бергиле.*
4. *«Ажал ордуна» драмасындагы оң жана терс каармандар жөнүндө сүйлөп бергиле.*



# ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ
## *(1910—1944)*

Белгилүү кыргыз акыны Жоомарт Бөкөнбаев Токтогул районундагы Мазар-Сай айлында туулган. Болочок акындын атасы Бөкөнбай каардуу турмуштун туткунунда кыйналып жашаган кедейдин бири болгон. Энеси Алтынай да ошондой бүлөдөн чыккан, өңдүү-түстүү, сөзмөр, элдик макал-лакап, жомокторду билген, кээде өзү да кошок чыгара койгон, тубаса жөндөмдүү аял болгон. Адырлуу тоо-токойдо байдын коюн кайтарып, жаш жүрөгүн жаралаган жетимдик өмүрүн Жоомарт кийин «Эжеме кат» деген ырында мындайча эскерет:

Өткөн күндөр өттү бизден  
Ойдон кетип көргөнүм  
Бирок кетпейт эч эсимден  
Ыйлап мага келгениң  
Кой артында мен жүргөндө  
Тапканыңды бергениң  
Дедиң боздоп, муң кайгыда:  
«Жан күйөрүм, эрмегим»  
Тең көрүштүк чыркырадык  
Борбу байдын чеңгелин!

Көргөндүн көз кумарын кандырган арча, бадалдуу жапайы алма-өрүгү жайнаган Арым жайлоосунун керемет көркү кой артында сенделип жүргөн болочок акындын шыгына түрткү берет.

Аш-тойдогу ырчылардын ыр, обондору анын тубаса сезимине таасирин тийгизе баштайт.

Ал бала чагынын бир үзүмүн минтип эскерет: Ушул күнү алды жактагы суунун боюна барып жаттым. Бул түнкү корккондугум ай!... Кичине чагымда энем айтчу жомоктогу «жез кемпир», «желмогуз», «жан алгычтардын» баары эсиме түшүп, көзүмө элестейт.

Сөзгө чебер Алтынай апанын айткандары Жоомарттын сергек сезиминде калып, ой-кыялынын өсүшүнө көмөктөшкөн. Айрыкча ал Токтогулдун ыр, күүлөрүн бала чагынан көп угат. Демек, элибиздин оозеки чыгармачылыгы, акындардын ыр, күүлөрү Жоомарттын адабий ишине ык коюшунун баштапкы «алиппеси» дешке негиз бар.

Шаарга окууга бармакчы экендигин Жоомарт энесине айтканда, билимдин маани-жайына али түшүнө элек энеси катуу каршылык көрсөтөт.

Ал жөнүндө Жоомарт мындайча эскерген: «Өлүм оозундагы бечара энемдин ыйлуу сөздөрү сай-сөөгүмдү сыздатып, жаш жүрөктү эзип түштү, көзүмдүн жашы толуп турса да төкпөдүм. Ирмебедим. Ай, эне ай... ширин го... анын ыйлаганы мен үчүн оор кайгы, калың муң болду. Мен жүз кадамча жүрүп, кылчайып карасам, эт-бетинен түшүп ыйлап жаткан экен. Кайта кароого чыдай албадым. Ээгимди кесе тиштедим да кеттим».

Ошентип, жаңы турмуш жолуна кадам шилтеген Жоомарт 1927-жылы Жалал-Абаддагы Көк-Арт балдар үйүнө алынат. Андан соң Оштогу педтехникумга, андан Фрунзедеги (Бишкек) педтехникумга жиберилет. 1928-жылдан баштап ал Борбордук педтехникумдун студенти болот. Жоомарттын классташы Кубанычбек Маликов аны менен биринчи кезигишин мындайча эскерген: «Мен аны Фрунзеде, дем алыш күнү, калаанын башында окуучулар чогулуп, ойноп жаткан жерден көрдүм. Боз кездемеден күрмө шымы бар, өтүкчөн, башына жашыл сайма топу кийген, оңой менен унчукпаган, болтойгон гана боз бала экен. Адегенде бир топ күнү чочугандай болуп четтеп жүрдү. Техникумда бир класста окуп калдык. Бара-бара үйүр алышып, бир жатаканада жатып, адабият ишине жанаша отуруп кеңеше турган болдук. Унчукпаган Жоомарт сүйлөй баштады. Баягы жоош Жоомарт жок. Көрсө ал көзү оттуу, алгыр мүнөздүү, жалындуу, курч, кезегинде бетке чабар, кезегинде жатык-

элпек, жайдары, шайыр адам экен. Качан болсо да ээндей түшкөндө оозу-башы кыбырат, ичинен күңгүрөп жүрөр эле. Көрсө келечектин күчтүү акыны адабиятка ошончолук берилип жүргөн кези экен».

Техникумдун окуучуларынын айтуусуна караганда, тил, адабият сабагында орус жазуучуларынын чыгармаларын талдоого көбүрөөк көңүл бөлүнгөн. А.С.Пушкин, М.Лермонтов, М.Горький сыяктуу жазуучулардын чыгармалары казак, татар тилине которулган котормолору аркылуу окутулуп турчу. Окуучулар алардын көбүн жаттап да алышкан. Он жети жашар Жоомарт басма бетине жарык көргөн «Жер алган кедейлерге» аттуу тунгуч ырын Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө 1927-жылы жүргүзүлгөн жер-суу реформасына арнап жазгандан баштап эле өзүнүн өмүрүн эл үчүн арнап койгону маалим болот.

Элдин эзелки үмүтүн актап, демилгесин козгогон жер-суу реформасы Жоомартты да толкундатпай койгон жок, өз кубанычын элдин шаттык маанайын коштоо менен обонго салган. Жаш автордун бул алгачкы адабий тажрыйбасы түштүктөгү жер-суу реформасына арналган. Акындын туңгуч ырлар жыйнагы 1933-жылы «Эмгек төлү» деген ат менен чыгат. Аталган жыйнак «Жер алган кедейлерге» аттуу ыр менен ачылат. Анда билимге умтулган жаштар, табигат көркү, айыл жаңылыктары, эркин эмгек жөнүндөгү ырлары орун алган. «Менин ырым» аттуу ырында жаш акын мындай дейт:

Менин ырым кимдер үчүн ырдалат?
Жүрөк толкуп кимдер үчүн ыргалат?
Күндүр-түндүр кубулжуган үн менен,
Булбул дабыш кимди мактап күү чалат?
Мен ырдабайм, кызыл алтын зер үчүн,
Мен ырдабайм, напси бузук мал үчүн,
Мен ырдаймын-кайрат болуп эмгекке,
Таза жүрөк жанган жалын эл үчүн!

Бул ырда бүткүл өмүрүн элдин тагдыры, кызыкчылыгы үчүн арнап койгон акындын поэтикалык образы жалындайт. Жаш акында турмуш көрүнүштөрүн шайыр-шат кабыл алуу, аны кубулжуган күүгө окшош поэзия тилине са-

луу аракети сезиле баштаган. Мезгил талабына шайкеш келерлик чыгармалар жазуу үчүн дүйнө таануу, жалпы кругозорун кеңейтүү, көпчүлүк кыргыз акындарындай эле Ж.Бөкөнбаев үчүн да зарыл болчу. Акындын ырларынын арасынан «Эмгек» аттуу ыры өзгөчө бөлүнүп турат. Адам эмгеги – жаш акындын баасы боюнча, адамды бак-дөөлөткө бөлөп, материалдык жыргалчылыкты түзүүчү, «алтынды сансыз кылып» табуучу булак. Ал гана эмес адамдын өзүн да өзгөртүүчү күч:

Алтынды сансыз кылып тапкан — эмгек
Адамды адам кылып баккан — эмгек.

Акындын лирикалык каармандары дың жерди көркүнө чыгара баштаган «турмуштун туусу» болгон жөнөкөй эмгек адамдары. Ошондуктан «Кырманда», «Орокчулар» сыяктуу чакан лирикаларынан биз далысын жалынга кактап, мандайдан терин көшүлтүп эмгектин маңызын чыгара иштеген мээнеткеч абалардын элесин көрөбүз. Алардын адал эмгегинин натыйжасында:

Карасам боолор байланган,
Шыңгырап орок кайралган.

1931-жылы газетада редактор болуп иштейт. Басма сөз жаш акындын эл турмушу менен тыгыз байланышта болуусуна шарт түзөт. Эски салт, көп аял алуу, паракордук, уруучулук-жаатчылык сыяктуу калдыктарга каршы күрөштө өсө баштаган жаңы көз караштагы адамдарды акын өз көзү менен көрөт.

Турмушта жаңыга умтулуу, демилгелүүлүк акындын жүрөгүн эргитип, чыгармаларынын мазмунуна айлана берет. Жоомарт жаңы турмушту бат эле куруп, элдин оокаттуу, маданияттуу жашоосун эңсейт. Ал үчүн калкты алдыга багыттоочу үгүт, насыят иштерин жүргүзүү зарыл деп эсептеген. Эмгектин дагы бир түрү акындын түшүнүгү боюнча рухий өсүүгө умтулуу болчу. Ушундай турмуш көрүнүшү акындын бир далай ырларынын мазмунун түзгөн. Мисален, «Алгыла алтын билимди» аттуу ырында акын дыйкандардын сабатсыздыгын жоюп, окуп жаткандыгына кубанып, аны ачык, даана сүрөттөй алган.

Ж.Бөкөнбаев шахта даярдоо иштерине байланыштуу Кыргызстандын түштүгүнө барып турган. Кызыл-Кыя, Таш көмүрдөгү шахтёрлордун эмгегин өз көзү менен көргөн. Шахтадагы жумушчулардын чалыкпаган эмгеги акындын чыгармачылыгындагы идеялык-тематикалык мүмкүнчүлүгүн кеңитүүгө таасирин тийгизген. Бул жөнүндө акын мындайча жазат: «Менин жүрөгүм эмгектин таалиминен жаралган эмеспи? Менин ырым эмгек менен гана болот. Бул эмгекти көгөндө кой десе да болбой куюлушкан ырлар атып чыкпадыбы... Мен тим эле акынмын деп айды, жылдызды, шиберди ырдап жүргөн турбайымбы! — деп ичимден шыбырай келдим.» «Акындын «Кызыл-Кыя», «Сүлүктү» аттуу чыгармаларында кыргыз адабиятында биринчи жолу шахтёрлордун шаңдуу эмгеги ырга салынган. «Кызыл-Кыяны» окуганыбызда биз көз алдыбыздан жер алдында «тарам-тарам тарап кеткен» токсон тогуз «чоюн сызык жолдор», шахтанын ичиндеги жандуу кыймыл көз алдыдан чууруп өтөт.

Эмгектин майын чыгарып жаткандар эр жүрөк эпкиндүү шайыр жаштар — кечээ койчу, бүгүн кенчи кайраткерлер.

Алардын кажыбас колдору жердин түбүн аңтарып, кара алтынды мол алып өнөр жай азыгын камдашат. Шахтёрлордун эмгегин күүгө кошкон чыгармаларында Ж.Бөкөнбаев өз алдынча жаңылык киргизүүгө умтулганы байкалат.

Айрым ырларында акын эл турмушуна кире баштаган жаңылыктарга толкундап, аларды эргүү менен даңазаласа да, бийик идеянын ажарын ача көрсөтүүчү көркөм сөз каражаттарын табуу чеберчилиги али жетпей изденүү жолунда «буюгуп» турганын байкоо кыйын эмес. Маселен, тракторду чоюн өгүзгө, паровозду тулпарга салыштырган.

Ж.Бөкөнбаев эл акындарына көп жагынан жакын турган, анын айрым ырлары эл акындарынын традициясы боюнча эле, жерге, комузга, калемге кайрылуу менен башталган.

1933-жылы Москвада журналисттер институтунда окуйт. Ал жөнүндө «Мен өзгөрөм» ырында дейт:

Мына бүгүн Тянь-Шандан жөнөдүм
Үйрөнүүгө Москванын өнөрүн.

Керме тоолук боорлорум, аман бол,
Өзгөрөрмүн, мен тентегиң өнөөрмүн!
Өсүп, өнүп өмүр туусу — кыялды
Өнөр менен
Кайра жасап келермин.
Казылбаган
Капастагы калың кен
Калың кенден
Дагы казып берермин!

Ж.Бөкөнбаев улуу Токтогулдун өмүр баянын тактоодо көп жумуштарды иштеген. Натыйжада Токтогулдун өмүр жолун иликтеп, чыгармачылыгын жалпылаган «Өмүр» аттуу көркөм очеркин жарыялайт.

Бул жылдарда Ж.Бөкөнбаевдин чыгармачылыгында келечекке көз жүгүртүп, кыялга батуу сыяктуу стилдик боёктор орун алган. «Кыялым бир күн чын болор», «Кыял» сыяктуу философиялык лирикалары — акындын келечек жөнүндөгү ой-толгоолорун чагылдырат. «Калың кыял кемесине» минип алып, келечекке көз жүгүртсө, акындын көз алдынан таалайы кең келечектин кеңири картиналары экрандагыдай чубуруп өтөт. Лирикалык каармандын кыялы закымдап, Ала-Тоонун аскасынан айланат, Ала-Тоодон «алтын күмүш» кендерди таап, чабандарга «айнектелген кирпич» үйлөрдүн салынганын өз көзү менен көргөндөй сезет.

Ошентип, өмүргө куунак караган акын бактылуу келечекти, билимдүү элди, шайыр-шат заманды эңсеп, эртедир-кечтир ал кыялы ишке ашаарына ишенген. «Өмүр», «Эртең», «Карыянын сөзү» деген ырларына турмуш бешигинде термелген акын өмүрдүн кыскалыгына таң калат. Адамды «ой-боюна койбой тороп алчу» карылыкка жеңдиргиси келбейт, дайыма жаш болууну эңсейт.

Эгер жаштык «Асманда болсо, алгырдай жетип» имерип алууну да самайт. Эгер жашчылык деңизде болсо «балыктай сүзүп турармын» дейт.

Ж.Бөкөнбаевдин «Алай», «Ала-Тоо», «Жайдын кечи» сыяктуу пейзаждык лирикасы идеясынын тактыгы, сүрөттөөнүн конкреттүүлүгү менен айырмаланып турат. Акын Ала-Тоонун «тукабадай кулпунган» тулаңы, «аска-

лардан ышкырган» улары, «ак пахтадай чубалган» туманы адам турмушу үчүн жаралган деген ойду көркөм чагылтып, ишенимдүү бекемдейт. Мекендин «саймаланган» жайлоосу, асман мелжиген тоолору куру эле мактоого алынбайт, акын аны адамдын эмгеги, турмушу менен органикалык байланышта сүрөттөйт.

Мекендин байлыгына, керемет көркөмүнө суктанган акын анын коопсуздугу жөнүндө аны коргоо темасында да ойлонуп, ал үчүн өмүрүн арнап койгон уул-кыздардын жандуу образын жаратууда да ишкердуу эмгектенген. Көркөм чеберчиликти өнүктүрүү, сөздү сайымдуу колдоно билүү акындын Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде жазган чыгармаларынан айкын сезилет. «Ата журт үчүн майданга!» ырында адилеттик менен кара ниеттикти салыштырып айтат. Душманга каршы күрөшкөн жоокерлер «бүркүткө», «ылаачынга», «шумкарга» салыштырылган болсо, баскынчы душман «кутурган итке», «кара жыланга», «ажыдаарга» теңештирилип, фашизмдин жырткычтык, мыкаачылык дүйнөсү ашкереленген.

1941-жылы акын колуна согуш жарагын алып, өз ыктыяры менен майданга жөнөп кетет. Элине кайта келгенге чейин ал «Н» дивизиясында уюштурулган «Мекен үчүн алга» газетасынын редактору болуп, баатырдык жөнүндөгү чыгармаларын жазууну уланта берет.

Элдин патриоттук сезимин, күчтүү демилгесин билдирүү үчүн Ж.Бөкөнбаев элдик поэзиянын жанрлык түрлөрүнөн болгон «чакырык», «коштошуу», «ант» түрүндөгү формаларды өзүнүн чыгармачылыгында кеңири өнүктүрөт. Булардын ичинен «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга» деген ырын көрсөтүүгө болот.

Бул ырда акын «киндик каны төгүлгөн» жери, көпөлөк кууган күндөрү эли үчүн майданга жөнөп бараткан эр-азаматтардын атынан: «Өлүмдөн жаман эмеспи, өч албай кайра келгеним» дейт.

Акындын «Атандан» аттуу ырында кыргыз карыясынын уулуна берген насааты айтылат. Анда карыя баласынан чыбык алып «найза» деп ойноп жүргөн кичине чагын эскере келип, «айтышса намыс алсын деп» алпештеп баккан жигиттин кези эми келгенин айтат:

Алдындан чыккан душманды,
Арстандай чапчып таштагын.
Артында атак сөз калсын,
Ата журт антын актагын!

Ата-эне, сүйгөн селки, жарлардын койгон талабы өтүмдүү чыксын үчүн акын эне тилибизден курч, жүрөккө таасирдүү сөздөрдү издеп, таамай колдонот:

Жаштыктын ширин мөмөсүн
Жартылай бөлүп бир жешкен.
Ырайым кылба душманга,
Өмүргө кара так салба
Өзүңдү тууган эл десең
Алдындан тосуп чыкпаймын
Айгышкан жоону жеңбесең!

1943-жылы Ж.Бөкөнбаев делегат болуп Украинага барат. Ал жерде «Салам кат», «Украина мекенинде» аттуу ыр, очерктерин жазат.

Алардын арасында «Ажал менен Ар-намыс» поэмасы өзүнчө айырмаланып турат.

Ж.Бөкөнбаев Москвада окуп келгенден кийин драматургия жанрына да кайрыла баштайт. Турмуштагы жаңылыктар аны да жаңы жанрга, жаңы темага багыт алууга жетеледи. Айрыкча айыл чарбасын коллективдештирүү темасы акындын көңүлүн буруп, «Каргаша» (1935) пьесасын жазат.

1932-жылы «Алтын кыз» поэмасын жазат, бирок ал чыгарма акынды канааттандырбайт. Акыры анын өзүнүн чыгармачылык максатын «Алтын кыз» (1936—1937) пьесасында жүзөгө ашырат.

Аны композитор Абдылас Малдыбаев музыкалаштырган. «Алтын кыз» пьесасынын поэтикасы каармандардын түрдүү сапатын ар тараптан ачууга мүмкүндүк берген.

Жоомарт Бөкөнбаев өтө кыска — 34 жаш өмүр сүрсө да, анын калеминен жаралган канаттуу ыр, поэмалар кыргыз адабиятынын жолундагы ийгиликтери катары кала берет.

10 – 17-595

## ЖАШТЫК КЕЗ

Жаштык кез – майтарылбас алмаз курал,
Жаштык кез – көз жетпеген бийик мунар.
Жадырап жер бетине гүл ачылса,
Жаркырап асмандагы күн кубанар.

Жаштык кез – чабыттаган кыраандайсың,
Жаштык кез – сайрап турган улардайсың.
Жайлоодон салкын соккон жел жапырган,
Жайкалган жашыл шибер ырандайсың.

Камыкпай каарданып чексең сапар,
Калың эл жаштыгыңды мактап айтар.
Камы үчүн калайыктын тартынбасаң,
Кайратың кара жерди солкулдатар.

Жаштык кез – жадыраган тийген нурча,
Жаштык кез – жайдарысың күлгөн кызча.
Жаралдың жаңы заман бактысына,
Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша.

## АККАН СУУ

Кырк миң жыл жердин алдынан,
Жарып чыккан аккан суу,
Толгон айдай жаркырап,
Жарык чыккан аккан суу.
Булан куйрук жез канат,
Балык чыккан аккан суу.

Адамзаттын сообун,
Алып чыккан аккан суу.
Курт, кумурска жандыкты,
Багып чыккан аккан суу.
Кара жердин алдынан,
Жарып чыккан аккан суу.

Көз жетпеген кара кыр,
Тоого чыккан аккан суу.

Кош тегирмен парага –
Ноого чыккан аккан суу.
Жети кабат жер менен
Зорго чыккан аккан суу.

Жер жүзүндө баарынын,
Бетин жууган аккан суу.
Ак ылайлуу өзөн таш,
Четин жууган аккан суу.
Адам менен айбандын,
Этин жууган аккан суу.

Көз жетпеген ала кар,
Сайда болгон аккан суу.
Чаңкаганда адамга,
Пайда болгон аккан суу.
Азган менен тозгонго,
Айла болгон аккан суу.

## БҮРКҮТТҮН КАНАТЫ

Ак булут асманында ойноп турган,
Үн чыгып капчыгайда аккан суудан.
Жел жүрүп көңүлүңдү эркелеткен
Жер ушул баатыр кыргыз мекен кылган.

Жашыл чөп – жарашыгы салкын жайдын,
Жайкалып, суу башына басып бардым.
Уюган ак мөңгүнүн этегинен,
Бүркүттүн бир канатын таап алдым.

Айланып учуп жүргөн эркин тоодо
Эргиген эр берендин канаты го.
Асемдүү жаркыраган ачык түндө,
Акындын толкуй турган адаты го.

Ташыган дарыядай кыял чиркин,
Отуруп ойго кеттим түркүн-түркүн.
Канатты оң колума кармап алып,
Кадимки Лермонтовчо сөзгө кирдим.

Сен канат, кайсы аскада туулгансың,
Кайсы тоо, кайсы адырды кыдыргансың?
Не себеп, эмнеликтен өзүң жалгыз,
Ажырап үйүрүндөн жулунгасың?

Кыш күнү жеминди издеп кыдырдыңбы?
Сермейм деп кардуу кырга урундуңбу?
Күркүрөп бийик тоодон көчкү жүрсө,
Ошондо эпкинине жулундуңбу?

Болбосо карышкырды алдың беле?
Катуулап тырмагыңды салдың беле?
Чапчылап карышкырды жатканыңда
Илинип караганда калдың беле?

Кылкылдап тоо башынан батар күндө,
Чабытта кыраан бүркүт кезергенде,
Ачуулуу айбат менен илип алып,
Аркарды асмандатып көтөргөндө.

Канатты кайрат кылып сермегенде,
Кайрылып капчыгайды өрдөгөндө.
Туйлаган төрт туяктын бири тийип,
Калкылдап түштүң беле учуп жерге?

Айт, канат, айтып берчи сырың кандай?
Жүрчү элең көкөлөнүп мурун кандай?
Канаты кулалынын эмессиң го,
Шыбактан чычкан аңдып жулунгандай.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүр баянын сүйлөп бергиле.*

*2. Акындын балалык кезин эскергиле.*

*3. Чыгармачылыгы жөнүндө эмне билесиңер?*

*4. Акындын ырларынан жаттагыла.*

*5. Акындын ырларында кайсы мезгилдер сүрөттөлгөн?*



# ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ ЖАНА АНДАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ *(1941—1959)*

**Поэзия.** Экинчи дүйнөлүк согуш башталгандан 1960-жылдарга чейинки мезгил аралыгында улуттук поэзиябыз мурдагыдай эле өкмөттүк саясаттын, расмий акыл-ой чектөөлөрүнүн алкагында өнүп-өрчүдү.

Ошондой болсо да, белгиленген 20 жылдын ичинде поэзиябыздын өнүгүш процессинде бурулуш учурлар, өзгөчөлөнүп турган тилкелер, аздыр-көптүр өзгөрүүлөр болбой койгон жок. Мындай оош-кыйыштар бир чети расмий саясаттагы, рухий турмуштагы өзгөрүштөр менен аныктался, бир чети улуттук маданиятыбыздын өсүш логикасынан келип чыкты. Маселен, улуттук поэзиянын өнүгүү тарыхына согуш жылдары өзүнчө, согуштан соңку (1946—1954) учур өзүнчө, андан кийинки мезгил (1955—1959) өзүнчө тамгаларын басты.

Согуш учрунда калктын эркиндигине, анын келечегине фашисттик Германия коркунуч туудурган. Ал эми жалпы эле эл башкаруу мекемелери ал кездеги үгүт-насаат иштеринин баарын өз элин баскынчы фашисттик күчтөргө каршы маанайда болтурууга жумшаган. Ошондон улам өздөрүн идеологиялык жоокербиз деп санаган биздин акындар бири калбай эли-журтту, өз жерин каракчылардан коргоого жеңиш үчүн жан аябоого, кан майданга аттанууга, согушта да, ооруктa (кыштакта калгандар) да эрдик көрсөтүүгө, фашист баскынчыларды жек көрүүгө чакырган ырлар жаза баштаган.

Согуш мезгилинде таанымал акындардан А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, Т.Үмөталиев, Т.Шам-

шиевдер чыгармачылык жактан активдүүлүк көрсөткөн. Ошол жылдары Ж.Бөкөнбаев «Бүркүт шаңшыды» (1941), «Шумкар ыры» (1942), «Кагылайын тууган жер» (1943), «Чабуул» (1944); К.Маликов «Канга кан» (1942), Т.Үмөталиев «Жеңиш ырлары» (1943), «Жеңиш» (1945), Т.Шамшиев «Фронттук ырлар» (1942); А.Токомбаев «Алкоо» (1944); М.Элебаев «Улуу марш» (1943); А.Осмонов «Махабат» (1945) чыгармаларын жаратты.

Согуш мезгилиндеги ырлар жалпы жонунан үгүт-насаат, чакырык, үндөө түрүндө жаралды. Поэзияга элдик оозеки ырлардагы аксанатай жана карасанатай күчтөрдү кескин карама-каршы коюу ыкмалары агып кирди, элибиздин жоокерлерине карата «арстан», «шумкар», «бүркүт» сыяктуу шаңдуу символдор, ал эми баскынчылар үчүн «карышкыр», «желмогуз», «каракчы», «канкор» өңдүү терс атамалар колдонулду. Эпостук каармандар (Манас, Семетей, Алманбет) патриоттук демди көтөрүүчү ураандар маанисинде айтылды. Ошондой эле элдик сюжеттерге кайрылуу да күч алды. Маселен, Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек», Т. Үмөталиевдин «Эң кыйыны кимиси?» деген поэмалары уламыштар негизинде жазылды. Бирок согуштук поэзия да элдик оозеки поэзиянын коштошуу, учурашуу, арноо, кат жазышуу сыяктуу жанрдык түрлөрү өзүнчө бир гүлдөө доорун башынан өткөрдү. Ошол кезде баарынан да элдик поэзиянын башатына мурдатан эле жакын турган акындардын, асыресе Ж. Бөкөнбаев менен К. Маликовдун чыгармачылыгы фольклорго ого бетер жакындашып кетти. Алардын көпчүлүк ырлары образдык түзүлүшү көркөм ыкмалары сөз айкалыштары жагынан анча айырмаланган эмес.

Экинчиден, согуш мезгилинде жазылган ырлардын басымдуу көпчүлүгү учурдагы агитациялык муктаждыктарга тез жооп берүү иретинде шашылып бүткөрүлө берген.

Ошол себептен алардын көркөмдүк сапаты анча бийик боло алган эмес. Ошентсе да айрым ырлар чын ишеним, акындык толкундануу, чыгармачылык шык менен жаралды. Буга мисал катары Ж. Бөкөнбаевдин «Кош Ала-Тоо уулуң кетти майданга», Ж.Турусбековдун «Кайда качат?», К. Маликовдун «Канга кан», М. Элебаевдин «Улуу марш», «Энеси менен коштошуу» сыяктуу чыгармаларын көрсөтүүгө

болот. Согуш убагында көп жазып, чыгармачылык жактан өйдөлөп өскөндөр А.Осмонов менен Т.Үмөталиев болду. Бул айтылгандарга алардын 1945-жылы жарык көргөн «Махабат» жана «Жеңиш» аттуу китептери, ал китептерден орун алган мыкты ырлар анык далил. Ошол мезгилде кыргыз адабияты көп жазуучуларынан айрылды. М. Элебаев менен Ж.Турусбеков кан майданда, Ж.Бөкөнбаев жол кырсыгынан каза тапты. Адабият майданына жаш күчөр келип, К.Акиев менен С.Шимеев бир-экиден китебин чыгарды, болочок белгилүү акындар С. Эралиев, С. Жусуев, Э. Узакбаев тунгуч ырларын газета-журналдарга жарыялады.

Согуштан кийинки мезгилде коомдук ой-пикирин, көркөм адабияттын өнүгүшү үчүн саясий кырдаал абдан эле ыңгайсыз болду. Ошол мезгил идеологиясы ого бетер каарын чачып, эркин ойлоого мурдагыдан алда канча катаал чектерди койду. Ошентсе да биздин акындар көрсөтүлгөн ойлонуу алкагында чыгармачылык аракеттер жасап, ырлар жана поэмалар жазып жатышты. К.Акиев «Бакыт нурунда», «Жүрөк толкушу», «Ырлар», «Бакыт жөнүндө», К.Маликов «Ырлар», «Достук жана махабат», «Биздин жер», «Кадыраке», «Ырлар»; Т.Үмөталиев «Биздин жер», «Мекен күүсү», «Жыргал турмуш ыры», А. Токтомушев «Күн», «Менин өлкөм», «Эмгек жана Бакыт» деген чыгармаларын жарыкка чыгарды.

Бул жыйнактардын ичинде Т. Үмөталиев, А. Токтомушев, К.Маликовдун китептеринде эмгиче идеялык-көркөмдүк таасирин, жандуу ой-сезимдерин сактап калган ырлар «Ат коюу», «Жыпар» аттуу поэмалар бар.

1946—1954-жылдар аралыгында чыккан ыр китептердин ичинде А. Осмоновдун «Жаңы ырлар», «Менин жерим ырдын жери», А. Токомбаевдин «Тандалган ырлар», «Белегим», «Өз көзум менен», М. Алыбаевдин «Ырлар жыйнагы», «Жаңы ырлар» деген китептери чыйрак жазылган бир катар ырлары жана поэмалары менен айырмаланып турат.

А. Осмоновдун айрым ырлары менен поэмаларында улуттук поэзияга айрыкча жаңылык катары кирген белгилер бар.

Согуштан кийинки жылдары күчтүү, тубаса акындык жөндөмгө эгедер Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгында

өзүнчө бир жарк этип жанган учур болгон. Анын «Ыйлабачы!» сыяктуу лирикалык-элегиялык саптары, махабат темасындагы ырлары, сатиралык туундулары, ой-сезимдин чынчылдыгы, көркөм табиттин сергектиги, ыр техникасынын мыктылыгы менен айырмаланган.

Согуш мезгилинде жаш акындар С.Жусуев, Э. Узакбаев, С. Эралиев, Б. Сарногоев, А. Токтакуновдор активдүү иштеп, алды 2—3 төн, арты бирден ыр китептерин чыгарды.

Согуштан соңку учурда биздин акындар көбүнчө саясий, жалпы коомдук маселелерге байланыштуу ырлар жазышса да түрдүү лирика үлгүлөрү барган сайын арбып отурду.

Темалар чөйрөсүн кеңейтүү далалаты менен катар акындарыбыз жаңы туюнтуу мүмкүнчүлүктөрүн издөө жагынан демилгелер жасады. Буга эң алды А.Токомбаевдин ошо кездеги акындык тажрыйбасын мисал келтирсек болот. Ал биринчиден, улуттук ырыбыздын айтуу каражаттарын байытууга, оозеки сүйлөмө тилдин жандуу интонацияларын ыр саптарына киргизүүгө далалат жасады, конкреттүү турмуш көрүнүштөрүн, өз поэзиясында камтууга умтулду. Ошол аракеттеринен чыккан жакшы акыбеттер катарында «Боз үй» (1953) деген ырын, «Майлыбай» (1953) ж.б поэмаларын көрсөтүүгө болот.

Дагы бир белгилөөчү нерсе: согуштан соңку он жылдай мезгилде кыргыз акындары ыр жазууда сөз тандап коюу, уйкаштыруу жагынан чеберчилигин бир кыйла арттырды. Натыйжада улуттук поэзиябыздын техникалык каражаттары, туюнтуу мүмкүнчүлүктөрү, тилдик боёктору аздыр-көптүр байый түштү. 1950-жылдардын башындан кыргыз поэзиясына абдан көп жаштар келип кирди. Алардын ырлары газета-журналдарда, атайын альманахтарда үзүлбөй жарыяланып турду. Ал эми Ж.Садыков, С.Урманбетов, М.Сейталиев, Р.Рыскуловдор 1—2 ден ыр китептерин чыгарууга үлгүрдү. Булар эң алгачкы жыйнактарында эле бир чети кыргыз поэзиясынын туруктуу салттарынын алкагында аракет кылышса, бир чети башка элдердин ыр маданиятынын тажрыйбасын да аздыр-көптүр өздөштүрүп, акындык жаңычылдыкка талпынды. Алар ошол жыйнактарында ыр тех-

никасын билген жагынан өздөрүнөн мурунку акындардан чыйрактык кылды. Ошону менен поэзиябызга жаңы агым киргени байкала башталды.

Ошентип, согуштан кийинки он он беш жылда кыргыз тарыхый, саясий идеологиялык маданий шарттарга жараша өнүгүп отурду. Бул жолдо жоготуулар да, табылгалар да болду. Улуттук поэзиябыздын тажрыйбасы байыды, салттарына жаңы салттар кошулду. Баарынан да ырдык речибиздин көркөмдөп айтуу, сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрү кеңейди. Буга С.Эралиевдин поэзиясы үлгүлүү да, башкаларга таасирлүү да болду.

**Проза.** Экинчи дүйнөлүк согуштун, айрыкча кырдаалдары бүткүл эл адабиятынын тематикасына, жанрдык өзгөлүктөрүнө чечкиндүү бурулуш жасады.

Бул мезгилдеги кыргыз эл прозасынын өсүш процесси өзүнүн бөтөнчөлүктөрүнө, касиеттерине ээ. Согуштун, айрыкча шарттары, баарынан мурда, оперативдүү, ийкемдүү деп аталган аңгеме жана очерк жанрынын тез эле активдешине негиз түздү.

Бир кыйла аңгемелер, очерктер фронттун жана тылдын күжүрмөн каармандарына арналды. Мына ошондуктан кыргыз жазуучулары турмуш менен учурдун өктөм талабына жооп катары согуштун реалдуу кыргыз баатырлары жөнүндө аңгеме, очерктерин жазышты. Натыйжада «Кыргыздын атактуу балдары» деген наам менен К. Маликовдун «Жайылманын талдасынан», А. Токомбаевдин «Ашырбай», К.Жантөшевдин «Чолпонбай» деген аңгемелери жарыяланды. «Кыргыздын атактуу балдары» деген ат менен чыккан очерктер, аңгемелер, согуштун оор күндөрүндө кыргыз элинин каарман уулдарынын өмүр жолун, фронттук турмушун аздыр-көптүр сүрөттөп, өз учурунун талабына белгилүү деңгээлде жооп берди. Чындык окуяга түздөн-түз кийлигишип, аларды эл арасына тез аранын ичинде жеткирүүнүн өзү эле зор маанилүү иш болчу.

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги каармандарга арналган чыгармалардын ичинен К. Жантөшевдин «Чолпонбай» аттуу аңгемеси айырмаланып турат. Бул аңгемеде турмушта жашаган реалдуу адамдын өмүр тагдырын элестүү сүрөттөөгө аракет кылынган. Чакан аңгемеде «Чолпонбай»

сыяктуу легендарлуу баатырдын өмүрүн сыйдыруу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да өз боюн душмандын ок атып жаткан жерине таштаган баатырдын элесин берүүдө жазуучу бир кыйла эле талаптанган.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында көркөм аңгеме жанрын өнүктүрүүгө да олуттуу аракеттер жасалган. Буга мисал катарында М. Элебаевдин «Алыскы тоодон» (1942), «Соңку бир күнү» (1942), Ж. Турусбековдун «Таза жүрөктөр соккондо» деген аңгемелерин атоого болот. Т. Сыдыкбеков бул мезгилде «Согуш күндөрүндө» деп аталган аңгемелердин жана очерктердин жыйнагын жарыялады. Бул жыйнакка киргизилген чыгармалардын көбү кыргыз айлынын согуш учурундагы турмушуна арналган. Андагы сүрөттөлгөн каармандар кыргыздын карыялары, кыз-келиндери, жаш өспүрүмдөрү, ар кимиси колунан келишинче жеңиш үчүн фронтко жардам, кол кабыш этишке аракеттенгендер.

Кантсе да бул аңгемелер жыйнагы өзүнүн мазмуну боюнча да, көркөмдүк маселелердин коюлушу боюнча да автордун кийинчерээк жазылган «Биздин замандын кишилери» романынын даярдыгы сыяктуу сезилет. Айрыкча бул жагынан алганда «Пайдага чечилген чатак», «Тарбия» деген аңгемелерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» деген романы адегенде Москвадан орус тилинде, анан кыргыз тилинде жарык көрөт. Бул романдын айрым үзүндүлөрү кыргыз тилинде чыга баштаганда эле жазуучулардын өзүнчө уюшуп алган тобу жарыяланган үзүндүлөр боюнча бүтүндөй чыгармага катуу саясий айыптарды коюшат. Романдын кыйын тагдырга учурарын сезген автор өз күчү менен орус тилине которуп, Москвадан жарык чыгарат. Бул кийин кыргыз окуучуларына жетти. Т.Сыдыкбеков бул романында согуш жылдарындагы кыргыз айылынын турмушун сүрөттөйт. Чыгарманын баш каармандары башкарма Шамбет менен Чаргын, Акия менен Батыш. Мында жазуучу өзүнүн мурдагы «Кең-Суу», «Темир» романдарына караганда ар түрдүү кесиптеги адамдарды, ар башка улуттардын өкүлдөрүн сүрөттөйт. Кыргыз жигити Чаргын болсо аскерге алынбай калышын өзүнүн жекече кайгысы жекече адамдык трагедиясы катары кабыл

алат. Романдык сюжетте өзүнчө бир тамашалуу, ачык айрым шөкөт менен сүрөттөлгөн эпизоддордо жазуучу украиналык келин Любага карата болгон кыргыз аялдарынын адамгерчиликтүү, карапайым ыкластуу мамилесин таасирдүү көрсөтөт.

Чыгармада биздин замандын кишилеринин улуу достугун, бөлүнбөс бирдиктүүлүгүн көрсөтүү жазуучунун бирден бир чыгармачылык максаты.

1947-жылы Касымалы Баялинов өзүнүн «Бакыт» аттуу повестин жарыялайт. Бул повестте автор кыргыз адабиятында жаңыдай болуп сезилген теманы козгоду. Жазуучу фронттон жарадар болуп кайткан Жапар аттуу жигиттин тагдырын көрсөтөт. Анын Жамийла аттуу сүйгөн кызы Чоңмурун деген башка жигитти ээрчип кетип калат.

Көрүнүп тургандай, сюжеттин чиелениши да өтө чукул, өтө кызыктуу. Жамийланын теңтуш кызы Айшанын жигити фронтто каза болот. Мына бул кырдаалдагы сюжеттин андан аркы курч маанайда өнүгүшүнө негиз түзөт. Бирок өтө кызыктуу табылган сюжеттик чиелеништин өркүндөшү жана чечилиши керектүү деңгээлине чыкпай калган. Ошого карабастан бул повесть окурмандар арасында ийгиликке ээ болот.

Бул баарынан мурда Жапардын, Жамийланын жана Айшанын тагдыры повестте акыр-аягына чейин жеткирилбей, чечилбей калганына байланыштуу эле. Чыгарманын ушундай ийгилигине шыктанган автор повесттин экинчи бөлүмүн жазып, «Көл боюнда» деген ат менен 1952-жылы жарыялайт. Повесттин бул бөлүмүндө каармандардын андан аркы тагдыры баяндалат. Бирок, жазуучу курч кагылышкан сюжеттик кырдаалдарды атайы жумшартууга согуштан кийинки кыйынчылыктарды сылап-сыйпап сүрөттөөгө умтулат. Бул жазуучунун жекече күнөөсү эмес, бул ошол учурдагы кыргыз адабиятынын өнүгүшүнүн тенденциясы ушундайча болчу.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кыргыз прозасына өтө активдүү киришкен авторлордун бири Насирдин Байтемиров. Ал мурда акын катары белгилүү болчу.

1948-жылы жарыяланган жазуучунун «Азамат» деген повести дароо эле көзгө көрүнө түштү. Баарынан мурда тема-

нын жаңылыгы. Автор мурда эч кимдин колу тие элек турмуштук окуяга, аскер учкучунун турмушуна кайрылды. Ушунун өзү эле жаңылыктай сезилди.

Бирок ал көркөм чыгарма катарында өзүн актай алган жок. Жасалмалуулук, үстүртөн баяндоочулук бул чакан повесттин эң негизги жетишпеген жагы эле. Көркөм чыгарма жаңы теманы жаңы турмуштук байланыштарды көтөргөнү үчүн эмес, ошону көркөм сүрөттөр ачып көрсөткөнү менен баалуу.

Мына ушул жагынан алганда Н.Байтемировдун 1949-жылы жарык көргөн «Салтанат» романы жына ушул романдын уландысы катарында жазылган «Жаш жүрөктөр» деген романы (1953) кыйла жылуу сезимдерди туудурбай койбойт. Автор бул романында согуштан кийинки кыргыз жериндеги айылдын турмушун, өндүрүш-чарбасын сүрөттөөгө аракеттенет. Жазуучу кантсе дагы жаңы коомдук түзүлүштүн шартында кыргыз жеринде өзгөрүлгөн турмуштун, адамдардын ортосундагы жаңыча мамилени бир кыйла даана эле баамдап, анын айрым учурларын көрсөтө алган. Автор романдын биринчи бөлүмүндө (Салтанат) Керимбектин образына, экинчи бөлөмүндө (Жаш жүрөктөр) Кулжандын образына кеңири көңүл бөлүп, алардын жекече тагдырын толук сүрөттөөгө умтулат.

1950-жылдардын орто ченинен баштап кыргыз адабиятында бөтөнчө проза түрүндө күтүлбөгөн жаңылануулар башталды. Бул баарынан мурда Чынгыз Айтматовдун ысымы менен байланыштуу. Бул жаш автор өзүнүн «Газетчи Дзюйо» жана «Ашым» аңгемелеринин орус тилинде 1952-жылы «Кыргызстан» альманахына жарыялайт.

Ошентип ал өзүнүн адабий ишмердигин орус тилинде баштайт.

«Түнкү сугат», «Асма көпүрө» деген аңгемелеринде кыргыз прозасына талапттуу жаш автордун келгени дароо эле сезилет. Турмушту өзүнчө көрүп-таануу, образдарды өзүнчө сүрөттөө жагынан, ал турмак кыргыз тилинде жазуу маанайы жагынан да Ч.Айтматов кыргыз жазуучуларынын арасында башкача экени байкала баштады. Бул жөнүндө биринчи жолу 1956-жылы Кыргызстан жазуучулар уюмунда атайы пленумунда айтылды.

Көп узабай Чыңгыз Айтматов Жогорку адабият курсунда окуп жүргөн кезинде 1957-жылы «Бетме-бет» деген повестин, 1958-жылы «Жамийла» повестин журнал беттеринде жарыялайт. Мына ушул эки повесттин жарыкка келиши менен Чыңгыз Айтматовдун жазуучулук мартабасы ашып, дүйнөгө таанылa баштайт.

## ДРАМАТУРГИЯ

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде кыргыз драматургиясы проза, поэзия сындуу өзүнүн бүткүл идеялык-көркөмдүк күч-кубатын «батыш багытына» (И.Эренбург) бурду. Алар чыгармачылык изденүүлөрүн дароо согуштук «рельсага» которошуп, өздөрүн «окоптун жазуучулары» катары сезишти. Өздөрүн жайынча гана калем кармаган кишилер катары эмес, «адабияттын армиясы» деп аташты. Согуш учурунда кыргыз сахнасы кептин чыныгы маанисиндеги фронттук аянттын сахнасына айланды. Ортого чыгып, адамдардын тике мандайына келип, эл менен бетме-бет сүйлөшүү кыргыздын элдик сөз өнөрүн да, искусствосунда илгертен жашап келген салт болгон. Жомокчулар, дастанчылар, тандайынан чаң чыккан акындар, төкмөлөр калың элдин бет мандайында тил безеп ырдашкан, үгүт айтып жар чакырышкан. Алардын чыгармачылык өнөрү көпчүлүктүн тикеден-тике көз алдында телчигип, жетилип, өсүп-өнүккөн. Улуттук театр сахнасынын, драматургиянын 20—30-жылдарда ажырагыс касиетине айланган баатырдык дух согуш жылдарында ого бетер күчөдү.

Согуш башталар менен эле бир нече көшөгөлүү пьесалар пайда болду. Мекендин патриоттук чакырыгына жооп катары дүрбөлөңдүү катаал учурдун шары менен чапчаң жазылган бул чакан драмалык чыгармалар К. Жантөшев «Көбөштүн көктүгү», А.Токомбаев «Токойдун кожоюндары», Т. Сыдыкбеков «Майдандан» өздөрүн аскердик катарга чакырылган жоокер катары сезген жазуучулардын калкка кайрылып анык айткан, чын пейилден сызылып чыккан чакырык сөзү, патриоттук үндөөсү сыяктуу көрүнөт.

Ушундай алгачкы кадамдардан кийин А. Токомбаевдин «Ант», (1942), Ж. Бөкөнбаевдин «Тоонун кызы» (1942),

К. Эшмамбетовдун «Кара туман» (1942), О. Сарбагышев менен К. Жантөшевдин «Азаматтар» (1942), Р. Шукурбековдун «Кек» (1943), К. Жантөшевдин «Өч» (1943), Т. Байжиевдин «Жигиттер» (1944) сыяктуу драмалары жарыкка келди. Бул драмалык чыгармалардын кандай маанидеги, кандай багыттагы пьесалар экендигин алардын аттарынын өзү эле ачык айтып турат. Пьесалардын аталыштарынан эле автордун эмне көздөгөндүгү жана согуш учурундагы элдин болуп көрбөгөндөй чыйралган духунун илеби келип турат.

Элдик мурастарды, фольклордук сюжеттерди өздөштүрүүгө карата 30-жылдардагы умтулуш согуш мезгилинде күч алды. Ошол убакта элди тарыхтын баатырдык салтарында тарбиялоонун зарылдыгына учурунда бөтөнчө көңүл бөлүнгөн.

Ж. Бөкөнбаев баш болгон чыгармачыл топ түзүлүп, аларга «Манастын уулу Семетей» деген көркөм фильм тартууга атайын тапшырма берилген. Мындай камкордук драматургияда элдик мурастарга кызыгуунун күчөшүнө өбөлгө түзгөн. К. Жантөшевдин «Курманбек», К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл», Т. Сыдыкбеков менен К. Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмалары ж.б. жаралды. Бул чыгармалар өз учурунда элдин патриоттук ой-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон.



# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ
*(1915—1950)*

Кыргыз элинин таланттуу акыны, чебер котормочусу жана драматургу Алыкул Осмонов 1915-жылы азыркы Чүйдүн Жайыл районуна караштуу Каптал-Арык айылында туулган. Ал ымыркайында эле апасынан, 3 жашында атасынан айрылган. 1919-жылы Бишкектин жетимканасына өтүп, 1921—1929-жылдары Токмок жетим балдар үйүндө, 1929—1932-жылдары Бишкектеги Борбордук педагогикалык техникумда тарбияланган. Каралашар кишиси жогунан окуусун аяктай албай айылга кетет. Айылдан да ылайыктуу жумуш табылбай, кайра борбор шаарга келет. Анан «Чабуул» журналынын редакциясына адабий кызматкер болот.

1937—1940-жылдары Кыргызстан жазуучулар уюмунун секретары кызматын аткарат. Андан кийин ал көбүнчө чыгармачылык иш менен гана алек болот. 1939-жылы өз учурунда өтө барктуу «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат.

А.Осмоновдун туңгуч ыры 1930-жылдын сентябрында «Сабаттуу бол» деген газетада жарыяланган. Андан кийин анын ырлары газета-журналдарда үзгүлтүксүз чыгып турган. 1935-жылы «Таңдагы ырлар», 1937-жылы «Жылдыздуу жаштык», 1938-жылы «Чолпонстан» деген ыр жыйнактары жарык көргөн.

1935—1938-жылдары А.Осмонов ыр түрүндөгү 6, кара сөз түрүндөгү 2 котормо китепчени, 1940-жылы грузин классиги Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатыр» дастанын которуп, бастырып чыгарган.

1945-жылы Алыкулдун «Махабат», 1946-жылы «Жаңы ырлар», 1947-жылы «Менин жерим — ырдын жери», 1949-

жылы «Жаңы ырлар» деген оригиналдуу ырлардан жана поэмалардан куралган жыйнактары чыккан.

1941—1948-жылдары А.Осмонов персче жазган орто кылымдык азербайжан акыны Низами Ганжавинин «Хисров — Ширин» поэмасын, англиялык улуу драматург У Шекспирдин «Он экинчи түн» комедиясын жана «Отелло» трагедиясын, улуу орус акыны А.С.Пушкиндин «Евгений Онегин» аттуу ырдан бүткөн романын кыргызчалаган. Булардын ичинен өз убагында «Отелло» менен «Евгений Онегин» жарыкка чыккан.

А.Осмонов драматургияга да көңүл бөлүп, бир жана көп көшөгөлүү пьесалардын жоон тобун жазган. Булардын ичинен өз маалында «Экинчи бригада» деген комедия гана элеттик профессионал театрынын сахнасында коюлган. Калган пьесалар автордун көзү тирүүсүндө сахна жүзүн көргөн да, жарыяланган да эмес. Алыкул Осмоновдун драмалык чыгармалары жалпысынан жармач чыгып калган. Буга ошо кезде драматургияда өкүм сүрүп турган «Конфликтсиздик теория» деген көз-караштардын тескери таасири себеп болгон. Тарыхый-фольклордук сюжеттин негизинде жазылган «Ак Мөөр» пьесасын гана А.Осмоновдун драматургиялык иш-аракетинен чыккан дурусураак натыйжа деп айтууга болот.

Алыкул Осмонов лирик акын. Анын чыгармачылык күч-кудурети лирикалык ырларында баарынан айкын ачылган. Бирок ал өз акындык жолун чындап тапканча мазмун жагынан өз убагындагы көп ырлардан кылчалык өйдө турбаган, көркөмдүк касиеттери алда канча жармач ырларды, поэмаларды жазып келген. «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» аттуу алгачкы жыйнактарын автор өзү «Колго алгыс начар китептер» деп атаган. Экинчиден, ал 1944-жылдын күз айларынан жаза баштаган ыр-поэмаларын өз акындыгынын баралына жеткен мезгилинин жемиштери деп эсептеген.

Алыкул Осмонов жаш чагынан көп окуп, көп жазып, акындык өнөрдүн сырларын олуттуу түрдө өздөштүрө баштаган.

Ыр токуу ышкысына жан-дили менен берилгендиги да аны көп иштөөгө шыктандырган. Ал поэзияны жөнөкөй

гана кесиби эмес, өз өмүрүнүн шериги деп, өз жашоосунун маани-маңызы деп, коомго кызмат кылуунун майданы деп билген. Ошон үчүн ал өзүнө-өзү наараэыланып, дайыма чыгармачылык жактан өсүп отурууга умтулган. Экинчиден, Алыкул чымырканган мээнеттин натыйжасында өз алдынча ойлоно алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. Ошон үчүн ал айрым калемдештери сыяктуу көпчүлүккө ортоктош ой-пикирлерди кайталап туурап тим болгон эмес. А.Осмонов баарыдан мурда өзүнүн жекече ой-сезимдерин, кайгысын ыр кылып жазып, ошонусу менен кыргыз поэзиясына жаңылык киргизди. Ушул багытта анын биринчи жазган ыры— «Бөбөккө» деген ыр. Акын бул ырда кандайдыр бир өзүнөн башка каармандын атынан сүйлөбөйт, өз атынан сүйлөп, өз күйүтүн айтат. Ыр саптарынан тунгуч баласынан айрылган акындын жасалмасыз кайгыга батканы, бара-бара каңырыгы түтөй баштаганы айкын сезилип, окуган адамдын ой-сезимин тызылдатат:

Өлдү бөбөк жүргөн каны токтогон,
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон!

Бул саптардын таасиринен окурман ар бир өмүрдүн кымбаттыгын жана кайталанбастыгын сезет.

Алыкул өмүр, өлүм, дүйнө, жашоо максаты, убакыт сыяктуу өлбөс темаларга кайрылган. Акын жеке өзүнүн өмүрлүк тажрыбасынан келип чыгып, менчик байкоолорун ой-пикирлерин, кажаалаттарын ырга кошкон. Дени соо адам эч качан өмүр менен өлүм тууралуу ойлобойт. Ооруга чалдыккан адам жаш-карысына карабай өлүмдү ойлоого аргасыз болот.

Алыкул бала чагынан ооруп, өмүр бою кеселге чалдыгып өттү. Ал оорусунун күчөп кеткенин, ошол дарты акыры өзүн алып жыгытарын көрүп-билип турган. Ошол себептен ал өмүр менен өлүм маселесин эрте ойлонуп, санаасын санга бөлгөн.

Соо адам үчүн отуз жаш деген эмне?

Өмүрдүн гүлгүн чагы. Дене жагынан да, руханий жактан да толуп турган кез. Бирок өмүрүнүн кыскалыгын көрүп-

11 – 17-595

билип турган оорукчан Алыкулга отуз жаш карылык жашынан башы сыяктанып көрүнгөн.

Ал «Отуз жаш» аттуу ырында отуз жашты атчан кылып көрсөтөт:

> Ал зымырайт үстү-үстүнө камчылап,
> Жетер жери, түшөр үйү барчылап.

Убакыт алган багытынан жаңылбай, бир мүнөткө тыным албай аркырап учат, ал учкан сайын адам өмүрү өлүмгө жакындай берет. Буга акын бүткүл жан-дили менен каршы чыгып, «Токточу өмүр, токточу өмүр токтой тур! — деп кыйкырат. Мында өтүнүч да, буйрук да бар. Бирок өмүр эч кимге баш ийбейт, аны токтотуп калышка адамдын күчү жетпейт. Ошол себептен акын бир ирет катуу кыйкырып алып:

> Тил албасаң, жоголо бер, кете бер,
> Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.

— деп үнүн бир аз басаңдатат да, минтип айтат:

> Он беш жолу улам кайра туулуп,
> Он беш жолу жашарбасам, карап тур.

Акындын өмүргө карата активдүү мамилеси ушинтип төрөлөт. Оор дарт кыйнап жүрсө да, ал өмүргө жаркын кубаныч менен караган, жарык дүйнөнүн жакшылыктарына, жашоо кумарына, табият көркүнө тойбой суктанып жашаган.

> Жашоо деген бир тамшаным нерсе экен
> Кант жедимби, бал жедимби — билбеймин.

Акын башына канчалык оор мүшкүл түшсө да, сабыр, кайрат менен көтөргөн. Айрым ырларынан жан кыйноосунан тиштенип онтогону, өчүп бараткан өмүрүнө аяныч менен муңканганы айкын угулат.

> Билбейм кандай, эмне ойдо экен катарым?
> Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.
> Заманымдын керегине жарабай,
> Эрте кургап, муздап бара жатамын.

Бул саптарда сабыр менен араң токтоткон чыңырык, сарсанаага чыланган кусалык, ар кандай мараздын да муунун бошотуп жиберчү кайгы күчү бар.

Мен жашадым өз күнүмө таарынбай,
Кара тилек, жаман ойго багынбай
Түк билинбей өтүп кетет окшоймун,
Бир кеченин жаап кеткен карындай.

Ушундай армандуу интонациялар ырды баштан-аяк аралап өтөт.

А. Осмонов бул дүйнөгө келген тирүү жан өлүмгө дуушар болушун жакшы билген, ошон үчүн бир катар ырларында ал өлүмгө жай кароого аракет кылган.

Маселен, «Эскерме» деген ырында куду эле базарга кетип бара жаткансып мындай дейт:

Кайтпас күнгө калкып кете беремин
Кайсы күнү тагдырыма кез келсе.

Бирок өлүм жанына чындап келгенде, ал өлүмгө кайдыгер карап тура алган эмес. Бар болуп туруп, анан кайра жок болуп калуу ага дүйнөдөгү барып турган адилетсиздик катары сезилген. Ал мындай адилетсиздикке бүт жаны менен каршы чыгат.

Баары өзгөрөт, баары өчөт дейт турмушта
Мен өзгөрбөй, өчпөй койсом не болот?
Өчөр күнүм үйгө бара жатканда
Токмок жактан келбей койсом не болот?
Токмокко жөнөйм,
Таттуу коонун тандап жейм.
Миң жыл бою
Кайра үйүмө бир келбейм
Айт, кимдин карзы бар.

А.Осмонов соңку өмүрүндө өлүм акыйкатын ойлонуп жүрүп өткөн. Так төбөсүндө кылга илинген кылычтай салаңдап турган ажалы анын оюн өлүм маселесине кайра-кайра жетелеп келе берген. Ар бир адам сыяктуу эле ал да өлүмдөн корккон, өлө турганын ойлой-ойлой кыйналган, өлгүсү келбеген. Анан ушулардын баары анын ырларында

айкын из калтырат. Акын өлбөстүктүн жолун издеген. Ал акыры өлбөстүктүн бир ишеничтүү гарантиясы адамдын көпчүлүк үчүн жасаган эрдиги, артында калтырган эмгеги экенин билип, ушул чындыкты көп ырларында жар салган.

А.Осмонов махабат темасына да көп кайрылган акын. «Түп суусу» деген ырда лирикалык каарман аркы өйүздө өзүнүн «айылкызы Канымгүлдөй жары» барын билдирет, анын ашык кылчу салттарын мүнөздөп өтөт, көксөгөн жары «Бу кайдагы эмгек күнү жок неме» деп өзүн теңсинбей жүргөнүн баса көрсөтөт. Ал эми «Келсем жоксуң» ырында болсо дагы бир лирикалык каарман өзүн жалбарып айылга чакырган сүйгөн жарын издеп барып, үйүнөн таппай катуу кейишке малынганын жарыя кылат, бирок ашыгы «Миң сүйүүгө барабар» келген «Жазгы айдоонун камын көрүп кеткенин» билип, көксөөсү сууйт да, чексиз кубанычка термелет.

А.Осмонов айрым ырларында («Сүйүүнүн түрлөрү», «Сүйдүм сени», «Кыздын сүрү») негизинен жаш убагында башынан кечирген махабат машакаттарын эскерет, сагынат, дагы жаңы бир сүйүү кумарын самайт.

Алыкул кыска өмүрүндө турмуштан көп азап тарткан, сүзөктүү оорудан кутулбай көп жапа чеккен, бала-чакасы жогунан арманда болгон, үмүтсүздүккө белчесинен баткыдай абалда жүргөн. Бирок ал өз поэзиясында көңүл чөктүрмө, ындын өчүрмө, күдөр үздүрмөлөрдү атайын берилип ырдаган эмес. Керт башынын күйүттөрү жана арыз-арманы бир катар ырларынан орун тапса да, ал көпчүлүк чыгармаларында өз жанынын өйдө көтөрүлүп, жарык дүйнөнүн жыргал-шаттыктарын, эл турмушунун жайдары көрүнүштөрүн, тирүүлүктүн машакаттуу бактысын, адам өмүрүнүн өлбөс акыйкаттарын эргип-эргип күүгө салган.

Алыкул өз өмүрүндө махабаттан көп ирет көңүлү сууган учурлар болгон. Бирок ал айрым сырдаштык ырларында ачуу ызасын төгүп салса да, ак жоолуктарга ызааттуу мамилесинен кол жууган эмес.

Жылаан таштап, заар төгүп, чачып от,
Эрк сеники шылдың кылмак, ойномок

Бирок түшүн, акылы кем жаш сүйүү
Ошентсе да сенден көңүлүм калган жок!

Билем: анын туш тарабы терең жар
Өзү зоока туш жете албай болгон зар
Эгер сүйүү күчтүү болсо өлүмдөн
Мен сүйүүгө теңелүүгө акым бар.

«Сүйүү жана мен» деген ыр мына ушундай саптар менен аяктайт. Мында акын жекече ыза-таарынычын унуткан, дүйнөгө калыс, түз пейли менен карап турган чагындагы махабатка карата чыныгы позициясын таасын билдирет.

«Аялга» деген ырында мындай дейт:

Сүйгүм келет жаш жандырып, жаш болуп,
Жашымды алдап, жаш кайындай мас болуп.
Жанар тоодой жалын чачкан отуңан,
Чыккым келет жанып чыккан таш болуп.

Сүйгүм келет миң мертебе жаңылып,
Сүйгүм келет, сүйгөнүмө жалынып.
Өз күчүңдү өз күчүмө багынтып,
Сүйгүм келет кээде өзүңө багынып.

Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө жердин үстү тарылып.
Ал кыяндан өтөр элем кыйналбай,
Бир көз караш кубатыңды жамынып.

Ашыктык адамдын акыл-сезимине өзгөчө өткүрлүк бөтөнчө кыраакылык берип, жашоо маанайына жаңыча сапат кошот. Ошон үчүн улуу орус акыны Александр Блоктун: «Ашык болгон жанды гана айтса болот адам деп» — деген саптарында уюган акыйкат бар.

Албетте, Алыкул Осмонов жалаң гана керт башынын кайгы-капасын, ышкысын, кумарын жазып жанып алган эмес. Ал өз заманындагы бардык акындардай эле эмгек темасына абдан көп кайрылган. Бирок ал адал эмгектин күчүн, эмгек адамдарынын жакшы касиеттерин тим гана башка акындарды ээрчип же туурап мактай берген эмес. Ал эмгек менен алек болгон кишилерге чын эле урмат-

ызаат көрсөткөн, мээрим төккөн. Ал дайыма карапайым калк менен ниеттеш болгон. Көп ырларында А.Осмонов дүйнөгө элдин көзү менен назар салып, ар кандай нерсени элдик эстетиканын өлчөмдөрү менен ченөөгө далалат жасайт. Ошол себептен ал алачыгы менен чапаны тер жыттанган коончудан, спецовкасы сырга чыланган орой сөздүү малярдан, колдору туурулган кызылчачы келинден чыныгы сулуулуктун жышаандарын табат, устанын ар бир сүргөн сүрүндүсүн, дубалчынын кызыл-кызыл кыштарын, дыйкандын жөнөкөй кетменин баарынан кымбат көрүп ырга кошот.

Ал эмгекчи адамдардын турмушун, салт-санаасын, кылган жумушун, тиричилик өзгөчөлүктөрүн чын пейли менен жакшы көрөт, терең ынтызарлык менен ырдайт. Дыйкандардын өмүр сүрүшүнө чындап көз артып, тамшанат:

Аттиң өмүр, арман өмүр көп түрлүү,
Таалайга чак өлчөмү бар бөлүмдүү
Болор элем, кырманына корукчу
Эгер болсо айтканыма көнүмдүү
Ай, чын эле болбогондо эмине
Дыйканчылык кандай кызык, көңүлдүү!

Ал эми жумушчулардын турмушун кызыктарга жана кереметтерге, бир башкача буюмдарга жана адамдарга толгон өзүнчө бир сырдуу дүйнө кылып көрсөтөт:

Көрүү керек аманчылык бар чакта
Ким кызыкса сулуулукка, гүл бакка
Таң калтырып чыгышка аккан суулары
Жумушчу аттуу бир дүйнө бар биз жакта.
Колдору алдуу, аяктары басарман
Жүргөн жери жамандыктан тазарган
Сакалдуусу Ваня, Сергей аталып
Кары өмүрлөр ушул жакта жашарган
Барга ташып, жокко моюн бербеген
А дөөлөттүк таразасын тендеген
Бирин бири: кыздар, балдар аташып
Карылыктын айлына бир келбеген.

Алыкул көп ырында карапайим адамдарга тамчы суудай жасалмалыгы жок бийик урмат менен мамиле кылып, чын көңүлдөн чыккан асыл сезимдерин жолдогондон арыбайт.

Акын өз элинин өткөндөгү тарыхына каңырыгы түтөгүчө кайгырып, азыркы бактылуу тагдырына аябай кубанып, жаркын келечегин ойлоп, таттуу кыялдарга баткан. Акын туган элинин өз комузу сыяктуу бир караганга жөпжөнөкөй, бирок айтып болгус өнөрү бар экенин, жайдары мүнөзүн, ак пейил, мейманчылдыгын, нускалуу үрп-адаттарын ырга кошкон.

Ошондой эле А.Осмонов өз кандаштарынын өз жеринде тың оокат кыла албай жалкоолугун жеңе албай, күн өтсө эсеп дегенден кутула албай жүргөндөрдүн кылыгына күйгүлтүк тарткан. Буга «Казакбай» ыры мисал болот:

Кечээ келген тууган элдер бир далай,
Мейманчылап келгенине карабай.
Бакча айдады, зaңгыраган үй салды,
Чарбасы да сенден мыкты, сенден бай.

Өзү айдабай бирөөдөн сурап алган картошканы бир кадактан май кошуп «алдап» жеген, күзүндө өз эгинин арзан сатып жиберип, жазында кайра кымбат сатып алган Казакбайды акын аябай какшыктап, анан бир азга олуттуу боло калат. Казакбайдын ар-намысына тийиштик кылат да, анан күйдүргү иронияга (азилга) өтөт:

Алда сенин эпчил өскөн каадаң ай
Жыртык тамың, жыртык бойдон Казакбай.

Жаңы турмушка өткөнүбүзгө көп убакыт болсо да, оокат кылгандын жайын ондуу билбей, маданияттуу жаңыча жашаштын көзүн жакшылап таба албай жатканыбызга анын жаны ачып, ары келет. Ошол себептен ал ырдын аягында:

Айтар сөздү айтуу керек калп айтпай
Элдер жаман
Же биз жаманбыз, Казакбай!

— деп чындыкты тайманбай эле тике бетке чабат.

Улуттук сезим өтө назик, арчыл, ызакор келет. Муну айкын билген акын кез-кезде, аябай күйүп-бышканда гана

өйдөкүдөй бетке чабарлык кылган. Ал эми калган учурда ал улуттук салтыбыздагы жаңы замандын жорук-жосундар жайын кылдат, чебердик менен айткан. Ал жөн эле айтып койбостон, ошол жорук-жосундар тууралуу өзү менен кошо жай ойлонуп көрүүгө чакырган. Буга акындын «Уйкум келет» деген ыры далил болот.

Абаке ай, кечээ күнкү биз жеген ат,
Андай эт, майга оронуп күндө келет.
Кандайдыр биз билбеген күчү бар бейм,
Ыксырайм, уйкум келет... уйкум келет.
Урушпа, сага бир кеп айткым келет
Ал этти парыз бекен күндө жемек?
Жаштардын кол-аягы ичке болуп
Кыздарга кайдан бүткөн одоно бет.
Кейибе, эмнени айтып дөөдүрөйт деп,
Эт жемек өнөр бекен күндө тердеп?
Касымкул неге жалкоо, билесиңби
Дале жок «Ана келет, мына келет»
Максат жок эт жебегин аба, демек
Мен жүрөм күчүбүздү дайым ченеп,
Таарынба, чычалаба ачык сөзгө
Эмне үчүн биздин элдер борпоң делет?
Муну айтам, эгер билсең мага кезек
Орустун көп даамына руксат этсек
Кара көз, чымыр дене көркүн алып,
Кара сонун гүлдөр элек, гүлдөр элек
Кой дебейм, эмне берсең өзүңдө эрк
Менде жок эт жебейм деп кесирленмек...
Өзүмчө бир байкаган сырымды айттым
Негедир уйкум келет, уйкум келет...

Ырдын мазмунунан сезилип тургандай: акын өз калкын жан-дили менен жакшы көрөт, ага жалаң гана жакшылык каалайт.

Алыкул 1944—1949-жылдарда өз калемдештеринен алдыга озуп, улуттук ыр өнөрүндө ырдалбаган темаларды ырдаган.

Акындын поэмаларынын бир тобу фольклордук сюжеттерге таянуу менен жазылган.

Алар төмөнкүлөр: «Мүнөз оюну», «Толубай сынчы», «Карагул», «Мырза уул», «120 жаштагы Алмабек менен 115 жаштагы Шевкет Гирей». Булардын айрымдары бийик чеберчилик менен жазылган.

А.Осмонов азыркы замандын легендасы сыяктанган эки поэма жараткан. Алардын бири «Эшимкандын тереги» экинчиси «Махабат» деп аталат. «Махабат» та эки жаштын кереметтүү сүйүүсү жөнүндө айтылат. Күлшайы аттуу кыз Касым деген айылдаш жигитке көңүл берет. Бирок жигит аны билбейт. Кыз өз сүйүүсүн билдире албай кыйналып жүрсө, капыстан согуш башталып калат. Касым өзүн бир кыз сүйүп жүргөнүн билбеген бойдон кан майданга кетет. Андан эки жылча кат-кабар болбой, Күлшайы оор кайгыга батат. Бар күчүн ыйга чыгарып, көп эзилип ыйлайт, акыры сокур болуп калат. Касым ошол убакта уруштан эки буту жок келет. Сокур кыз менен чолок жигит бир күнү элдин көзүнчө кайманалап сыр айтышат, бири-бирин табышат. Көпчүлүк бата берип, той жасап, эки майыпты үйлөнтүрүп коёт. Мажнундар баш кошкон соң «Кырк күндөн кырк бирине ооган түнү Күлшайынын эки көзү ачылып кайра көрүп, Касымдын эки буту соо чагындай бүтөт. Мында акын ак сүйүүнүн күчү кереметтүү деген романтикалык идеяны өткүр сездирген.

А.Осмонов бир катар поэмаларынын мазмундук уюткуларын жандуу турмуш көрүнүштөрүнөн сүзүп алып, көбүнчө реалисттик планда баяндап чыккан. Алардын белгилүүлөрү булар: «Менин энем», «Ким болду экен?», «Майдын түнү», «Күлүйпа», «Үч аяк», «Өлүп тирилгендер», «Жеңишбек».

Аталган поэмалардын башындагы үчөө автордун бир көшөгөлүү пьесаларынын ырга айландырылган формалары.

Маселен, «Майдын түнү» поэмасы «жок андай эмес» деген кыска пьесанын сюжети боюнча жазылган. Бул пьесанын окуясы төмөнкүдөй:

Абдысамат аттуу жигит согуштан өз айлына жарадар абалында кайтат. Эч кимге кабар бербей таңга маал өз үйүнө кирип келет. Келсе анын жеңеси жаңы эле төшөктөн турган экен. Солдат жеңесинен өз келинчеги Сымбаттын кайда экенин ашыгып сурайт. Жеңеси капыстан карабаластай

түшүп, кайнисин жүрөкзаада кылат. Абдысамат келинчеги Сымбаттын дайнын сурайт. Жеңеси Сымбаттын көшөгө артында бир мурутчан менен уктап жатканын айтат. Абдысамат ачууланып көшөгөнү тартып жиберсе келинчеги чын эле бир дардайган мурутчан киши менен жанаша жатыптыр. Сымбат ойгонуп, күйөөсүнүн келгенин көрөт, анын каардуу түрүнөн чочуп түшөт. Түндө үйгө кеч келгенин айтып актанат.

Абдысамат Сымбаттын бул сөзүн жаман жорукка жоруйт. Ал эми Сымбат түндө айыл тою болгонун, тойдо драма кружогунун катышуучулары оюн көрсөткөнүн түшүндүрөт. Ал аңгыча дардайып уктап жаткан мурутчан ойгонот. Ал түнкү спектаклде эркектин ролун аткарып, оюндан грими менен келген бойдон уктап калган чоң Батма (Сымбаттын теңтушу) болуп чыгат.

Алыкул Осмоновдун 1964—1967-жылдардын ичинде басылып чыккан үч томдук чоң жыйнактарына анын жазгандарынын бардыгы жана котормолору менен толук топтолгон. 1975-жылы Москвада орусча бир томдук жыйнагы чыккан. Таланттуу акын катуу оорудан кийин чыгармачылыгы гүлдөп турган мезгилде, 1950-жылдын 12-декабринде дүйнөдөн кайткан.

Алыкул Осмоновдун кыргыз поэзиясындагы алган орду да ушул айтылгандар менен түшүндүрүлөт. Дүйнөлүк поэзиянын жакшы үлгүлөрүнөн сабак алып, ага таасирленген А. Осмонов дал ушундай жаңылыктары жана кайталангыс бөтөнчөлүктөрү менен улуу акын катары көрүндү, кыргыздын көп акындары ага таасирленишти.

## МАЙДЫН ТҮНҮ

*(Поэма)*

Ар башка, ар адамда, ар кыл кыял,
Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр,
Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө –
Кызганчаак, аялына жүрөгү тар.
Мына ушул көп мүнөздүн эң соңкусун
Май түнү, К. айлынан көргөнүм бар.

Жакшы кез... эл-журт түгөл, согуш жок кез.
О, ал күн, кайра айланып кайтса экен тез!
Жактырып Баян жигит Бүбүш кызды,
Бир болгон, гүл бакчада эртели-кеч.
Ошентип, таттуу турмуш курган менен
Негедир Бүбүшкө эри ишенчү эмес.

Эмне үчүн? Түшүнө албайм, оюм туман,
Жайдарым шарактап көп боз улан.
Майрамдап үйлөрүнө келип калса,
Күйөөсү, терс тиктөөчү жер алдынан.
Тек ишке, неге мынча күнүлөйт деп,
Бүбүшжан бүлк-бүлк этип күлө турган.

Жыл учту, айлар акты, жазгы суудай,
Калкылдап канат каккан ак куулардай.
Кан күйгөн ата журттун чоң күнүнө
Багжандап Баян кетти мылтык кармай...
Журт сактоо, эл коргоону сүйүү менен
Ишенбей Бүбүшүнө зарлай... зарлай...

Бүркүттөй мыкчый кармай ажалдарды,
Өлтүрүп, өпкөгө тээп тажаалдарды,
Ал жакта, кыргыз деген атын актап,
Эр Манас бабасынча кармаша алды.
Айсыз түн, көктө жылдыз толгон маалда,
Чабуулда оң бутунан жараланды...

Козголбой үч ай жатты госпиталда,
Укмуштуу эң бир сонун чоң шаарда.
Өзүнүн бир бооруңдай алпештеген
Ак кыздар оң жагында, сол жагында,
Бир күнү күтүлбөгөн кабар келди,
Айлыңа жөнөйсүң деп эртең таңда.

Баяндын санаасы ырбап, тынчы кетти,
Алыста тууган элин элестетти.
Андан соң... Бүбүш жары келе түшүп,
Зырп этип жүрөк учу тыз-тыз этти.

Жан эркем кантип жүрөт болду экен деп,
Оюнун токтор жерин минтип чечти.

«Кат алдым, мен да жаздым улам-улам,
Ыр тиздим уйкаштырып курам-курам,
Барам деп, же барбайм деп белги айтпаймын,
Себеби: майып буттан үмүт кылгам,
Күтүп ал, тосуп ал деп кабар бербей,
Түн менен аңдып барып, карап турам...

Бул кызык... кайталанбас бир гана учур,
Асыл жар же кирдүүдүр, же тунуктур.
Эмесе ачыктыгын билүү үчүн
Чалмасын арам ойдун таамайлап ур!
Ичиң тар, арамзасың, алтыным деп,
Жаш төгүп жалынчу эле Бүбүш кургур»...

Жел тынып, түн термелип ак таң, атты,
Таң менен күн ойгонуп, нур таратты...
Баяндар машинадан түшөр замат,
Вокзалдын коңгуроосун эки какты.
Алдейлеп, жараланган баатырларды,
Күркүрөп күлүк поезд бара жатты.

Жол узак... вагон ичи бака-шака,
Чолпондой жаш өспүрүм теңтуш бала.
Көргөнүн бир-бирине маек кылып,
Далайы оор жара, жеңил жара...
Туптуура тогузунчу күн дегенде
Кеч кире келип түштү Фрунзеге.

Эртеси даңгыраган чоң кара жол,
Автобус зуу-зуу учат, тынбай оң-сол.
Бууданды тосуп туруп минген курдуу,
Бул жерде, тигил жерде, сунулган кол.
Жаңы эле Боом куйрук үзгөн кезде,
Көйкөлүп кең Ысык-Көл көрүндү ошол.

Эх, жер ай... жерин эри сагынганбы?..
Бошоңдоп анын муун тамырлары?

Кайран кол, эне жыттуу жер эмеспи,
Көзүнүн эки-үч тамчы жашы тамды.
Бах, десең... антпегенде анан кантет?
Көл чиркин анын жаны, анын багы.

Көңүлү шат Баян бүгүн кеме ичинде,
Толкун жок... жумшак жылжып, илке, илке.
Ой-ойлойт, көзүн жумат, өмүр учат,
Кээде чоң, кээде болуп кипкичине.
Мына эми туулуп өскөн айлын көрдү
Май түнү айдын туура он бешинде.

Пароход кайра жылды кош! деп эми,
Жаш келгин ылдам түшүп кала берди.
Жаңылбайм, үч чакырымдан алыс эмес,
Жер карап, дүкүйгөн бак тээ-тетиги.
Кантсе да киндик кесип, кирин жууган
Баяндын маркабаттуу бир боор жери.

Урматтап жарга урунуп, көл шырпылдайт,
Ак чабак, алга атылып, түн жаркылдайт.
Кайдадыр, көз жетпеген тереңдикте,
Канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт.
Табият көк менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт... ырдайт.

Ах, кандай, рахатка бай майдын түнү,
Ак, кызыл, жашыл, сары түркүн гүлү.
Акынды өз көркүнө ашык кылып,
Сайраган сан кубулткан булбул үнү.
Баян дос үйү алдына келип турду
Ушундай эн бактылуу жакшы күнү.

Айыл тынч, эч былк этпейт, кыймылдабайт,
Эй, ач! – деп, дабыштоого оозу барбайт.
Өз үйү, өз короосу, өз чарбагы,
Бирок ал, буларды анча көзүнө албайт.
Энтигип, терезеге кол калкалап,
Үй ичин, Бүбүш жарын шектүү карайт.

...Караса, созулуңку жары жатат,
Ай тийип, ак жүзүнө болуп аппак,
О, шумдук, Баян азыр муну көрөт:
Он колун Бүбүшжанга арта таштап,
Мемирейт, ашыклыктын илебине
Кер мурут, кен далылуу бир азамат...

Өңү өчүп, көтөрө албай бул укмушту,
Калтырап, каны кайнап, жүрөгү учту
Кийикке тырмак салган жолборс курдуу,
Тез жетип, жез тутканы катуу булкту!
Ачылып, тааныш начар каалгасы
Көзүнөн от чачырап тиктеп турду.

Не кылат мындай кезде кандай айла?
Кол барбайт Отеллочо муунтууга,
Эрки бош Тегерандын бозою эмес,
Сүйүүнүн намысы үчүн уу жутууга.
Бул жигит күнөөнү түк кечпей турган
Сабырлуу, бирок кекчил кыргыз бала.

«Заман март, же десең бар, бер деп кол сун,
Азаттык мансабынан, күндөн чоңсуң...
Андыктан бир-биринин көңлүн сыйлап,
Жаш-кары жыргалчылык балын сорсун...
Ак күнүн эрте булгап, кара кылган
Эси жок, Бүбүштөрдүн жолу болсун».

Деп ойлоп, Баян жигит демин алды,
Калп сүйүү, калп күлкүгө кол булгады.
Бирок ал, кан ичинде чарчоо билбей,
Үйүндө чарчаганга ызаланды.
Май түнүн жары ордуна эркелетип,
Акырын, коңур жумшак ыр ырдады:

«Сен элең, жандан кымбат ай жамалым,
Жаңылбай, жакшы тандап сүйгөн жарым.
Сен элең бай айылдын бакчасынан
Өлбөстүн суусун берген махабатым.

Алыстан азып келген жолоочуга
Бир ууртам суу берүүгө жарабадың»...

Ырды угуп, ыргып турду сулуу Бүбүш,
Чүрөктөй сымбаты артык бою күмүш,
Бер жакта Баян турат күлүмсүрөп,
Ишенбейт... уйкулуу көз, көргөндөй түш.
Тааныды, күйөөсү экен өбөт, ыйлайт...
Бирок ал боюн тартат, анткор күлүш.

Түшүнбөйт, Бүбүш буга, таң калгандай,
Жалынат жароокерсип жаны калбай.
Кучактайт, сүйөт кысат жыттайт, ыйлайт,
Эң таттуу сөздөрдү айтып жаш баладай.
Унчукпайт Баян көзү канга толот,
Кер мурут азаматты карай, карай.

Кой Бүбүш, жалган ыйлап, жалган күлбө,
Бар болсо, кылдай чындык жүрөгүңдө.
Дүйнөгө бир келүү бар, ак жашоо бар,
Экөө эмес, таза сүйүү жалгыз бирөө!
Уят жок, сенде бет жок, жарың экөө,
Бирөө мен, бирөө менин төшөгүмдө!

Жаш Бүбүш байкоо бербей, күлөт ха... ха...
«Таарынба, койчу алтыным, жок кепти айтпа!»
Ачуулу Баян анда ого бетер,
«Таарынба!» Бу кандайча таарынбаска?!
Бүбүшжан: «Баян келди амандаш», — дейт,
Баягы уктап жаткан азаматка.

Ал жигит, калдаң-кулдаң тура калып,
«Я... я» ... лап, бүтүк көзүн жумуп, ачып,
«Аманбы, кагылайын абаке? — деп,
Умтулат, алп көкүрөк койнун жазып,
«Тарт ары, менин сендей иним жок!» — деп,
Чегинет Баян боюн ала качып.

Кер мурут чоң каккы жеп, абдан сынып,
Баяндын кыялынан эси чыгып,

«Абаке, иниңмин деп айткан ким бар?
Деги айтор жакыныңмын иши кылып,
Кандайча тааныбайсың»... – деген кезде,
Бүбүшжан кыт-кыт күлөт бетин чымчып:

«А... кокуй, катаны эми билбедимби,
Карачы күзгүдөн өз ирениңди,
Сен Баян, жан урматым, менин бактым,
Байкабай эркекпи деп ишендиңби?
Көңүлүңдү ач...
Бул бир жаш кыз, сага тааныш,
Сеники үстүндөгү кийген кийми».
«Менде айып, байкабаган, абакежан,
Айылда чоң той болуп, эң кеч кайткам.
Чарчоодон жана катуу иш кылуудан
Жуунбай ошол бойдон жатып калгам...
Кел аба, кайра баштап көрүшөм»,– дейт,
Караса тракторист чоң Батмажан.

Бул кезде жаш Баянды шаттык басат,
Ааламга сыйбоочудай, толкуйт, ташат.
Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,
Жалжалын кубанычтуу өбөт, шашат.
Сүйүүдөй таза, таттуу, май түнүндө
Бул үчөө алмак-салмак кучакташат.

Сагыныч бир азыраак тараган соң,
Батмадан Баян сурайт, мунусу оң,
«Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» – дейт.
Батма айтат: «Сага арнашып оюн койгон,
Оюнда жигит ролу кемчил болуп,
Анан мен арга жоктон эркек болгом»...

Кандайча мага арналган? – дейт жаш Баян,
Батма анда: «Кабар келди Москвадан,
«Ата журт орденинин биринчиси,
Бозоев Баянга деп так жазылган»
Кубаныч кайра басып бул үчөөнү,
Өбүшөт, кучакташат, улам-улам.

Май түнү көзүн жумат, уяң карап,
Атар таң коңгуроосун шыңгыр кагат.
«Коём деп ишенбестик адатымды»...
Жаш Баян каталыгын мойнуна алат,
Ушинтип, нечен түрлүү сындоо алдында
Кымбаттуу кызык күндөр өтүп жатат.

Ошентсин, өтсүн күндөр чебер, кылдат,
Заманга адамдык парс, эмгек кылмак.
Жөн гана биздин күндүн бир адамы
Каарман Баянга даңк, Баянга урмат!
Себеби Ата журтун сүйө билди,
Ата журт бардыгынан таттуу-кымбат!

Урматтап, жарга урунуп көл шарпылдайт,
Ак чабак айга атылып түн жаркылдайт,
Кайдадыр көз жетпеген тереңдикте
Канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт...
Табият көк менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт, ырдайт...

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Алыкул Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылык жолун сүйлөп бергиле.*
2. *Акындын алгачкы чыгармасы кайсы?*
3. *Акындын жекече тагдырынын драмасы анын чыгармачылыгына кандай таасир берген?*
4. *А.Осмоновдун котормочулук чеберчилиги кайсы чыгармаларды жаратты?*

**Акындын жумушчулар темасына арналган ырларын атап, «Акын жана эмгек» деген темада дилбаян жазгыла.**

12 – 17-595



## МИДИН АЛЫБАЕВ
*(1917 — 1959)*

Таланттуу акын, сатирик, драматург жана прозаик Мидин Алыбаев жарык дүйнөдө 42 гана жыл өмүр сүрдү. Бул жашоонун бир гана көз ирмеми. Ушул кыска өмүрдө ал элине кылымдын кыйрын кезе турган таланттуу чыгармаларын мурас кылып калтырды.

Өмүр шамын өйдөлөтүп кармагын
Ар күнүңдү эл-журтуңа арнагын
Текке кетпес асыл эмгек жасасаң
Ошол болот өлбөс болуп калганың.

Акын жарык дүйнөдөгү жашоосунун улуу максатын-милдетин ушундайча түшүнүп, өзүнүн максаттуу да, машакаттуу да өмүр жолунун ар күнүн эл-журтуна арнап, жүрөктөн түнөк тапкан унутулгус лирикалары, күлкү менен шыкакка толгон комедиялары, калемпир кошкон ачуу да, курч да сатиралары, лирика жыттуу прозалары, көрүүчүлөрүнүн көңүлүнөн кетпес драмалары менен текке кетпес асыл эмгек жасап, кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхында өлбөс болуп жашап калды.

Акын 1917-жылы азыркы Нарын областына караштуу Жумгал районундагы Чаек кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Өз айлында башталгыч мектепти бүтүргөн. Отузунчу жылдын башталышында Фрунзе шаарына келип, ал кездеги Республикадагы бирден-бир атайын орто билим берүүчү педагогикалык техникумга кирип, чыгармачылыкка бирге кол сермешкен, кийин кыргыз элинин белгилүү акын, драматургдарынан болуп чыга келишкен. А.Осмонов, Р. Шүкүрбековдор менен чогуу оку-

ган. Ал жылдар тууразында чыгармачылыктары, айрыкча сатиралары жагынан кыйла танапташ жана жеке жашоолорунда алакалары жакын, замандаш курбусу Р. Шукурбеков 1961-жылы чыккан Мидиндин чыгармаларынын бир томдугуна жазган баш сөзүндө төмөнкүдөй эскерген:

Алыкул, Мидин болуп 30-жылдарда педтехникумда окуп жүргөн кезибизде эки нерсеге өтө таң калчубуз. Анын бири театр, экинчиси адабият жөнүндөгү педтехникумда болгон өтө кызык жыйналыштар Токтогул, Мураталылардын келип кетиши, анан адабият жөнүндөгү сөздөрдөн улам бизге, ыр жазууга, аңгеме жазууга өкмөт чоң баа берет экен го деген ойлор пайда болуп, экинчиден техникумда адабият сабагы өтөт, анын таасири тийип, үчүнчүдөн ал кездеги агалар: Жоомарт, Кубанычбек, Мукай, Жумалылардын ырлары газеталарга чыгып Касымалынын бир актылуу пьесалары мектепте коюлуп жүрчү. «Үмүттүү жаш» дубал газетасына ыр жаза коюп жүрүп, ошондон улам биз адабият кружогуна мүчө болгонбуз. Алдыңкы жазып жүргөн студенттер бүтүрүп кеткенден кийин «Үмүттүү жаш» керегe газетасы, педтехникумдун драмалык кружоктору биздин колубузга тийди.

Ошондо Алыкул, Мидин жана башка бирдеме жаза коюп жүргөн жаштар чыгарманы «жайнаттык». Ошентип, акындын чыгармачылык иши педтехникумда окуп жүргөн учурунан башталган.

Педтехникумду бүтүргөндөн кийин 1936-жылдан 1938-жылга чейин газетада иштеп, ошол жылы аскердик катарына чакырылып, 1940-жылга дейре кызмат өтөгөн. Ал финдерге каршы жүргүзүлгөн согушка катышкан. «Бактылуу жаштардын жаш акыны» деп К. Маликов баш сөз жазган «Бактылуу жаштык» аттуу биринчи ырлар жыйнагы 1937-жылы жарыкка чыккан.Бул жыйнакта:

Текеси чуркап аскадан,
Куштары сайрап арчадан.
Буралып чыгып тулаң чөп
Буркурап жыты аңкыган.

— деп кыргыз жеринин сулуулугуна суктанып, анын ажайып коoздугуна акындык сезимин билдирген техника жа-

ңылыктарын даңктап, анын куруучу, башкаруучуларынан болууга, билим менен маданиятка ээ болууга чакырган ар кыл темадагы ырлар бар болучу. Акындын экинчи жыйнагы 1938-жылы «Ырлар жыйнагы» деген ат менен басылып чыккан. Бул жыйнактарга кирген ырлар Мидиндин өз чөйрөсүнөн аттын кашкасындай болуп бөлүнүп чыгууга али мүмкүнчүлүк бербесе да келечекте таамай, жүрөккө, сезимге жеткиликтүү нукура поэтикалык үнү бар акындан кабар берген айрым ырлары ошол жыйнактарынан эле көрүнүп калган.

1939-жылы балдар үчүн жазган аңгемеси басылып чыгып, ошол кездеги кыргыз балдар адабиятынын калыптануусуна, белгилүү салым кошкон. Адабият майданына Мидин менен чогуу келген, талантына таазим этип, аны жогору баалаган жакын калемдеши Райкан Шүкүрбеков акындын чыгармачылыгынын курчуган жана жемиштүү иштеген жылдары Экинчи дүйнөлүк Согуш учуруна туура келген деп эскерген. Бул калыс пикир. Чындыгында да Мидиндин чыгармачылыгында согуштун мезгилинде жетилүү, эргүү пайда болуп, согуштан кийинки жылдарда жетилип, жемиштүү иштеп, талантынын башкалардан бөлүнүп чыккан оригиналдуулугу даана көрүндү. Ошондуктан бул мезгилде акындын өмүр жолундагы, чыгармачылыгындагы бурулуш, акындын үнүнүн өзүнчө бөлүнүп, бийиктеп чыккан этабы деп карообуз керек. Бул мезгилдерде акындын 1947-жылы «Ырлар жыйнагы», 1949-жылы «Жаңы ырлар» аттуу эки китеби жарык көрдү. Бул жыйнактарга топтолгон ырлар менен ар кандай тематикадагы жогорку көркөмдүктөгү ырлары сюжеттик курулмалары жана композициялык түзүлүштөрү боюнча өзүнчө оригиналдуулукка ээ болгон чакан жана көлөмдүү поэмаларды, калкка жетимдүү, куйкум сөздүү сатираларды жаратууга жөндөмдүү лирик акын экендигин айкындады, анын кыргыз профессионал жазма адабиятында ала турган ордун белгиледи.

Ал эми 1957-жылы жарык көргөн «Акчүч» аттуу сатиралары менен ырлары топтоштурулган жыйнагы М.Алыбаевдин даңкын таш жардырып, адабиятыбыздагы кадимкидей эле чоң окуя болуп калды. Бул жыйнак Мидиндин өзүнчө үнү, өзүнчө боёгу, поэтикалык өзүнчө салмагы бар лирик,

таланттуу сатирик экендигин, көп жылдардан берки чыгармачылыгынын бийик чегин белгилеген, көркөм чеберчилигинин айкын жүзүн көрсөткөн этаптуу жыйнагы болуп калды. «Акчүч» жарыкка чыккандан кийин ал дароо эле эл арасында ак кол, пайдалуу эмгектен качкан жалкоо, жан багарлардын энчилүү атына айланып кетти. Бул жылдары акын балдар адабиятында да активдүү эмгектенди. Анын балдарга арналган «Эмне үчүн короз таң алдында чакырат» «Эки бүркүт» деген чакан жыйнактары жарык көрдү.

Мидин Алыбаев котормолор үстүндө да активдүү эмгектенген акын болчу. Ал 1953-жылы Гафур Гуламдын «Акмат жаман бала эмес, бирок...», 1956-жылы «Ырлар» деген ат менен орус ырларын 1958-жылы «Пенджаб акындары» аттуу ырлар жыйнактарды кыргыз тилине которгон. 1959-жылы акын дүйнөдөн кайтты. Бирок кыргыз журту өзүнүн таланттуу акынын унутуп калган жок. Андан бери карата мезгил-мезгили менен акындан мурун жарык көрбөгөн жана жарык көргөн чыгармаларынын төмөнкүдөй топтомдорун басмадан чыгарды: «Чыгармаларынын бир томдугу» (1961), «Ачылбаган кат» (1964), «Жомоктор» (1965), «Тандалган ырлар» (1967), «Жомокчу мерген» (1974), «Акчүч» (1975), «Тандалган чыгармалар» (1977), «Карыган дубду канаттуулар кантип сакташты» (1980), «Мидин» (1984), «Ачылбаган кат» (1987), «Мидин Алыбаев» (1993). Акындын орус тилинде ырлар жана поэмаларынын жыйнагы «Замандаш менен сүйлөшүү» деген ат менен 1958-жылы жарык көргөн.

Сатира адабий тексттердин бардык жанрдык формаларында жолугат. Ошондуктан сатира ыр түрүндө да кара сөз түрүндө да жашайт. Сатира элдик оозеки чыгармачылыкта да, акындар поэзиясында да небактан эле жашап, өмүрүн улантып келе жатат. Кыргыз жазма адабияты пайда болгон жана өнүгө баштаган 20-жылдарда жана 30-жылдардын биринчи жарымында А.Токомбаевдин, М Токобаевдун, К. Маликовдун поэзияларында көрүнүктүү орундө ээлегн. М. Алыбаевдин сатирик катарында таанылуусунда табигый шык жана турмушубуздун конкрет фактылары биринчи даражадагы мааниге ээ болсо, эл оозеки адабиятынын, акындар поэзиясынын элге кеңири белгилүү сатиралык үлгүлөрү

жана профессионал акындарыбыздын жогорку көрсөтүлгөн дагы башка сатиралык чыгармалары анын алгачкы сатираларынын көрөңгөсү болбой койгон эмес.

Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгында сатиранын бийик чегине жеткен мезгили элүүнчү жылдар болуп эсептелет.

Сатирик болуш үчүн табигый талант болуш керек. Мидин Алыбаев онтоп ооруп жаткан адамды да күлдүрө алган табигый талантка ээ инсан болучу. «Ким менен болсо жолугушуп, сырдашып, кай жерде болсун сөздүн капкагын ачып, ырларын окуп, анан атын токуп, ары карай кеткен арыбаган дулдул, таң атканча сайраса талбаган бир булбул болучу.

Акындын талаада айткан таң каларлык тамаша сөздөрү дароо гана отурган элдин таразасынан өтүп, таңкы соккон шамал менен кошо Ала-Тоонун булуң бурчуна таралган. Кыргыздын кайсы гана жерине барбаңыз Мидиндин атын билбеген, ыры менен өзүн айтып күлбөгөн кишилери жок айылды таппайсыз» — деп эскерген К.Укаев.

Мидиндин элүүнчү жылдары «Чалкан» журналынын редакциясында иштеп калышы да белгилүү даражада анын сатиралык чыгармаларынын бийик көтөрүлүүсүнө шарт түзгөн. Эл арасында командировкада болуу, андагы айрым бир терс көрүнүштөрдүн үстүнөн чыгуу, албетте Мидиндин ар кыл темадагы сатираларынын жаралышына материал бербей койгон эмес.

М.Алыбаев атактуу «Акчүч», «Чалкан дос», «Кошоматчы», «Тилекматтын тили» аттуу сатираларын жараткан.

Акындын «Акчүч» деген ыры гезит бетине чыгаары менен эле эл арасындагы чоң окуяга айланып кетти. «Акчүч» түн күчү аткан октун күчүнөн аз түшкөн жок. Ал кожоюнунун коон-дарбыз сатат экен десе кыштын күнү Нарынга чапкан коомдун кокуй күн акчүчтөрүн машинадан алып түшүп, карапайым калың эмгекчилердин катарына кошту. Анан анын кудуретинин канчалык күчтүү экендигин ушундан билиңиз — ырдын «Акчүч» деген аты кылымдан бери кыйышып калыпташып келаткан кыргыздын тилин кандайдыр бир 5—6 күндүн ичинде дагы бир сөз, туюнтма менен байыта салды.

Биз буларды сынга алсак,
Жүрөгү түшүп калмакпы?
Ансыз деле
Чыдап келдик
Кесе тиштеп бармакты
— Мен киммин! — деп
Күзгүсүнөн сураса:
— Аай! — деп
Айтар эле айнек
— Сен жатып ичер жан бакты.
Жеке эле
Мени тиктебей
Карасаң боло
Элди
Жерди —
Жан-жакты
Төмөн түшүрбө
Аял деген ардакты.

Ырдын акырындагы акындын ызалануу, каардануу менен айткан мындай жыйынтыгы, чакырыгы бүгүнкү элибиз базар экономикасына өтүп жаткан эмгексиз эч нерсенин ишке ашпастыгы даана көрүнүп калган өткөөл мезгилде өзүнүн төп келишкен ордунда турат.

Акындын жеке гана «Акчүчү» эмес бюрократтардын, жалган илимпоздордун, кошоматчылардын коомубузга жат табиятын ашкерелеп мыскылдаган «Бюрократ», «Кошоматчы» ж.б. сатиралары да бүгүнкү күндө андай жат көрүнүштөргө каршы күрөш жүргүзүүгө актуалдуулугун жоготкон жери жок.

Кошоматчылар илгертен баштыктардын көзүнүн агы менен тең айланып, акты кара, караны ак дешин, көпчүлүктүн ишин бүлүндүрүп келишкен.

Азыркы кайра жаралуунун, эгемендүүлүктүн доорунда алар бир караганда анын күйөрмандары сыяктанып, тоскоол кылгандарды сындаган болушуп, ал эми иш жүзүндө буйрукчул мезгилдин абасын дагы эле кере дем алыштын аракетин жүргүзүшкөндөн кайра тартпай жатышат.

«Кошоматчы» деген сатиралык чыгармасында дейт:

Жыйналышта,
Эчак
Жазылат жарышка.
Сөз алат,
Трибунага барат,
Адегенде
Астыртан мактай
турганын карап.
Анан,
Элге сөз салат.
Колунда кагазы
Барак-барак,
«Аксакалынын» ишин,
Сынга алган болот азыраак.
Фактыларды,
Процентти
Бармак менен санап.
Кээ бирөөнү мойнуна алат.
Кээ бирөөнү
Кашкая эле танат.
Суудан жутат
Таңдайын таптап
Баштайт
«Аксакалын» мактап.

Булар бүгүнкү күндө өмүрүн жашап бүтүштүбү? Жок, дагы эле бар арабызда.

Мидин буларды ушинтип сындап, бет пардаларын ачып эле тим болбойт, акырында аларга кайрылып:

Биздин заманда
Сага
Эмне жетпейт
Кошоматың койбосоң
Коом сени жиктейт,

— деп калыс бүтүм чыгарат. Мидиндин бул сатирасынын бүгүнкү күндүн талабы менен үн алышып тургандыгын эч ким жокко чыгара албайт.

Мидин Алыбаев өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө жалаң гана лирика жана сатира жазуу менен чектелген эмес. Ал өзүнүн калемин адабияттын башка жанрларында да сынап көргөн. Ал драматургиянын тарыхында «Жантектин керээзи» аттуу бир актылуу, «Курорттогу окуя», «Зоотехник Буйлашев» деген көп актылуу пьесалары менен белгилүү.

Акындын 1993-жылы негизинен өз мезгилинде газета-журналдардын беттеринде гана жарык көрүп, көпчүлүк жыйнактарына кирбей жүргөн аңгемелери, фельетондору, пьесалары, очерктери, сын-макалалары топтоштурулуп, «Мидин Алыбаев» деген ат менен жарык көрдү.

Мидин Алыбаев өзүнүн аз, бирок даңазалуу жашаган өмүрүндө окурмандардын түбөлүк энчисинде калуучу көптөгөн таланттуу жазылган лирикалар менен сатираларды калтырды. Ал кыргыз жазма адабиятынан тарыхында таланттуу лирик жана көрүнүктүү сатирик катарында түбөлүккө жашайт.

## КЫЗ ЖАНА ГҮЛ

Кызды көрдүм кыпкызыл гүл кармаган,
Өзү жалгыз, жигити жок жандаган.
Гүлү да гүл, өзү да гүл буруксуйт,
Биле албадым гүлүн кимге арнаган?

Жыттап коёт. Эки жагын каранат,
Жапжай басат аллеяны аралап.
Карындаштын колундагы кызыл гүл,
Кимге буйруп, болсо керек аманат...

Кыз алдынан чыга келген бир жигит
Токтой калды кызыкканын билдирип.
— Гүл жыттатчы, — деди жигит шар айтты
Кыйын иш го, жаш кездеги жиндилик?!

— Койгун жигит, колтуктаба жанашпа,
Койгун жигит, колдон гүлдү талашпа!
Орой мүнөз, одоно өскөн окшойсуз,
Оозум барбайт сени теңтуш санашка!

Да бир жигит жолдон чыкты күлмүңдөп,
«Өзү сонун, өңү сонун бул ким?» деп.
Шар айталбай көзүн тикти гүлүнө,
Уян жигит сүйгөндүгүн билдирмек.

Кыйгач басты кыз көңүлүн салбады,
Мурдун чүйрүп, муну тенге албады,
«Бирөө орой, бирөө жеткен уян» деп,
Оолак басты ондоп гүлүн кармады.

Кеч киргенде бирөө чыкты жолунан,
Бирок гүлдү сураган жок колунан.
Айла кетип кыз өзү гүл сунганда:
– Албайм, – деди, –
гүлүң эчак соолуган.

## ОЙЛОНЧУ

Жүрөгүмдү куйкалайсың жалындай.
Жүралбаймын күндө сени сагынбай.
Мээ сергитет менде жүргөн элесиң,
Мемиреген Ысык-Көлдүн таңындай.

Көзүң укмуш – ак чыныда карагат.
Көп караба жүрөгүмдү жаралап.
Көөнүң болсо бир белгинди түшүндүр
Киши жалдап сүйө албаймын паралап!

Эч пайдасыз ээрчип жүрөм эринбей.
Жооп берчи, же жок дечи керилбей.
Кээ бир түштө беттен сылап коёсуң,
Июлдагы көк конуштун желиндей.

Сүрдөп кетем капыс жерден кабылсам
Кечирип кой, мен сүйүүдөн жаңылсам!
Жалгыз сага жарашкансып көрүнөт
Кайсы күнү кандай жоолук салынсаң...

## АЙТЧЫ, ЖАНЫМ

Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн,
Күндө өтөмүн терезендин түбүнөн.
Кайырчыдай каранамын жалдырап,
Алтын айтчы, качан сенден түңүлөм?..

Бүт ээледиң жүрөгүмдү бийледиң,
Тамтандаттың такыр колго тийбедиң.
Анда-санда жылмайгансып коёсуң,
Же шылдыңын, же чындыгың билбедим.

## САГА

Жайдын түнү... Аба салкын, ай жарык,
Көп жүрдүк го бак аралап айланып.
Бир мезгилде мындай сунуш киргиздиң:
«Болдучу эми, түн ортосу, кайталык...»

Дедиң дагы мага карап токтодуң,
Колду сундуң коштошчуга окшодуң.
«Эсен тур» — деп оң колумду бек кысып,
Ич жылытыи жүрөгүмдү козгодуң.

Кучактадым.
Мен сен жакка ыктадым,
Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың.
Шылтоо кылып чочубасын дегенсип,
Жакандагы кызыл гүлдү жыттадым.

## АКЧҮЧ

Ырас
Аялдар
Биздин коомдо чоң күч.
Бирок,
Арасында (анда-санда) бар:

Аккол
«Акчүч».
Аккол дейбиз,
Ал анткени —
Колу тийбейт
Оор же кара жумушка.
Эзелтеден эби келбейт
Кечирээк жатый, эрте турушка.
Чоочунча коомай карашат
Коомдук жана үй турмушка.

Эри «эрксизден» эч нерсе айта албайт.
Тарелканы
Асманга ыргытып урушса.
«Акчүч» дейбиз,
ал анткени —
Бирдемеге
Ачуусу келсе эле,
Жата кетет үшкүрүп.
Күйөөсү «акчүч, жаным!» деп турат,
Кокус калса чүчкүрүп.
«Байкуш« эри,
көптөн бери
сырын алдырган —
«Музоосунда сүздүрүп»...

Жолдош окуучулар!
Сиздер ойлобогула:
— «Булар,
Күнгө күйбөс,
Суук тийбес,
Жерде багылган».
Алган
Жардан сыймык көрүү —
Ал аялдын «багынан»
Ошондуктан,


Аккол жене —
«Багы» менен кабылган.

Аны
Жары
Артык көрөт жанынан.
Айланып
Көзүнүн агынан,
Сылап турат далыдан.
Мына ушундай
Эркелетет абыдан.

Ошенткен сайын,
Күчөп дайым,
Ал жен эле
ак маралдай керилет.
Өз төшөнчүсүн
Өзү жыюудан эринет.
Басса бир жакка,
Же бир чака –
Суу алып келсе,
Долондун белин ашкандай
Демигет.
Күндө жеген тамак,
«Күнөөкөр» немедей болуп,
араң жагат...

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. М. Алыбаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолун айтып бергиле.*
*2. Эмне үчүн Мидинди лирик акын дейбиз?*
*3. Акындын кандай сатиралары бар?*
*4. Ырларын жаттагыла.*
*5. «Акчүч» сатиралык чыгармасы аркылуу акын кимдерди сындаган?*



## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ – ТУРМУШТУН КЫЛДАТ СҮРӨТЧҮСҮ

Сөздүн керемет күчү, олуттуу ой толгоосу ушул болсо керек, кайсы көз карашты бекем тутпасын адам инсаны доордун угуттуу, татаал проблемаларына, түйүндүү көңүл-көкөйдү ар убак өйүгөн «канткенде адам уулу адам болот?» деген өңдүү суроолоруна жооп табуу үчүн үңүлүп, кайрылып, сабак алууга дилгирленди, жан дүйнөсүндө жакшылыктын үрөөнүн өндүрүп, адамгерчиликтин нурларынын шооласын чачыратып, акыйкатчылыкты батылдык менен коргоп калууга үйрөндү, адамга боордоштук сезимин ойготту, жаңыча ойлонууга жана келечектүү жашоого умтулду.

«Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон Ала-дөбөт», «Фудзиямада кадыр түн», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Кассандра тамгасы» – булардын ар бири окуган адамды кайдыгер калтырбай турган жандуу таасирдүүлүгү, жан дүйнөнү күүгө келтирээр көркөмдүгү менен окурмандын турмуштук тажрыйбасын байытаар, түшүнүгүн арттыраар, акыл-сезимин курчутаар шарапатка ээ чыгармалар.

Ч. Айтматовдун жазуучулук философиясы Адамдын улуулугуна, Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, ыйык гуманизмге, асылдык идеясына барып такалат.

Айтматовдун жазуучулук устаттыгынын эң башкы сыры – көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө.

Кыргызчабы же орусчабы, ал эки тилдин кайсынысында жазбасын, ал баары бир биринчи иретте кыргыз жазуучусу. Өзүнүн чыгармаларында ал улуттук тамырга тереңи-

рээк үңүлгөнгө, фольклордук чыгармаларга, анын эпикалык традициялык булактарына кайрылганга умтулат.

Ч.Айтматовдун өзгөчөлүгү – баарыдан мурда анын көркөм дүйнөгө көз карашынын системасы элдик салтка, «Манас» баштаган эң бай фольклорго азыктанып таянганда жана ошону менен бирге аны жазуучу бир эле убакта Батыш жана Чыгыш элдеринин көркөм маданиятынын эң тандамал жакшы тажрыйбасы менен ширелиштире билгендигинде. Чындыгында эле, алгач чет жерлик адабиятчылардын, жазуучулардын көпчүлүгүн Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын улуттук мифологиялык кыртыш менен карым-катнаш проблемалары кызыктырган жана бүгүн да кызыктырып келет. Мифологиялык көрүнүштөрдүн жазуучунун чыгармаларында өтөгөн идеялык-көркөмдүк кызматын тактоо менен катар алардын көпчүлүгү Айтматовдун тике болгон мамилеси терең чыгармачыл мүнөздө экенин көрсөтүшөт. Жазуучу мифтин кандайдыр бир версиясы менен чектелип калбайт, алыскы замандар менен жуурулушуп кетет, көп кылымдык адамзат тажрыйбасын кайра уюткан жашоо механизмдеринин терендерине чөмүлөт. Ушунун аркасында анын «мифологемдери» биздин күндөрдө дайыма терең актуалдуу. Бир сөз менен айтканда, жазуучу фольклордук асыл булактарга абдан сарамжал мамиле кылат.

Психологиялык көркөм анализ жазуучунун чыгармачылыгынын эң күчтүү жагы. Ч.Айтматов рентген сымал өзүнүн каармандарынын жан-дүйнөсүнүн байлыгын көрсөтүп турган ички монологдорго көп кайрылары белгилүү. Ал адабиятта көркөм-психологиялык анализдин жаңы көп тармактуу мүмкүнчүлүктөрүн ачты.

Жазуучунун чыгармачылыгында көрүнүштөрдү, процесстерди нравалык-эстетикалык аспектиде ар дайым жаңы күтүлбөгөн жактарынан ача билүүчү кайталангыс касиет, ошондой эле адамды, анын тагдырын жана дүйнөнү толук бойдон камтуучу, синтездөөчү көз караш бар. Ар бир адам өз алдынча кайталангыс бүтүн дүйнө экени анын көз жаздымында калбайт. Айтматовдун көпчүлүк каармандары – чоң инсандар.

Адамдын жаратылыш менен болгон ымалашуусунун айтматовдук концепциясы адамдын ички жан дүйнөсүнүн чек-

терин кеңейтет. Ал мейли айбанаттар дүйнөсү жөнүндө жазып жаткан учурда да, анын баяндоосунун ар бир деталында чыгарманын нравалык климатын колдоп турган татаал символика жашайт.

Турмуштук аныктыгы, образды сүрөттөөдөгү күчү боюнча Гүлсарынын, Каранардын, Ташчайнардын, Акбаранын образдары Танабайдын, Эдигейдин, Бостондун образдарынан кем калышпайт.

Жазуучунун чыгармачылыгында жаратылыш адамдардын жашоосун ички дүйнөсүн таразалаган өзгөчө критерийлик роль ойнойт. Айтматов үчүн табият өзүнүн өзгөчө сулуу, кооз эркин закону менен жашап жаткан өз алдынча стихия сыяктуу. Ошондуктан жаратылыш, балким, катаал болушу да ыктымал, бирок, ошондой болсо да ал чыгарманын аягында акыйкат болот.

Ч.Айтматов пейзажды, анын улуттук колоритин бөтөнчө поэтикалуу ачык сүрөттөйт. Жазуучу конкреттүү улуттук – кыргызча жашоо образынын проблематикасында чектелип калбайт. Ал башка элдердин руханий акыл-эс тажрыйбасына кайрылып, андагы конкреттүү-улуттук, интернационалдык, жалпы адамзаттык тажрыйбаны дүйнөлүк бийиктикке көтөрүп чыгат.

Ч.Айтматовдун философиялык, психологиялык концепциясы адам мүнөзүнүн, дүйнөсүнүн диалектикасын кеңири ачып, ал адамды чырмоок сымал чырмап келген эски көз караштан, моралдан кутулууга, инсандык касиетке тарбиялануу да өздүк турмуш менен элдин тагдырын органикалык бириктирүүгө жардам берет.

Жалпы адамзаттык прогрессивдүү идеяны издөөсү жазуучунун дагы бир артыкчылыгы. Жалпы идея – Айтматовдук көз караштын башатынын башталышы. Анын максаты – адамдык сапатынын эң негизги суроолоруна өзүнүн чыгармалары менен жооп берүү. Ч.Айтматовдун эстетикасынын негизи – мезгилдин жана урпактардын алдындагы адамдын жоопкерчилигинин идеясы.

Чыгармаларда мезгилдин жандуу тамыры кагып турат. Татаал, дүрбөлөңдүү кылымдын глобалдык маселелери коюлат, ал адамдар планетасынын тагдырына болгон кооптонуусу менен, адамда анын адамдык башатын сактап ка-

лайын деген каалоосу менен окурманды кызыктырат. Ыймандык түшүнүктүн ойгонушу Айтматовдун көркөм дүйнөсүнүн негизги, түпкү максаты болуп саналат.

Ч. Айтматовдун прозасына драмалуулук мүнөздүү. Ошону менен бирге эле трагедиялуу кырдаалдарды сүрөттөөдө да ал оптимист бойдон кала берет.

Ч. Айтматов адабий процесске таасири бар өрнөктүү жазуучу. Анын чыгармачылыгы жазуучуларга кайнап жаткан турмуштун өзүн чагылдырууга жаңы импульс берет, дүйнөнү таануудагы идеялык-эстетикалык көз караштардын чектерин кеңейтет, терендетет.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы – турмушту таанып билүүдө окурмандардын Рух потенциалын байытуучу, ойлордун, сезимдердин активдүүлүгүн ойготуучу жаңы сөз. Айтматовдун сөзү не деген сыйкырдуу, кудуреттүү, ыйык сөздөр! Ошондуктан, анын жөпжөнөкөй, бирок асыл ойду камтыган сөздөрүн кыргыздын Гомери Саякбай «Манас» айтып жаткандай кабылдайбыз, ошондой берилүү менен угабыз жана окуйбуз. Ошондуктан да, Ч.Айтматовду «азыркы доордун манасчысы» жана «зор манастаануучу» деп айтууга болот.

Анткени, ушул күнгө чейин «Манас» эпосу тууралуу терең ой жүгүртүп, үйрөнүп, аны өз чыгармачылыгы процессинде рухунда, жан дүйнөсүндө, эс акылында сактаган жазуучу – бул Ч.Айтматов. Айтматовдук сөздүн маанисинин эң башкысы ааламдык масштабдагы ойдун «ташка тамга баскандай» камтылгандыгында. Башка чоң жазуучулардай эле Айтматов өзүнүн кайталангыс көркөм дүйнөсүн жаратты.

* * *

**«Ак кеме» повести.** Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинин негизин мүйүздүү Бугу-Энеге байланыштуу легенда менен токой кардонунда жашаган адамдардын реалдуу турмушу түзөт. Автор кыргыз элинин байыркы тарыхына, этнографиясына азыркы күндүн талабы менен көз чаптырып, нечен кылымдар бою муундан-муунга калган рухий маданиятына таянат, аларды каармандардын ой жүгүртүүсүнө, дүйнөнү аңдап билүүсүнө тыгыз байланыштырат.

13 – 17-595

Баланын учкул кыялдары, ой-тилектери турмушту аз-аздан тааный баштаган түшүнүктөрү өзүн курчап турган айлана-чөйрө менен шартталат. Көлдүн тиги нур кубулган көпкөк жээгинен Ак кеме сүзүп келет. Бала таенеси жууп койгон көйнөгүн торпок ооз толтура чайнап турганын, таенесинин каргап шилегенин – баарын Ак кемени көрөр менен унутат. Бала кыялы менен балык болуп кемени карай сүзүп, матрос атасына жолугат, ичиндеги ызасын бүт төгүп айтып берет.

Баланын экинчи дүйнөсү – жомок. Момун чал балага кыргыздын ата-бабасынын өткөргөн күндөрүн айтып отуруп, катуу таасир берип койгонун билген жок. Бала Бугу-Эненин боорукердигине, жакшылыгына, адилеттигине баш ийип, андан ыйык эч нерсе жок катары сезет, ошол үчүн ал анын баласымын деп сыймыктанат.

Чыгармадагы Бугу-Эне жөнүндөгү легенда илимий-техникалык өнүгүүнүн шартында чечмелене турган экологиялык маселеге олуттуу маани берүү керек экендигин эскертип отурат. Ошону менен бирге повестте фольклордук мотивдер бүтүндөй бир сюжеттик линияны түзүп, образдар менен тыгыз карым-катышта чыгарманын идеялык-эстетикалык касиетин ачуучу каражат катары колдонулат. Бугу-Энеге карата каармандардын көз караштары чыгарманын сюжетинде аныкталат. Бугу-Эненин атылышы Момун үчүн аздектелген жомогунун бүтүшү болчу. Эми балага берер жообу кайсы? Ата-бабалардын арбактарынын алдында актана алабы деги өзү? Өзүнүн абийиринин алдындачы? Ал ошондуктан баланын жүзүнө дит багып карай албай өз колу менен жасаган кылмышын, башына түшкөн кайгыны ичкилик менен жууп салгысы келет. Орозкул болсо Бугу-Эненин мүйүзүн балталап таштайт.

Бала Орозкулдун айбанчылык иштери менен эч келише албайт, экөө чыгарманын башынан аягына чейин бири-бирине карама-каршы турушат. Баланын мөлтүр сезимин талкалоого Орозкул канчалык өжөрлүк менен чоң муштумдукту, кара күчтү колдонсо да жеңе албайт. Бала жылт эткен өмүр жолунда дүйнөгө кандай таза абийир менен келсе, так ошондой абийир менен кетет. Биз үчүн баланын балык болуп кубулушу бир чети канчалык оор болсо да, анын

жамандыкка аралашпай, наадандык менен келишпегендигине сыймыктана алабыз.

Баланын өлүмү, автор өзү белгилегендей, анын адилетсиздикке баш ийбеген жеңиши, анын оюнун салтанат курушу болот.

Чыңгыз Айтматов «Ак кеме» повестинин жазылышына байланыштуу минтип айтат: бир жолу, анда жазуучунун борбордук газетанын өз кабарчысы катары иштеген журналист кези, Соң-Көлдөн келе жатканда браконьерлер булардын машинасына бугунун өлүгүн салат, ошону, ошондон катуу көңүлү калат да, чыгарманын түпкү түйүлдүгү пайда болот. Демек, жазуучунун адегенде көрүп эле өзүнө койгон максаты – экологиялык тарбия берүүгө багытталып, адамдардын ыйманын ойготуу маселеси болгон. Деги эле Айтматовдун ушул повестинин жарык көргөнүнөн алдын-артын ошол кездеги адабиятта «Матера менен коштошуу», «Акыркы мөөнөт», «Эсен болуп, эстей жүр», «Өрт» (В. Распутин), «Жээк» (Ю. Бондарев), «Падыша-балык» (В. Астафьев), «Ак кууну көрсөң атпагын» (Б. Васильев), «Кара кулак куу машке» (Г. Тропольский), «Изгин» (В. Санги), «Жазгы коңтормолор» (В. Тендряков) деген чыгармалар, В. Шукшиндин повесть-аңгемелери, Н. Думбадзенин «Түбөлүктүүлүктүн мыйзамы» романы, «Мен күндү көрүп турам» повести жана аңгемелери, А. Вампиловдун пьесалары ж.б. жазылып, аларда ыймандуулук маселеси жана адам – табият проблемасы курч көтөрүлгөн.

Бул тенденция кыргыз адабиятына да таасир этпей койбоду: «Ак бугу» (И. Мансуров), «Үч мээрим» (А. Стамов), «Карагайчылар» (К. Жусупов), «Күнөстүү арал», «Дарыялардын шоокуму» (М. Гапаров), «Кожожаш» (К. Жусубалиев), «Жашыл аалам» (Ш. Абдыраманов), «Жолугушуу» (Б. Жакиев), «Эрөөл» (М. Байжиев), «Алчалуу төр» (М. Абакиров), «Алтын казык» (Э. Отунчиев) ж.б. чыгармалар жазылды.

Бул чыгармалардын бир тобунда элдик башаттарга кайрылуу, жаратылышты сактоо үчүн адамдардын ыйманын сактоо (ыйман экологиясы) маселеси курч коюлду, азыркы ушундай кырдаалды көрсөтүү үчүн адамдардын жана табияттын булгана элек, таза кезине «саякат жасалды».

* * *

«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестинде жазуучу башка элдин – нивхилердин турмушунун негизинде адамдын жаратылыш менен болгон байланышынын түбөлүктүүлүгүн чагылдырат. Каармандардын жашоого умтулуу аракеттери, бир келген өмүрдүн, жарыкчылыктын улуулугу, таттуулугу, кийинки муундар алдында улуулардын парзы курч драмалык сюжет, философиялык ой толгоолор аркылуу ачылат. Орган, Эмрайин, Мылгун болочок аңчы Кириске ак баталарын бериш үчүн аң уулоого деңизге чыгышкан. Кириск али «оозунан эне сүтү кете элек, балтыр эти ката элек» бала болсо да, чоңдор ага ата-бабадан мураска калган аңчылык салтты үйрөтүп коюу парзын аткарышмак болушат. Төрт адам түшкөн жалгыз кайык жээктен (Ала-Дөбөттөн) узап, деңизде калкыйт. Ар бир каарман алдыдагы чоң максаттын оңунан чыгышын ичтеринен тилешет. Кириск ак жолтой аңчы аталып, майрам болуп, Айым-Балык урматына ыр ырдалып, апасы менен карындашы бийлеп, атасы сыймыкка бөлөнгөн, өзүнө тумар жылдыз энчилеген күн эрте келсе деп самайт, чыдамсыздык менен ашыга күтөт. Бирок ал күндүн келбей калышы да мүмкүн экендигин эч кимиси капарына албады, катаал, табышмактуу деңиз алардын өмүрлөрүн кыярын да билишпеди. Акыры баланын өмүрүн тилешип, үч адам аң-сезимдүү түрдө өлүмгө бел байлашты. Чыгармадагы өзгөчө Эмрайиндин баланы таштап кетүүгө кудурети жетпей турган психологиялык абалы окурмандын жүрөгүн титиретпей койбойт. Эмрайин да Орган менен Мылгундун жолун жолдоп кайыкты таштап кетиши керек. Бирок кантип уулун чексиз деңиз бетине жападан жалгыз калтырып кетмек?! Ал ойго чөмүлүп, баласын бооруна кучактап жатып, өзүн өлүмгө берер алдында улуу чындыкты ачты. Анын бүт өмүрүнүн мааниси баласынын өмүрүнө байланыштуу экенин, аталык сезимдин күчтүүлүгүн, өзүнүн ысмы Кириск аркылуу укумдан-тукумга каларын түшүндү.

Кириск өлүм менен кармашып, табияттын стихиясын, башка түшкөн трагедияны жеңип жашашы керек, ал Орган чоң атасынын Мылгун акесинин, Эмрайин атасынын өмүрлөрүн, деңиз аңчылыгын улап жашашы керек, ал на-

зик сезимин ойготкон Музлукка жетип, жан дүйнөсүндөгү чындыкты моюнга алып жашашы керек.

Жазуучунун чыгармадагы негизги ою да ушул жашоонун түбөлүктүүлүгү, ал эми укум-тукумдун уланышына ар бир адам баласы милдеткер жана жоопту. Ошондуктан Айым-Балык журтунун өкүлдөрү Оргaндын, Мылгундун, Эмрайиндин жаш бала Кирискке жасаган камкордуктары, өлүмгө өмүрлөрүн алмаштырышкандыктары адамзаттын улуулугун даңазалайт.

Чыныгы адам кандай гана татаал шартка кабылбасын жеке өз кызыкчылыгынан элдин тагдырын жогору ойлоп, келечектин камылгасы үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн зарп кылышы керек. Бул нивх элинин да атадан балага келе жаткан жакшынакай салты, керээзи, аны орундатпоо адамзат баласынын өткөндөгүсүнө, бүгүнкүсүнө жана келечегине чыккынчылык кылганга барабар.

## «ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА-ДӨБӨТ» ПОВЕСТИ

*(Повесттен үзүндү)*

Кириск ойгонуп алып, мурдагы түндөргө караганда жылуу уктаганына таң калды. Көрсө үстүнө атасы тонун жаап коюптур. Бала көзүн ачып, башын көтөрдү – караса, кайыкта атасы жок. Бала ордунан учуп туруп, кайыктын ичин тинтип сыйпалап чыкты да, тумандуу караңгы түн басып турган деңиздин бетин жаңырта бакырып ыйлап жиберди. Баланын зар какшаган үнү көпкө басылбай турду. Жан доошу чыга ыйлаган бала акыры алсырап барып кулады да, башын кайыктын бооруна ургулап, үнү кышылдап жатып калды. Бул ый атаны жоктогон кайгысы эле, ата-бабасын жоктогон арманы эле, атасына багыштаган өмүр акысы эле...

Башын көтөрө албай, көзүн ача албай бала кайыктын түбүндө жатты. Өзүн коёр орду жок калды, көз токтотор карааны жок калды. Теребел баягысындай эле боз күүгүм туман астында тунжурайт, деңиз гана кайыкты бир ордунда тегерете чайпап, уйкусурап түйшөлгөн зор жаныбардын жонундай эрине кыймылдап жатат.

Кириск өзүн-өзү күнөөлөп, түндө тырп этпей уктап калганына өкүнүп, өксөп-өксөп ыйлады. Эгер уйку душман болбогондо атасын өлсө жибермек беле? Аны кайыктан секиртпей этегине эрмешип, жакасына жабышпайт беле. Минтип жападан жалгыз шорлоп калганча атасы экөө мобу кайыктын ичинде ачкалык менен суусуздан бирге өлбөйт беле. Түндө уктап жатып кайыктын катуу солк эткенин сезгендей болду эле, ошондо ордунан ыргып туруп, кыйкырбайт беле. Аттиң-ай, кайран ата! Ошенткенде атасын аман сактап калбайт беле. Болбосо атасынын артынан мобу деңиздин түпсүз туңгуюгуна кошо кетпейт беле!

Бала тула бою калчылдап жатып, үнү чыкпай солуктап ыйлап жатып, эстен тана уктап кетти. Бир топтон соң алиги кайгыга туруштук бере албай качып жоголгон суусаганы эсесин алгандай кайрадан күчөп келди. Бала уйкуда жатып ичи өрт алып баратканын сезип жатты. Өрт алоосу ичин жалап, демин бүтөп, тумчуктуруп баратканда бала эптеп сойлоп кол бочкеге жетти. Атасы атайылап бочкенин тыгынын бошотуп, ожоону жанына коюп кетиптир. Кириск кичине суу куюп ичип, кургап калган тамагын жибитти, жабышып калган эриндери ачылып, карышкан жаагы бошогондой болду. Дагы куюп ичкиси келип, бирок карманды. Эми көп болсо эки жутум суу калган...

Анан шылкыйып отуруп, эмне үчүн атасы эчтеме айтпай кеткенин ойлонду. Атасы менен бирге чөгүп өлүштөн коркпойт эле го. Эми коркунуч менен жалгыздык колубутун тушап салгансып, кайыктын кырын ашканга даабай отурат. Бирок баары бир күчүн жыйып алып, ал да ошентмек болду...

Түш болду окшойт, же түш ооп деле калгандыр. Тумандын коюну суюлуңку тартканынан улам Кирискеге ошондой сезилет. Демек күн төбөдө. Бирок улуу тумандын деңизге чөккөн улуу магдыроосун күндүн нуру тешип өтө албай жатат окшойт. Анткен менен туман улам суюлуңкурап, жыгач отундун түтүнү мисал көгүш тартып барат. Ошондо деле аркан боюнан наркы жер көрүнбөйт, туман менен суу биригип түнөрөт.

Сүзөөр жагы жок, бар болгон күндө да калак шилээр алы жок. Кайыктын кырында суналып ээсиз жаткан атасы

менен Мылгун акесинин калактарын карап отуруп, баланын зээни кейиди. Кайык эми өз бетинче жылжып, туман ичинде дайынсыз багытка кетип баратты. Ээн теребел жалгыздыгын айгинелеп, аза бойду дүркүрөтөт, түпөйүл коркунуч желкеден басат.

Кечке жуук бала суу ичпей чыдай албады. Ачкалыктан алы кетип, башы айланды. Кыймылдагысы да келбейт, тыякбыягын карагысы да келбейт. Бочкеге жетиши да кыйын болуп калды. Тизелеп жылып баратып, чарчагандан эки-үч токтоп эс алды. Жакында таптакыр кыбырай албай каларын билди Кириск. Колун бетине тийгизип көрүп, жүрөгү шуу этти: былтыр өлгөн тыйын чычкандын куурап калган куйругунан бетер колу чийдей ичкерип, катып калыптыр.

Бул жолу бала сууну адаттагысынан көбүрөөк ичти. Бочкенин түбүндө калган суу эми бир жутумга жетсе араң жетээр. Анан түгөнөт. Бир тамчы калбайт. Бирок балага эми баары бир. Эмне болсо да иче бергиси келди, каңгыча ичкиси келди. Ачкалыгы да анча сезилбей, тек ичин мыкчыган оору тынбай сыздап жатат.

Бала алда нечен эстен танып кетип, кайра эсине араң келип турду. Кайык болсо өз бетинче каңгып, жан кирген толкундардын жетегинде туман аралап барат.

Бир учурда бала чындап кайыктан секирмей болду. Бирок алы келбеди. Тизелеп араң туруп, кайыктын кырына араң, артылды. Эки колу сыртта салаңдап, денесин ашырып сала албай көпкө жатты. Бара-бара таптакыр алсырап, калган сууну ичүү да оюна келбей калды. Кайыктын түбүндө жатып, сыздап ыйлайт, суу ташыгыч чычканын чакырат:

## Чычкан аке, суу берчи!

Түн бир оокумда Кириск кайыкты катуу чайкаган толкундун шуусунан ойгонду. Төбөсүнөн жылдыздарды көрө коюп, бала өңгөчүн үзө алсыз үн чыгарды. Көптөн күткөн жылдыздар мына! Кара-кочкул асман бетинде, тытылып өтүп жаткан булуттардын арасынан жылдыздар жымың-жымың этишет. А түгүл ай да көрүндү, улам бир булутка кирип кетип, кайра чыгат ай! Бала аң-таң: жылдыздар жымыңдайт, ай жүрөт ойноп, шамал согуп турат арылдап, деңизге

жан кириптир, толкундар түрмөктөлүп айдалат — тирүүчүлүктүн жаны ушул эмеспи! Куугунтук жеген туман дале калыптыр ар-ар жерде уурданып, кайык аларга кире бергенде кайра баягы өлүү жагдай, бирок анысы эми көпкө созулбайт. Улуу туман чөккөн жеринен турган экен, шамалдын эпкинине ордунан козголгон экен, эми тытылып өзү каңгый баштаган экен.

Жылдыздарды карай берип, бала көзүнө жаш алды. Калак шилээр алы жок, жылдыз болжоп багыт белгилегенди билбейт, кайда сүзөрүн билбейт, каерде экенин билбейт, эртеңи эмне болорун билбейт — бала баягысындай эле алсыз, жалгыз, кароосуз. Бирок толкундун шуулдашына, шамалдын жүрүшүнө, кайыктын толкун минип кайкып баратканына бала кубанды.

Ал кубанычы менен кайгысына ыйлады, дүйнө дааналанып, деңизге жакын киргенине ыйлады, эгер ичээр суум болсо, наар алаар тамагым болсо бул турмушту дагы деле жакшы көрөт элем деп ыйлады. Бирок ордунан тура албасың ичээр суусу түгөнүп, күнү бүтүп баратканын, аздан соң суусап жатып өлөөрүн билип жатты...

Кайык болсо толкундан толкунга артыла кайкып, сергек сүзүп баратты. Толкундун агымы ээрчип, калагы жок, башкаруусу жок баратты. Эми тумандын адашкан түйдөктөрү да сейрек кездешип, түнкү деңиз майданы кеңейгенден кенейип, түн караңгылыгы да мурдагы ың-жыңсыз өлүү караңгылык эмес, өң-түсү бар, жылдызы бар тирүү караңгылык болуп калды. Эми адашкан туман түйдөктөрү качып бараткан жомок желмогуздарындай шамалдын айдоосунда улам бир укмуш элес берип баратат. Ал элестер пайда боло калат да, кайра бирин-бири түрткүлөшүп, аралашып, суюлуп жок болуп кетет.

Булуттардын арасынан ай көрүнгөндөн баштап деңиз бети бирде жалтылдап, кайра өчүп, кайра жалтылдап, кайра өчүп, жыбырап жан кирди. Үн салбай жымыңдаган жылдыздарды карап отуруп, Кирискенин ою он, санаасы сан: «Кайсы бириң мени сактаган жылдыз болдуң экен? Кайсының Орган аткычхтын[1], кайсының Мылгун акемин, кай-

[1] *Аткычх* — (нивхиче) чоң ата.

сының менин атам Эмрайиндин жылдызысыңар? Бу күндөрү силер көрүнбөй зар кылдыңар. Силер да туман арасынан бизди көрө албадыңар. Эми мына мен жалгыз калдым, кайда сүзөрүмдү билбей отурам. Бирок эми коркпоймун, анткени, силерди көрүп отурам. Болгону гана кайсыныңар кимдин жылдызы болду экенсиңер, ошону билбейм. Биздин башыбызга түшкөн мүшкүлгө силер айыптуу эмессиңер. Деңиз бетинен бизди көрө албадыңар да. Мына эми мен жалгыз. Ал үчөө сүзүп кетишти. Жылдыздар, ал үчөө силерди абдан жакшы көрүшчү. Силерди болжоп жол тапсак деп алар абдан күтүштү. Жылдыздар алдабайт деп айткан Орган аткычх. Ал мага үйрөтөм деди эле... Бирок, мындай болгонуна силерде күнөө жок. Менин өлөөрүмө аз калды. Ичер суум жок, кыбыроого алым жок, анан калса кайда сүзөрдү билбейм... Азганакай суу калган, бир ууртам гана суу калган, азыр аны ичейин, чыдабай өлүп баратам. Бүгүн туздуу балык салынган дорбунун бир бурчун чайпадым эле, ал нерпанын терисинен тигилген эмеспи. Эми чыдагыдай эмесмин, ошо дорбунуку го, жүрөгүм айланып, ичим антарылып келатат... Калган сууму ичейин. Эгер кайра көрүшпөсөк, жылдыздар, силерге айтар сөзүм бар: Орган аткычх, Мылгун акем жана атам Эмрайин силерди абдан жакшы көрүшчү... Эгер түндөн аман чыксам, силер менен таң эрте коштошом...»

Кайык кайрадан калың туманга кирди. Көзгө көрүнгөндүн баары кайрадан жоголду. Бирок шамал айдап, толкун жетелеген кайык жанагысындай сүзүп баратты. Балага эми баары бир болуп калды. Биротоло сасып калган суунун саркындысын жутуп алды да, бала бош бочкенин жанына, кайыктын соорусундагы Орган чоң атасынын ордуна жатып калды. Ал өлүүгө камынды, ошон үчүн туман коркута албады. Жылдыздар көрүнбөй калды, коштошо албай кетет экем го деп, бала ошого кейиди... Ал уламдан-улам начарлай берди...

Уйку – соонун ортосунда чала жөөлүп бала жатты. Канча убакыт өткөнү билинбеди. Түн жарымы оодубу, же таң атаары жакын калдыбы – белгисиз. Шамал айдаган түтүндөй тыбыт туман деңиз бетинде чубалат. Тагдырдын да тагдыры бар. Бала угат беле, же укпай калат беле, бирок укту.

Күүгүм мунарыкта күчтүү канаты абаны шуулдата жарып, кайык үстүнөн куш учуп өткөндөй болду. Бала ошол шоокумду укту. Силкинип ойгоно калып, көз ирмемдин ичинде бала үстүнөн учуп өткөн чын эле куш экенин, кош канатын кең каккан, күчтүү, чоң куш экенин көрүп калды.

Агүкүк! — деп бакырып ийди бала. — Агүкүк! — Ошентти да, түндүк уюл үкүсүнүн кеткен багытын, шамалдын багытын болжолдоп калды. Шамал сол тараптан согуп, желкесинин сол ныптасына, сол кулагынын түбүнө тийип жатканын белгиледи.

Ак үкү! — деп дагы кыйкырды да, денеси чыйралып, Орган чоң атанын кайык башкарчу калагын кармады, агүкүк учуп кеткен багытка кайыкты салды.

Кириск баш калакты бек кармап, чымырканды, боюнда калган саркынды күчүн бүт жыйнап ойготуп, башка эчтемени ойлобой, шамалдын огу менен агүкүнүн учуп кеткен багытын гана ойлоп жүрүп отурду.

Уюл үкүсүнүн каяктан каякка учуп баратканы белгисиз эле. Жерден кайсы бир аралгабы, же аралдан жерге кеттиби? Бул куш деңиз бетинде кургакты көздөй түз учат деген Органдын сөзү баланын эсинде. Туман, түнгө карабай уча берген эң күчтүү куш ушул. Эми Кириск ошону ээрчип баратты.

Кайык толкундан толкунга артылат. Шамал бир калыпта согуп турат. Күүгүм мунарык аз-аздан суюлуп, асмандын этек жактары жээктене баштаган. Бет алды да, дал эле баланын маңдай тушунда кара-кок асман бетинде жалгыз бир жылдыз жаркырап бөлүнөт. Ошо жылдыз дал жаңкы Кириск кайыктын тумшугун түз — деген багытта экенин белгилеп койду. Агүкүк ошол тарапка учуп кеткен, демек ушу жылдызды ээрчип, ушу жылдызды карманып, ушу жылдызды көздөй сүзө бериш керек деди Кириск. Бу кайсы жылдыз экенин билбейт, бирок андан эми көз айырбады. Желкеден соккон шамалдын багытын күчүн баамдап отурду.

«Күчүңөн жазба, шамал, кетпегин. Сени эмне деп аташарын билбейм. Орган чон, атам болсо айтып бермек. Сен мага тууган бол. Кетпегин шамал, бурулбагын башка тарапка. Кааласаң каалаганыңдай сого бересин, да. Мага жардамдаш, шамал, кетпегин. Мен да сенин атыңды билип

алармын, анан дайыма атыңан чакырып жүрөрмүн. Жактырсаң Орган шамал дейин сени? Чон, атам Органдын атын коёюн. Орган шамал деп дайыма айтып жүргөнүмө жакшы. Сен да мени билип каласың...»

Ушинтип жол улаш шамалды үгүттөп, ага эрки менен жанын тапшырып, жалынып баратты бала. Көзү жол көрсөткөн жылдыздан айрылбайт. «Сени жакшы көрөм, жылдызым, – дейт бала. – Сен алдымда эң бийикте, эң алыста турасың. Жылдыздардын эң чоңу, эң сулуусу сенсиң. Суранам, кетпесең, өчпөсөң, ордунда турсаң. Мен сага сүзүп баратам. Сени көздөп кетти агүкүк. Сен тарапта же арал, же жер бар. Арал болсо да мейли, аралга жетип өлөйүн. Кетпесең, өчпөсөң, жылдызым. Атыңы билбейт экем, ал үчүн мага ачууланба. Сенин атыңы сурай албай калыпмын. Атам Эмрайин болгондо айтып бермек. Жактырсаң атамын аты менен атайын, сени дайым Эмрайин жылдызы деп жүрөйүн. Макулбу? Асмандан жаркырап көрүнгөнүңдө сени менен учурашып, атынды шыбырап айтып турайын. Сен азыр мага жардам бер, Эмрайин жылдызы, эртелеп кетпегин, эртелеп өчпөгүн, кокус булутка жашына калбагын...»

Ушинтип жол көрсөткөн жылдызга жалынып баратты бала. Анан дагы толкундарга жалынды: «Толкундар, силер азыр кайыгымды айдап келатасыңар, мунуңар жакшы. Мен силерди Мылгун акенин толкундары деп жүрөйүн. Агүкүк кеткен тарапка түрүлүп силер баратасыңар. Каалаган жагыңарга каалаганча узак убакыт кете берсеңер болот да? Жолдон бурулуп кетпегиле, Мылгун акенин толкундары. Калак шилеп ылдамдасам болор эле, алым жок. Карагылачы, силердин жетегиңерде баратам. Аман калсам дайым эсимде болсун: силер Орган чоң атанын шамалынын огу менен, Эмрайиндин жылдызын көздөй толкуйсуңар. Мылгун акенин толкундары жанга жолдош толкундар деп эле жаям! Жардам бергиле мага, Мылгун акенин толкундары. Мени таштап кетпегиле...»

Жылдыздардын арасынан Эмрайин жылдызы узак турду жаркырап. Тан, атканда ээн асманда жалгыз ошол жылдыз калды. Таңга маал өзгөчө нурланып жаркырады да, анан агарып келаткан таңдын абасында назик ак чекит болуп көпкө көрүнүп турду.

Ушинтип таң да атты. Анан деңиз үстүнөн балбылдап күн чыкты. Кириск кубанып да, коркуп да кетти. Күндү көрүп кубанды, деңиздин дале учу-кыйыры көрүнбөгөн кеңдигинен коркту. Күн нуруна көгүш тартып, муздак жылтылдап, деңиз тик астыңы карасаң баягысындай эле кара түнөрүк, айлананды карасаң баягысындай эле ээн. Бала шамалдын огунан тайгылбай эсте калган багытынан адашпай сүзө беришке баш калакты калчылдай уштап келет. Бирок антип көпкө чыдаар ал жок эле...

Көзү караңгылап деңиз коңторулуп, башы айланып кеткенин бир билет бала...

Кайык болсо өз бетинче кете берди...

* * *

Бала эсин жыйган кезде күн бешим ооп калган экен. Калтыраган колдору менен бир таянып, бир тартынып отуруп, эптеп тырмышып кайыктын соорусуна чыгып отурду да, башы айланганы басылганча көзүн ачпады. Анан эки жагын каранды. Кайык толкундун жетегинде бараткан экен. Деңиз бети көз жеткен тегеректин баарында күн нуруна жыбырап, миң кубулуп ойноп, кулпуруп жаткан экен. Кириск бет алдын карап алып, көзүн укалап кайра карады да, нес боло түштү. Түз маңдайынан деңиздин кара-көк жонун ашып, баланы көздөй Ала-Дөбөт жортуп чыгып келатыптыр. Ала-Дөбөт тосуп чыгып келатыптыр! Кайран гана Ала-Дөбөт!

Деңиздин кыйрынан чыбырлуу бозомук жээк да көрүндү. Бирок ак кулак, ала боор Ала-Дөбөт чыбыр арасынан бараанданып бөлүнүп, этегиндеги буурул толкун тынбай урунган аскалуу жээк да таанылa баштады. Жээк кайып учкан ак чардактардын үндөрү төбөсүнөн угулду. Баланы алгач ак чардактар көрдү. Ала-Дөбөттүн чокусунан белги кылып жаккан улуу оттун быкшыган түтүнү көккө буралат...

Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөтүм.
Жолдон жалгыз кайттым мен өзүм. –
Жанымда жок Орган кары чоң атам,
Жанымда жок Эмрайин өз атам,
Жанымда жок Мылгун аке, карасаң, –

Ал үчөөнүн айтам жайын сурасаң,
Обол суу бер, чаңкап өлүп келатам...

Өмүр бою ырдап жүрүп өтө турган өзүнүн төл ырынын башы ушул болорун Кириск өзү да түшүндү...

* * *

Деңиз күркүрөп келип, аска ташка соктугат да, алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт.

Бул айыгыш күн күндүз болуп туулуп, түн түнкүсү болуп жаралган дүйнөнүн башталышы жок башынан бери келаткан кармаш. Бул кармаш түбү жок мезгилдин ичинде жер жер бойдон, суу суу бойдон боло бергичекти күнү-түнү басылгыс кармаш.

Күндүзү күн, түбү тешик дүйнөнүн түбүнө чейин жүрө берер кармаш...

...Ошентип дагы бир түн уюп турду...

Деңиз бетинде Орган шамал арылдап, Мылгун аке толкундар түрүлүп, агарып таң атып келаткан асман шаңында балбылдаган Эмрайин жылдызы жаркырайт.

...Дагы бир таң атып келатты...

## АК КЕМЕ

*(Повесттен үзүндү)*

Бала дүрбүнү көлдүн төрүнө жиберди да, дем албай кадала тиктеди.

Тигине!

Бала баарын унутту, кайгысын да, коопсунганын да ошол замат унутту. Көлдүн тиги нур куюлган көкмөк жээгинен бери карай Ак кеме кылайып чыгып келатат. Каалгып сүзүп келатат. Тигине! Ана! Катар созолонгон морлору бар, суналган узун, көл бетин кескен кубаттуу, көздөн учкан кооз кеме келберсип келе жатыры! Бурулбастан, чайпалбастан, көл толкунун үркүтпөй сүзүп келе жатыры! Бала аптыгып, дүрбүнүн көздөрүн көйнөгүнүн этеги менен сүртүп алды да, ондоп кайра кармады, кеменин элеси даанараак тартылды. Артында оргуштап калып жаткан көбүктүү изи эми көрүндү. Бала көз ирмебей, көңүлү толкуй карап жатты. Ак

кемени. Баланын эркинде болсо, кемени жакын сүзүп кел деп чакырып алып, үстүндө түшүп бараткан кишилерди көргүсү бар. Бирок кеме баланын бул оюн кайдан билсин. Кайдан келатканы белгисиз, кайда баратканы билинбей Ак кеме келберсий сүзүп баратат. Кеме көз учунан өткүчө көп убакыт. Ал ортодо бала кыялы менен кантип балык болуп, кемеге кантип сүзүп бараарына дейре элестетип чыгат...

Атасы Көлдө матрос деп уккан. Ушу Кароол дөбөдөн Ак кемени алгач көргөндө суктандырган көркүнө жүрөгү опколжуп, атам ушул кемеде иштейт деп ойлоду. Ушул оюна ишенгиси келип турган, эми биротоло ишенип алды.

Бала атасын да, апасын да билбейт. Эс тартканы аларды эч көргөн эмес. Ата-энесинин бирөө да кайрылып келген эмес. Бирок атасы Ысык-Көлдө матрос болуп иштээрин, аны менен ажырашкандан кийин апасы баланы төркүнүнө таштап, өзү шаарга кетип калганын билет. Ошо кеткен бойдон дайынсыз жоголду. Кеткен шаары тиги көлдөн ары тоо бар дейт, тоодон нары өрөөн дейт, ошо жакта имиш.

Таятасы бир жолу ошо шаарга картөшкө алпарып сатып, бир аптадай жүрүп келген. Келгенде ошо шаардан бу баланын апасы болгон өз кызын көргөнүн, ал бир чоң фабрикада токуучу болуп иштеп жүргөнүн Бекей менен кемпирине айтып келген. Жаңы турмуш күтүп эки кыздуу болуптур, кыздарын бала бакчага өткөрүп коюп, бир жумада бир алат экен деп айткан таятасы. Бир чоң тамда, бирок көчүк айлангыс кичинекей бир бөлмөдө турат экен. Бир тамда көп түтүн эл турат экен да, эшикке чыкса, бирин-бири тааныбайт, тим эле базарда жүргөндөй. Саламдашуу жок, кол баштыгын көтөрүп үй-үйүнө кирери менен эшигин бекитишет. Камакка салып койгонсуп, ошо бойдон жашай беришет. Күйөө балабыз шопур экен, деди таятасы, автобусу менен көчөмө көчө кыдырып, эл ташыйт экен. Таңзаардан кетип, каш карайганда келет. Иши абдан оор окшойт бечаранын. Кызым көзүнүн жашын тыя албай ыйлады дейт, тагдыр ушул экен, кечирип кой дептир. Жаңы үйгө кезек алышыптыр. Качан тиери белгисиз. Жаңы үй тийгенде, эри каршы болбосо, баламы колума алам дептир. Азырынча силердин колунарда тура турсун, дептир. Бушайман тартпа, дейт анда таятасы, эриң экөөңөр ынтымакта

болсоңор, калганын кудай өзү кем койбос. Балаңан убайым тартпа. Көзүм барда эч кимге бербейм. Кудай колдосо, тирүү жан өз жолун таап кетет... – дептир таятасы. Чалдын аңгемесин угуп отуруп, Бекей менен таенесинин ооздурунан көк түтүн үшкүрүк тыйылбады, бир-эки жолу көз жашын сыгып, ыйлап алышты.

Мына ошондо чай ичип отурушуп, бала таятасынын оозунан өз атасынын кабарын укту. Атасы кайсы бир кемеде матрос экен, алдагачан үйлөнгөн имиш, эки-үч баласы бар экен. Пристанга жакын турат имиш. Ичкенин таштаптыр. Ал сүзүүдөн кайтарда аялы балдарын жетелеп, пристанга тосуп келет имиш. «Андай болсо, атам жанагы Ак кемеде матрос тура», – деп ойлоп койгон бала.

Ак кеме каалгып сүзүп, алыстан кетип баратты. Көптөн бери күтүп жүргөн бир бала кыялында балык болуп кубулуп артынан сүзүп баратканын билбей келберсий суналган аппак кеме морлорунан көк түтүн булатып, көлдүн бетин тилип кетип баратты.

Балык болгондо бала бүт денеси куду балыктын өзү болсо дейт, куйругу да, канаты да, кабырчыгы да балыктыкындай болуп, чөпкө алдырган муруну, калдаң кулагы, ичке моюнундагы башы гана азыркы бойдон калса деп кыялданат. Көзү да азыркы эле өзүнүн көзү болсо. Бирок, албетте, балыкча карап, балыкча көрсө. Баланын кирпиктери музоо кирпик, саландап узун да, улам-улам ирмеле берет. Менин кызымын кирпиги сеникиндей болсочу, сулуу кыз болмок экен дейт Гүлжамал. Сулуу болгондун эмнеси кызык? Сулуу кыз, сулуу жигит дешет экен, анын кажаты канчалык? Балага көздүн сулуулугу эмес, суу астында ирмелбей, ачышпай көрө билгени керек.

Өзүнүн тосмосунда эле балык болуп заматта кубулуп кетсе. Бир караса эле балык! Анан балык-бала тосмо таштардан булт секирип, агымга түшмөк да, зыпылдап жөнөмөк. Таптакыр эле суу асты менен жүрө бермек эмес, маал-маалы менен суудан башын чыгарып, эки жагын каранып, кызыл жардын түбүнөн өтмөк, шаркыратма жерлерден чулп ыргып суу түбүнө сүңгүп, кайра ак көбүктүү шарга калкып чыгып, тоо-токойду сызып өтмөк. «Кайыр кош, Төө-Ташым!», «Кайыр кош, Бөрү-Ташым!», «Кайыр кош, Ээр-Та-

шым!», «Кайыр кош, Таңке-Ташым!» деп, корумдары менен коштошуп өтмөк. Короо-жайдын тушуна оропара келгенде суудан ыргып чыгып, куйругун чапкылап кыйкырмак: «Кош, таята, жакында кайра келем!» Таятасы көргөн көзүнө ишенбей эси чыгып, алапайын таппай далбастамак анда. Таенеси да, Бекей таежеси да, кызын көтөргөн Гүлжамал да ооздорун ачып, жээкте турмак. Башы бала денеси балык мындай шумдукту ким көрүптүр? Анда балык бала куйругун сууга шарп уруп: «Кошкула, мен Ысык-Көлгө сүзүп кеттим, Ак кемеге барам. Анда матрос атам бар!» — деп кыйкырмак. Балтек балким, суу бойлой жүгүрмөк. Ит мындайды кайдан көрүптүр. А кокус сууга бой урчудай жүткүнсө: «Кой, Балтек, кет! Чөгүп өлөсүң!» — демек да, балык-бала андан ары сүзүп отурмак. Асма көпүрөгө жеткенде суу түбүнө сүңгүмөк, анан чырканактуу кемер жээкти түптөп, күркүрөгөн капчыгайдан өтмөк. Андан чыкканда эле Ысык-Көл!

Ысык-Көл деген чалкып жаткан көк деңиз. Көлгө киргенде толкундан толкун минип, толкундан толкунга секирип, ойноп сүзмөк. Аңгыча алдынан Ак кеме жолугат. «Арыба, Ак кеме, мен келдим! — деп учурашмак. — Дайыма дүрбү салып карап жүргөн мен болчумун». Көлдөн чыккан укмушка таң калып, кемедеги элдин баары жабалактап карап турмак. Ошондо бала матрос атасына: «Салам, ата, мен сенин уулуң эмесминби. Сага сүзүп келдим, — демек. — «Кайсы уулум»? Сен адам — балыксың го?» — «Обол мени кемеңе чыгарып алсаң, анан мен кадимки уулуң болуп калам». — «Ошондойбу? Кана, көрөлүчү». Атасы тор ыргытып, баланы сузуп алмак да, палубага алып чыкмак. Мына ошерде бала кадимки кейпине кайра келмек. Анан, анан...

Анан Ак кеме андан ары сүзүп жөнөйт. Бала болсо атасына көргөн-билгенин, жашоо-турмушун бүт төкпөй-чачпай айтып берет. Мобу тегеректеги тоолорду, тиги корум досторун, корук токойду, кашка суу менен тосмосун, аерде суу түбүндө балыкча көзүн ачып сүзгөндү кантип үйрөнгөнүн бүт айтып берет...

Момун таятасынын колунда кандай жүрүп, кандай турганын да айтып бермек. Момун элпек десе эле таятасы жаман киши экен деп ойлобосун атасы. Андай таята дүйнөдө

жок, төгөрөктүн төрт бурчун кыдырса да табылбайт. Таятасы эң сонун, бирок болгондо эле эч куулук-шумдугу жок, ошол үчүн элдин баары шакабалай берет. Орозкул аба болсо, өзү күйөө бала экенине карабай, картаң, кайнатасын жекирип, тил тийгизет. Кээде элдин көзүнчө да жекирип калат. Таятасы болсо, кагып-сөгүп коюунун ордуна, бат эле кечирип коёт, атүгүл токойдогу, үйдөгү Орозкулдун жумуштарын бүт өзү иштейт. Иштейт эле дейсиңби! Орозкул аба мас болуп бир жактан келгенде канталаган уятсыз көзүнө жаба түкүрбөйт да, кайра жүгүрүп барып, атын алып, жөлөптаяп түшүрүп, үйүнө киргизет, керебетке жаткызып, үшүп калбасын деп аяк-башын кымтылап тонун жабат, анан атын жайдактап, кашып-тазалап, жемге коёт. Ушун баары Бекей таеженин төрөбөгөндүгүнөн. Эмне үчүн антет, ата? Каалasaң төрө, каалабасаң жөн кой деген болбойбу? Орозкул аба Бекей таежени сабаганда таятаны карап туруп, бооруң ооруйт. Бекейден көрө мени урсачы деп сыздайт. Бекей таеже чыңырса, быякта туруп кошо онтоп, кошо кыйноо тартат. Башка айласы жок. Барып арачалайын десе, кемпири жибербейт: «Аралашпа, өздөрү тынышат, — дейт. — Сага эмне жок калжаңдап? Сенин катының болбогон соң шүк отур», — «Кызым ал байкуш, боор этим да!» — десе таятасы. — Минтип ирегелеш турбай алыс болсоң эмне кылмаксың? Урушкан сайын чаап барып турмаксыңбы? Анда сенин кызыңды ким катын кылып алып жүрмөк?» — дейт кемпири.

Мен айтып жаткан таенени сен билбейсиң, ата, сен көргөн таене эмес, бул башка. Өз таенем мен кичинемде эле өлүп калыптыр. Анан азыркы таене келиптир. Биз турган жерде күн ырайын түшүнүп болбойт, ачык туруп, мөндүр уруп кетет, анан жамгырга өтүп бүркөлүп турат да, кайра көпкө бозоруп ачылбай коёт. Азыркы таене да ошондой, түшүнбөйсүң. Кээде айланып-кагылып, андан жакшы киши жок, кээде буркан-шаркан түшкүдөй болсо, кудай бетин көрсөтпө. Кээде көпкө тултуюп унчукпай жүрө берет. Бирок ачуусу бир келгенде токтотуп көр. Анда таятам экөөбүз үн катпай отуруп беребиз. «Бөрү баласы ит болбойт, бөтөн бала өз болбойт, алдагы жетимиңи канча бөпөлөбөгүн кийин сага жакшылык арттырбайт», — деп келет. Ошерде бөтөн мен бекем, ата, ыя? Мен кичинемен

бери таятамын колунда чоңоюп келатпайымбы. Бөтөн болсо өзү бөтөн да, кийин эле келбедиби. Кийин келип алып, дагы мени бөтөн деп урушат.

Кышкысын биз жакка түшкөн кардын калыңын айтпа, менин кулагыман келет. Шамал жүрүп, там боюндай күрткү уруп салат. Токойго чыксаң, Алабашты минип гана кар жиретпесең, бара албайсың. Баарынан да бороону укмуш, таканчыктатпай көмөлөтө коюп турат. Көл толкуй, сенин кемең катуу чайпалса, анда эле биздин Сан-Таштын шамалы толкутуп атат деп бил. Таятам айткан: илгери бир заманда калың жоо каптап келип биздин жерди басып алмак болот. Ошондо биздин Сан-Таштын бороону жоокерлердин көзүн ачырбай, беттеринен кан тилет. Жоокерлер аттарынан түшүп жөө жөнөйт, бирок ага да болбойт. Ошондо бороондон жүзүн буруп, артын караганда бороон желкелеп отуруп, Ысык-Көлдөн кууп чыккан экен. Мына, көрдүңбү. Биз ошол бороон чыккан жерде турабыз! Кышы менен өйүз боордогу карагай токой качырап, гүүлдөп, онтоп чыгат. Тим эле үрөйүң учат.

Кышкысын токойдун жумушу аз. Тегеректе эл да жок, үч түтүн үй гана карга тыгылып, чээнге кирген суурдай жата беребиз. Бирок жалгыз аяктап, жай келгенде биздин аймак шаңга толот. Койчулар короо-короо коюн айдап, жылкычылар жылкысын күтүрөтө кубалап, жайлоого жөнөшөт. Биздин тушубузга келгенде бир түн өрүүлөп калышат, эртеси андан ары көчөт. Бала-бакырасы жүк салынган машинеге түшүп келишет, боз үйлөрүн да машинеге жүктөй келет. Ошондо таятам экөөбүз дайыма өрүлүктөп барабыз. Баары менен кол алышып учурашабыз. Мен да учурашам. Кичүү биринчи кол берет дейт таятам. Озунуп кол бербегенди киши сыйлабаган сенек дейт. Анан дагы, жетөөнүн бири кыдыр деп коёт таятам. Кыдырдын баш бармагынын сөөгү жок болот дейт. Таятам өзү дайыма кол кармашып учурашканда, кишинин башбармагын кармап учурашат. Кокус кыдырга туш келип калсаң, бар тилегинди кабыл кылат имиш. Андай болсо, ошо кыдыр киши мен кыдырмын деп эле койбойбу, анан биз жабыла колун коё бербей, тайынып калалы десем, таятам күлөт: ал киши кыдыр экенин өзү билбейт да, ошондой карапайым болгону

үчүн кыдыр да, дейт. Каракчы, бузукулар гана билет өздөрүнүн ким экенин, дейт. Жакшы түшүнө бербейм, бирок кишилер менен дайыма кол берип учурашам, кээде уялып да кетем.

Бирок чабандардын өрүү конушуна барып, балдарына аралашканда кысынбай калам.

«Ата-бабанын ээлеп келген конушу силерге кут болсун, өрүшүңөр кенен болсун! Мал жаныңар аман-эсенби, бала-бакыраңар чоңоюп жатабы? — деп учурашат таятам. Мен жөн эле кол бере берем. Таятамы баары тааныйт, ал да баарын тааныйт. Мен болсом, обол балдар менен эмне сүйлөшөрүмдү билбей турам. Бирок бат эле үйрөнүшүп кетебиз да, бекинчек ойнойбуз, аскер оюн ойнойбуз. Ушунчалык кызык дейсиң, кетким келбей турат. Дайым эле жай болуп турса, дайым эле балдар менен көк майсанда ойноп жүрсөм, кандай сонун болор эле ээ!

Биздин оюнубуз бүткүчө каш карайып, малчылар улуу от жагат. Караңгыда от жакса, жарык болот дейсиңби, ата. Жок! Оттун тегереги эле жарык болот, андан нары көзгө сайса көрүнгүс болуп, түн сүрдүү көрүнөт. Биз ошо караңгыда аскер оюн ойноп, бир жаатыбыз бекинип, бир жаатыбыз кыйкырып ураан чакырып, чабуул коёбуз. Таятам айткан: «Жаша, кыргыз! Кыргыз! Кыргыз!», «Ур-ээ, Манас! Манас! Манас!» — деп ураан чакырчу дейт илгерки ата-бабалар. Мен да ошентип чакырам. Кээ бир балдар билбейт, жөн эле: «Ура-а Ура-а!» дей беришет. Анан өзүң командир болсоң жакшы дейсиң. Командирдин командир болгону жакшы болсо керек ээ!..

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Чыңгыз Айтматовдун кыргыз адабиятындагы алгачкы кадамы.*
2. *Жазуучунун «канткенде адам уулу адам болот?» деген суроосуна жообу.*
3. *Чыңгыз Айтматовдун устаттыгынын эң башкы сыры эмнеде?*
4. *«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» повестиндеги жазуучунун негизги максаты?*
5. *Кирисктин дүйнө карашы кандай деп ойлойсуңар?*
6. *«Ак кеме» повестинин негизги идеялык-тематикалык багыты жөнүндө айтып бергиле.*
7. *Повесттеги баланын «Ак кемеси» жөнүндө баяндап бергиле.*

## ЧЫГЫШТЫН КЛАССИКТЕРИНЕН



# АБУ-НАСЫР АЛЬ-ФАРАБИ
*(870–950-жылдар)*

Абу-Насыр аль-Фараби – дүйнө жүзүнүн маданият менен илиминин Аристотелден кийинки экинчи устаты, ашынган даанышман, философ, энциклопедист, адабиятчы, акын.

Аль-Фараби IX кылымдын 70-жылдары Сырдарыя боюндагы Фараб кыштагында туулат. Ата-теги түрк урууларынан эле. Ал билимди Багдаддан алат, араб, грек жана башка бир нече тилдерди терең өздөштүргөн. Фарабилер жашаган жерди Отырар деп атаган (кыпчактар аны Карачоку деп да атаган). Ал жерде кыпчак, канды, коңурат уруулары жашаганы тарыхтан белгилүү. Алар мал жана дыйкан чарбачылыктары менен тиричилик өткөрүшкөн. Соода-сатык өнүккөн бул шаарды арабдар Фараби деп аташкан. Улуу ойчул ушуга байланыштуу Абу-Насыр аль-Фараби атын алып келет. Анын толук аты-жөнү Мухаммед иби узлаг Тархани деп жазылган. Тархан сөзү эки түшүнүктү: биринчиси – аль-Фарабинин түрк тектеш уруу-тайпалардан чыкканын, экинчиси – анын ата-бабасы дөөлөттүү, кыпчактар арасында аты белгилүү кишилерден болгондугун билдирет, анткени кыпчактардын атак-даңктуулары гана салт боюнча «тархан» деп аталчу болгон. Азыркы учурда кыпчактар, кандылар, коңураттар өзүнчө эл катары эсептелүү фактысы кездешпейт. Аталган уруулар кыргыздар менен казактардын да, өзбектердин да арасында бар, алар ошол элдердин тутумундагы башка уруулардын катарында турат. Санжыра

боюнча канды менен кыпчак ичкиликтердин, коңурат тагайдын тутумуна кирет. (Кыргыз санжырасы, Бишкек – 91; С.М. Абрамзон өз эмгегинде кыпчак менен кандыны ичкилик уруусуна кошот да, коңуратты өзүнчө бөлөк көрсөтөт. Ал оң канатка кирген, Тагай, Адигине, Муңгуч урууларын санап келип, «Особняком стало племя коңурат» – деп жазат.)

Н.Келимбетовдун жазганына караганда, аль-Фараби азыркы аты сакталып, өзүнчө эл-улут болуп жашап жаткан түрк калктарынын баарына бирдей таандык улуу инсан деген пикирден башка ой болушу мүмкүн эмес. Демек, Абу-Насыр аль-Фараби бардык түрк элдерине бирдей таандык даанышман, улуу окумуштуу катары каралышы зарыл. Аль-Фараби алгачкы билимди кыпчак тилинде алат. Андан кийин ал өз билимин Багдад, Дамаск, Карасан, Каир өңдүү шаарларда болуу менен улантат. Ошол атактуу шаарлардын маданияты жана илими менен терең таанышат. Улуу адамдар менен карым-катнашта болуп, таалим-тарбия алат. Ал өзүнүн илимий жана көркөм чыгармаларын араб тилинде жазат.

Аль-Фарабинин илимий чабыты көп тармактуу: ал философия, математика, астрономия, медицина, логика, музыка, тил, адабият илимдери боюнча үзүрлүү иштеген. Эчендеген мезгилдин кабатынан ал жазган эмгектердин саны 150–200 ге чейин деп болжолдошот. Аль-Фарабинин биздин күнгө чейинки жеткен эмгектеринин ичинен «Акылдын мааниси тууралуу трактат», «Даанышмандыктын асыл бермети», «Илимдердин чыгышы», «Философияны окуу үчүн алдынан эмнелерди билүү керек», «Аристотелдин эмгектерине түшүндүрмө» («Поэтика», «Риторика», «Софистика» ж.б.) сыяктуу ар кыл багыттагы эмгектери өзгөчө орунда турат.

Аль-Фарабинин коомдук-нравалык жана этикалык көз караштарын чагылдырган «Кайрымдуу калаа тургундарынын көз караштары», «Бакыт жолун издөө», «Атуулдук саясат», «Мамлекеттик башкаруучулардын накыл сөздөрү», «Бакытка жетүү жөнүндө» аттуу эмгектеринин мааниси чоң. Улуу гуманист илимпоз адамзат коомунун көп кырдуу маселелерин акыл-парасат менен гана чечүүгө болот деп эсеп-

тейт. Ал өзгөчө «Кайрымдуу калаа тургундарынын көз караштары» аттуу эмгегинде «калаа» деген түшүнүк менен мамлекетти билдирип, мамлекет башчылары, акимдердин адилет бийлик жүргүзүп, теңсиздикке жол бербей, тургундардын баарын калыс, адилет кароо гана өлкөнүн өсүшүнө алып келерин, ал өлкөнүн атуулу катары элдин бактылуу жашоосу үчүн адилеттүү аким керектигин баса көрсөтөт. Жакшы аким – дейт ал, – адилет, мээримдүү, жетик билимдүү, жакшылыкка кумарланган, жамандык менен келише албаган, жоомарт, өнөр менен адабиятты сүйө турган адам болуш керек. Аль-Фарабинин дагы бир улуулугу ал жалпы журттун бактыга жетишинде илим менен билимдин маанисине жогору баа берген.

Абу-Наср аль-Фараби башка илимдин тармактары менен катар адабият теориясына да бир нече баалуу эмгектерин арнаган. Анын «Ыр жана уйкаш тууралуу сөз», «Ыр ыргагы тууралуу», «Ыргак менен ыр тууралуу сөз», «Поэзия өнөрүнүн негиздери тууралуу трактат» аттуу изилдөөлөрү болгон. Кийинки жылдары анын «Ыр китеби» («Китоб аш-шеьер») Чехословакиянын Братислава университетинин китепканасынан табылган. Бул эмгек араб тилинде жазылган, аны өзбек окумуштуусу А.Ирисов өзбек тилине которуп, баш сөз жана түшүндүрмөлөр жазып жарыялаган. (Абу-Насыр аль-Фараби, «Шеьер каньати», Т. 1979-ж.)

Фараби бул китебинде поэзиянын бир топ теориялык маселелерине ырдын композициялык курулушуна, ыргагы менен өлчөмүнө, уйкашына ой жүгүртүп, ырдын бардык бөлүктөрү акындын берейин деген ой-сезимине ылайык, орундуу болушу керек деген жыйынтык жасайт.

«Ыр китебинде» автордун айтмак болгон башкы пикири ырдын ички маани-маңызы менен сырткы түрү өз ара коошуп, логикалык жагынан жыйнактуу болушу зарыл. Акын да куруучу сыяктуу карапайым сөздөр менен сөз тизмектеринин өзүнөн ажайып көркөм дүйнө жасашы керек.

Аль-Фарабинин бул багыттагы дагы бир ири эмгеги «Ыр өнөрүнүн эрежелери тууралуу трактат» деп аталат. Анда да поэзиянын теориялык орчундуу маселелерин карап, өзгөчө байыркы грек, фарсы сөз өнөрүнүн бир топ жанрларын бөлүп көрсөтүп, аларга кыскача түшүндүрмөлөрдү берет.

Абу-Насыр аль-Фараби – бардык түрк элдеринин чыккан окумуштуусу, таланттуу сүрөткери.

Ал бир эмгегинде өзүндө он эки тубаса сапатты бириктирген киши гана адеп-ахлактуу адам боло алат дейт:

• (биринчиден), мындай адамдын бардык мүчөлөрү ушунчалык өркүндөгөн болуусу зарыл, ал ошол мүчөлөрү менен жасала турган бардык иштерди жүзөгө ашыра алсын;

• (экинчиден), бардык маселени түшүнүп, ой-пикирди бат жана туура түшүнө ала турган, сүйлөөчүнүн максатын, айткан пикиринин чындыгын бат байкай турган болсун;

• (үчүнчүдөн), акыл-эси өтө даана болсун, көргөн, уккан, сезген нерселеринин бирин да эсинен чыгарбай, жадында (эсинде) сактап кала турган болсун;

• (төртүнчүдөн), акылы тунук жана тетик болсун, ар нерсенин белгисин сезүү менен анын эмнени түшүндүрөрүн билип турсун;

• (бешинчиден), сөздөрү ачык болсун, айтар ой-пикирин даана жана айкын баяндай алсын;

• (алтынчыдан), билим жана окууну сүйсүн, үйрөнмөкчү болгон билимин чарчоону сезбей жеңил өздөштүрө алсын;

• (жетинчиден), оокаттанууда, ичимдик ичүүдө ач көз болбосун, табити кумар оюндарын ойноодон ыраак болсун жана алардан чыкчу курсантчылыктан жийиркенгендей болсун;

• (сегизинчиден), акыйкатты жана чындык тарабындагыларды жактырсын, жалган менен жалганчыларды жек көрө турган болсун;

• (тогузунчудан), духунун сыймыгы менен ар-намысын кадырлай турган болсун анын руху өз табияты менен пас иштерден жогору болуп, ажайып иштерге кызмат кылсын,

• (онунчудан), акча, сом өндүү турмуш буюмдарына жийиркенүү менен карасын;

• (он биринчиден), өз табияты боюнча адилеттикти жактап жана адилеттик үчүн күрөшүп, адилетсиздикке, уздумжуттумдарга жек көрүү менен карай турган болсун, өз адамдарындай эле башкаларга да адилет болсун, сонун жана жакшы деген нерселерди баарына бирдей таандык таризде адамдарды адилеттүүлүккө үндөп, адилетсиз көрүнүштөрдү жогото турган, аларга жол бербей турган болсун;

• (он экинчиден), адилеттүү болсун, бирок кайсар болбосун, адилеттик алдында кайсарлык кылып, өзүм билемдикке берилбесин, ошондой эле ар кандай адилетсиздик, пасчылык алдында илабиздүү болсун, өзү зарыл деп билген жумушту жүзөгө ашырууда туруктуулук көрсөтсүн, жалтанбас, чечкиндүү кайраты болсун, коркуу жана бели боштукту билбесин.

Чыныгы бакытка жетишүү максатында өз ара жардамдашчу кишилерди бириктирген шаар — эң сонун шаар, бактыга жетишүү максатына биригишкен адамдардын жамааты — эң сонун жамаат.

Бактыга жетишүүдө өз ара жардамдашкан калк — ыймандуу, абийирдүү калк. Ушу таризде бардык калктар бактыга жетишүү үчүн бири-бирине жардам берип колдосо, бүтүн жер жүзүндө ыймандуулук, абийирдүүлүк болот.

Абу-Насыр аль-Фарабинин бул ойлору жазылганына миң жылдан ашык убакыт өткөн болсо да азыркы күндө да толук өз күчүндө. Акылга тунган мындай көөнөрбөс ой-пикирлер анын эмгектеринде негизги орунду ээлейт.

Улуу ойчул, даанышман, окумуштуу жана акын Фарабинин көркөм дүйнөсү, анын ырлары менен кыргыз окурмандары да таанышып жатышат. Азыркы күндө кыргыз илими менен адабиятында орто кылымдын башындагы чыгаан ойчул катары Фараби өзүнүн чыгармачылык ордун тапкан.

Абу-Насыр аль-Фарабинин төмөнкү ыр түрмөктөрүнөн акындын жан дүйнөсүнүн ачуу чындыгын көркөм чагылдыруу менен, Чыгыштын поэзиясында бекем орун алган поэтикалык ыкмаларды (өзгөчө санат-насыят, философиялык кыял чабыттары) өз наркында пайдалангандыгын байкоо кыйын эмес. Алар бүгүн да өзүнүн көркөм баасын сактап, шыктууларды ойго салбайт деп айта албайсың...

## КОШ ЧӨЙЧӨКТӨ

Алыстамын тууган жер мен өзүндөн
Күлүк кылып талдырды тагдыр деген.
Чарчап бүттүм, канатым талыды эң
Жолдун чаңын зарылып кароо менен.

Кайра келбес жылдарым өтүп тынаар –
Касиреттин жашына көз жуунаар.
О жараткан, көп экен макулуктарың
Кум сыяктуу тез ысып, тез суунаар.

Жакшылар аз бу кыска тирүүлүктө,
Умтулушат бардыгы акимдикке.
Жан дүрдүгүп, түнүлөм кээ бир күндө,
Күрсүнөм көп жеталбай адилдикке.

Кантем эми көк жээктей көңүлүмдү
Келер күнгө үмүттүү жол ачамын.
Кош чөйчөктө өткөрдүм өмүрүмдү,
Шону медет этеби болочогум.

Бир чөйчөктө көк сын толуп турса,
Экинчиде шарап бар, жайы маалым.
Ой-санаамды сыядан чыгарсам мен,
Шарап менен черимден айыгамын.

## СЕНИН ДЕМИҢ

Тамылжып балдай тынчтык айланамдан
Талаа бүт бейпил түнгө кучак жайган,
Жатамын уйку келбей жапажалгыз
Жанымды ай жарыгы аймалаган.

Асмандан эгер кээде жылдыз учса
Нуруң окшоп ал сенин мага келер,
Алда кайдан кайыптай куштарланып
Өмүрүмө ажайып щоола берер.

Үнүң жетер жаңырып эң ыраактан
Сенин демиң сезермин бой жыргаткан.
Мунун өзү бир ирмем, андан кийин
Мундуу ырым уланар кайра баштан.

## МУРАТ

Турмуштун соккон бороонун
Кайышпай тоссо жан-дениң,
Кагаздын түшсө бетине
Көөдөндө сезим зардебиң.

Ошондо берип кетербиз
Жүрөктүн отун молунда,
Арманда эңсеп өтөрбүз
Биз улуу мурат жолунда.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Эмне үчүн Абу-Насыр аль-Фарабини дүйнө жүзүнүн маданият менен илиминин Аристотелден кийинки экинчи устаты деп аташкан?*
*2. Абу-Насыр аль-Фараби кайсы доордо жашаган? Ал каерде төрөлгөн?*
*3. Абу-Наср аль-Фараби кайсы илимдердин тармактары боюнча эмгектер жараткан?*
*4. Аль-Фараби жалпы журттун бактыга жетишинде эмнелердин маанисине жогору баа берген?*
*5. Анын адабият теориясына арналган кандай баалуу эмгектери бар?*
*6. Ал кандай тубаса сапаттарды бириктирген киши гана адеп-ахлактуу адам боло алат дейт? Бул берилген тубаса сапаттарды жаттагыла жана талдагыла. Өз ой-пикириңерди билдиргиле.*
*7. Абу-Наср аль-Фарабинин ырларынан жаттагыла.*
*8. Берилген ырлардын идеялык мазмунун талдагыла.*



# АЛИШЕР НАВАИЙНИН ӨМҮРҮ ЖАНА АДАБИЙ ИШМЕРДИГИ
## *(1441–1501)*

Түрк адабиятынын эң жогорку чокусунда Алишер Наваийнин чыгармачылыгы турат. Себеби Алишер Наваийге чейин эч ким бул тилде мынчалык көп жазбаган. Андан кийинки өткөн алты жүз жыл ичинде да эч ким ал сыңары көп жана жакшы жазган жок. Наваий бардык түрк элдеринин эң улуу акыны болуп эсептелет. Улуу акындын чыгармычылык жолу Хорасан (анын борбору Хират) менен байланыштуу. Наваий жашаган доордо Хорасан менен Маварауннахр бир мамлекет болуп, бир так ээси ыктыярында болгону жана эли негизинен түрк элдеринен түзүлгөнү белгилүү.

**Балалык чагы.** Алишер Наваий 1441-жылы 9-февралда Хиратта туулган. Замандаштары ал жөнүндө көбүнчө «Низамидин Мир Алишер» деп жазышкан. «Низамидин — дин низамы дегенди билдирип, даанышман ээлерине карата айтылган сын сөз. Ал «Элш Мир» амир дегенди билдирет. Анын атасы Кыясидин Мухаммад (аны Кыясидин кичине деп да аташчу) темирийлер сарайынын төбөлдөрүнөн болгон. Энеси амирзаада Шайх Абусаит Чандын кызы болгон, аты-жөнү маалым эмес. Алишердин бабасы Темирдин уулу Умаршайх менен эмиктеш (эмчектеш) болгон экен. Алишер сарайда жашагандыгы үчүн тарбиясы дайым көзөмөлдө болуп өстү. Кичинелигинен ыр жана обондорго кызыкты. Көрүнүктүү окумуштуулардын арасында көп болот. Үч-төрт жашында ошол доордун белгилүү акыны Касым Анвардын

чондор да түшүнүү кыйын болгон ырын жатка айтып, меймандарды таң калтырган болчу. Бир жылдан кийин аны мектепке беришет. Ал жерде болочок султан Хусаин Байкара менен бирге окуйт.

1447-жылда Хират өкүмү Шахрух Мырза дүйнөдөн кайтат, ошондо анын ордун темирий шахзадалар талаша баштайт. Алардын ортосунда чыр чыгып күрөш башталат. Хиратта тынчтык жоголот. Алишердин үй-бүлөсү Иракка жол алат. Жолдо, Тафт шаарында жаш Алишер өз заманынын белгилүү тарыхчысы, «Зафарноманын» автору Шарафидин Али Яздий менен учурашып калат. 1451-жылы Алишер Наваийнин үй-бүлөсү кайрадан Хиратка кайтат.

1452-жылы Абылкасым Бабур Мырза Хорасан тагына отурат. Ошондон улам жанжал, талаш-тартыштар басылып тынчтык өкүм сүрөт. Алишердин атасы Киясидин Мухаммад Сабзаварга өкүм болуп дайындалат. Алишер окууну улантат. Мектеп жаш Алишерди адабият ааламына алып кирет. Көптөгөн дастандарды окуп үйрөндү. Фаридидин Аттордун «Мантик ут-тайр» башкача айтканда «Куш тили» дастаны Алишерди аябай өзүнө тартты. Дастанды окуп, Алишер адамдардан жатсырай турган, ээн жерди жактырчу болуп калды. Жаш чагынан Низамий Ганжавий жана Хусрав Дехлавийдин чыгармаларын сүйүп окуду. 1453-жылда Алишердин атасы Кыясидин Мухаммед дүйнөдөн көз жумат. Алишер Абылкасым Бабурдун кызматында калат. Оболу Сабзаварда, соң Мешхедде жашайт. Эки мектептеш дос — Хусеин менен Алишер дагы бирге болушат. Бул жылдар да жаш Алишер үчүн өз билимин өркүндөтүү жылдары болду. Ал жети-сегиз жашынан баштап ыр жазган. Бул ырлар акындын айтышынча түрк ырлары болгон. Ал фарсча ырлар да жазган. Түрк ырларына «Навоий» фарсча ырларына «Фоний» деп коёт. «Наванын мааниси — обон дегенди билдирет. Фоний деген болсо өтүп кетүүчү, жок болуучу, убактынча дегенди билдирет. Наваий он беш жаштарында өз ырлары менен ошол доордун акындарын кызыктырды.

**Жигиттик жылдары.** 1457-жылда Абылкасым Бабур Мырза дүйнөдөн өтөт, анын ордуна Абусеийт Мырза отурат. Хусеин Байкара так үчүн күрөшө баштайт. Наваий болсо Мешхед медресесинде окууну улантат. Акын 1464-жылда

Хиратка кайтат. Бирок борбордо аны көңүлсүз окуялар күтүп турат. Абусейит Мырза аны менен так талашып жаткан Хусеин Байкаранын жакын кишилерин кыйноого алып, Алишердин таекелери Мирсеит Кабыл жана Мухамед Али Гарибдерди өлтүртүрүп жиберет. Алишердин ата мүлкү таркатылып, жашап туруугa да жай калбаган эле. Ал сүйүктүү шаары Хиратта узак калалбайт. Сейит Хасан Ардашердин Алишер менен достугунун мына ушул учурда чыныгы достук экени билинет. Себеби Ардашер Алишерге көп жардам берет. Кийинчерээк ал досу жөнүндө китеп жазат.

Наваий 60-жылдардын экинчи жарымында Самаркандда жашайт.

1468-жылдын акырында Абусейит Мырза Иран үчүн болгон согушта курман болот. 1469-жылдын башында Хусеин Байкара Хиратты колго алат. Самаркандга кат жолдоп, Наваийни өз жанына чакырат. Алишер окуяны билип, Хиратка досу жанына кайтат. Ушул эле жылдын апрелинде рамазан айт күндөрүндө акын досуна атап «Хилалия» касидасын жазат. Ал Хусейин Байкаранын такка отурушун жаңы ай-хилалга кыястайт. Хусейин Байкара аны өз сарайында калууга дайындайт.

А. Наваий 1472—1476-жылдарда сарайда Вазир болуп кызмат кылат. 1487—1488-жылдарда Астрабатта өкүмдарлык кылат. Хусейин Байкара Алишерди өзүнө абдан жакын тутат. Ар бир чогулушту аны менен келишип аткарат, акындын пикирин кадырлайт. Байкара менен Наваийнин ортосуна суук түшкөн учурлар да болгон. Бирок бул эки достун биримдиги көп сыноолордон өтүп, муундан-муунга өрнөк болуп калды.

Алишер Наваий акындыкты, ыр жазууну бардык нерседен жогору койду. Вазир болуп жүрүп да ыр жазууну токтотподу. Улуу акындын биринчи ыр китеби «Илк девон» аты менен азыр белгилүү. 1472—1476-жылдарда султандын айтуусу менен акын өзү китеп жазды.

1485—1486-жылдарда экинчи деван «Навдир ун — Нихоя» жазылды. Наваийнин эң чоң максаты «Хамсаны» жаратуу эле. Наваий «Хамсаны» жазуу ою туурасында устаты Абдурахман Жамий менен кеңешет. Ал Наваийни бул ишке тездик менен киришүүсүн айтып, акындын оюн кубаттайт.

Акын устатынан ак бата алып, оор, кыйын ишке бел байлайт. Навайи беш дастанды эки жылда жазып бүтүрөт. «Хамсаны» жаратууга 1483-жылы киришкен акын 1485-жылдын башында аны бүтүрөт. Мына ушинтип, түркий тилдеги биринчи «Хамса» жаратылды. 1480—1490-жылдар Навайи үчүн өтө ийгиликтүү доор болду. Акын «Хамсадан» кийин эле көп өтпөй насрий китептер жазды. 1488-жылы жазылган «Тарихи мулуки Ажам» (Ажам падышасынын тарыхы») мына ушул китептердин бири эле. Акын чыгармаларды биринен кийин бирин жаза баштады.

Навайи көптөн хажга барууну эңсеп жүрчү. Бирок бул ниети сарайдагы кээ бир себептерге көрө ишке ашпайт. Алишер Навайи өмүрүнүн соңку мезгилин Абдулла Ансорий мүрзөсүн ондоого сарптады «Махбуб ул кулуб» (Көңүлдөрдүн сүйгөнү) китеби анын эң акыркы чыгармасы.

1501-жылдын 3-январында улуу акын Алишер Навайи дүйнөдөн көз жумат.

Өзбек элинин кужурмөн перзенти, акын Алишер Навайинин чыгармалары өзбек адабиятында гана эмес бүт дүйнө адабиятында да салмактуу орунга ээ. Улуу акындын чыгармалары Кытайдан тартып Кичи Азияга чейинки жерлерге таркалды жана сүйүп окулду. Алишер Навайинин 4 девандан турган адабий лирик мурасы «Хазойинул маоний» аты менен топтолгон. Навайинин эң асыл чыгармасы — «Хамса» ал беш дастанды өз ичине алган. Ар бир дастандын өз мазмунуна карата темасы, окуяны түшүндүрүү жолу бар.

**Алар төмөндөгүлөр:** «Хайратул абрар», «Фархад жана Ширин», «Лайли жана Мажнун», «Сабъаи сайёр», «Саддий Искандарий».

Жогорудагы дастандардын ичинен «Фархад жана Ширин» дастаны өзгөчөлөнүп турат. Навайи бул чыгармасын Низами Ганджавийдин «Хисрав менен Ширин» жана Хисрав Дехлавийдин «Ширин менен Хисрав» чыгармасына жооп катарында 1483-жылы жараткан.

Навайи дастанда Фархадды махабатка туруктуу, адамгерчиликтүү эмгекти сүйгөн, эр жүрөк, келбеттүү каарман даражасында сүрөттөп көрсөтөт. Чыгармада Фархад махабат ааламынын дүйнөсүндө жашайт, бирок келишпестик-

терден башы чыкпайт. Махабат азабы Фархадга ыракаттай сезилет. Ошондуктан Фархадды душманы (ракиби) Хисрав «сени өлтүрөм» десе да, бейкапар эле «сенден коркпоймун» деп жооп берет. Ширинге болгон махабаты жолунда өлүмдү да өзүнө эп көрөт. Ал махабатына өмүрүнүн акырына чейин бекем турат. Фархаддын өмүрү азапты көрүү, махабаты Шириндин дартында күйүү, ага жетүүнү эңсөө менен гана өттү. Наваий «Фархад жана Ширин» дастанында оң жана терс каармандарды жаратты. Дастандан мына ушул оң жана терс каармандардын ортосундагы күрөш өнүгүп отуруп акыр аягында өз чечимин табат. Дастанда Фархад, Ширин, Мехинбону, Шопур, Бахрам оң каармандардын, Хисрав, Шеруя жана башкалар терс каармандар болуп эсептелет.

Адамгерчилик, эмгекти сүйүү, илимге умтулуу дастанда Фархаддын образында сүрөттөлөт.

Фархад кичинекейинен акылдуу, эстүү бала болуп өсөт. Ал зор кызыгуу менен окуп, жаратылыш, математика, логика илимдерин үйрөнөт. Фархад илим алуу менен гана чектелип калбайт, ал ар түрдүү машыгуулар менен денесин чыныктырат. Сууда сүзүү, чабандосдыкты, кылыч менен чабуу анын сүйгөн машыгуулары эле. 10 жашында 20 жашар жигиттин күч-кубаты бар болчу. Ал өзүнүн акылы жана күч-кубаты менен адамдарды таң калтырган.

Фархад өтө кичи пейил адам болгон. Ал дөөлөттүү үйбүлөдө туулуп өсөт, бирок Фархад атасынын байлыгына эч качан кызыкпайт. Ал өзүн жөнөкөй карапайым адамдар катарына кошкон, элди чын көңүлдөн сүйгөн. Эл кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгон. Ошон үчүн эл Фархадды сүйөт, анын кайгысы менен кошо кайгырат, кубанычы менен кубанат. Фархад чоңойгон сайын өз ишинен көңүлү толбойт. Ал улуу иштерге баш болууну, элдин бактысы үчүн кызмат кылууну эңсейт, ушуга умтулат. Анын атасы Фархад үчүн, аны сүйүндүрүү үчүн төрт мезгилге (жыл мезгилдери) төрт сарай курдура баштайт.

Сарайды куруп жаткан усталардын ишин Фархад күзөтүп, аларды үйрөнүүнү өз алдына милдет кылып коёт. Ал куруучу Боний, атактуу сүрөтчү Моний Ибн Фаттах (216—276) жана таш кесүүчү Коран менен дүйнөнү кез-

мекчи, саякатка чыкмакчы болот. Атасы Фархадды алып калуу үчүн тажы-такты берем дейт. Бирок так Фархадды кызыктырбайт, мамлекетти башкаруу үчүн тажрыйбалуу болуу керектигин айтат.

Хакан уулун өз казынасына алып кирет, байлык менен анын көңүлүн көтөрмөкчү болот. Фархад атасынын байлыгын көрүп жүрүп, көзү бир сандыкка түшөт. Ал сандыкка кызыгып калат. Сандыкты ачса ичинде бир күзгү бар экен. Күзгүнүн сырын билүүнү каалаган киши Грецияга баруу керек экен. Фархад узак Грецияга кетмек болот. Анын атасы Грек өлкөсүнө араң жөнөтөт. Ал жерде Сухайла (грек көзү ачыгы) Фархаддын үч баатырдык иш көрсөтүүсүн айтат. Фархад бул эрдиктерди кылат: Ахраман жана дөөнү өлтүрөт, алар сактаган байлыкты колго киритет, дүйнө сырларын билдирүүчү күзгүнү да колго алат. Анан Сократка (грек даанышманы) жолугат. Ал Фархаддын келечегинен кабар берет: «Сени махабат тартышуулары, кайгы, капачылык күтүп жатат» — дейт Сократ.

Фархад Грециядан үйүнө кайтат. Баягы сандык ичиндеги күзгүнүн жанына келип, күзгүгө карайт. Эми күзгүдө адамдар көрүнөт. Азап менен арык казып жаткан адамдарды көрөт, алардын ичинде бир жаш жигит да иштеп жатат. Ошол убакта иштеп жаткандардын алдына ат минип алган бир сулуу кыз келет. Күзгүдө көрүнүп жаткан ишчилердин арасында Фархад да көрүнөт. Күзгү алдындагы Фархад өзүн тааныйт. Күзгү ичиндеги Фархад сулуу кыздын жамалын көрүп, эси ооп жыгылып түшөт. Сарайдагылар Фархадды көрүп жүгүрүп барышат. Фархаддын жүрөгүнөн баягы күзгүдөгү кыз орун алган эле, кызды ал жактырып калды. Фархад эмне кылышын билбей калды: махабатын издеп качып жөнөсө, артынан атасы кошун жиберет, сурап кетсе, жанына адам кошуп жөнөтөт. Фархаддын башы катат. Ал махабат отунда жанып, үйдөн чыга албай азапта калат. Фархад ооруга чалдыгат. Атасы аны табыптерге көрсөтөт. Табыптер Фархаддын алсыздыгын көрүп, аны деңизге саякатка алып чыгуу керектигин айтат. Хакан буга ыраазы болот, Фархадды алып денизге саякатка чыгат. Хакан менен Фархад деңизде көп кызыктарды көрүшөт. Ушул учурда шамал болуп, бороон башталат, Фархадды бир кайыкка

түшүрөт. Кайыкты шамал алып кетет. Кайык шамалдын изи менен жүрүп отуруп, Яман мамлекетине барып, соодагердин кемесине жолугат. Соодагерлер Фархадга тамак берип, жакшы карашат. Фархад алар менен дос болуп калат. Кемеге каракчылар кол салат, аларды Фархад куткарат. Бул жерде ал Шопур менен таанышат. Шопур Фархаддын дартын билип, ал издеп жүргөн мамлекет Армянстан экендигин айтат, ал жерге Фархадды алып барат, Армян журтуна келип, күзгүдө көргөн, арык казып жаткан адамдарды көрөт. Фархад алардан кимдин колунда иштеп жаткандыктарын сурайт. Алар: «Бул журтка Мехинбону башчылык кылат, анын жээни да бар» деп жооп беришет.

Фархад иштеп жаткандардын абалына ичи ачып, аларга жардам берет, ал жерде көпкө калып кетет. Фархад эмгекти сүйгөндүктөн, көп жакшы натыйжаларга жетишет. Фархаддын аты чыга баштайт. Мехинбону менен Ширин да ал жөнүндө угуп, Фархадды көрмөкчү болот, экөө жолго аттанышат. Көп жол жүрүп тоого жетишет. Тоодо арык казып жаткан Фархадды сулуулукта теңдешсиз Ширин көрүп калат. Фархад Ширинди көрүп, өзү издеген, сүйүп жүргөн кыз ушул экендигин билип, эси ооп калат, өзүн билбей жыгылып калат. Өзүн билбей калган Фархадды сарайга алып келишет, ал жерде эки күн жатып калат, аны Ширин дары чөптөр менен карайт, өзүнө келип сарайдан качып, тоого кетип калат. Фархад Ширин тарабынан кылынган мындай жардамдан кубанып, ого бетер зор эмгек кылат.

Ширин да Фархадды жактырып калган болот. Ал Фархадды кыдыртырат.

Фархад арыкты казып аяктайт, Мехинбону келип, Ширин келишин айтат. Фархадды титирек басат.

Мехинбону тоодо иштин аяктоосу шарапаты менен сарайда той уюштурат. Ал жерге Фархаддын да келүүсүн айтат. Фархад макул болот.

Сарайда той башталат. Фархад келет. Мына ушул жерде Фархад менен Ширин жолугушат. Бирок алардын сүйүүсүн Хисрав деген падыша көрө албайт. Хисрав Шириндин сулуулугун көрүп, ага үйлөнмөкчү болот. Армян журтунда Фархад менен Шириндин сүйүүсү, алардын таза махабаты жөнүндө сөз таркалып жүргөн болчу. Ошондой болсо да

15 – 17-595

Хисрав Шириндин колун сурап, Мехинбонуга жуучу жиберет. Мехинбону көнбөйт. Ширин жаш, узатууга али эрте дейт. Хисравдын ачуусу келет. Хисрав каарданып, армян журтуна жүрүш кылат. Мехинбону адамдары менен жашынып алат. Фархад бул учурда калаанын сыртында болчу. Хисрав таш үстүндө отурган Фархадды көрүп, колго алмакчы болот. Хисравдын адилетсиздик кылып жатканын Фархадка түшүндүрүшөт. Ошентсе да Салосил коргонуна камап коёт. Бирок сакчылар ага ырайымы келип, аны чөлгө коюп жиберишет.

Бир күнү Хисрав ага бир куу кемпирди жөнөтүп, жалган сөздү айттырып: «Ширин өзүн-өзү өлтүрдү» — дейт. Бул кабарды көтөрө албай, Фархад дүйнөдөн көз жумат. Фархадынан айрылган Ширин жан берет. «Фархад жана Шириндин» негизги темасы эки жаш ортосундагы сүйүү, эмгекти даңазалоо болуп эсептелет. Наваийинин бешилтигине кирген «Лайли менен Мажнун» дастанында эки жаштын кыйраган сүйүүсү – чоң трагедия баяндалат. Араб жигити Кайс Лайлиге ашык болот. Бирок, анын атасы байлыгы боюнча өзүнөн төмөн турган адамга кызын бергиси келбейт. Ал ашкере бай Ибн-Салам менен кудалашат. Сүйүүнүн азабын тарткан Кайс Мажнун (сүйүүнүн жиндиси) болуп калат. Анын жүрүм-туруму өзгөчөлөнөт. Айланасындагы адамдар ага таң кала карайт.

Мына ушундан улам аны темир торго камап көрүшөт. Айласы кеткен атасы баласын Мекеге да жиберет, бирок, бул да жардам бербейт. Ошентип, Мажнун жер кезип. тентип кетет. Талаада ар түрдүү айбанаттар менен аралашып жүрө берет. Кыйноодо калган баласын үйгө кайтарууга эне-атасынын күчү келбейт. Аңгыча Лайлини сүйбөгөн адамга зордоп күйөөгө беришет.

Бирок, кыз аны менен өмүр-тагдырын байланыштыра албайт. Кайгыдан улам катуу ооруга чалдыгып, каза табат. Өлүм алдында жаткан кезде апасына «Мажнунду тапкын» деп керээз айтат.

Апасы Кайсты издеп жүрүп таап, болгон кабарды туюнтат. Мажнун абдан кайгырып, Лайли өлгөн жерге келип, анын мүрзөсүн кучактап жатып, жан берет.

## ЛАЙЛИ МЕНЕН МАЖНУН

*(Үзүндү)*

### XIII

Мажнундун эл журтунан безип биябан талаанын айбандары менен достошкону жана Науфалга жолукканы

Жомогун тал-тал кылып талкууга алган,
Соңуна жомогунун муну улаган:

Бүткөн соң ажылыктын зыяраты,
Кайтуучулар өз жерине кайра тартты.

Мажнундун атасынын көңүлү күңүрт,
Уулунан алда качан үзгөн үмүт.

Байкады анын жолун тосо албасын,
Тоскону ага айла боло албасын.

Бүт бойдон дос-тууганы муңга батып,
Жаханга көз жашынан сел каптатып.

Мажнун да эрте кайткан кечикпестен,
Ак уруп тоо-таштарды кезип кеткен.

Ар күнү ар тарапка тентип чыгат,
Биябан талааларды мекен кылат.

Мекендеп бирок анда тура албады,
Өзү да не кыларын биле албады.

Оюна эмне келсе баары мейли,
Оозунда жалгыз айтар сөзү «Лайли».

Сүйлөсө Лайли болуп жан дилинде,
Ойлосо Лайли болуп пикиринде.

Таба албайт, анда барат, мында барат,
Лайлижан көз астында шоокумданат.

Көргөндөй көркөмүнө көзүн салат,
Лайлиси элес-булас караанданат.

Келбети, сулуулугу көңүлүн козгоп,
Гүлү бар төбөсүндө чынарга окшоп.

Чынарга Лайли өңдөнтүп башын жөлөйт,
Гүл үчүн мөлт-мөлт аккан жашын төлөйт.

Жары учун кыялданат, санаа тартат,
Көңүлүнөн жүз тизмектүү казал артат.

Казалдын уйкашында кыз сыпаты,
Кыз аты сөз ичинде ибараты.

Укканда мейли муңдуу, шарттуу адам,
Ошол замат жакшы көрүп жаттап алган.

Ырында – акыл күчү оттой жанган,
Уккандын мээриминен буу чыгарган.

Сөзүндө кумар деми жашырынган,
Ышкы эрки ар тамгага жапшырылган.

Ал ырга келиштирип күү чыгарган,
Жыйналган бир уксам деп бардык адам.

Турмуштан солугандын жанын козгоп,
Ойготкон кургагандын канын козгоп.

Ал кээде: акылына келе калса,
Ыр табат, ак берметтей аппак таза.

Ал бирок, арманына бата калса,
Аңкоодон ары кетет, анда канча.

Элирип элдин кебин билбей калат
Өзүн да эмне дээрин билбей калат.

Жактырбайт, бар нерседен көңүлү калат,
Арманга алек болуп азаптанат.

Бир мүнөт эске келбейт, кайгы артат,
Саарда сары чөлдөй зарга батат.

Ыйласа ый себебин өзү билбейт,
Күлсөм дейт, күйүтү күч, күлкү кирбейт.

Урулган өз жаагына тамга салган,
Жаны бар, жок экенин билбей калган.

Бирок да анын корккон белгилерин
Ышкы айдап, ага кошот эрдик демин.

Жаш төгүп айткан зары тоону жарып,
Кум-чөлдө кууралган чөп сыяктанып,

Жалооруп жаш баладай ыйлар эле,
Көңүлү жок беле десең ата-энеге.

Досундай ысык карап балээлерге,
Ою жок мен досуңмун дегендерге.

Унутуп, ичер ашын таштагандай,
Жанагы аш-тамагын алмашкандай.

Көз жашы сел-сел болуп эстегенде,
Жейрендей адам көрсө үркөр эле.

Напсинин такыр кечип иттигинен,
Кийикке-кийик болуп ээрчип кеткен.

Ал байкуш кайда олтурат, кайда барат,
Кийиктер көнгөн малдай ээрчип алат.

Жибербей төрт жагынан курчап калат,
Алардын койчусу өзү сыяктанат.

Кээ бирин мандайынан жыттап өбөт,
Кээ бирин соорусунан сылап көрөт.

Туш-тушта койчу итинде бөрү жүрөт,
Жок, жок, ай кой кайтарган дөбөткө окшоп.

Чөл кезет, мындан башка эмне кылат,
Мажнундун дарттуу муңу көккө чыгат.

Мүлдө Араб падышасында Науфал сырттан,
Окко дос, эрдигинен даңкы чыккан.

Калкынан кадыр алган жакшылыктан
Ушул күн сейил куруп жолго чыккан.

Бул жерлер ошол Науфал бийлигинде,
Ал мында аңуулоого келген эле.

Сан уруу сан калкынын колун курап,
Сахара сар талаада аттар зуулап,

Алардын арасында калды Мажнун,
Кашына калың кийик келди мунун.

Салбырап, илбесиндин бири калбай,
Удургуп качып берди буга карай.

Мажнунга жанын коргоп жалынгандай,
Пааналап баары ошого табынгандай.

Көзүмө чоочун болуп мындай адат,
Токтолду Науфал кулап кете жаздап,

Деп айтып жанындагы жигитине:
«Бир башка сүйкүмү бар кандай неме?

Мен көргөн, көрүнөбү силерге да,
Же келген бир балээби өз башыма?»

Буларга жол көрсөткөн башка адамдар,
Аларда Мажнун жактан көп кабар бар.

Күйүткө мендей күйүп эригендин
Сообу үчүн жан сергитер сууң бергин!

Мажнунга жага түшүп ушул кеби:
«Угайын эй жакшы адам айткын» деди

Науфал шер: «Жазыксыздын канын төкпө
Дегениң өрнөк болор мага кепке.

Таштайын андай болсо зулумдукту,
Көңүлүм насаатыңды толук укту.

Ошентсе да айта турган жалгыз сөзүм:
Айбанга дос болупсуң минтип өзүң,

Ушинтип эл-журтуңун жеригениң,
Адатка такыр туура келбес дедим.

Не десең тирүүлүктүн нуру адамзат,
Дүйнөнү жарык кылган бул адамзат.

Андыктан адамзаттан качуу болбос,
Түбөлүк айбан сага жолдош болбос.

Бул ишиң акылыма сыя албады.
Көрбөгөн мындай кызык кыялдарды.

Эл айткан: зар ыйлаткан бир гүлү бар,
Гүл үчүн азап тарткан күн-түнү бар.

Эгерде ал чын болсо, эл айткандай,
Жер кезип тентип жүрсөң мына ушундай,

Кой боорум аны ташта, өзүмү ээрчи,
Эки-үч күн өз жаныма жүрүп берчи!

Көңүл ач, бир азыраак капаң чыксын,
Капанын капасында камалыпсың.

Колуман эмне келсе тырышайын,
Жарыңа достук жардам кылышайын.

Колумдан келбей калса андай айла,
Кыз элин чакыртайын кан майданга.

Эгерде ага да айла болбой калса:
Зомбулук-зордугум бар кабыл алса!

Бак берип асман менин жолумду ачса,
Айткан ой, бир жол менен жүзөгө ашса,

Азаптын түйүндөрүн чечкизермин,
Самаган муратыңа жеткизермин.

Тагдырым каршы чыкса бак жолуна,
Башкасын алмашарбыз бак ордуна.

Кааласаң сени өзүмө перзент кылам,
Ак жолго өзүң үчүн; мээнет кылам.

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Алишер Наваийнин өмүрү жана чыгармачылык жолу.*
*2. Алишерге чыгармачылык жолунда кимдер жардам берген?*
*3. «Хамса» жөнүндө сүйлөп бергиле.*
*4. «Фархад жана Ширин» дастанындагы баш каармандар.*

**«Лайли жана Мажнун» дастаны негизинде «Мен сүйгөн адабий каарман» деген темада дилбаян даярдоо.**



## МАХТУМКУЛУ ФРАГИ
*(1733 – 1793)*

Улуу түркмөн элинин акыны жана ойчулу Махтумкулу 1733-жылы Атрек дарыясынын боюнда жайгашкан Хажы Гавшан айылында туулган. Анын алгачкы устаты Азади псевдоними менен ырлар жазган өз атасы Дөөлөтмамат болгон эле. Үй-бүлөсүндө кат тааныган болочок акын болжолдуу түрдө айтканда, алты жашынан айылдык мектепте Ниязсалых молдонун колунда окуй баштайт. Өткүр зээндүүлүгү жана тырышчаактыгы менен окуучулардын арасында өзгөчөлөнүп турган Махтумкулу кийин Кызылаяк (азыркы Чаржуй областына караштуу Халач району) дагы Идрис баба медресесинде билим алууну улантат. Андан соң Хиванын Шергазихан медресесинде билимин өркүндөтөт. Ошондой эле бир аз Бухарадагы Кукалдаш медресесинде да окуганы жөнүндө уламыштар бар.

Махтумкулунун үй-бүлөсүндөгүлөр көркөм сөздүн кадырын баалай билген жана чыгармачылык жөндөмүнө ээ болгон билимдүү инсандардан болушкан. Атректин түштүгүндөгү областта төрөлгөн чоң атасы (анын аты да Махтумкулу болгон – акынга чоң атасынын атын беришкен) тиричиликтин айынан түркмөндөрдүн гуркуз уруусуна иш издеп келет жана уруу башчыларынын биринин колунда жалданып иштейт. Белгилүү убакыт өткөндөн соң кожоюну аны өзүнүн жээнине үйлөнтүп коёт жана ал өзүнчө кожолуктун башчысына айланат.

Дыйканчылык кылуу менен бирге атка токум тигүү, камчы токуу, жүгөн жана басмайыл жасоо аркылуу киреше алууну тынымсыз ашырып жүрүп, Махтумкулу уста аты менен

атагы тарайт. Бош убагында ал ырлар жараткан жана алардын бири биздин күнгө чейин да жетип келген.

Анын өз атасы Дөөлөтмамат да бөтөнчө идректүүлүгү менен айырмаланып турар эле. Ал башталгыч билимин айылда алып, андан соң Хива медреселеринде окуусун улантат. Айылына кайткандан кийин балдарды окутуу менен бирге, айыл чарбачылыгы менен алектенет. Махтумкулунун чоң атасына ыр жаратуу бир каалоо гана болсо, ал эми өз атасы чыныгы акын болуп жетишет. Ал Азади псевдоними менен көптөгөн ыр жана казалдар жаратат. Өз заманында Махтумкулунун атасы белгилүү акын жана агартуучу Дөөлөтмамед Азади (1700–1760) аталып, Азадинин калемине «Бехишт-нама» деген дидактикалык поэма жана баа жеткис адабий трактат «Ваъзи-Азад» (1753–1754) таандык. Ойчул акын түркмөн адабияты үчүн баалуу трактатта түркмөндөрдүн адилетүү жана байдөөлөт мамлекети тууралуу тилек кылат. Аталган чыгармалар Азадининг перс жана түрк адабиятынан, өзгөчө Алишер Наваийнин чыгармачылыгынан жетиштүү түрдө кабардар болгонун көрсөтөт. Дөөлөтмаматтын үй-бүлөсү чоң болуп, Махтумкулу анын үчүнчү уулу эсептелет. Бош убагында мал үйүрүн багып жүрүп, атасына көмөктөшкөн Махтумкулу 9 жашынан ыр жаза баштайт.

Түркмөн элинин тарыхынын эң коогалуу жана оор доорунда жашап өткөн Махтумкулу үй-бүлөлүк жашоосунда да тынчтык таппады. Чавдурхан жетекчилигинде Ооганстанга өкүл катары жөнөтүлгөн агалары Абдулла жана Мухаммадсафа душмандар тарабынан ырайымсыздык менен өлтүрүлөт. Чоң үй-бүлөнүн бардык түйшүгү Махтумкулуга жүктөлөт.

Ал окутуучулук кылуу, ата-бабасынан мурас болуп калган уста кесибин улантуу менен бирге, темирчилик жана зергерлик өнөрлөрүн да ээлейт. «Гузал Шергази» аттуу ырынан белгилүү болгонуна караганда, ал Хивада билим алып жаткан учурунда биринин артынан бири атасы-энеси дүйнөдөн көз жумушат.

Махтумкулу тайэжесинин кызы Менгли менен балалыктан чогуу өскөн, эки жаш бири-бирине көңүл коюшкан эле. Бирок атасы жана эки агасынын мезгилсиз өлүмү үй-

бүлөнү материалдык жактан оор абалга салып койгон. Махтумкулунун калың акчасын төлөөгө курбу жетпестигин билген Менглинин агалары карындашынын ыраазылыгын да сурабай, аны бирөөгө күйөөгө берип жиберишет. Кыз байкуш ыйлап, бөтөн үй-бүлөгө келин болду.

Анын үстүнө байыртан улантылып келе жаткан эски үрп-адатка ылайык Махтумкулуну чоң агасынын жесир калган аялы Аккызга никелеп коюшат. Ал Аккыздан эки уулдуу болот. Уулдарынан биринин аты Сарибай, экинчисиники Ибрахим болуп, биринчиси жети, экинчиси он эки жашында каза болушат. Мурда сүйгөнүнөн, кийин балдарынан айрылган, үй-бүлөлүк турмуштан бакытын табалбаган акын терең кайгыга батып, бүткүл өмүрүн көркөм чыгармачылыкка арнайт. Менглиханга арнап көптөгөн ырлар жазуу менен анын өзүнө ылайык поэтикалык айкелин курат. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн баса белгилегенине караганда, акын өзүнө Фраги псевдонимин тандаганы да дал ушул айрылууларга байланыштуу.

Махтумкулунун ырларында өтө көптөгөн жер-суулардын аттарын кездештиребиз. Бул болсо анын көп саякат кылганын далилдейт. Сапарга ак бата сурап, атасы менен суроо-жооп түрүндө жазган бир ыры да акындын саякатка, дүйнөнү көрүүгө катуу кызыкканын көрсөтөт. («Ата-уулдун кайгы касырети»). Ырда «Көңүлүм каалайт, сапар кылсак...», «сейилдесек нече теңкур, курбу менен, ошондо кайгылуу көңүлүм кубанычка бөлөнөт» өңдүү саптарды окуйбуз. Махтумкулу жаштайынан саякаттарда жүрүп, Каспий боюнан тээ Амударыяга чейин келгени белгилүү. Бухарада билим алган, андан соң Ооганстанга өткөн, Индияда бир жыл үч ай турган, кайтып Фергана (Андижан, Маргилан) ды көргөн, Казакстандын Түркстан шаарына барган. Харазмге-Хивадагы Шергази медресесине келип окуган, андан кийин кайра өз элине – Атрек дарыясы өрөөнүнө, Дехистанга кайткан.

Ошондон кийин Азербайжан, Иран, Түркиянын чыгыш бөлүгү, Иракты айланып келген. Махтумкулунун Астраханда болгону да, ал жерде орустардын жашоосу менен тааныштыгы да чындык. Ал гана эмес Иран менен Индия ортосундагы Умман деңизинин жээгинде – же Умман топу-

рагында (Арабстан жары маралы менен Ирак ортосунда), же азыркы Пакистан жерлеринде болгону тууралуу да божомолдоого болот, анын ырларында да мунун изи калган.

Акын Орто Чыгыштагы бардык түркмөн урууларынын арасына кирип, алардын абалын, азаттык, өз алдынчалык, эркиндик жана жыргалдуу өмүр сүрүү өңдүү үмүт-тилектерин билди, ошону менен бирге, оозеки адабиятын үйрөндү». Мирза Кенжебектин болжолдогону боюнча бир ырында «Занги бабаны көрсөм» дегенине караганда, ал Ташкентке да келген болушу керек.

XVIII кылымда өмүр сүргөн суфий – акын Махтумкулу Фраги түркмөн адабий тилинин негиздөөчүсү. Ал түркмөндөр бирдиктүү эл болуп, өз мамлекетине ээ болуусун тилеп ырдаган. Ошон үчүн атактуу түркколог Бартольд: «...бардык түрк элдеринин ичинен түркмөндөрдө гана өзүнүн улуттук акыны бар. Ал Махтумкулу» деп жазган.

Махтумкулу Фраги эне тили болгон түркмөн тилинен башка да араб жана перс тилдеринде жаза да, окуй да билген. Махтумкулу түркмөн элинин руханий дүйнөсү. Ал өз чыгармаларында түркмөн элинин ой-мүдөөсүн, тилегин жана турмушун баяндайт.

Жогоруда баса белгилегенибиздей эле түркмөн акыны жана ойчулу Махтумкулунун жашырын аты Фраги. Ал акын Азади Дөөлөтмамеддин уулу айыл мектебинен жана Хивадагы медреседен билим алган. Орто Азия, Азербайжан жана Иран фольклорун жакшы билген. Махтумкулунун калемине көп ырлар, лирикалык, лирика-эпикалык поэмалар таандык. Алардын бир далайы акындын жерине баскынчылар чабуул жасаганда жок болуп кеткен. Сакталып калганы – 10 минден ашуун сап ыр. Кээ бир ырларына пессимисттик жана диний маанай мүнөздүү. Лирикалык ырларында баскынчылардан жабыр тарткан элдин оор турмушу чагылдырылат. Реакциячыл динчилдерге каршы чыгып, жоолашкан түркмөн урууларын биригүүгө үндөгөн. Философ катары Мактумкулу гуманисттик мүнөздөгү коомдук-философиялык, моралдык-этикалык маселелерди көтөрүп, атасы Азадинин мамлекет, эл-журт, жаратылыш жөнүндөгү ойлорун конкреттештирген.

Акын «Түркмөн тагдыры», «Эл менен» аттуу ырларында туулган эли тууралуу ой толгосо, «Белгилүү», «Эл жакшысы» сыяктуу ырларында эрдикти даңазалаган. Махтумкулунун поэзиясы элдик акылман ой-пикир жана фольклор менен органикалык байланышта. Курч, элпек чыккандыктан, ырларынын көп саптары учкул сөзгө айланып кеткен. Махтумкулу түркмөн поэзиясынын тилин өзгөртүп, аны элдик тилге жакындаштырган. Арузду элдик силлабикалык система менен алмаштырган. Анын чыгармалары кийинки муундун акындарына чоң таасир тийгизген.

XIX кылымдын айтылуу венгер окумуштуусу, Прага университетинин чыгыш тилдери жана адабиятынын профессору Арминий Вамберинин жазып калтырганына караганда Орто Азияда карысы менен жашы да, жоокери менен койчусу да, дин өкүлү менен жараны да, бүт баары поэтикалык чыгармачылык менен алектенет. Ыр ырдоого болгон кумардануу түркмөндөргө да, кыргыздарга саякаттап кыдырган адамды таң калтырат. «Махтумкулу... дүйнөдөгү бардык илимдерди өздөштүргөн, бардык китептерди окуп түшүнгөн олуя... Анын китеби түркмөндөр арасында Курандан кийинки эле биринчи орунда дагы узак жылдар кала берет», – деп жазган Вамбери 1879-жылы акындын Лейпцигде немис тилинде жарыяланган ырлар жыйнагынын баш сөзүндө.

Махтумкулунун көптөгөн ыр саптары макалга айланып кеткен.

Алсак:

«Сымбатынан сулуунун бир кемтик табылар,
Сүткө кадала карасаң, ичинде каны бар», же
Мекениңди таштап кетчү болбо,
Өзүңдөн пас, мансаптуу ноомартка,
Кулдай кызмат этчү болбо.

Адамзат сабыр кылып, чыдамкай болушу абзел. Бирок бул сапат качты дейт. Арам иштер жөнүндө мындай деген. Эй, пенде! Колуңду жалынга тут, эгер чыдасаң арам иштерди жасай бер деп ырдайт жана адамдарды жаман ишке барбаганга үндөйт.

Махтумкулунун ырлары, накыл сөздөрү, насыяттары ыйык диний китептер менен мазмундаш. Касиеттүү Ку-

рандагы, Тооратгагы, Инжил жана Забурдагы ойлор Махтумкулунун ырларында жаңырат. Акын өз ойлорун элиме түшүнүктүү болсун деп жөнөкөй тилде ырдайт. Акындын ырлары элдин жүрөгүндө сакталган. Ошон үчүн Махтумкулу бийик урмат-сыйга татыган. Махтумкулуну түркмөн эли пайгамбардан кем эмес деңгээлде баалашат.

Бир тууган салттардын жана тилдердин элдери ар дайым бири-бирине өз ара жакындыктын сезиминде болуп келишкен. Маданий-рухий табылгалардын мыктылары жалпы орток мүлк катары саналган. Маселен, хивалык жана бухаралык өзбектер Махтумкулуну анын окуп жүргөн жаш кезинен бери жакшы билишкен, жергиликтүү бахшылар, акындар аны урматтап-сыйлашкан, чыгармаларын аздектеп үйрөнүшкөн. Махтумкулу чыгармачыл салттарга таянган жана Чыгыштын алдыңкы инсандары – Рудакиден, Низамиден, Навоийден, Саадиден ж.б. үйрөнгөн. Ошону менен бирге ал карапайым адамдарга жакын жана түшүнүктүү поэзиянын чыныгы новатору, ал эми анын ырлары жарды-жалчылар үчүн үмүттүн шам чырагы болуп калган

Түркмөнстанда 18-май – Махтумкулу поэзиясынын күнү. Ал эми май айы – календарь боюнча  Махтумкулу айы.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Махтумкулунун өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышып, эмнелерден таасирлендиңер?*
2. *Махтумкулу Фраги зор кадыр-баркка ээ болушуна эмне себеп болган?*
3. *Акындын чыгармаларынын мазмуну эмне жөнүндө эле?*
4. *Түркмөнстанда Махтумкулунун күнүн кайсы күнү белгилешет?*

## ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТ КАЗЫНАСЫНАН



### ЖЕК ЛОНДОН
*(1876–1916)*

Американын алдыңкы жазуучусу Жек Лондон 1876-жылы 12-январда Калифорния штатынын чоң порттуу шаары Сан-Францискодо, жарды фермердин үй-бүлөсүндө туулган. Жазуучунун балалык чагы кысымчылыкта жана жакырчылыкта, кыскасын айтканда, кыйынчылык шартта өткөн. Жазуучулук даражага жеткенге чейин ал ар түрдүү кесипти башынан өткөргөн.

Ал 11 жашында көчө кыдырып газета сатты, андан соң балык уулады, консерва заводунда, кендир ийрүүчү фабрикада жана кир жуучу, жайда жумушчу болуп иштеди, матрос болуп Япония менен Арктиканын жээктерине чейин сүзүп барды жана репортёрлук кызматты аткарды, жумушсуз калгандыгы үчүн түрмөгө да түштү.

Сан-Францисконун газеталарынын биреөндө анын «Япониянын жээктериндеги тайфун» деген очерки биринчи жолу басылып чыгып, конкурста сыйлыкка ээ болот. Мына ушул окуя аны адабий чыгармачылык жөнүндө олуттуу ойлонтот. Бирок, дасыккан жазуучулук наамга жетиш үчүн ал көп кыйынчылыктарга дуушар болуп, көптү өз көзү менен көрдү.

1896-жылы Аляскадагы Клондайкадан алтын табылып, миң сандагандар дүнүйө-мүлк издеп, ошол жакка чубурушту. Алардын ичинде Жек Лондон да бар болчу. Бирок, бир жылдан кийин ал сыркоолоп, кур кол кайра үйүнө кайтты. Анткени менен бул «саякат» келечек жазуучуга бир топ пайдалуу материалдарды берди. Жек Лондон алтындын

зээри азгыргандардын кулк-мүнөзүн, ал жерде жашаган элдердин үрп-адаттарын, арктикалык каардуу жаратылышты, адамдардын аны менен болгон күрөшүн баяндаган бир топ чыгармаларды жазган.

Аларда «америкалык жазуучу Жек Лондон, буржуазиялык дүйнөдөгү алтынга аябай берилген, алтын дегенде ааламдын аркы четине чейин боортоктоп жылып барууга даяр турган кишилердин мүнөздөрүн ачык-айкын сүрөттөп көрсөткөн».

1899-жылдан баштап анын Түндүк жөнүндөгү аңгемелери биринен-сала бири жарыкка чыга баштады. Ал негизинен Түндүк жана Океания аралдары жөнүндө бардыгы болуп 152 аңгеме жазган. Мына ушундан кийин Жек Лондондун жазуучу катары атагы чыга баштаган. Бул чыгармаларда жазуучу күчтүү, кысымчылыкка чыдамкай, кажардуу адамдарды сүрөттөгөн.

1902-жылы жазуучу Лондондо болуп, ал жерден жыйган материалдарынын негизинде «Караңгы адамдар» аттуу очерктер жыйнагын жазат. Ал жыйнакта автор Англиядагы кедей-дыйкан катмарынын укуксуздугу жана жакырдыгы жөнүндө баяндайт.

1905—1910-жылдар — Жек Лондондун чыгармачылыгынын гүлдөп, эң жогорку деңгээлге өсүп жеткен мезгили. Бул жылдары ал өзүнүн көлөмү жана идеясы жагынан зор чыгармаларын — «Темир бут», «Мартин Иден», «Ак азуу», «Таптардын күрөшү» жана башка чыгармаларды жазды. Булардан тышкары Лондондун «Деңиз карышкыры», «Мезгил күтпөйт» сыяктуу көлөмдүү чыгармалары бар. Он алты жылдык чыгармачылыгынын ичинде Жек Лондон элүүгө жакын китеп жазды.

Жек Лондон 1916-жылы 40 жашында дүйнөдөн кайтты. Бирок, ал көп сандаган мыкты чыгармаларды жазып таштап кетти..

Дүйнө элине жазуучунун чыгармалары жана ысмы кеңири белгилүү.

Анын чыгармалары дүйнө элдеринин көптөгөн тилдерине которулду. Лондондун мыкты чыгармалары кыргыз тилине да которулуп, жарыкка чыккан.

## ЖАШОО МЫЙЗАМЫ

*(Аңгеме)*

Коскуш чал өтө кылдат тыңшап жатты. Көздүн курчу эбак өчкөнү менен, кулагы дале болсо курч, шыбырт эткен үн да текке кетпей, үлбүлдөгөн акылын тешип өтчү, бирок жылтыр бырыш баскан маңдайындагы акыл-эси мындан ары дүйнөдөгү болуп жаткан нерселерге үңүлүп кароого алсыз эле.

Аа, бул болсо Сит-ким-ту-ханын иттерди чанага кошуп жатып, аларды сабап жаткандагы ачуу кыйкырыгы эле. Сит-ким-ту-ха – кызынын кызы болчу; кардын үстүндө жалгыз отурган, баары унуткан, алдан тайган карыган таятасына көңүл бөлгөнгө убактысы жок эле.

Жайытты которуш керек. Жол али узак, ал эми күндүн кыскарганы кыскарган. Жашоо небересин өлүмгө эмес, эмгекке, жашоо түйшүгүнө чакырып жатат. Өзү болсо, ушул тапта өлүмдүн босогосунда турат.

Бул ой чалдын үрөйүн бир саамга учуруп жиберди да, анан калтыраган колдорун сунуп, жанындагы бир кучак отунду сыйпалады. Куурайдын жанында экенине көзү жеткенде эс ала түшүп, колдорун эскирген териге катып, кайрадан тыңшай баштады.

Сүзүлгөн, бугунун терисинен жасалган, чала тоңуп калган кийимчен адам уруу башчынын алачыгы жыйналды, азыр ага ылайыктуу жайыт изделип жатат деди. Башчы өзүнүн уулу болчу, узун бойлуу, күчтүү, уруунун башчысы жана укмуш аңчы эле. Мына, анын алачыкты жыйнап, жай кыймылдап жаткан аялдарга кыйкырган үнү угулду. Коскуш чал тыңшады. Бул үндү ал акыркы жолу угуп жатат. Ал жерге Жиохоунун жана Тускиндин алачыктары барды. Жети, сегиз, тогуз. Бир гана шамандардын алачыктары калды. Тигине, алар жүктөрүн чегилген чанага жүктөп жатышат. Бала кыңкыстады. Аял аны акырын көмөкөйү менен ырдап сооротту. Бул кичинекей Ку-ти-деп чал ойлоду, Ал ыйлаак, алы жок, балким ал жакында чарчап калышы мүмкүн. Алар аны ызгаардуу, тоңгон тундранын бир жерин казып көөмп коюшат; карышкырлар казып кетпеш үчүн үстүнө таш бастырышат.

Ии, анан эмне болду? Тирүү калса, бир нече жыл жашайт, ток жүргөнүнөн ач жүргөнү көп болот. Аягында аны баарынан зулум, тойбогон ажал жалмап тынат. Эмнеси бар экен? Эркектер чана чегилген иттерди шапалак менен сабап, кайыштарын катуу тартып жатышат. Ал жакында таптакыр эч нерсе укпай калаарын туйду. Ышкырык ызылдап, иттерге камчы удаа-удаа урулат. Уктуңбу, аларды унутуп калышты! Иттердин улуганын укчу, алар азаптуу жолду кандай гана жек көрүшөт! Алар алыстап бара жатышат. Чана артынан чана акырын каалгып жылып, жымжырттыкка сүңгүп жатышат. Кетишти.

Алар анын жашоосунан жоголушту, акыркы оор саатгар менен өзү жалгыз бетме-бет жолугат. Жок, мына кимдир бирөөнүн бутунун алдынан кар кычырады. Анын жанында жаш адам турат, ал колун чалдын башына акырын койду. Баласы атасына кандай боорукер! Ал башка чалдардын балдары атасын көч менен алып кеткенин эстеди. Бирок баласы андай кылбады. Чалдын өткөндөгү ойлорун жаш жигиттин үнү бузуп жиберди.

– Жакшы элесиңби? – деп сурады.

– Жакшы эле, – деп чал жооп берди.

– Жанында отун турат, – деп жигит сөзүн улады. От жакшы күйөт. Эртең менен күн бүркөлөт, сууктун мизи кайтат. Жакында кар жаайт. Мына жаай баштады.

«Аа, мынакей жаай баштады».

– Эл шашып жатат. Алардын жүктөрү оор, ачкадан ичтери жабышып калды. Жол алыс, алар тез барышат. Мен кеттим. Сен жакшы элесиңби?

– Жакшы эле. Мен күзгү жалбырактай бутакта араң эле илинип тургансыйм. Бир аз шамал болсо эле учуп түшөм. Менин үнүм кемпирдин үнүнө окшоп калды. Көзүм эми бутум баскан жолду көрсөтпөйт, буттарым оордоду, чарчадым. Бардыгы жакшы.

Ал кардын аянычтуу кычырашын басылганга чейин башын салып отурду, эми баласы анын чакырыгына жооп бербесин түшүндү. Ошондо шашкалактаган колу отунду көздөй сунулду. Ушул таңгак отун аны көрүнүп турган түбөлүктүүлөктөн бөлүп турду. Акыры бир кучак чырпык анын жашоо ченеми болду. Чырпыктар биринин артынын

бири тутанган сайын, ага өлүм жылып келе жатат. Качан акыркы чырпык өзүнүн жылуулугун берип бүткөндөн кийин, суук өзүнүн күчүнө кирет. Адегенде буттары үшүйт, анан колдору, денеси эч нерсе сезбей калат. Суук анын сөөгүнөн кирип чучугуна жетет, башы тизесине көздөй шылкыйып, анан жай алат. Бул оңой эле. Акыры башта бир өлүм.

Коскуш капаланган жок. Жашоонун жолу ушундай, ал калыс жана адилет. Ал жерде төрөлүп аны менен жакын жашады, анын мыйзамы ал үчүн жаңылык эмес. Бул – бардык түрүү жандардын мыйзамы. Табият кайсы бир жандарга боорукер эмес. Табият аларга тиешелүү да эмес. Ал бир гана өткүрлүккө, ылдамдыкка кызыгат. Коскуш чалдын акылы бул жөнүндө кеңири жалпылоого жөндөмдүү эмес эле, бирок ал муну терең түшүнчү. Мунун мисалдарын ал турмушунда көп көрдү.

Алгачкы жаз келээр менен өсүмдүктөрдүн жашоо тиричилиги башталып, жашыл бүчүр алат, гүлдөйт, сары жалбырактар жерге түшөт, акыры куурайт. Бирок, табият ар бир жандууга өзүнчө тапшырма коёт. Аны аткарбаса, ал өлөт. Аткарса деле баары бир өлөт. Табият камкордук кылбайт, аны баш ийдиргендер да бар, бирок бул иште баш ийүүчүлүк баш ийгенге карганга дайым жашайт жана жашаган.

Коскуштун уруусу байыркы уруулардан эле. Ал бала кездеги карыяларды эстейт, алар өздөрүнө чейинки карыяларды эстешчү.

Ошондуктан, уруу жашаары, анын бардык мүчөлөрүнө баш ийүүчүлүк милдети коюлганы чындык, бирок эстен чыгаргыс ата-бабаларынын көрүстөндөрү небак эле унутулган. Өлгөндөр эсепке алынбайт, алар бирин-серин. Алар асмандагы булуттар сымал тарап кетишти. Ал дагы туруктуу эмес, ал да өтөт бул дүйнөдөн. Табият камкор эмес. Жашоого бир тапшырманы коюп, бир мыйзам кабыл алат. Жашоонун максаты – тукум улоо жана өлүм – анын мыйзамы. Бойго жеткен кыз сүйкүмдүү бир жан, көргөндүн көзү кубанат, көкүрөгү көтөрүлүп, серпилип басат, күчтүү, көздөрү жанып турат. Бирок, кыздын милдети али алдыда. Анын көздөрү күйүп жанып, басканы шайдоот, бирде бозойлорду кырданып же уяң тартып карап, алардын тынчын

ала баштайт. Күндөн күнгө кулпурат, акырында кайсы бир аңчы аны тамак жасоого жана балдарынын апасы болсун үчүн үйүнө алып кетет. Тун баласын төрөгөндөн кийин сулуулугу кете баштайт. Басышы оордоп, жай боло баштайт; көздөрү жашылданат; бир гана балдары отко жакын отурган кемпирдин бырыштуу жүзүнө кубаныч тартуулайт. Анын милдети аткарылды. Эми биринчи ачкачылыкта же жашы келгенде өзүн карга, бир кучак чырпыктын жанына таштагандай таштап кетишет. Жашоонун мыйзамы ушундай.

Коскуш отко кургак отундан абайлап таштап, кайрадан ойдун кучагына жетеленди. Бардык жерде эле ушундай. Биринчи үшүктө чиркейлер жоголот. Кичинекей тыйын чычкан жорголоп жүрүп өлөт. Жашы жеткен коёндор оордошуп мурункудай шамдагай секирип душманынан кача албай калат. Жада калса аюу да карылыктан көзү көрбөй, олдоксон тартып, акырында ажылдаган үйүрлүү иттер аны багынтат.

Коскуш атасын бир кышта Клондайка дарыясынын жогору жагына кантип таштап кеткенин эстеди, ошол жылы миссионер инжил китептери жана дары баштыкчалары менен келген кыш эле. Баштыктагыларды эстегенде Коскуштун уурутунан шилекейи куюлчу, бирок азыр оозу кургап, шилекей да жок эле. Алардын көпчүлүгү ооруган жерди басуучу дары экендиги эсинде калды. Бирок, миссионер уруу үчүн ашка жүк башка жүк болуп чыкты, ал урууга илбээсиндин этин алып келген жок. Өзү көп тамак иччү, мергенчилер дайыма аны тилдешчү. Акырында Мейо көлүнүн жээгинде өпкөсүнө суук тийип өлдү. Табыттын жытын сезишкен карышкырлар үстүндөгү таштарды оодарышып, сөөктөрүн талашып кемиришти.

Коскуш отко кайрадан отун салып, өткөндөгү ойлоруна терең кирип кетти. Ал ачарчылыкты да, токчулукту да көрдү. Ачарчылык убагында чалдар отко жүгүнүшүп, байыркы күндөрдө Юкон дарыясынын жай айында үч жыл бою тоңуп жана үч жыл бою кыш айларында эрип турганда жасалган салттарын жасап жатышты.

Бул ачарчылыкта Коскуш апасынан айрылды. Жайында багыштар келген жок. Уруулар чыдамсыз кышты жана ба-

гыштарды күтүштү. Кыш келди. Бирок бугулар келген жок. Чалдардын эсинде мындай кыш эч качан болгон эмес. Бугулар келген жок, бул жетинчи ачарчылык жыл эле, коёндор тукумдашкан жок, иттердин терилеринен сөөктөрү гана көрүнөт. Балдар ыйлап, кыштын узун караңгы түндөрүндө чарчап жатышты; аялдар жана чалдар тиги дүйнөгө сапар алып жатышты. Ар бир он адамдан бирөө киши гана жазга, күндүн чыгышына жетти. Мына ушундай ачарчылык болду.

Бирок, ал молчулук убагын да көрдү. Эт ушунчалык көп болгондуктан, бузулуп да жатты; иттер семирди; эркектер качып бара жаткан илбирсти көрүп, аны кармоодон эриништи, аялдардын көпчүлүгү кош бойлуу эле; бөбөктөр кыбырап эмгектеп жүрүштү. Эркектер ошондо тебекерлене башташты, кичине болсо эле эски уруш талаштарды эстешет. Пелли уруусун жок кылыш үчүн түштүккө тоо аркылуу ашуудан ашып өтүштү; батышка танан уруусунун отунун өчүүсүн көрүүгө барышты.

Чал молчулук убагында багышты карышкарлар кантип багынтканын көрдү. Ал Зинг-ха экөө кардын үстүндө жатышкан. Зинг-ха – анын досу, абдан мыкты мергенчи эле, өмүрүн акырын Юкон дарыясына кулап кетип көз жумган. Бир айдан кийин анын тоңгон денесинин жарымын гана муздан алып чыгууга туура келген.

Ии, багыштар. Ошол күнү Зинг-ха экөө аталарына туурап, аңчылык кылып ойноп жатышкан. Тоңгон көлдүн үстүнөн алар багыштын жаңы изине жана артынан кууган карышкылардын издерине токтолушту.

– Кары экен – деп издерди абдан жакшы айырмалаган Зинг-ха айтты, үйүрдөн калып калыптыр, карышкырлар үйүрүнөн алып калышып коё бербей жатышат. Так ушундай болду. Карышкырлардын салты ушундай. Күнү-түнү эс албай, алар изин менен акмалашып, ыркырап, акырына чейин артынан калышпайт. Экөөнүн тең каны кайнап кетти. Бул кармаштын бүтүшүн көрүү татыктуу эле.

Чыдамы кетип, алдыга карап жөнөштү, алардын курч көздөрү жана из билген шыктары болбосо да, алар алдыга көз жуумп болсо да барууга даяр эле. Из абдан жаңы эле, ар бир кадам сайын аягы кайгылуу болуп бүткөндүгү көрүнүп

турду. Мына бул жерден багыш токтоптур. Бардык аралыкта үч киши бою кап тапталган жана казылган. Ортосунда багыштын кардагы терең туягынын изи жана айланасында карышкырлардын жеңил издери. Кээ бирлери курмандыгына башкалар асылып жатканда аларды карай кар үстүнө отуруп эс алгандай. Кардын үстүндөгү алардын тулкуларынын сөөлөтү абдан так, бул окуя бир нече мүнөт мурда болгондой сезилет. Бир карышкыр курмандыктын бутуна туш келген окшойт, карга жанын чыгарып басып салыптыр. Сөөктөрдүн үйүлүп, таза кемирилиши муну тастыктап турат.

Калың карда кийилүүчү өтүктөрү менен экинчи кармаш болгон жерге токтошту. Мына бул жерде да жанынын барынча кармашкан күрөш. Кар үстүндөгү сүрөттөргө караганда багыш эки жолу жыгылып, эки жолу үстүндөгүнү силкип түшүрүп бутуна турган. Анын максат-тилеги эбак эле аткарылса да, ага жашоо кымбат эле. «Бул таң калыштуу окуя, эч качан оодарылып түшкөн багыш бутуна кайра тура алчу эмес. Бул багыш бутуна кайра турган» — деп айтты Зинг-ха.

Кийинчээрек бул жөнүндө шамандарга айтышканда алар абдан таң калышкан. Акырында багыш жээктеги дөңгө чыгып көтөрүлүп токойго келген. Душмандары артынан кол салышып, ал төрт аяктап арты менен жыгылып, экөөнү жерге жабыштыра оодарган. Дагы эки жерде кармаш болгон. Эми из кан менен боёлду, чоң жырткычтын салмактуу кадамы түз эмес, мүдүрүлгөн. Мына кармаштын биринчи добушун угушту, куугундун катуу чыгарып улуган үнү эмес, кыска ырылдаган үнү, багыштын денесиндеги тиштелген издер. Зинг-ха карга боору менен сойлоп жөнөдү; артынан өзүнүн уруусуна көп жылы башчы боло турган Коскуш сойлоп жөнөдү.

Алар жаш балатынын бутактарынын алдына тыгылып отуруп алышып, алдыга карай тигиле карашты. Кармаштын эмне болуп аяктаганын көрүштү.

Жаштык кезиндеги бул көрүнүш ага абдан катуу таасир калтырган жана өмүр бою эсинде калды. Ошол кармаш тунарган көз алдында убакыт өткөнүнө карабай ачык жаркырап турду.

Коскуш кармаш учурунда чоочун ак адамды бычак менен сайып өлтүргөндүгү үчүн пеллис урусунун оозунда каргышка калгандыгын эске албаганда, убакыт өтүп, уурунун башчысы, кеңештин мүчөсү болуп көптөгөн улуу иштерди жасагандыгына таң калды.

От өчүп, суук күч ала баштанганга чейин көпкө Коскуш жаш кезин ойлонуп отурду. Бул жолу ал отко эки отунду бирдей таштап, жашоосун өлүм алдында өлчөдү. Эгерде Сит-кум-ту-ха таятасын ойлосо, ал көбүрөөк отун таштамак; анын жашоосунун сааты бир аз да болсо узагыраак болмок. Бул кыйын беле? Бала чагынан бери эле Сит-кум-ту-ха бейкапар бала болчу; Зинг-ханын баласы Бобр менен мамиледе болгондон бери ата бабасын сыйлоону да унутту. Бирок, өзү деле курч жаш кезинде башкача жасамак беле. Бир мүнөткө Коскуш жымжыртыкты тыңшады. Мүмкүн, баласынын жүрөгү жумшарып, иттери менен келип өзү менен кошо алып кетээр.

Коскуш кулак түрдү; анын чымыркanып тынбай иштеп жаткан мээси көз ирмемге токтоду. Эч дабыш жок, жымжырттык. Жымжыртыктын арасында ал гана жалгыз дем алат. Жалгыздык. Бул эмне? Денесин калтырак басты. Тааныш улуган үн жымжырттыкты бузду. Ал жакын эле жерден жаңырды. Көзү караңгылаган Коскуштун алдында кары, денеси тамтыгы жок тытылган, канга боёлгон, жалын калбыр, бутак мүйүздүү, акырына чейин жанын коргоп чабалактаган багыштын элеси тартылды. Ал атырылган карышкырдын көк денесин, күйүп турган көздөрүн, оозунан шилекейин чачыраткан курч тиштерин көрдү. Ал ээ-жаа бербей келе жаткан үйүр тапталган кардын ортосундагы курмандыкты кара так болуп калгыча курчап жакындап келе жатканын көрдү.

Муздак тумшук анын ээгине тийип кетти; бул анын жан дүйнөсүн ойготуп, кайрадан өзүнө келтирди. Колун сунуп, чычала сууруп чыкты. Адам алдындагы тукум кууган коркунучка жетеленип, жырткыч өзүнүн уруусуна карай улуп токтоп калды; калган карышкырлар сугалыктык менен тез эле жооп кылып улушуп, шилекейлерин чачыратып отту тегеректеп алышты. Чал алардын курчап келе жатканын тыңшап турду. Ал чычаланы аларды көздөй шилте-

ди, бышкыруу эми ырылдоого өттү; бирок жырткычтар артка чегинүүнү каалышкан жок. Бирөө боору менен жылып, арткы эки буту менен сойлоп жөнөдү. Мына экинчиси, үчүнчүсү; бирок бирөө да артка чегинген жок.

Жашоого эмнеге жабышабыз? – деп Коскуш өзүнөн өзү сурап, күйүп жаткан чычаланы карга ыргытты. Ал кышылдап барып өчүп калды. Тегеректеген карышкырлар коркунучтуу ырылдай башташты. Бирок, ордунан жылышкан жок. Кайрадан Коскуш чал багыштын акыркы абалын көрдү. Ал тизесине башын чарчаңкы жөлөдү. Анан, акырында эмне болду? Бул жашоонун мыйзамы эмеспи?

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Дүйнөлүк адабияттын өкүлү, жазуучу Жек Лондондун өмүрү жана чыгармачылыгы силерде кандай таасир калтырды?*
2. *Жек Лондон өз башынан кандай кыйынчылыктарды өткөрдү?*
3. *Ал кантип чыгармачылык жолуна түштү?*
4. *Анын «Жашоо мыйзамы» аңгемеси кандай таасир калтырды, андан эмнелерди билдиңер?*
5. *Коскуш чал эмнелерди ойлоду?*
6. *Эмне үчүн чалды таштап кетишти? Бул туурабы?*
7. *Чыгарманын идеялык-тематикалык мазмунун талдагыла.*
8. *Карыянын акыркы тагдыры эмне болду?*



## ГЕЙНЕ ГЕНРИХ
*(1797–1856)*

Дүйнөлүк адабияттын ири өкүлү Гейне Генрих 1797-жылы 13-декабрда Дюссельдорфда туулган. Ал немис акыны, публицист, сынчы болгон. Берлин университетинде окуган.

1831-жылы Францияга келип, өмүрүнүн акырына чейин ушул жерде жашап, 17-февралда 1856-жылы Парижде дүйнөдөн кайткан.

Анын чыгармалары 1820-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы ырлары «Ырлар китебине» 1827-жылы кирген.

1844-жылы жарык көргөн «Атта Троль», «Германия», «Кышкы жомок» поэмалары жана 1826–1831-жылдары кара сөз менен жазылган «Жол сүрөттөрүндө» аттуу чыгармасы бар.

Гейне Генрих «Француз сүрөтчүлөрү» (1831), «Француз сахнасы тууралуу» (1837) деген каттар жыйнагы аркылуу сынчы, «Ырлар» (1844), көзү өткөндөн кийин жарыяланган «Аңыз, жомок, ырлар» (1965), «Лирика» (1971) аттуу чыгармалары аркылуу мыкты сүрөткер катары таанылган.

1851-жылы Гейненин чыгармачылыгында олуттуу орун ээлеген «Романсеро» деген китеби жарыкка чыккан. Гейненин чыгармалары жогору бааланган.

Гейне мыкты акын катары белгилүү болгон. Анын көптөгөн ырларына Ф. Шуберт, Р. Шуман, Ф. Лист, П.И. Чайковский жана башка композиторлор музыка жазган.

## ДЕҢИЗГЕ СҮЗҮҮ

Кол куушуруп өзүм гана турам тим,
Көбүктөнгөн толкун сүрөт бир-бирин.
Кош бол менин туулган жерим, аман бол,
Сенден мени ажыратты корабил.

Мына менин, сүйгөн айлым балбырайт,
Күйгөн чыраак шооласы өчүп жалдырайт,
Көз айырбай карасам да көп жолу,
Сапарыма салам айтар табылбайт.

Кой бекерге чөкпөгүлө көз жашка,
Ачыгырак кирүү үчүн жашашка.
Жарылбагын жүрөгүм кыл чыдамкай.
Ушул азап ууктуруп кысса да.

## ГЕЙНЕДЕН

Май айында көз тойбогон көрк болот,
Талааларга жаңы ачылган гүл толот.
Мына ошондо жүрөгүмдөн гүл ачып,
Жашырынган жаңы сүйүү ойгонот.

Май айында көз тойбогон көрк болот,
Түркүн куштар, токойлордон үн созот.
Мен ошондо моюнга алып көп айттым,
Өз талабым, өз санаамдан муң, козгоп.

Көз жашымдан көп нерселер туулат,
Саймаланган жашыл гүлдүү сулуу убак.
Күйүт менен менден чыккан үшкүрүк,
Түндө ырдаган булбулдарга угулат.

Сен чын сүйсөң, мен да сүйүп дос кылам,
Өзүм сага тандап үзүп гүл сунам,
Таң атарда терезсенди ачтырып,
Булбулдарга гүл сайратып тостурам.

Жерден алыс кыймылы жок жылдыздар,
Көктө турат нечен-нечен кылымдар.
Бирин-бири сүйүү менен карашат,
Аларда да сүйүү оту бар чыгар.

Таң атарда ушул үйдүн жанынан,
Мен өтөрдө терең капа жарым жан,
Терезеде олтурса экен уулдар,
Бир топ жаңы кубат жыйнап, ала алам.

Ойноктогон сенин кара көзүң ай,
Көп карайсың менден көздү айырбай.
Бул шордуутга эмне керек болду экен,
Оор үшкүрүп, эмне оору байкуш ай.

Бөбөктөрүм, мен немецтин акыны
Тааныш кылдым, кең жер немис калкымы.
Андан чыккан улуу аттарды айтканда
Санап кетет менин дагы атымды.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Гейне Генхрихтин өмүрү жана чыгармачылык жолу жөнүндө айтып бергиле.*
2. *«Деңизге сүзүү» ырынын негизги идеясы кайсында?*
3. *«Гейнеден» чыгармасындагы жазуучунун сүрөттөө чеберчилиги эмнелерден көрүнөт?*

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Кыргыз адабиятынын тарыхы 7 том. Бишкек. 2002.

2. Кыргыз адабияты (антология). 10 том. Бишкек. 2012.

3. *Алишер Навоий*. Мукаммал асарлар тўплами. 20 жилдлик. – Т.: 1987–2004.

4. *Ч. Айтматов*. Чыгармаларынын 8 томдугу. 2012 жыл.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү. 2 том. Бишкек. 2011.

6. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек. 2003.

7. *Б.К. Үкүева*. Көркөм эстетикалык терминдердин сөздүгү.

8. *Ж.Шериев*. Байыркы адабият тарыхы. Ош 2000.

9. *П. Ирисов*. Ырчылар чыгармачылыгы. Б. 2004.

10. *Б. Солтоноев*. Кызыл кыргыз тарыхы. Б. 1993.

11. *С. Закиров*. Эл чыгармачылыгы – эл кенчи. Ф. 1981.

12. *А. Акматалиев*. Ч. Айтматовдун чыгармачылык жолу. Ф. 1967.

13. *Т. Аскаров*. Көркөм образдар дүйнөсүндө. Ф. 1967.

14. *К. Байжигитов*. Кайчылаш жолдор. Ф. 1985.

15. *Т.Танаев*. Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын жанрдык бөлүнүшү. Ош 1991.

16. *Т.Танаев*. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар. Ош. 1998.

17. *Т.Танаев*. Эпикалык жанрлар. Ош. 1999.

18. *К. Артыкбаев*. Дагы бир жолу орто кылымдагы адабий эстеликтерибиз жөнүндө. Акыйкат сабагы. Бишкек, «Адабият», 1991-жыл.

19. Кыргыз эл жомоктору. Ф. Кыргызстан. 1978.

20. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф. Илим, 1988.

21. *Б. Кебекова*. Кыргыз эл ырчылары. Б. 1994.

22. *С. Каипов*. Эл ырчылары. Ф. 1981.

23. Залкар акындар. 1–2-томдор Б. 1998–1999.

24. *А. Эркебаев*. Элдик эпостон адабий эпоско. Ф. Адабият. 1990.

25. *Т. Сыдыкбеков*. Табылга. Б. Адабият. 1991.

26. *М. Дөгдүров*. Айкын жол. Ф. 1978.

27. *С. Жигитов*. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. Ф.Илим. 1984.

28. *К. Артыкбаев*. Изденүүлөр жана табылгалар. Ф. Кыргызстан. 1966.

29. *К. Маликов*. Замандаштарым жана каламдаштарым. Ф. Кыргызмамбас. 1964.

30. *Алыкул*. Чыгармалар жыйнагы. Каракол. 2002. /Котормолору.

31. Адабият. Жалпы билим берүүчү орто мектептеринин 10-классы үчүн окуу китеби. 1-басылышы. Ташкент. «Ўзбекистон» басмасы. 2005.

## МАЗМУНУ

### Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынан

Уламыштар – адамзаттын өзүн таануусунун алгачкы жолу.............3
Күү баяны.........................................................................................5
Манас күмбөзү..................................................................................6
Оң – сол............................................................................................6
Бугу..................................................................................................7

### XIX–XX кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты

Кыргыз элинин адабий мурасчылары
Молдо Нияз.....................................................................................11
Тоголок Молдо...............................................................................18
Белек Солтоноев............................................................................33

### Кыргыз адабиятынын телчигиши

Кыргыз адабиятынын телчигиши....................................................43
Касым Тыныстанов.........................................................................49
Жаңыл Мырза (Поэмасынан үзүндү)..............................................55

### Кыргыз адабиятынын согушка чейинки мезгили

Мукай Элебаев...............................................................................69
Кубанычбек Маликов......................................................................89
Жусуп Турусбеков.........................................................................117
Жоомарт Бөкөнбаев......................................................................138

### Экинчи дүйнөлүк согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты

Алыкул Осмонов...........................................................................159
Мидин Алыбаев............................................................................178
Чыңгыз Айтматов – турмуштун кылдат сүрөтчүсү.........................190

## Чыгыштын классиктеринен

Абу-Насыр Аль-Фараби.......................................................................212

## Өзбек эл адабиятынан

Алишер Наваийнин өмүрү жана адабий ишмердиги..........................219

## Түркмөн эл адабиятынан

Махтумкулу Фраги...............................................................................232

## Дүйнөлүк адабият казынасынан

Жек Лондон.........................................................................................238
Гейне Генрих........................................................................................248
Пайдаланылган адабияттар..............................................................251

**O‘rinbayeva Shahzoda Qayumovna,**
**Temirova Maxbuba Alibekovna,**
**Toychubayeva Aysulu Mamatbekovna,**
**Yunusaliyeva Abiba Anarbayevna**

# ADABYOT

*O‘rta ta’lim muassasalarining 10-sinfi uchun darslik*

*(Qirg‘iz tilida)*

***1-nashri***

*Редактору* ***Гулбайра Ералиева***
*Техн. редактору* ***Елена Толочко***
*Көркөм редактор* ***Насиба Адилханова***
*Корректору* ***Гулбайра Ералиева***
*Компьютерде даярдаган* ***Гулчехра Азизова***

Лицензия номери AI № 163. 09.11.2009. Басууга 2017-жыл 9-августта уруксат берилди. Фоматы 60×90$^{1}/_{16}$. Times KAZ гарнитурасы. Офсеттик басма. Кегли 11. Шарттуу басма табагы 16,0. Эсеп басма табагы 14,35. Тираж 788 нуска. Келишим № 101–2017. Буюртма № 17-595.

Оригинал макет Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттигинин Чулпон атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100011, Ташкент, Наваий көчөсү, 30.
Телефон: (371) 244-10-45. Факс: (371) 244-58-55.

Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттигинин «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100011. Ташкент, Наваий көчөсү, 30.

A 24 **Адабият** [текст]: 10-классы үчүн окуу китеби// М. Темирова жана башк. Т.: Чулпон атындагы БПЧҮ, 2017 – 256 б.
ISBN 978-9943-05-987-0

**УЎК 821.512.154(075)**
**КБК 83.3(0)я721**

## *Окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал*

| № | **Окуучунун** аты жана фамилиясы | **Окуу** жылы | **Окуу** китебин алган кездеги абалы | **Класс** жетек-чисинин колу | **Окуу** китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | **Класс** жетекчиси-нин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## *Окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:*

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| **Канааттандырарлык** | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн бир аз ажыралган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| **Канааттандырарлык эмес** | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарсыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби жараксыз. |